
Турдубек Дыйканбаев
Айгүл Садырова
Айылым деп соккон
жүрөктөр

83.6Кы
Д-87.

ДЫЙКАНБАЕВ ТУРДУБЕК ШЕРИПОВИЧ АТЫНДАГЫ ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕБИ
СРЕДНЯЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ ШКОЛА ИМЕНИ ДЫЙКАНБАЕВА ТУРДУБЕКА ШЕРИПОВИЧА
ИНН 00909200310060
№ ___
« ___ » ___ 20__ ж.г.
село Кытай айылы

Турдубек Дыйканбаев
Айгүл Садырова

# АЙЫЛЫМ ДЕП СОККОН ЖҮРӨКТӨР

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 271251

Бишкек - 2011

**Дыйканбаев Турдубек, Садырова Айгүл**
Айылым деп соккон жүрөктөр .– «Гүлчнар» ЖЧК. – Бишкек. – 2012.– 208 б.

Авторлор бул китепти өздөрү туулуп өскөн Жети-Өгүз районундагы Кытай айылына арнаган.

Китепте айылдагы ар кыл мүнөздөгү адамдар, алардын эмгеги, баскан жолу, коомго, бири-бирине болгон көз караштары жана эл кадырына ээ болуп келген автор – Дыйканбаев Турдубек Шериповичтин өмүр жолу окурманга жеткиликтүү тил менен баяндалган.



*Сен мага тиешелүү,*
*Мен сага тиешелүү.*
*Экөөбүз бир "уя" элек,*
*Бактыга кирешелүү.*

## АВТОРДОН

**Өнөрлүү адам-өрнөктүү, өнөгөлүү иштердин башаты, ал эми талбас эмгек-ийгиликтин ачкычы.**

Өзүм көп жылдардан бери мектепте тарых, адам коом, экономика боюнча сабак берүү менен директорлук милдетти да 29 жыл аркаладым. Түйшүгү көп мугалимдик кесип далай оор сыноолорго такады.

Бирок бул кесипти өзүм сүйгөндүктөн, чын ниетим менен бардык кыйынчылыктарга тике карап жеңдим десем жаңылышпайм.

Өткөндү билбесең  келечегиң бүдөмүк дегендей өзүмдүн айылымдын тарыхын изилдеп бир топ жылдан бери материал топтоп жүргөн элем.

Азыркы биз тарбиялап жаткан жаш муундар улуттун келечеги.Ошондуктан жаштарды тарбиялоодо адеп-ахлак, руханий жактан билимдүү инсанды тарбиялап чыгышыбыз керек.

Жаштарыбыздын атуулдук, патриоттук аң-сезимин, улуттук өзүн-өзү аңдап түшүнүүсүн ойготушубуз керек.

Кыргыз жаштарына тарыхый акыл-эсти, өз элинин тарыхы, адеп-ахлактык асыл нарктары менен сыймыктануу сезимин, улуттук кадыр-барк, ар-намыс сезимин тарбиялоону колго алчу мезгил жетти.

Бул китепте камтылган материалдар ар бир окурман үчүн кызыктуу болоруна ишенем, себеби азыркы жана бизден кийинки урпактар үчүн бул табылгыс эмгек эмеспи.

**Турдубек Дыйканбаев**

*Бул китепте КРнын Эл агартуусунун отличниги, Жети-Өгүз районунун ардактуу атуулу Дыйканбаев Турдубек Шерипович көп жылдары педагогдук жана жетекчилик эмгек жылдарында, жетишкен ийгиликтерин чагылдыруу менен өзүнүн туулуп өскөн Кытай айылы тууралуу даректүү маалыматтарды кеңири камтый алган. Китеп Турдубектин жаркын элесине арналат.*

Окурмандарга арналган эмгегинин жарык көргөнүн Турдубек көрбөй кетти.

Адам уулун аткан октой кайрылтпас,
Аттиң, дүйнө!
Ушул беле кем жериң?! -

дегендей капыстан болгон жол кырсыгынан Турдубек мезгилсиз дүйнө салды.

Топтогон кол жазмаларын иреттеп, жетпегенин толуктап, колуман келишинче аракет кылып Тукенин айтып жүргөн сөздөрүн, анын арбагын сыйлап, ушул китепти чыгарууга бел байладым. Ар бир адамдын басып өткөн жолу тарых. Тукенин да бул эмгеги жерде калбастыр. Эмгегин эли журту жогору баалап, өзүнүн айылындагы мектепке атын беришти. Анын артында аткарган жакшы иштери элдин эсинде. Турдубек кылымдан-кылымга жашай берчү инсан катары тарых барактарында калды.

Көп кыялдары, максаттары,
иштөөнү күткөн ойлору бар эле…
Ыраазы бол, Турдубек!
Чын дүйнөгө кеттиң Туке, алыстадың,
Арманда мен ачуу жаш агызамын.
Ошол дүйнө чын болсо бейиш төрүн,
Сен үчүн деп кудайга табыштадым.
Бүтпөй кеткен эмгегиңди бүтүрүп,
Арбагыңа өзүңдүн багыштадым.

**Сенин жарың Айгүл**

# ӨМҮР БАЯНЫ

Дыйканбаев Турдубек Шерипович 1948-жылы 12-майда Жети-Өгүз районундагы Кытай айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1955-жылы 1-класска кирип, айылдык мектептен 4-классты бүтүп, 5-8 класстыы коңшу Балтабай айылындагы Арстакеев мектебинен окуп, 9-10-класстыы Саруу айылындагы орто мектептен жетилүү аттестатын алган.

1966-67-окуу жылында Бишкек шаарындагы №1 шаардык КТОЖдун электромонтер кесибине ээ болуп, 1967-1968-окуу жылында Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университетинин тарых факультетине кирип, 1973-жылы ийгиликтүү бүтүргөн.

1973-жылы Билим берүү министрлигинин жолдомосу менен Ысык-Көл областынын Түп районундагы "Дөпү Молдогазиев" атындагы орто мектебинде тарых, коом таануу мугалими болуп педагогдук эмгек жолун баштаган.

Мугалим, комсомол уюмунун секретары болуп иштөөдө ар жылы Түп райком комсомолунун грамоталары менен сыйланып турган.

1976-жылы 23-февралда Шаты орто мектебинин класстан, мектептен тышкаркы иштеринин уюштуруучусу болуп, 25-августка чейин иштеп, 1976-жылы окуу жылынын башталышынан мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары болуп 1978-жылдын июнуна чейин иштеген.

1973-1978-жылдары мектептин саясий окуусу боюнча пропагандист болуп иштеген.

1978-жылы март айында КПССтин катарына өткөн.

1978-жылы 14-июнда Түп районундагы Корумду (азыркы учурда Марат Темиров) орто мектебине директор болуп дайындалган.

1980-жылдан 1994-жылдары Талды-Суу айылдык кеңешине депутат болуп шайланган.

1983-жылдын март айынан октябрь айына чейин Түп райондук партиялык комитетинин үгүт-насаат бөлүмүнүн инструктору болуп иштеп, 1983-жылдын октябрынан райондогу ири совхоз Талды-Суу совхозунун партиялык уюмунун секретары болуп иштеп турган.

Ошол мезгилде компартиянын Ысык-Көл Обкомунун 1-секретары Апсамат Масалиевдин колунан эл арасында тарбиялык үгүт-насаат иштериндеги аракеттери үчүн Ысык-Көл обкомунун "Ардак громатасын" алган.

1986-жылдын 1-сентябрынан Көөчү орто мектебине директор болуп 1994-жылдын апрелине чейин иштеген. Ошол эле 1994-жылы "Билим берүү Министрлигинин отличниги" төш белгиси менен сыйланган.

1994-жылдын 12-апрелинен бери Жети-Өгүз районундагы Токтогул Сатылганов атындагы орто мектебинде эмгектенип келген.

1995-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Ырдык айылдык кеңешинин депутаты болгон. 2008-жылдын октябрынан бери Ырдык айылдык кеңешинин төрагасы болуп иштеген.

2008-жылдын май айында ардактуу эс алууга чыккан. Беш баланын камкор атасы. 3 уулу, 2 кызы жогорку билимдүү, азыркы учурда ар кайсы тармактарда эмгектенип жатышат.

7 неберенин сүйүктүү чоң атасы.
Эс алууну ойлобогон
Иш дегенде –
Ичкен ашын жерге койгон
Эмгеги менен элге жаккан
Ак ниет, чынчыл, мээнеткеч адам.

## АТКАРГАН ИШТЕРИ

**"Эл кадырына ээ болгуң келсе - элиңди сыйла, кызматына тур - жеткидей миңдеген жылга".**

Ар бир элдин тарыхында өмүрү легендага айланып, артында калган муундарга айтылып калаар эмгек өтөгөн инсандар жашап өтүп, алардын жасаган эмгеги эл-журтуна, мекенине кошкон салым катары бааланып калат.

Турдубек Дыйканбаев да көптөгөн жооптуу кызматтарда эмгектенип, өмүр бою тыным албай иштеген тынчы жок адам эле.

Жаркын мүнөз, эч качан бирөөгө жамандык ойлобогон, колунан келишинче кимге болсо да жардамын аябаган, өмүрүнүн аягына чейин бардык күч-кубатын, билимин жаштарды окутууга жана тарбиялоого жумшады.

Анын профессионалдык бийик деңгээлин, терең компетенттүүлүгүн, адамгерчилигин, билимдүүлүгүн, интеллектуалдуулугун, ар бир ишке жасаган кылдат мамилесин билгендер жогору баалашат.

Педагогдук эмгек жолун Шаты айылында баштап, сабакты өтүүдө ар кандай ыкмаларды колдонуу менен сабактын идеялуулугуна жетишип, көптөгөн көрсөтмө куралдарды натыйжалуу пайдаланган.

Мектептин окуу-тарбия иштерин бир кыйла алдыга жылдырган.

Колхоздун айыл-чарба иштеринде, күзгү картошка жыйноодо окуучулар менен бирдикте дайыма биринчиликти колдон чыгарган жок.

Пропагандист болуп иштөө менен мугалимдердин өздүк билимин көтөрүүсүнө, окуучулардын билимин жогорку деңгээлге жеткирүүдө салымы зор.

Дыйканбаев Турдубектен билим алган окуучулары азыр өлкөбүздүн ар кайсы тармактарында үзүрлүү эмгектенип жүрүшөт.

Агайынын эмгеги алардын жүрөгүндө дайыма сакталып келет.

1978-жылдын 14-июлунан баштап Корумду орто мектебинде директорлук милдетти аткарган. Жер титирөөдөн жабыркаган мектептин имаратын ремонттоого болгон аракетин жасаган. Кошумча дагы бир мектеп имаратын салдырып бүтүргөн. Окуучуларга мектеп ашканасынан ысык тамак берүүгө шарт түзүп берген.

Дыйканбаев Турдубек партиялык кызматтарда иштөөдө да өзүнүн уюштуруучулугун, иш десе ичкен ашын жерге койгон аракетчилдигин, мээнеткечтигин, активдүүлүгүн, кайраттуулугун көрсөтө алган жаркын адам катары элдин эсинде калды.

Ал эми Көөчү орто мектебинде 8 жыл иштеп коллективдин, жалпы эле элдин алкышына татыган. Дыйканбаев Турдубектин демилгеси менен 1989-90-окуу жылында ашар жолу менен мектепке кошумча имараттар салынып, мектеп сегиз жылдыктан толук орто мектепке айландырылган. Мектепте ашкана, узатылган күнү бар группалар ачылган. Ал эми мектептин айланасынын көрктөндүрүлүшүнө, мектептин өзүмдүк көмөкчү чарбасынын болушуна да кам көргөн.

Тарых сабагы боюнча райондук усулдук бирикмесинин жетекчиси болуп иштеп жүрдү. 1994-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Кытай айылындагы мектепте эмгектенип көптөгөн ийгиликтерге жетишип келишти.

2004-2005-окуу жылында тогуз жылдык негизги мектепти 11 жылдык орто мектеп кылып ачууга өз салымын кошуу менен буга чейинки бүтүрүүчүлөрдүн жана ата-энелердин көйгөйүн чече алган. "Арис" программасы боюнча проектисин утуп, кошумча эки класс салдырып, 2007-2008-окуу жылдарында "Айылдык билим берүү" проектиси менен иштөөдө усулкананы жаңы эмеректер менен жабдуу долбоору, спорт тармагын өнүктүрүү жагынан спорт инвентарлары менен жабдуу жагы да жетекчинин эмгеги. Мектептин ашканасын учур талабына ылайыктуу жасалгалады. "Сапаттуу билим берүү" программасынын натыйжасында мектепке 860000 сомдук чоң киреше алып келди.

Дыйканбаевдин окуучуларга берген терең жана сапаттуу билими ар бир окуу жылдарында болуп өтүүчү райондук, областтык масштабда предметтик олимпиадаларда алдыңкы орундарга ээ болуп, районубуздун сыймыгын жогорулатып келген.

Акылдуу, жөндөмдүү, өзгөчө иштемчилдигиң, адамгерчилигиң эң жакшы сапаттарың ар дайым эсибизде.

Тирүүлүктүн баркын билип, бул жашоо - өмүрдө калкыңа ак кызмат кылып, түбөлүккө эл жүрөгүнөн түнөк таап жашап калдың.

Турдубек Дыйканбаевдин ысымы атадан балага, муундан муунга өтүп, сүймөнчүлүк менен оздон-оозго айтыла берет.

"Туулган адам өлөт, баарына эле атак келбейт, жакшы иши калса артында - ал адам өлбөйт".

*Элибиздин тарыхын билүү,*
*ата-бабаларыбыздын арбагын эскерүү,*
*алардын кудуреттүү рухунан кубат алуу*
*калкыбыздын эртеңки болочогу үчүн*
*кам көрүү болот.*



**Анарбек Усупбаев**

**"Манас Ордо" коомунун төрагасы, техника илимдеринин кандидаты.**

Кыргыздын карт тарыхын биле жүр, анын асылдыгын көңүлүңө түйө жүр - деген максатта Анарбек агабыз кыргыз улутунун таржымалын изилдеп-иликтөөнү далилдер менен бекемдеп туруп, бизге маани-маңыздуу санжыраны арнап отурганы биз үчүн чоң кубаныч.

Усупбаев Анарбек Чолпонкулович 1951-жылы 8-майда Талас областындагы мурунку Киров, азыркы Кара-Буура районундагы мурунку Грозный, азыркы Аманбаев айылында карапайым үй-бүлөдө туулган. 1968-жылы Грозный орто мектебин аяктагандан кийин, Фрунзе политехникалык институтунун инженер-курулуш бөлүмүнө тапшырып,1973-жылы окуу жайды ийгиликтүү аяктайт. Эмгек чыйырын Россиядагы Магнитогорск шаарындагы "Магнитстрой" механизация башкармалыгында мастер болуп иштөөдөн баштаган. Бир жыл иштегенден кийин үй-бүлөлүк шартына байланыштуу, Кыргызстандагы "Минавтошоссдор" ишканасына которулуп, механик болуп иштейт . 1974-жылы ал ишканадан "Курулушмеханизациясы № 1" башкармалыгына инженерлик кызматка которулат. 1979-жылы Монгол Эл Республикасына өндүрүш-техникалык жактан тажрыйба алмашып келүү максатында үч жылга жөнөтүлөт. 1991-жылдан бери "Курулушмеханизациясы" ЖЧКсын жетектеп келет. Кыргыз элинин ,"Манас Ордо"коомдук бирикмесинин президенти Кыргыз Республикасынын курулуш жана архитектура академиясынын мүчө - корреспонденти, техника илимдеринин кандидаты, 2000-жылы Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо ат салышкан. "Шаг вперед, два шага назад, или возвращение в Тенгрианство" аттуу китептин автору. Үй-бүлөлүү, эки кыз, бир уулдун атасы.

## Кыргыздын сол канатынын, кытай уруусунун нукура тарыхы

*(Санжырасынын негиздери)*

Кыргыз улутун кайсыл тарабынан, кайсыл өңүттөн алып карабайлы миң сырдуу, миң кырдуу келип, табиятынын дал ушундай керемет өзгөчөлүктөрүнөн улам бар тарабы келишкен, байыркы улуттардын катарын толуктап келе жаткан болсо керек деген ойго батасың. Ушул күнгө чейин уучу бөксөрбөй улуу тоолорго чыгып, улар үнүн угуп, адамзатында сейрек кездешчү не бир акактай сапаттары менен жок болуп кетпестен, тирүүчүлүктө из калтыруу менен алек болгон кыргыз улутунун таржымалы тууралуу изилдеп-иликтөө иштери күнү бүгүн дагы улантылууда Албетте, "бирөө билип айтат, бирөө билбей айтат" демекчи калпыс же болбосо туура эмес далилденген негиздердин, үстүртөн иликтенген илимий эмгектердин кыргыз уруулары туурасындагы натыйжасында, байыртадан бери топтолгон санжыраларыбыздын ар кандай маани маңыздары бар. 2009-жылдын сентябрь айында "Эл сөзү" аттуу коомдук-саясий гезитине тарых таануучу, кытай уруусунун ногой уругунун урпагы Аскарбек Мамбеталиевдин "Ногой баяны" аттуу көлөмдүү макаласы жарык көрдү. Албетте, биз жогоруда сөз кылып айта кеткендей ар кандай негиздеги же калпыс иликтенген маалыматтарга таянган ар бир инсандын ар кандай пикири, түшүнүгү бар. Бирок Аскарбек мырзанын ушул макаласы жарык көргөндөн кийин, менде ар кандай кыжаалат ойлор менен кошо таң калуу болгондугун дагы жашыра албайм. Ошондуктан бир аз кечигип болсо дагы, Аскарбек Мамбеталиевдин ошол макаласына жооп,тактоо иретинде ушул макаламды жазып отурам. Аскарбек иним тарыхта ташка тамга баскандай ачык, даана орду бар кытай уруусунан ногой уругун бөлүп кароого аракет жасаптыр, Аскарбек иним, сиз С.М.Абрамзондун "Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер" деген эмгеги менен тааныш эмес көрүнөсүз. Бул улуу окумуштуу кыргыз үчүн аябай зор эмгек жасагандыгын убагында улуу жазуучубуз Ч.Айтматов жогору баалаган экен. Мына ушул китептин 708-бетинде бадырайып эле жазылып турат, ногой уругу кытай уруусунун Буудайдын (төмөн тамга) баласы экендигин, окурманга түшүнүктүү болушу үчүн баяндай кетели. Кытай атабыздын эки уулу болгон: Биринчи баласы Байтике (жогору тамга, эн тамгасы " t"), экинчи баласы Буудай (төмөн

тамга, эн тамгасы "^"). Мен дагы сөзүм куру болбосун үчүн тарых бар-рактарына кайрылып, кыргыздын кытай уруусу тууралуу жазылган көп тарыхтын чындыктарын мисалга келтирип кетейин дедим.Белгилүү тарых изилдөөчү аалымдарыбыздын бири Дастан Сарыгулов 2007-жылы жарык көргөн "Кемтилген китеп-кемиген кыргыз" аттуу китебин келечек муундарга "кыргыздын карт тарыхын  биле жүр, анын.асылдыгын көнүлүңө түйө жүр" деген таризде арнады. Бүгүнкү күнү Дастан Сарыгулов агабыздай кыргыздын тарыхын  изилдеген инсандардын бар экендигине менин көзүм жетпейт, себеби акыркы кыргыздын тарыхына арналган көп жыйындарда бир да мен тарыхчымын деген инсандар, Дастан Сарыгуловко каршы сөз сүйлөй албай эле калышты. Ушул китепте биздин доорго чейинки 4000-5000 жыл мурунку доордогу кыргыз урууларынын таржымалы камтылган. Афанасьев доору (Енесайдагы Афанасьев айлындагы дөбө мүрзөлөрдөн чыккан буюм-тайымдар, б.з.ч. 4000-5000-ж. таандык) деп аталган, ошол жылдарда мүрзөлөргө коюлган адам сөөктөрүнүн жанынан көп сандагы кыргыздын эн тамгасы салынган чүкө менен томпойлор табылган.Ошол күнкү тарыхтан ушул күнгө чейин күнү бүгүнкүдөй сакталып келе жаткан бул сүрөттөрдөгү эн тамгалар кыргыз улутунун урууларына таандык экендигин эч ким талаша албайт.Ушул сүрөттөрдөгү чүкөлөрдүн 9 катардагы чүкөгө кыргыздын кытай уруусунун эн тамгасы коюлган (Жогору тамагасынын эн тамгасы "t" жана төмөн тамгасынын эн тамгасы "^"). Демек, кыргыздын кытай уруусу б.з.ч. 4000-5000, же биздин заманды кошкондо 6000-7000 жылдар мурун эле, же андан да нары жакта пайда болгон жана тарыхтан татыктуу ордун таап калган эл экендиги көрүнүп турат. Биз айтып жаткан доордун Манас бабабыздын доору менен дал келе тургандыгы дагы талашсыз. Себеби Манас эпосунда азыркы кытай (манжу-ханцзуулар) дөөлөрү керик (тумшугунда мүйүзү бар, териси калың айбан-носорог) минип, согушкан деп айтылат. Америкалык изилдөөчүлөрдүн изилдөөсүнүн негизинде, акыркы  Алтайда жашаган носорогдун жашагандыгы, б.з.ч. 3000-4000 жыл мурун экендиги далилдеген. Ошол "Афанасьев" доорунда биздин түпкү бабалар (аталык доордун башталышына туш келген убак) колону өндүрүшүп, муздак абалында (бекем, катуу касиетинде болот) ургулашып (согуп , орусча ковка), буюм-тайымдарды жасашкан. Манаста мындай деген жери бар: "Эр Манастын сыр найза, Учун соккон колодон, өткүр-бекем курч кылып, ичине болот сологон, сабын алган кайыңдан, сыртын калтап та-

рамыш, бир Теңирге сыйынган, чымын консо чыңк эткен, чырпык тийсе кадимки чагылгандай чарт эткен!" Колону соккондугу (ургулап иштеткендиги орусча ковка), болотту сологондугу (толтуруу же орусча набивка) айтылып жатпайбы. Болотту ал убакта биздин бабалар асмандан түшкөн ок жылдыздарынын (метеорит) таштарынан болот өндүрүү ыкмаларын билишип, согуш куралдарын жасашчу экен. Кыргыздын куралдары өткүр, сынбас жана дат баспаган болгон (Ю.С.Худяков "Сабля батыра" Вооружение и военное искусство средневековых кыргызов). Манас эпосунан дагы бир үзүндү келтирейин. Манастын жаралышы тууралуу: "Күнүң менен Айыңдын бир өзүнөн бүткөндөй, Асман менен Жериңдин тирөөсүнөн бүткөндөй, Алтын менен Күмүштүн ширөөсүнөн бүткөндөй". Кыргызда: "Тирүү жан-жаныбарлардын атасы - Күн, энеси - Жер, каны - суу, жаны - аба" - дейт! Ушул бирөөсү эле жок болсо, тиричилик, жашоо жок болот го! Азыркы диндердин ыйык жерлери (ыйык китептери), жаратылыштын каргашаларынын натыйжасында (сел жүрүү, жер титирөө, өрт каптоо ж.б.у.с) жок болуп кетсе, жерде жашоо токтобойт да. Жөөт, христиан, ислам ж.б. диндерде төрт китеп: Тоорат, Инжил, Забур, Куран асмандан "Көктөн" түшкөн деп айтылат. "Асман-Көк" дегени Көктөгү (асмандагы) "Көкө теңир" го. Мында алиги диний китептердин негизи тээ илгерки Көкө Теңир дүйнө таанымынын, осуяттарынан, акыл- насааттарынан, ой-санаттарынан, накылдарынан, аңыздарынан, макал-лакаптарынан ж.б. алынгандыгы жөнүндө эң кымбат маалыматтар жатат. (Биздин түпкү бабалар үчүн китеп жазуунун кажети жок болчу). Демек, мобул кийинки диндердин жерпайы же "эң негизи окуусу мурдагы Көкө Теңири дүйнө таанымынын (дининен) түптөлдү" же "береги диндердин түп атасы - Көкө Теңири эле" дегени эмеспи! Мына ушундай далилдердин негизинде эле түшүнсө болот го дейм Манас Күн (Гунн) элинен экендиги анан дагы теңирчилик дүйнө таанымы убагында болбогондугу. Манастын убагында эле биздин бабалар жердин тоголок экендигин билген экен. Манаста: "Астындагы жер болсо, Жер көтөргөн жел болот, Желип жүрөт дөңгөлөп, Жан-жаныбарлар жерде жүрөт жөрмөлөп, Асмандагы жылдыздан, Адам болжол кем эмес, Ар бир жылдыз, ай-күндөн, Чоңдугу да кең эмес". - деп айтылган жери бар. Ал эми европалыктар өзүнүн дүйнө таанымында "жер жалпак өгүз, кит жерди көтөрүп турат" VIII-кылымдарга чейин элди ишендирип келишкен. В.Е.Ларичев деген орустун улуу окумуштуусу (археологу) Енесайдан ай жылнамасын (ка-

лендарын) казуу убагында тапкан, ал жылнаманы 24000 жыл илгери биздин түпкү бабалар колдонгондугун өзүнүн эмгегинде жазып калтырган (Муну кече жакында Д.Сарыгулов агабыз таап алып чыкты). Мындай ай жылнаманы геометрия, астрономия, математика ж.б. илимдерин билбеген элдердин колунан келбейт эле да. Бизге болсо өйдөңкү илимдерди кечээ жакындагы б.з. башындагы Египет, Рим элдеринде чыккан деп окутушту го. Бети жок европалыктар биздин тарыхыбызды ушунчалык бурмалашкан экен. Казак (кыргыз) элинин улуу тарыхчысы А.К.Нарынбаеванын "Туран колыбель древних цивилизаций" деген китебинин 8-б. минтип жазат: "Итак, во всем: вся созданная кочевниками культура присваивалась другими народами или приписывалась другим народам". Казак эли кыргыздан чыккандыгы тууралуу, казак элинин улуу санжырачысы, Абайдын тууганы Шаакарим Кудайберди уулу, өзүнүн "Түрк, кыргыз казак кандарынын шежиресинде (санжырасында)" китебинин 75-б. минтип жазат: "Берги заманда казак атанганы болмасак, биздин да казак та кыргыз насилинен". Мындан башка далилдин кереги жокко дейм, казак эли кайдан пайда болгондугу тууралуу. Ушул жерден жазбай кетпесем болбойт, 1957-ж. жашыруун чыккан Американын ЦРУсунун буйрутма кагаздарынын негизинде 2030-ж. Жердин огу 15 градуска өзгөрөт экен, ошондо жердин түндүгү, күнгө жакындоонун негизинде, жердеги муздар ээрип, топон-сел жүрөт экен. Ошондо көп жерлер (Америка континенти, Европанын көп жерлери, Аравия ж.б жерлер) суу алдында калуу коркунучунда экен. Ошол буйрутмалардын негизинде, (Американын башкаруучуларынын негизин жөөт эли түзөт) жөөт элдер өздөрүнүн туугандары, Авраамдан (Ыбрайымдан) тараган араб элдери менен бирдикте Орто Азияны, айрыкча биздин жерибизди ээлөөнү алдыларына максат кылып коюшуп, азыркы убакта бизге карыздарды беришип карыздантып жана өздөрүнүн динин Июда, Христиан жана айрыкча Ислам диний иштерин күчөтүп жаткан убагы. Кыргыздын баардыгы момун мусулман болбогондон кийин, жөөттөр өздөрүнүн тууганы араб элдери аркылуу каалаганча иштерин жасай беришет да. Мындан башка 500гө жакын мамлекеттик эмес ишканаларга "НПО" (баардыгы деп айтуудан мен алысмын, арасында кыргыз үчүн жакшы эмгек жасагандары да бар) өйдө жакта аталып кеткен элдер акчаларын берип, кыргыздын биримдигин ыдыраткандан кийинки максаттары-кыргыз жерине өзүлөрүнүн келүүсүнө шарт түзүү экен. Жогорудагыдай арам ойлорго жардам берген, бизге сиңип кеткен, тексиз кыргыздарды айтпай кетпе-

сек болбойт го. Эми дагы тарых барактарынан бир азыраак мисалдардан келтирип кетейин, кыргыз элинин чыгаан тарыхчысы, адабиятчысы Белек Солтоноевдин "Кызыл кыргыз тарыхынын" 1-китебинин 23-б. Радловдун айтканына таянып, кыргыз кырк кыздан таралгандыгын жазат. Буга далил катары - могол элинин Юан урук падышалыгынын тарыхында кыргыз, демек, "кырк усун" (усундар - саруулар, Динлин элдеринен), кытайдан (бул жерде кытай уруусу тууралуу сөз болуп жатат, кыргыздын кытай уруусу тарыхта Гунн -Күн элинин тикелей урпактары) кырк кыз алып, ошолордон таралган "кырк өсө" деген сөздөн кыргыз аталып кетти дейт". (Муну Н.А. Аристов да ушундай деп далилдейт. 45-б.) Кырк кыз деген түшүнүк, энелик (Умай эненин) доорго (таш доорунун өркүндөп турган убагына) тиешелүү экен (Таш доору 3000-8000 жыл илгери). Энелик доордо, аялзаты башкарчу экен (эркек аялдын үйүндө жашачу, үйгө балага аял ээ болгон экен), аял эркекти тандап үйлөнүшкөн убак, мына ошол убакта уруулук бөлүнүш өркүндөгөн экен. Бир сөз менен айтканда, кыргыз эли, кыргыздын кытай уруусу (мурунку Скиф (жаа аткычтар) - Гунн "күн" эли менен кыргыздын азыркы саруу уруусу (Динлиндер-усундар) ортосунда жаралгандыгы көрүнүп турбайбы, бери жагы 8000 жыл илгери эле. Кыргыз эли ошол энелик доордо (бул Умай эненин доору) эле калыптанганы мына мындай кыргыздын, макал-лакаптарынан эле көрүнүп турат го: "Кыздын кырк чачы улуу", "Кыз баарыга тең", "Кыздуу киши кыр ашат", "Аялзаты - адамзаттын энеси", "Аялзаты -асылзат", "Аял - үйдүн куту туткасы", "Аял - эрдин учса канаты, консо куйругу", "Аял жакшы эр жакшы, вазир жакшы кан жакшы", "Эркек - сел, аял - көл", "Эшикте кул, үйдө эр" (бул макал ошол энелик доорго тиешелүү) ж.б.у.с.

Кыргыздын тили "эне тилден" деп айтылат, көрсө, бала өз элинин тилин энесинен үйрөнгөндүктөн ал тил биздин элде "эне-тил" деп аталган. Эне тил энелик доордо калыптанган. Бир сөз менен айтканда, кыргыздын тили түпкү бабаларыбыз Гунн (Күн) элдери анын тикелей урпагы Киданьдар же болбосо азыркы кыргыздын кытай уруусунун тили экендигинде. Аялзаты тууралуу, азыркы убакытты деле алып көрөлүчү, элдин башына кыйынчылык келген 1941-45-ж. Ата Мекендик согуштагы аялдардын эмгеги. СССР кулагандан кийин биздин кыргыздын аялзаты, белдерин бекем буушуп, чет мамлекеттерге тарап кетишти го коммерциялык иштери менен, биздин экономикабызга алигиче чоң салымдарын киргизишип жатышат го (эркектерибиз үйдөн чыкпай, бал-

дарын багышып, аялдын кызматын жасашып, аялга көз каранды болуп калышты го). Акыркы режимге каршы оппозициянын башында кайрадан аялзаты турду го, айта берсек мындай мисалдар көп. Бул жерде окурманга түшүнүктүү болуш үчүн ошол убакта азыркы кытай эли, тарыхта ханцзуу (табгач) деп аталчу. 916-жылдан1126- жылга чейин 210 жыл азыркы кытай же мурунку ханцзуу элин, кыргыздын кытай уруусунун (Гунндардын тикелей урпактары - Кидандар, улуу Ляо) башкаргандыгы үчүн, башка мамлекеттер (Перстер, Чыгыш Европа жана мурунку СССР жеринде өткөн мамлекеттер ) Ханцзууларды кытай эли деп калган. Муну көп тарыхый маалыматтар тастыктайт, анын ичинде Н.А.Аристовдун "Түрк элдеринин этникалык ыйык экендиги жөн эместиги тууралуу азын-оолак жазып кетейин: Кыргыз кырк уруудан экендиги, кырк кыз, кырк жигит куруу, кырк аяк, кырк аш, кырк жылкы, кырк кырдуу, кырк муун, кырк челпек, кырк чилтен, кырк шам жагуу. Биздин, кыргыз элинин, көпчүлүк салттары жанагы кырк уруулу элдин атынан жүргөн кырк уруу кыргыз кырк кыздан таралгандыгынан экендиги көрүнүп турбайбы. Чоң жакшылык болгондо кырк күндөп аш-той берүү, келин алганда кырк күндөп кыз оюн уюштуруу (той). Кан такка отурганда да кырк жылкы союп той берген, бул той да кырк күнгө созулган, кырк очок казылып кырк казан асылган. Кыргыз кырк кыздан таралган дегенди, тарыхты бурмалаш үчүн "Ислам" динин таркатуучулар араб, фарс айрыкча сарттар (өзбектер) XVII-XVIII кылымдарда жана кыргыздын душмандары айрыкча тексиз кыргыз тарыхчыларынын жардамы менен, кыргыздарды бир жагынан шылдыңдоо ирээтинде, бир жагынан кыргыздын тарыхын жокко чыгаруу үчүн, кырк кызды кызыл ит боозутуп коюп кыргыз жаралган деген ушак-айың кептерди таратышкан. Буга мисал катары мектептерде алигиче ушул "ит менен аралашып кыргыз жаралган" деген тарыхты (авторлору Мокрынин, Плоских жана Осмонов деген эргулдар) окутушуп жаткандыгына кыжаалат болосуң. "Айткандын оозу жаман, ыйлагандын көзү жаман" дегендей, канчалык кыргыздын улуулугу жазылып, айтылып жатса дагы ушундай акылга сыйбаган тарыхты өзгөртпөй мектептерде окутуп жаткан, кыргызды илгертеден бери курутуп келе жаткан ички душмандарга тексиз, эки сөздү кыргызча так сүйлөй албаган мамлекеттик кызматтарда иштеген кыргыздарга (киргиздерге) наалат айткым келет.

Тарыхта ханцзуу элин (азыркы кытайды) убагында манжурлар жана кийинки кыргыздын кытай уруусу (киданьдар) башкаргандыгы, кийин кидандан чыккан монголдордун (азыркы монгол эли эмес) Чыңгызхан-

дын урпактары башкаргандыгы тууралуу маалыматтар бар экендигинде. Тарыхый маалыматтарга таянсак, кыргыздар скифтерден (сактардан), гунндардан, динлиндерден чыккандыгы белгилүү. Орустун улуу тарыхчысы Бичурин Н.Я. китебинин I- томунун 39-бетинде гунндар-булар илгерки монголдордун (азыркы монголдор эмес) аты деп берилет. Ушул эле китептин 385-бетинде улуу монгол империясын негиздөөчүлөрү, (азыркы монгол эли эмес) тунгус элдери дейт. Тунгус элдерин ушул эле китептин 389-бетинде минтип жазат. "Они еще назывались Мынву, и считались народом сильным и храбрым. Отсюда видно, что они принадлежали к числу тех тунгуских поколений, потомки которых ныне обитают по обеим берегам Науна под родовым названиям дахуров или даурцов-кидание (булар кидандар, кыргыздын кытай уруусу)".

Азыркы Монголияда жашап турган монгол элдери жана Бурятиядагы жашаган бурят элдери манжулашып (калмакташып) кеткен элдер. Мурунку монголдор, буруттар (буряттар) Гунн элдеринен чыккан кыргыз уруулары болгон. Атилланын (Адыл хандын ) убагында, Чыңгызхандын (Чын кыргыз канынын) убагында биздин кыргыздын уруулары Европаны, Египетти (Мисирди) чапканда дүйнөнүн ар бир булуң-бурчтарында чачылып, кийин ошол жерлерде жашап калышкан. Ошол чапкындарда биздин түпкү бабалардын жашап турган жерлерине азыркы Монголияга, Бурятияга акырындык менен кыргыздардын; манжулардан жаралган жээндерибиз, кайын журтубуз (калмактар) отурукташа баштаган. Кийин алар ойрот кандыгын түзүшүп, XVII-XVIII кылымдарда азыркы биз жашаган жерлерге келишип, далай кыйынчылыктарды туудурушкан. Кыргыздар динлин менен гунндардан жаралган дегенге дагы бир маалыматты берип кетейин. Ушул 2010-жылдын 31-январында Ж.Турусбекованын "Кыргызы произошли от динлинов и гуннов" деген макаласы чыкты. Карысынан жашына чейин жоокер элде "Күн" айрыкча кадырлангандыктан бардык боз үйлөр "таңкы ырыскысы толсун" деп чыгышты каратылып тигилген да, Күн чыккан чыгыш жак "жогору жак" же "көкүрөк жак", а Күн баткан батыш тарап "аяк жак" же "төмөн жак" катары бааланган. О. А.3-б.) Ошондуктан Таласта (Алтайда) турган кара кыргыздар береги Ала-Тоону мекендеген кара кыргыздардан ар дайым жогору коюлуп келген. Алар "аяк алып ичээр" улук болгон. Ушул эле китептин 6-бетинде, өткөн кылымда биздин жергебизге келген орус тыңчысы Ч.Валиханов: "Кара кыргыздардын кудайынын(Алласынын) аты Көкө (Көктө) Теңир" -деп жазса, М.Веньюков: "Кыргыздар башына иш түшкөндө, бөлөк мусулмандар сыяктуу "Аллага" эмес, Көккө сыйынат" - деп жазган эмес-



ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА № 271251

пи! Санжыра - эпосубуздагы: "Ушул сөзүң чын болсо, Айтканыңды кылбасам, Көкө Теңир өзү урсун! Төшү түктүү Жер урсун! Атагы урсун Таластын! Арбагы урсун Манастын!" (О.А).

V кылымда Атилла (Адыл) хан бабабыз башында турган Рим империясын талкалап, бүтүндөй Европа элдерин багындырып алган. Бул тарыхый чындык, 452-жылы Атилла бабабыз баштаган аскерди, Рим элинин диний башчысы (жрец) Леон 1 тизесин бүгүп Колуна Теңирчиликтин белгисин (боз үйдүн түндүгү, түндүктүн ортосунда күн, күндөн төрт жакка кеткен 4-күндүн нуру) алып, биз Теңирчиликке кирдик деп жан соога алгандан кийин, Атилла бабабыз Римди талкалоону токтоткон. Христиан (крест) же теңирчиликтин белгиси дегенди билдирет. Христиан дини менен Теңирчиликтин белгилери, дүйнө таанымы бирдей. Христиандардын Библия китебинин негиздери, илгери Шумер, Енесайдагы шиберлүү тоодо (Сибирь деген сөз ушул сөздөн") жашаган биздин илгерки ата-бабалар, Гунн (Күн) (О.А.5т,18-б.) элдеринин дүйнө таанымынын негизинде чыккан эмгектерден алынгандыгы тарыхый маалыматтарда бар. Кийин "Библияны" жөөттөр өздөрүнө ыңгайлап бурмалашкан, жөөттөрдөн чыккан, тарыхта эч кандай жерлерге аттары коюлбаган: Авраам (Ибрайым) Моисей (Мусса), Иисус (Иса), Исмайыл, Исхак ж.б. пайгамбарларынын тарыхтарын чагылдырышып христиан динин (Теңирчиликтин дүйнө таанымын) бузушкан. Бул тарыхый маалыматты окуймун дегенде, арказак тарыхчысы Нарымбаева А.К "Туран колыбель древних цивилизации" деген китебинен окусаңар болот.

Кийинки убактарда Атилла (Адыл) мундуз уруусуна тиешелүү деп жазышкандарын окуп калдым. Мундуз уруусу тууралуу Н.А.Аристов "Труды по истории и этническому составу тюркских племен" деген китебинин 66-бетинде минтип жазыптыр: "Кость мундус встречается в качестве кости ...же... на Алтае у алтайцев, чуйцев и теленгитов; по-видимому, это один из древнейших тюркских родов, не стоявший, однако, во главе могущественных союзов, не пользовавшийся в свою очередь силой и господством в Монголии, а потому не попадавший на страницы истории". Бул жерде түшүнүктүү эле болсо керек. Атилла атабыздын мундуз уруусуна тиешеси жоктугу. Тарыхта көп согушкан кыргыздын уруулары, дүйнөнүн булуң бурчтарында көбүрөөк чачырандылар болуп туруп калышкан экен. Биздин маалыматтардын негизинде кыргыздын кытай уруусу да дүйнөнүн булуң-бурчтарына чачылган экен. Биздин маалыматтардын негизинде кыргыздын кытай уруусу: Алтайда, Монголияда, Кытай Эл Республикасынын ички Монголиясында, Ка-

закстанда, Өзбекстанда, Тажикстанда, Башкырларда, Молдавияда, Румынияда бар экен. Дагы тарыхый булактарда Серб, Македон элдери, өздөрүн кидандардан (Сянь билерден) чыккандыгын, ал эми орус эли Кидандардын (кытай уруусунун) каны Элүү Дашыны, бул биздин Илья бабабыз деп жазгандарын ушул жерден жазып кетүүнү туура көрдүм. Дагы кызыктуу маалымат, Американын түндүк Дакота штатында айыл бар экен, башка элдери менен 56000 кытай (өздөрүн ханцзуу эли деп айтпайт экен) эли жашаган (же англисче Cathay-катей). Булардан башка дагы мамлекеттерде болсо керек.

Гректин улуу ойчулу, тарыхчысы Тациттин "О происхождении Германцев" деген эмгегинде Германия эли, германиянын, Германус деген сөздөн деп жазып, анан мындайча чечмелейт Германус (немистер бири-бирине Гер деп кайрылышат, кыргыздар Эр деп) бул Эрманус, же болбосо булар Эр Манастын эли деп. Бул Эр Манастын эли Чыгыштан келген, ат оюндарын жакшы көрүшөт, сүтүн ичишет, ачытылган таруудан ичимдик ичишет (кыргызда бозо да), же баатырыбы, же жаратканыбы Эр Манаска сыйынышат деп жазат. Кокусунан Германиянын Берлин шаарына барып калсаңыздар "Брандербург" дарбазасына көз салсаңыздар, дарбазанын үстүндө аскердик арабанын (бул аскердик араба биздин бабалардын ойлоп тапканы) үстүндө баатырдын турганы, оң колунда кармаганы боз үйдүн түндүгү - Теңирчиликтин белгиси. Дагы бул жерде айтып кете турган монах, монастырь деген сөздөрдүн пайда болушу тууралуу. Орустун окумуштууларынын жазууларында, Алтайдагы Манас көлүнө барып зыярат кылган адамдарды монах ал эми монастырь деген Манас бабабыздын тактысы (хан тактысы) дегенди түшүндүрөт деп. Мен быйыл 2010-жылы 17-октябрда Астанада өткөн "Бүт дүйнөлүк маданият курултайында" 74 өлкөдөн келген өкүлдөрдүн астында жасаган докладымда, өйдөңкү Манас тууралуу далилдеримди айтканда, бири да каршы сүйлөй алышкан жок. Бул Кыргыздын улуулугун тастыктап жатпайбы! Түрк элдеринин ичинде көбүрөөк немистердин музыкалык аспабы аккордеонду кыргыздар ойношору жөн эмес экендигин эсиңиздерге салып кетейин дедим. Биздин колдонулган Ө, Ң, Ү тамгаларын немис элдери да өз тамгалары менен өз сөздөрүндө колдонушат.

Манас эпосубузда 3, 4, 7, 9 жана 40 деген сандардын ыйыктыгы тууралуу көп жерлеринде айтылат. Бул Теңирчиликтин ыйык сандары. Үч деген биздин эң байыркы бабаларыбыз: Скифтер Гунн (Күн) элдери "дүйнө үч катмардан турат" деп ишенген. Эң жогоркусу - Көк (асман) же

жарыкчылык, ортоңкусу - жер -суу же тиричилик, төмөнкүсү - жер асты же караңгылык. Бүт дүйнөнү (Аалам, космос) жаратуучу Көкө Теңири так ошол "эң жогорку" дүйнөгө тиешелүү болгондо, ал "тогуз катар асмандын үстүндө" турган (О.А.). Үч күн өлүктү узатуу аземи (үчүлүк берүү). Бул жарыкчылыктан, тиричиликтен караңгылыкка кетүү. Төрт деген: төрт тарабың (телегейиң тегиз, тең) кыбыла, күндүн нуру төрт жакка да тең тийет: Жан-жаныбарларга да, жаратылышка төрт жакка да тиет.

Теңирчиликтин белгиси - боз үйдүн түндүгү. Жети деген - жети катар жердин эгеси жерлик жети кан. Жер - Эне - Өлүм, Жети атаны билүү, жети атадан кийин гана үйлөнүү. Өлүккө жетилик берүү аземи бул жети малды курмандыкка чалып, жердин жети эгесине (кандыгына) арноо. Байыркы кыргыздар "өлүк жаткан үйдү ат менен жети айланган да, боз үйдүн оозуна келип, аттан түшүп, (аялдары) беттерин тытып, жалпы баары өкүргөн". Муну алар жети жолу кайталаган. Тогуз деген - Тогуз ыйыктыкка сыйынуу; Көкө Теңирге, Умай Энеге, Күнгө, Айга, Жылдыздарга, Жерге, Сууга, Тоого, Кан (Согуш). Тогуз кабат асман (күнгө чейин тогуз абанын катмары), Тогуз тогоол: Бир жылда 9 жылдыз, (тогуз планета) 9 жолу тогошкону (бир сызыкта болгону) тогуз тогоол экен, ошондо аба өзгөрүлөт экен. Бул Жылдыздар (планеталар) Чычкылуу (Меркурий), Үркөр (жети жылдыз), Кызыл Чолпон (Марс), Каракүч эже Эшек кырган (Юпитер), Сары (Сатурн), Сары Чолпон (Венера), Ай, Күн жана Жер экен. Эне баланы курсагында 9 ай көтөрөт. Тогуз коргоол, тогуз толгонуу, Тогуз жолдун тоому, тогуз токоч, тогуз кат, тогуз карын, тогуз жашта кудалашуу, тогуз тентектикти кечирүү, тогуз балбан күрөшү, тогуз баштуу ажыдаар (О.А.). Азыркы кытай (ханцзуулар, манжулар) азыркы убакка чейин эле ажыдаарларга сыйынуу аземдерин колдонуп жүрүшөт, көрсө биздин "Теңирчиликтеги" тогуз ыйыктыкка сыйынган түпкү бабаларыбызга, тогуз ажыдаар дешип сыйынышат экен да. Кырк деген сан тууралуу өйдө жакта жазып кеттим.

Бул макала Кыргызстандын эл аралык университетиндеги тегерек столдо айтылган тарыхый маалыматтардын негизинде чыккан. Ошол тегерек столдо, кыргыздын улуу окумуштуусу, биология илимдеринин доктору Алмаз Алдашев, өзүнүн иштеген институту жана Париждеги антропология музейи менен бирдикте чогуу изилдөөлөрдү жүргүзүшүп, илимий негизде дагы бир жолу төмөнкүдөй далилди далилдеп беришти: "Кыргыздын канында 45% динлиндердин генетикалык R1a1 маркери (кандын түзүлүшү) бар экендиги жана гунндардын да 45% маркери бар экендиги далилденди" - деп. Тарыхый далилдердин жана лаборатория-

лык изилдөөлөрдүн негизинде мындай деген корутундуга келгенибиз туура го: Кыргыз негизинен эки элден Динлиндерден (түндүктүн эли) жана Гунн "Күн" - чыгыштан баштап Урал тоолоруна чейинки жерлерде жашаган элдер. Кийин үчүнчү тайпа болуп, ар түрдүү тарыхый шарттардын негизинде, кыргыздын урууларынын ичине киришкен элдер, булар; перстер (уйгурлар), арабдар, ханцзуулар, манжуулар (калмактар). Динлиндерден кыргызга кошулган элдердин, санжырада Ак уулдун балдары деп, ал эми Гунндардан кошулган элдерди, Куу уулдун балдары деп кыргыз элинин санжырасына кирип калган. Динлиндер негизинен жашоо турмушунда бугу, багыш баккан (ат минбеген) элдер, ал эми Гунндар негизинен жылкы баласын баккан элдер. Бул эл эң биринчилерден болушуп итти үйрөтүшүп, турмуш жашоосунда айрыкча түндүктүн эли унаа катары колдонушуп келишкен жана азыр да колдонушуп жатышат. Карышкырга, итке биздин түпкү бабалар жакшы, тең мамиле жасагандыгы мына бул макалдан эле көрүнүп турбайбы: "Иттин ээси болсо, бөрүнүн Теңири бар" - деп. Кыргыздар карышкырды, итти өздөрүнүн урууччулук "тотемдик" белгилери катары алып жүрүшкөндүгү жөн болбосо керек, себеби бул жаныбарлар баатыр, тайманбас болгон, өзүнүн ээсин эч качан саткан эмес. Биздин түпкү бабаларыбызды, айрыкча динлиндерди перстер Сак (Сак деген, персче ит деген түшүнүк) элдер дешкен. Ислам динин тутунган биздин мурунку душмандарыбыз араб, перс, тексиз кыргыздар чыккан тарыхчылардын жардамы менен, кырк кыз менен итти байланыштырып, кыргыз жаралды дешкени ушул себептен болсо керек.

Жараткан "Теңир" буйруса, жакында Дастан Сарыгулов агабыздын кыргыз эли үчүн улуу китебин элге тартуулаганы турат, бул китепте адамзаттын кантип пайда болушу (динлин менен гунндарга чейинки) тууралуу. Жогорудагы далилдердин негизинде илгертен бери эле кыргыздын саруу уруусу менен кытай уруусу ынтымакта, бир атанын балдарындай болуп жашап келе жаткандыгы тарыхый маалыматтарда көп кездешет. Ушунун бир далили катары Н.А.Аристовдун китебинин 73-б. тарыхый маалыматка көз чаптырып кетелик. 2050 жыл мурун Тянь-Шанда усундар (саруулар) менен кандылардын ортосунда жер талашуу согушу болот, ошондо сарууларга кытай уруусу жардамга келген экен (жөндөн эле жардамга келбейт да).

СССР кулагандан кийин көп республикалар өз алдынча мамлекет болгондон бери, ар кимиси колунан келгенче өз тарыхына кайрадан кайрылышып, жаңылыктарды ачууда. Алардын арасында биздин да эр аза-

маттарыбыз Д.Сарыгулов, О.Айтымбетов агаларыбызга окшогондор, мамлекеттин жардамы жок эле кыргыздын тарыхына көп салымдарын кошууда. Көрсө, чексиз кыргыздардан чыккан тарыхчылардын кесепети менен кыргыздын тарыхы ушунчалык бурмаланган экен. 1939-жылдары репрессия убагында Каганович деген жөөттүн аракети менен биздин бир далай тарыхчылар (түркологдор) кырылып кеткен экен. Дагы бир мисал: (С.М.Абрамзон, 4-б.) Кыргызстан Коммунисттик партиясынын БКнын 1-катчысы Т.У.Усубалиев республикалык партактивде (1973-ж.) Абрамзондун аталган олуттуу эмгегин (Кыргыздын уруулук түзүлүшүн) катуу сынга алган. Мындай пикирди кубаттаган кошоматчы, кыргызды жаман көргөн тарыхчылар: К.К Орозалиев, С.И.Ильясов жана А.Г.Зималар да Саул Матвеевичти катуу сынга алышкан. Бул сындын негизги себеби, алардын ою боюнча, кыргыздар интернационалист (улутум жок деген түшүнүк) болушу керек эле. Кыргыздар өз уруучулугун, түпкү тарыхын билбеши керек болуучу. Тексиз кыргыздар мындай сабатсыздыкты пайдаланып алышып, кыргыз мамлекетин башкарышкан. Акыркы ушундай башкаруу быйыл 2010-жылдын 7-апрелинде 86 кыргыздын эрендеринин каны төгүлүп жатып, акыры кулады го!

Биздин бабалар дүйнөдө биринчиден болушуп жылкыны үйрөткөндүгү, болотту (ок жылдыздарынан), темирди, калайды өндүргөндүгү, дөңгөлөктү, кездеме токугучту ойлоп тапкандыгы тарыхый булактардан чыгып жатат. Ошол убактагы биздин түпкү бабаларыбыздын жоокерлерине Римдин, ханцзуу-манжулардын (азыркы кытайдын), перстердин аскерлери туруштук бере алган эмес экен. Айласы кеткендигинен перстер жана ханцзуу-манжулар (2200 жыл мурун же б.з. мурун 200-ж. илгери) улуу сепилдерин салышып жаны калган экен. Ал эми Рим башында турган Европа элдери сепил сала элегинде, гунндарга (Күн элине) көз каранды болушуп, Гунндардын Теңирчилигин алышып, ар түрдүү салыктарын төлөшүп жанын багып калышкан экен. (А.К. Нарынбаева "Туран колыбель древних цивилизаций" деген китебинин, 649-б.).

Эми мен кайрадан Манас бабам тууралуу тарыхый маалыматтарга кайрылайын. Дагы да Д.Сарыгуловдун изденүүсүнүн негизинде Манас бабабыздын ысымы көп дүйнөдөгү жерлерге берилгендиги негизделди, алар: 1) Манаслу (Манас уулу) - Гималайда өтө зор бийик Тоо. Жер бетиндеги эң бийик тоолордун катарына кирет. Бийиктиги - 8128 м. Непалдыктар ыйык деп сыйынышат. 2) Манас - Индиянын түндүк-чыгышы менен Бутанды басып өткөн дарыя, узундугу 400 чакырым. 3) Манас- Тибеттин түштүк-батышында Гималай тоо кыркаларынын түндүк этегин -

деги көл. Көл деңиз деңгээлинен 4557 м., бийиктикте жатат. Аянты 500 чарчы км. чамасында. Тибеттиктер ыйык деп сыйынышат. 4) Манас - Индиядагы улуттук парк жана ага чектеш Бутан өлкөсүндөгү корук, парктын аянты 8000 га., коруктун аянты - 42 га. 5) Манас - Кытайдын батышындагы дарыя. Узундугу 402 чакырым, Манас көлүнө куят. 6) Манас - Дагестанды аралап өткөн дарыя - Каспий деңизине куят. Манас, Манаскент, Манасмахи, Манасавлан, Манасматаб деген шаарлар, жерлер Манас өзөнүнүн боюнда жайгашкан. 7) Манас - Өзбекстандын Самаркан жана Сурхан дарыя областарында жайгашкан канал. Б.з.ч. I миң жылдыкта курулган. 300 чакырымга созулат, секундасына 45 $м^3$ суу агат. 8) Алтайда Кыргыз, Манас көлдөрү ыйык деп алигиче сыйынышат. Айтылачы, кайсы элдин түпкү бабасынын ысымы ушунча улуу жерлердин аталышында сакталып турат дагы? Жогорудагы Аскарбек иниме Манас тууралуу дагы бир мисал келтирип кетейин, Белек Солтоноев атабыздын китебинин II-томунун 143-б. мындай деп жазылып турат "Не да болсо ырчылардын (мансчылардын) айтканына караганда Манастын бабалары Алтай, түрк бабаларына, караханийлерге жана Жолойго караганда кытайга байланат". Мына ушул жерде дагы бир мисал Манас эпосунан келтирип кетейин: Алманбеттин Манаска келип кошулушу тууралуу. Көрсө, Алмамбет кыргыздын кытай уруусунун, жогору тамгасынын кара кытай уругунан, ал эми Манас кытай уруусунун, төмөн тамгасынын ногой уругунан. (С.М.Абрамзон, Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. 456-б.). Баатырлар жөндөн эле бир элден бир элге барып кошула бербейт да.

Кыргыздар негизинен беш кыргызга бөлүнөт: ушундай жазылышта (катарда) боз үйгө киришип отурушкан экен, кара кыргыз (биз, кыргыздардын ириги), шор кыргыз, хакас кыргыз, төбөй (тувалыктар), кайсак (качак) кыргыз (азыркы казактар). Орозбек Айтымбетовдун "Кара кыргыз" деген китебинин V томунун 4-б.минтип жазылат: "Эзелки кыргыздардын ишеними боюнча "Көк асман" бу дүйнөнүн "калпагы" болгон да. аякта "Күндө күн", - "Айда ай" туулуп турган.

Бул доордо кидандардын коомдук өнүгүшү менен маданияты өтө өнүккөн. Ошондуктан кыргыздардын уруулары менен кидандардын ортосунда коомдук өндүрүш жана коомдук маданият байланыштары абдан тыгыз болгон. Кыргыздар жылкы баштаган төрт түлүк мал жана мал чарбачылык түшүмдөрүн, алтын, күмүштөн иштелген буюмдарын Кидань кандыгынын ички райондоруна алып келип, бул жердеги элдин, айрыкча ханцзуулардын жерлик өндүрүштүк жана турмуштук буюмда-

рына алмаштырып алып кетип турган (А.Байтур, Кара кытайлар тушундагы кыргыздар).

(Ляо бийлиги 960-жылы кытайдын туштүгүндө пайда болгон жергиликтүү Сун дөөлөтүнө каршы тура алды да, андан ары өмүр сүрдү" (В.В.Бартольд, V т.). Ошентип X кылымда кидандар күчөп, ханцзуулардын түндүк-чыгышын (Бээжин азыркы Пекин аймагын) ээлеп, өз бийлигин орноткон.

Ошондон кийин Ляо дөөлөтү Орто Азияны каратууга көп күч-аракет жумшаган жери бар. Бу туурасында араб-перс авторлору мына буларды кабарлайт: "Кийин Кидань мамлекетинин башчысы Амбагян (А-Бао-Цзи, кыргызча Байтике) 924-жылы мурдагы уйгур борбору Ордо-Балыкка келип, Уйгурдун Билге каганынын эстелигиндеги жазууларды өчүрүүнү жана ал таш бетине өз эрдиктерин жазууну буюрган экен. Ошол эле жылы Кидань аскери Гобиден өтүп, бир катар чыгыш Түркстан шаарларын басып алган. Уйгурлар да аларга багынган" (В.В.Бартольд, V т.).

(1010-жылы Кидань аскери Ганчжоудагы уйгурларга кол салып, андан соң алар Жети-Суунун түндүк-батышына басып кирген. А бул Фарадждын кабарына караганда 1014-жылы Чинден чыккан көчмөндөрдүн өтө чоң ордосу "Гунндар - Кидандар" Бухара мамлекетинин чегине кирди. Бухара башкаруучусу Ахмад Ибн-Али (1019-жылы өлгөн Кара Хандын уулу) алардын алдын тосо аскер менен жүрдү. Кан суудай аккан согушта ал (Ахмат душмандарды талкалады да чоң олжого ээ болду.) (Материалы по истории Киргизов и Киргизии. М.,Наука, 1973-г,165-с.).

Экинчи кабарда бул жортуул 1017-жылы болгон. Кидандардын алдынкы аскерлери Баласагундун четтеринде пайда болгондугу жайында берегидей кабарлар бар: "Чинден, - деп жазат тарыхчы Утби, - Ислам өлкөсүн (Сарттарды - О.А.), Түрк өлкөсүн (кара кыргыздарды - О.А.) жана калган Мавераннахрды ээлөө үчүн Туган ханга каршы (кидань) аскери жүрдү. Алар 100000 түтүн болчу да, мындай шумдукту мусулмандар мурда эч качан көргөн эмес эле". Ибн ал, Асир ушул эле окуя жагдайында айтып келип; "408 // 1017-18-жылы Түрк урууларынан түзүлгөн 300000 түтүн үй-бүлө (туурасы 300000 адам - О.А.) алардын арасында хатаи (кидань) да бар. Син (Чин-Кытай) жеринен чыкты да мавераннахрга конуштады" (ошондо 58-б.) деп жазат.

408// 1017-18-жылы Синден келген түрктөр (киданьдар жана башка кыргыз уруулары) Баласагундан сегиз күндүк алыс жолдо турган. Ошондо ооруп төшөктө жаткан Туган кан жардам сурап мусулмандар турган аймактарга кайрылган.Натыйжада өз ыктыяры менен 120000 жоокер чо-

гулган. Туган кан ал аскер менен Синден чыккан Түрктөргө каршы аттанган да, 200000ин өлтүрүп, 100000ин туткундап, эбегейсиз мал-мүлк, алтын-күмүш олжолоп, Баласагунга кайткан" (ошондо, 58-б.). "438// 1046-47-жылы Тибеттен эсепсиз Түрк бүлөлөрү (кыргыздар) келди да, алар элге жакшы карарына карап, Баласагун каны Арслан канга (бизди кабыл алыңыз деген өтүнүч менен) кайрылды. Келгиндер мунун мамлекетине эч тийиштик кылган жок, анын ордуна тигилер ошол жерге туруп калды. Ошондо кан аларга киши жиберип, берегилердин ислам динине киришин өтүндү эле, тигилер макул болгон жок, бирок, аерден кетип да калбады" (ошондо, 61-б.). Асрлан кан Мухаммед Ибн Сулайман 16000 түтүн үй-бүлөнү Самаркан жакка кондурган. Максат - ушул кытайлар Кара кан мамлекетинин батыш жагында калкан болуп туруш керек болгон (ошондо 65-б.). Тибеттен келген бул "Түрк бүлөөлөрү" VI-кылымда батыш Вэй дөөлөтүнөн жеңилип, Ганьсу аймагындагы чек ара жерлерине жайгаштырылган кытай уругу эле.

Кидань мамлекети IV-V кылымдарда Ыраакы Чыгыштын, Борбордук жана Орто Азиянын, Кытайдын (Ханцзуунун ) тарыхында зор роль ойногон. Ал мамлекеттин башында Йолуй А-бао, Цзы (мурдагы Европа тарыхчылары кытай жазма санжырасындагы А-Бао Цзы деген киши атын Амбагян деп туура эмес транскрипция кылган, а бирок да, береги сөздү бүт эрежеси боюнча биздин тилге тамгалай транскрипция кылганда А-байке деген сөздү алабыз, бул Байтике деген ат (О.А.) Ал 827-жылы туулган. Байтике кыргыздын кытай уруусунун биринчи баласы (жогору тамга). Байтикеден эки бала Төңтөгөр, Кыйра. Ушу кытайлар (кидандар) да адегенде өздөрүнүн жол башчыларын байыркы кыргыздарды туурап, Чоң бий деп атаган. Ал береги кабардан даана байкалат: "1055-жылы кидандарга барган Сунн элчиси Би Чжун-ю өз ырында: "Жаңы жылдын күнүндө Шаньюйдун сарайында болдум" деп толкундана жазат. Ал бул жерде Шаньюй 128-б.) Демек, Байтике адегенде Чоң бий деген наамды алып жүрсө, кийин ал император деген атакты кабыл алган. Жаңы империя башка өлкөлөрдүн көңүлүн өзүнө бурган. Алар менен Корея, Кытай (Ханцзуу), Чыгыш Түркстандагы мамлекеттер, Япония, Персия, Араб халифаты өңдүү Азиядагы көптөгөн мамлекеттер соода байланыштарын, дипломатиялык мамилелерди, "тынчтык жана туушкандык" ынтымакташтыктарын түзгөн. Самарканддын чыгыш дарбазасы ошо заманда "Кытай дарбаза" аталган. Кара кандардын сарайында кызмат кылган Жусуп Баласагундан өзүнүн "Кут табуу билиминдеги" (1069) "Жаздын сүрөттөлүшү" жана "Соодагерлер жөнүндө" деген

бөлүмдөрүндө: "Жаз келип, дарактар жашыл жамынып, жер кызыл-тазыл түргө келип, жашыл жибектей жайкалган кезде кытай (кидань) кербенчилери табгач (ханцзуу) кездемелерин таратты" деп жазат!

Киданьдар Асманга (Теңирге), Жерге, Күнгө ж.б баардык арбактарга арнап көк буканы жана ак боз бээни курмандыкка чалышкан. Алар Айга гана курмандык чалган эмес.

Азия тарыхында Түндүк Кытайда (ханцзууларда) өз бийлигин орноткон түндүктөгү көчмөндөрдүн эң биринчи болуп, так ушу кытай уруусу өз жазмасын (тамгасын) түзгөн!

"Кытай (кидань) жазуусун жараткандар кытай уруусунун бийлик башындагы уулдары Төңтөгөр менен Елюй Лубугу (Кыйра-О.А) болгон. Елюй А-Бао-Цзынын (Байтикенин) (О.А.) небереси Елюй Тела (Тулуй Төрө - О.А.) ошол жазуунун экинчи түрүн - "кичи кытай жазуусун" түзгөн. "Чоң кытай жазуусу" кытай (ханцзу - О.А.) иероглифтери (сызыктары менен чекиттери) сыяктуу эле алиги элементтерден түзүлгөн, ошентсе да, башкача топтоштурулган" (Стариков В.С., Наделяев В.М., Предварительное сообщение о дешифровке киданского письма, М.,1964).Антсе да, ал жазууну В.С.Стариков да, В.М.Наделяев да окуй алган эмес. Кидандардын өз жазуусу гана болбостон, өз адабияты, анын ичинде тарыхый китептери да бар эле. Бүгүнкү күнгө тигилердин жазмаларынын азы гана жетти, бирок булар да ушул күнгө дейре окула элек, себеби алар кыргыз тили аркылуу гана окулушу керек... Ушу жерден эң башкы нерсеге токтололу. Ал Куу уул тукумдарына жатчу эзелки кытай уруусунун илгерки тамгасы. Тан санжырасында береги уруунун эгелери алиги император сарайына бир нече жолу келгени жазылып калган да алар Тан падышасына өз элиндеги күлүктөрдөн белек кылган жери бар. Өзүңөр билесиңер, биздин элде мейманга же кадырлуу адамдарга чыгаан куш, алгыр тайган же аргымак тартуулоо элдик салт болгон. Ал эми башка өлкөлөргө барганда береги өлкөнүн падышасына мындай тартуулар эки же үч эселеп берилген. Андайда, "колунда талканы бар бала сүйгүнчүктүү" дегендей, көчмөндөр тигил өлкөнүн чоңдору тарабынан абдан жакшы кабыл алынып, чоң сый-урмат көрүп, кайра тартканда алиги өзүлөрү тартуулаган нерселерден алда-канча көп белектерди алып кайткан. Албетте, буерде биз үчүн эң башкысы бул эмес, жанагы күлүктөргө басылган кытай уруусунун байыркы тамгасы! "Тань-хуйяо" жылнамасында береги көчмөндөрдүн ошол жылкыларга басылган кытай уруусунун жогору тамгасынын эн тамгасы "t" жана төмөн тамгасынын эн тамгасы "^" чийилип калган. Бул акыйкатта, алиги кытай

уруусунун жанагы Түндүк Кытайды басып алып, өз дөөлөтүн орноткон-го чейинки эң эзелки тамгасы эле. Иш жүзүндө, ар бир уруунун тамгасы тээ байыркы замандарда эл башчылар менен карыялардын жалпы жый-ыны тарабынан кабыл алынган да, ал өзүлөрүнө тектеш башка уруулар-дын эч биринин тамгасына окшош болууга тийиш эмес экен. Не деген-де, эн тамга береги уруунун жылкыларына басылган да, тигил уруулар-дын малдары аралашып кеткенде көчмөндөр ошол тамгалар боюнча өз малын ажыратып алган. Алиги кытай уруусунун тамгасы кыргыз уруу-ларынын ичинен ушуларда гана бар (жогору тамгасынын эн тамгасы "t" жана төмөн тамгасынын эн тамгасы "^"). Бул эки тамганы кошкондо "+" күндүн төрт нуру же болбосо Теңирчиликтин белгиси, боз үйдүн түндүгү. 452-жылы Римдин Леон1 деген диний кызматкери (жреци) ко-луна ушул теңирчиликтин белгисин кармап, чөгөлөп Атилла (Адыл хан) атабыздан жансоога сураганда атабыз Римге тийген эмес (азыркы хри-стиандардын белгиси, биздин Теңирчиликтин белгиси экени көрүнүп турбайбы). Не дегенде бүгүн бизде туруп аткан кытай уруктарынын көпчүлүгү алиги император дөөлөтүнөн тарайт. Алар X кылымда "Түндүк Кытайга өз бийлигин орноткон даңазалуу тукумдан, түбү келип Евроа-зиянын чаңын асманга чыгарган байыркы гунндардан келип чыкан киданьдар (кыргыздар) эле.

Ушул жерде дагы бир тарыхый маалыматты берип кетейин, кечээ жакында азыркы кытай (ханцзуу) жазмаларынан алынды деп, кыргыз элине 2200 жыл болуптур деп чоң майрам өткөрдүк ко. Буга мен каршы эмесмин, туура, бирок азыркы кытайдын (ханцзуулардын) жазмасы (там-гасы) 2200-жылдан баштап эле түзүлө баштаган. Ошондо кыргыздар (Гунндар-Күн эли) дүйнөнү дүңгүрөтүп, Теңирчиликтин (9 ыйыктыкка сыйынуу) дүйнө таанымына, башка элдерди сыйындырып турган уба-кыт болгон. Ошондо азыркы кытай (ханцзуулар), 9 баштуу ажыдаарга теңеп, биздин бабаларыбызга сыйынышып, улуу чебин салышып корго-лошуп олтурушкан.

Акыйкатта, 1017-18-жылдардагы батышка жасаган чапкынында ман-жулардын дөөлөтүнөн катуу жеңилиш тапкан Кытай (Ляо) кандыгы ал-сырай баштаган. "Ошондон баштап Кытай (кидань) кандыгына таандык болгон ханцзуулар жана бул кандыкка багынган башка тайпалар үзгүлтүксүз көтөрүлүштөрдү чыгарат. Бул көтөрүлүштөрдө ханцзуулар-дын күрөшү чоң маңызга ээ болгон. Анткени Кытай (кидань) кандыгында алар сан жагынан көп салмакты ээлеген. Коомдук жактан ханцзуулар башка багынды тайпаларга өтө зор таасир берип турган. Ханцзуулар-

дын көтөрүлүштөрү башка тайпалардын кытай (кидань) бийлигинен кутулуусуна пайдалуу шарттарды жараткан.

Мындай көтөрүлүштөрдө бул заманда Кытай (кидань) кандыгынын бийлиги астында жашаган манжу (журжит-чжуржен) тайпасынын төңкөрүштөрү да абдан зор роль ойногон. Журжиттер (Манжулар) азыркы Кытайдын чыгыш-түндүк райондорунун Хийлуңжан, Жилин, Лийанин өлкөлөрүндө жашаган. XI-XII кылымдарда журжиттер өтө күчөп, Кытай (кидань) кандыгына өзгүлтүксүз сокку бере баштаган. 1113-жылы журжиттердин башчысы Агунда аштык-жем топтоп, аскер даярдап, 1114-жылы Кытай (кидань) хандыгына каршы чоң көтөрүлүш козгогон. 1115-жылы Агунда өзүн кан деп жарыялап, "Алтан кандыгы" (Жин) деген жаңы мамлекет курган. Алтан кандыгынын борбору Хуйнин шаары (азыркы Хуйлуңжан өлкөсүндөгү Ачин ооданынын жанында) болгон.

....балким, кимдир бирөөлөр кынтык издеп, а-бу деп өз пикирлерин жазып чыгышаар. Бирок мен тарыхта далилденген чындыкты гана жазып жатам. Аскарбек иниме ушул жерден айтым коюуну эп көрдүм, кытай уруусунун ногой уругу жалаң эле Чаткал районунда эмес, азыркы убакта Кара-Буура, Кара-Суу, Ала-Бука ж.б. райондорунда жашагандыгын.

2007-ж. Бишкек шаарындагы "Бийиктик" басмаканасынан кыргыз улутунун санжырасын иликтеп - жиликтеген эл жазуучусу Орозбек Айтымбет уулунун "Кара кыргыз" аттуу V томдон турган китеби жарык көрдү. Кыргыз тарыхынын 8000 жылдык таржымалын топтоого из салган V томдук бул чыгарма, кыргыз эли үчүн ыйык китеп десем мен жаңылбаймын. Жарык көргөн бул китептин III томунун "Улуу Түрк" деп аталган IV- бөлүмүндө кытай уруусу менен ага-ини сыяктуу алакалаш, тагдырлаш болуп кылымдарды жырта изилденген санжыралардын бүтүм-корутундулары дагы биздин жогорудагы айтылган оюбузду бекемдөөгө негиз түзүп, ушу кезге чейин кытай уруусу менен бир бүтүндүктү түзгөн уруулар тууурасындагы жакшы ойлорубузга жарык шооласын чачты. (Орозбек Айтымбет "Кара кыргыз" III том, Бишкек.)

Манас эпосундагы биздин элдин эң негизги душмандары ханцзуу (табгач), таңгыт (тангут), маңгыт, дөбөт (Тибет), калмак манжуу (туурасы макул-манжо), чүрчүт (Чжуржут шаары), кызыл баш (парсы), ooган (афган), маймун (индии) ж.б. Булардын көпчүлүгү тарыхый Манастын доорундагы же б.з.ч. элдер. Шбэй дагы тээ тарыхый Манастын заманындагы уруу, ал кадимки Татар кандын тукумдары. А тыргоот (торгаут), дөрбөн, олок (өлөт), долу ж.б Түрк замандан кийинки уруулар.

А Ойрот деген саясий ат болсо манжу доорунда пайда болгон. "Ойрот деген сөз Чыңгызкандын убагында "токой эли" же болбосо манжуулашкан буряттар" дегенди билдирген. Ал эми кытай санжыраларынын (кидань) деген ат менен түшкөн элге келе турган болсок, 93-жылкы чапкында манжу колуна түшүп кеткен кыргыздын кытай уруусунун бир бөлүгү, жогору тамгасы, Байтике (Абожи же абооси) балдары, арадан IX кылым өткөн соң гана кайтып, өзүлөрүнүн түпкү теги-байыркы кыргыздарга кошулган тайпа болуп эсептелет. Ошо "кидань" деген элдин өз аты "кытат", а "кытай" анын эркелеткен аты, тээ улуу Манастын заманында Сол канат кыргыздарынын эң ири жана кубаттуу урууларынын катарына кирген. Ошо кытай тебей (юйвын, Кумохи), найман, нойгут (онгут), коңурат, катаган өңдүү урууларыбыздын айрым топтору 93-жылдагы азалуу чапкында манкулдарга туткун болуп кетип, узак жылдар бою Сяньби менен Кыдыркан тоосун мекендеген. Х кылымда алиги кытай уруусу Түндүк Кытайдын азыркы Пекин өңүрүн согушсуз ээлеп алып, Ляо бийлигин орноткон да, ал дөөлөт манжуулардан (цжурчжендерден) кулаган кезде (1126) береги уруунун эң негизги бөлүгү (жогору тамгасы) кайрадан өзүбүзгө келип кошулган. Аларды биз "кидань" дебестен, өзүнүн түпкү аты менен (тарыхта көп жерлерде хита, кита, хитай) деп гана атайбыз. Кидань деген кытат деген сөздүн кытайча транскрипциясы. Акыйкатта бул элдин түп аты "кыт" - кадимки сакага куюлчу кыт (кыт-ат-эски тили бизде "кыт куй" деген сөз). А "кыт", "сака" деген сөздөр өзүбүздүн төл сөздөр. Береги Сакай (кытай-кидань) уруусу тээ б.з.ч. VI-кылымда бүтүндөй Сол кары аскерлерин парсыларга каршы баштап келген так ошол Сак Сакай баатырдын тукумдары!

"Кидань" деген ат тарыхта алгач ирет 405-жылы аталат (кытай-judai-jutan). Палладий менен П эрлээ "Мачжуриядагы даурлар (гунндар) Кидандардын көздөй тукумдары" деп эсептейт. Ошол урууну алар генетикалык жактан кидандардын "йолю" (тулуй) уруусунан мурдагы башкаруучу уруусу "дахе" - менен байланыштырат, мунун да жөнү бар, албетте, "дахэ" деген атты өз тилибизге транскрипция кылганда биз "теке" деген гана уруу атын алабыз, а даур же дагур кытай тилине өткөндө "дау" же "даку" болушу мүмкүн. Мындай жагдайда, "Дахэ" менен "даху" үндөшөт да, ал экөө тең эле түпкү тегинде бир эле уруу атынын кытай тилиндеги эки башка түрү болуп калат. Манжулардын (чурженделдин) колуна түшүп кеткен кытай уруусунун бир бөлүгү, жогору тамгасы Сяньби жеринде ар дайым төбөйлөр (экөө тең Сол карыга кирет) менен бирдикте, ынтымакта күн көргөн. Тарыхта кидандарды сяньбилер деп да

коюшкан. Алардын жашоо- тиричилиги дагы Хунндардыкына окшош болгон. Кидандар да Хунндар сыңары эле боз үйдө турган, арабалар менен көчкөн, кымыз ичип эт жеген. Ушул эле кидандар X-XII кылымдардагы баардык кытай сүрөттөрүндө оң жагынан сол жагына топчуланган чепкендерди кийип отурат. Алиги кытай сүрөттөрүндө Чынгыз кандын кийгени да так ошондой чепкен!

"Хунндар душман өлкөгө чабуул коёрдун алдында өзүлөрүнүн алдындагы күнөөлөрүн жууш үчүн ата-бабалардын арбагына кайсы бир күнөөкөрдү же аскер туткунун курмандыкка чалган да аны баары биригип миң жебе менен аткан". Ал эми "согушту ийгиликтүү аяктаган соң ата-бабалардын арбагына "ыраазы болгондукту" билдирүү максатында колго түшкөн душмандын бирин курмандыкка чалган" (Б.,1.,76-б.). "Мындан көрүнүп тургандай, курмандык согуш кудайы Ильбирске эмес, ата-бабалардын арбагына чалынган. Көчмөндөр: Асман - ата-ырыс же жакшылык. Жер -эне-өлүм деп эсептеген" (Хунну, М.,1960).

Так ушул эле жоокердик салттын өзү манжу колуна түшүп кеткен кыргыздын кытай (бу кидандар кытай уруусунун жогору тамгасы) уруусунда да болгон. "Кидандар жортуулга аттанаар алдында "жол шыдыр болсун үчүн" ата-баба арбагына арнап садага чабуу максатында кайсы бир күнөөкөрдү миң жебе менен аткан. А согуш ийгиликтүү аяктаган соң ата-баба арбагына ыраазы болгондуктун белгиси катары бир душманды курмандыкка чалган. Ушундай эле салт байыркы Хунндарда да болгон" (Гумилев Л.Н. Хунну 33-б.). Кытайдын төмөн тамгасынын (Буудайдын балдары) Төрдөш уругу "кыргыздын башка уруулары менен бирдикте VI-VII кылымдарда Алтайда Сирь мамлекетин, VII-VIII кылымдарда Орто Азияда Төрдөш мамлекеттерин түзүшкөн.

Ушул эле бир даректин өзү кытай уруусунун түбү байыркы кыргыз экенин далилдеп турат! Алиги 93-жылкы азада Сяньби тоосуна көчүрүлгөн кыргыз урууларынан кийин III кылымда эки ири топ бөлүнүп чыккан. Анын бири Муюнь (Моюн) уруусунун тегерегине топтолгон "ляодундук сянь -билер" (сухи, Дуань, муван), экинчиси "ляосилик сянбилер" (юйвын, кидань) эле. Ошо заманда Моюттар береги эки топту тең бириктирген, ошентсе да кийин кытай (кидань) менен төбөй (юйвань) уруулары алардан бөлүнүп , өз алдынча өнүгө баштаган. Антсе да IV кылымда булар кайрадан Моюттар тарабынан талкаланып, ошо заманда Сунгари (Солкары О.А.) суусунун баш четинде тиричилик кылган мохе уруусу турган жерге ооп кетүүгө аргасыз болгон О, кийин, кытай (кидань) менен төбөйлөрдүн көпчүлүгү Шара-Мурен дарыясынын ай-

ланасындагы конуштарына кайтып келсе, айрымдары Кыдыркан (Хинган) тоолорунун түштүк этектеринен батыш тарапта жаткан Иньшанга отурукташкан. Береги жерде алар кумохи (Куу уул - Сол) уругу менен бирге өзүнчө уруулар тобун түзгөн. Кидань деген ат ошо чакта Шара-Мурень суусунун чыгыш тарабында турган элде гана сакталган. 386-жылы Тоба. Вэй падышалыгы курулганда киданьдар "ак ат", "сары өгүз" деген ат менен аталган эки гана уруудан турганда, булар береги бийликке баш ийген. А VI кылымда кидандар Батыш Вэй мамлекети менен согушкан да, ал урушта тигилер өлгөнү, туткундалганы болуп отуруп 100000 адамынан ажырап, оор жеңилиш тапкан. Ал туткундар а кезде ляодун сяньбилеринин тукумдары тогондор ( туюйхун) турган Ганьсу провинциясындагы чек ара отуруктарына жайгаштырылган. "IV-V кылымдарда кидань башчысы Дахенин (Текенин же Чоң эрдин - О.А.) сегиз аймакта бөлүнгөн 40000 аскери болгон" (Б.,1.,362-б.).

Жанакы ляоси кидандары VI кылымда улуу Түрк мамлекетинин кол алдында өткөн да, буларга салык төлөгөн. Кидандар менен аларга туушкан Хи уруусу VII-VIII кылымдарда Тан санжырачылары тарабынан көп эскерилген.

Дагы бир маалымат (Н.Я.Бичурин, 385-б.) VIII кылымдын башында, кыргыздарга зомбулук көргөзгөн уйгурларды (ошол убактагы уйгурлар манжу, ханцзуулардын колдоосунда экен) талкалашып, Гунндар (Кидандар), кыргыздардын өчүн алып берип, 840-жылы Кыргыз мамлекетин курганга чоң жардам берген экен. "Хинган тоо кыркасынын түштүк жактарында жана Шара Мурэнь дарыясынын чөлкөмүндө кидандар телчигип, баралына келди да, күч алды. IX кылымдын биринчи жарымында алар башында каган (кара кан) турган уруулардын ири союзуна бириккен" (В.В.Бартольд, V-т.)

Береги онунчу кылым Азиянын тарыхындагы эң ири саясий өзгөрүштөрдүн кезеңи болуп калды. Кыргыз каганатынын алсырашы (940-жыл), Тан дөөлөтүнүн кулашы (901-жыл) жана ошо кезде кидандардын күчөшү, саясий аренада тангуттардын пайда болушу Азиядагы жаңы доордун башталышынан кабар берип жаткан.

"901-жылы Элли (Йолуй-Тулуй, буерде "Элли" деп туура эмес транскрипцияланган - О.А.) Абожи деген адам кидандардын (кытай уруусунун жогору тамгасы) ынанчыны болуп шайланат. Экинчи жылы Элли Абожи 400000 аскер баштап Садди Чин сепилинен өтүп, азыркы Хебей, Шэнси өлкөлөрүнө чабуул жасап, 95 миң ханцзуу букарасын жана алардын сансыз чарба малын булап кетет. 916-жылы Элли Абожи (Абооци)

өзүн "каган" деп жарыялайт. Кидань кандыга деген мамлекетти курат. Кидань мамлекетинин борбору Батыш коргон (азыркы Ички Монгул Жавуда аймагынын Оң Барын ооданы) деген шаар болгон. Кидандарга караштуу жерлер болсо чыгышта азыркы Чавшийан (Корея), батышта Тянь-Шандын түштүк тараптары, түндүктө Монгул жайлоолору, түштүктө азыркы Хебей, Шэнси өлкөлөрүнүн түндүк тараптарына жеткен. Кээ бир замандарда кидандар Хуанхэ өзөнүнүн түндүк тараптарындагы ханцзуу райондорун да басып алган.

Кидань кандыгы бир канча оң тайпа элдерге үстөмдүк кылган. Алардын бийлигинде кытай (кидань) урууларынан башка да ханцзуу, манжу, уйгур жана кыргыздардын сол канатынын көптөгөн уруулары болгон. Хидань кандыгы ханцзууларга ханцзуу салты боюнча ж.б. элдерге ошол элдердин өз салты менен үстөмдүк кылган. Кидандардын саясий түзүмдөрү негизинен ханцзуулардын түзүмдөрүн өрнөк кылган, ошондуктан алар 947-жылы" Кидань кандыгы" деген мамлекет наамын "Улуу Ляо кандыгы" деп өзгөртүп атоо менен бирге ханцзууча жылнама колдонгон....

1124-1125-жылдарда Агунда аскер баштап Кытай (Ляо) кандыгынын көп жерлерин басып алган. Ошону менен 916-жылы курулган Кытай (кидань же Ляо) кандыгы бүт бойдон жоголгон. 1124-жылы Кытай кандыгынын канзаадасы Элли (Тулуй О.А.) Даши бир бөлүк аскер менен букарасын баштап, Эне-Сай кыргыздарынын ичине качкан. Бирок тигилер Элли Дашиге жардам бербей коюшкан.1128-жылы Идикут уйгур каганатынын каганы Билиги Идикут (Билге Элдик Кут - О.А.) Элли Дашиге 600 жылкы,111000 төө, 3000 кой жардам берип,анын бийлигин кабылдайт. Ушундан соң Элли Даши же (Елюй Даши) жетекчилиги астында Кытай ордосу Ала-Тоого (Тянь-Шанга) келген да, алар аердеги жергиликтүү элдин (Отуз уулдун) колдоосу астында өз бийлигин орноткон. Тарыхчы Худяковдун маалыматына караганда "Чыгыш Түркстандык кыргыздар Ляо императоруна тартуусу менен элчилерин жөнөтүп, тыгыз байланышта болгон". Демек, кыргыздар менен Бээжинде турган кытай ордосун буга чейин жаркын маанайдагы алакада болгон.

"Кидань (кытай уруусу - О.А.) согуш жолу менен жүрүп отуруп, Баласагунга чейин жеткен экен, аяктан аларга эч ким каршылык кылбаган соң берегилер ошол жерге отурукташып калыптыр" (алиги китепте, 50-б.). Иш жүзүндө, кытайлар Баласагунга 1127-жылы чукул келген кезде аердеги Кара канга жергиликтүү эл баш ийбей аткан эле, ушу себептен, Кара кан алиги кытайлардан аскери жардам сураган. Кытайлар тигинин өтүнүчүн аткаруу менен ал өлкөгө көчүп кирген да, ордодогу чыр

чатактан пайдаланып, Кара кан бийлигин ураткан - Елюй Даши өзүн Кара кан деп жарыялаган. Ошондон кийин ал мурдагы Кара канды өлтүрбөстөн, өзүнө нөкөр кылган.

"Ошол чепте (Баласагунда) Каңдыдан чыккан көп түрк боло турган,- деп жазат Абылгазы, - ал тигил жердин каны Илек - Нукрактын аймагын талап-тоноп турган. Андыктан, Илек-кан алиги кытайдан чыккан бекке (Тулуй Тайшиге - О.А.) элчи жиберип береги аймакты тигинин бийлигине берүүнү убада кылып, өзүнө чакырган. Ошондо тиги келип, өлкөнүн башчысы болуп калды да Илекти өзүнүн нөөкөрү кылды жана аны ушу күндөн тартып эч ким Илеккан деп атабоосун, мунун ордуна тигини Илек-Түркмен деп атоосун буюрду, а өзүнө Гуркан деген наам берди". (Родословное древо тюрков, Казань, 1914 43-44-б.). Мына береги маалыматтар башка кабарлар менен да далилденет. Анда да жанагы Баласагун эли кытайларга согушсуз багынганы кытай санжыраларына да чийилип калган. "Алар (бала сагундуктар - О.А.) өз мекени Цзоу-Гуа деген көчмөн урук экенин, азыр өзүлөрү турган шаар Гусы эли (Угуз ордо- О.А.) деп аталаарын айтат. Салт боюнча булар курал-жарагы жок, дыйканчылык менен кесип кылышат. Түшүмдүн ондон бирин мамлекетке өткөрөт. Карыялар өткөн заманда же качан гана кытайлар (кидандар) келгенде алар тигилерге эч каршылык кылалбагандыгын жана баш ийгендигин айтышат. Эгерде, кытайлар (кидандар) турган ордону ат менен таң ата айланса, түшкө чейин аны бир гана тегеренген" (Малявкин. А.Г. Материалы по истории уйгуров в IX-XII вв Новосибирск, 1974,77-б.).

Чындыгында, карылуу катагандары Ала-Тоого кытайлар (кидандар) келе электен 5-6 жыл мурда эле бул жердеги өз бийлигинен ажырап калган түрү бар. Абулгазынын жазганынан көрүнүп тургандай, 1127-жылы кытайлар Баласагунга жакындап келген кезде так ушул карылуулар өзүлөрүнүн бийликти тартып алган жанагы Илек Нукракка же Илек-Түркмөнгө каршы көтөрүлүп аткан. Демек, карылуу катагандары башында турган нукура түрктөрдөн Баласагундагы башкы бийликти аргындар (түркмөндөр тартып алган. Натыйжада, Ала-Тоо менен Турпан аралыгындагы катагандар биргелешип, Чүйдү ээлеп алган аргындарга каршы күрөшкөн. Ошо кезде чыгыштан сүрүлүп келген кытай (кидань) кошундарынын пайда болушу береги катагандардын чырагына май тамызган. Булар тигилерди эң жакшы тосуп алып, Элүү (Йолуй) Дашиге аскери жана тамак-аш жагынан жардам берген. Натыйжада, Баласагундагы аргын бийлиги урап, кытай (кидандардын) кара кандарынын заманы башталган. Ушул жерден дагы бир мисал келтирип кетийин. Манастын кытай

уруусунан экендигин: Кыргызда мындай деп айтылган сөз бекер болбосо керек: "Катаган - кытай бир ата" же "Катагандан кан Кошой" -деп. Муну чечмелегенде Кошой кыргыздын катаган уруусунан, ал эми Манас кыргыздын кытай уруусунан экендиги ушул жерден да көрүнүп турбайбы.

Жогорудагы маалыматтар өзү эле кыйкырып тургандай бийлик башына келген кытайлар (кидандар) Карылуу өлкөсүндөгү мамлекеттик түзүлүшкө эч өзгөртүү киргизген эмес. Мурдагы бийлер өзүлөрүнө тиешелүү урууларга баштагыдай эле жол башчы бойдон калышкан. Алар бар болгону шаар элинен бир динардан, а кыштак журтунан жалпы түшүмдүн ондон биринен салык алган. Муну ибнь аль-Асир да ырастайт. Өтө куу саясат жүргүзгөн кытай (кидань) кара каны Ала-Тоодогу мурдагы бийлик ээлери Карылуу катагандары менен да, кийинки аргын (түркмөн) башчылары менен да жалпы тил таап, аларды өз кызыкчылыгына пайдаланышкан. Бул алардын бирде аргындар менен, кээде кара кыргыздар менен бирге ар кандай согуштук жортуулдарга чыккан жеринен даана көрүнөт.

Түрктөрдүн үстүнөн бийлеген түрк-кытайлардын (кара кандары - О.А.) көнгөн адаттары боюнча боз үйлөрдө турган. Алардын ордолору Өзгөндө, Кашкарда, Баласагунда болгон" (ошондо,73-б.). Ал кытайлар (кидандар) Орто Азиядагы өз бийлигин орноткон соң деле мусулман динине өткөн эмес, башка кыргыз боордоштору сыяктуу эле Теңирчиликте (Көкө Теңирге, жаратылыштын касиеттерине жана бабаларыбыздын энелерибиздин арбактарына) сыйынышкан.

Манжулар ошо кытайды (киданды) "Хара Хитай" деп атаган экен. Ошондуктан мусулман жазмаларында булар "харахитай" деп жазылган. Мусулман жазмаларындагы "харахитайлар" тарыхый Оңдордун доорундагы сол канат кыргыздары. Алардын негизги тобу 93-жылы манжу колуна түшүп кетип, кайра кыргыз жерине келген кытай уруусунун жогору тамгасы. Булар өзүбүздүн журт! Түбү сол канат эли!

Бизде береги кытайлар келгиче Ала-Тоону мекендеген кытайлар болду беле? Болгон! Алар 93-жылкы азада манжулардын колуна түшпөй батышка чегинген кыргыздын кытай уруусунун төмөн тамгасы эле да, булар башка кыргыз сыяктуу Ала-Тоону мекендеген. Ушул кытайлардын "төрдөш" деген уругунун аты түрк заманында Ала-Тоону бийлеген эгелердин "тардуш" деген мамлекетин VII-VIII кылымдарда түзгөн. А эгер биз Кытай уруусунун түп аты Кытат (Кидань деген ханзу сөзү так ушул аттан келип чыгат) экен жана ал байыркы кыргыздардын сол канатына кирээрин, 93-жылга дейре ал Чоң Алтай менен Бай-Көл аралыгын

мекендегенин эске алсак, береги биз козгогон маселе дагы айкыныраак боло түшөт. Неге дегенде, сол канат жеринде "кытат деген жер аттарына удаа эле хакастардын орто кылымдарга тиешелүү эпосторунда кыргыз деген эл менен бирге кытат деген да элдин аты аталат" (Кыргыздар, I т.,143-б.). Ал эми алиги сол канат кыргыздарынын уруу-уруктарына көз салсак, алардын арасынан азыр бизде туруп аткан кытай уруусунун айрым уруктарынын аттарынын аттарына шайкеш аттарды кездештиребиз. Алтай элинде "жарык" (кытайларда чарык), шорлордо "кый" (кыйра), Миң-Өзөндөгү сакай менен койбалда "чода" (чоодан же чотон), качыда "кашка" (сары кашка), төбөй элинде "чооду" же "чотон", "төдөт" (төрдөш). Бул даректерден биз алиги кытат (кытай) уруусунун тээ өз боордоштору - сол канат (Куу уул) кыргыздары менен болгон генетикалык байланышын оңой эле байкайбыз. Ушул эле "төрдөш" уругу тээ Түрк заманында Кара-Тоодо (Наньшанда) өзүлөрүнө тектеш алтайлык кыргыз уруусу "дөөлөс" (телец) менен бирге көчүп-конуп жүргөн. 620-жылдары бул эки уруу Сирь мамлекетин түзүшкөн.

Жалпысынан алганда, Елюй Даши Түркстанга келген кезде Ала-Тоо аймагында кыйла кытай (кидандар) болгон. Муну В.В Бартольд чаташтырып: "Елюй Дашиден мурда чыгыштан качып келген кытайлар" - деп жазат. Бул албетте, калпыс. Кытай уруусунун уюткусу бизде мурда болгон, кантсе да алар кийин келген кытайлар (киданьдар) менен аралашып, ошол көпчүлүккө сиңип кеткен. Рашид-Ад-Дин Елюй Дашини акылман, ар нерсеге жөндөмдүү жана таланттуу адам болгондугун жазган жери бар. Гурхандын ордосу Хосун-хото (Кошуун шаары) деп аталган. Х.Кордиердин жазганына Караганда Елюй Даши 70000 аскер топтоп, азыркы кытайдагы (ханцзулардагы) бийлигин калыбына келтирүү үчүн ошо куралдуу күчүн чыгышка жөнөткөн экен, тилекке каршы, ал чөлдөн өтө албай, көптөгөн аттары менен төөлөрү өлүп, кайра кайтып келген түрү бар (Г.Е.Грумм-Гржимайло, II т.,395-б.) Кытай (кидань) кара кандары Ала-Тоодо өз бийлигин орноткон соң мурдагы бийлик ээлери Карылуулар - Катагандар (XI кылымда Европага ооп кеткенинен калганы) менен эчен ирет чатакташкан .Ошонун кесепетинен Ала-Тоодо калган Карылуулардын бир бөлүгү Кытай (кидан) кара кандарынын бийлигин таанып, аларга жоокер катары кызмат кылган.

Кээ бир тарыхый маалыматтарда тарыхчылар 751-ж. Таластагы (Тараз суусунун боюндагы деп да тарыхта айтылат) арабдар менен кытайлардын (кидандардын) согушун, азыркы кытай (ханцзуулар) менен болгон согуш деп туура эмес жазышат. Ал убакта ханцзууларды (азыркы

кытайларды) манжулар башкарып турушкан. Ханцзулар бул жакка кайдан келмек эле, алар өздөрү кулдукта болушса анысы аз келгенсип сепилинин артында көчмөндөрдөн корголоп, кулдук кейпинде отурушса. Бул согушта кыргыздын кытай уруусунан башка да, кыргыздын уруулары болгон. Булардын башында кытай уруусунун төмөн тамгасынын Төрдөш уруусу турган, ошол убактагы Төрдөш мамлекетин түзүүчүлөр. Бул согушта арабдар жеңишке жетишкен (Материалы по истории киргизов и киргизии. 60-б.).

Кытайлар (кидандар) бирде Илек-кандар менен биргелешип карлуктарга (Катагандарга - О.А.) каршы урушса, бирде карлуктар менен биргелешип, сельжук султаны Санжарга каршы согушкан. 1137-жыл май менен июнь айларында кара кытайлар (кидандар) менен илек-хандар Ходженттин алдына Самарканддын түндүк тарабындагы Катван (Катаган - О.А.) талаасында Махмуддун таянган тоосу султан Санжарды кыйраткан. (В.В. Бартольд). Бу жагдайында Ибн-аль-Асир буларды кабарлайт: "Хакан Махмуд ибн Мухаммед алиги түрк-кытайлардан катуу жеңилген соң (1137) Султан Санжардан жардам сурады. Динсиз түрктөрдөн корккон Санжар мусулман бектерине кайрылды, а тигилер аны колдоду. Бат эле 100000ден ашык жоокер чогулду. Ошондо ал түрк-карлуктарына кол салды, а түрк-карлуктар өзүлөрүнө окшогон динсиздер (Теңирчиликтегилерди мусулмандар ушундай дешкен) менен Гурханга (кидандарга) качып барды. Ошондо Санжар Самарканга токтогон эле, Гурхан ага кат жазып, түрк-карлуктарды кечирүүсүн өтүндү. Тилекке каршы, Санжар бул сунушту кабыл албады, тескерисинче, ага исламды кабыл ал же болбосо көргүлүктү көрөсүң деп кайра кат жөнөттү. Ал катында Гурханды өз аскеринин көп экендиги, алар баардык куралдар менен салгылаша ала тургандыгы жана булар "бир тал кылды жебе менен үзө аткан мыкты мергендер экендигин" айтып коркутту. А качан гана катты Гурханга окуп бергенде ал береги катты алып барган элчинин сакалынан бир талды жулууга буйрук берди да, элчинин колуна береги бир талды жана ийнени бергизип, элчиге ошол талды ийне менен саюуга буйрук берди, а элчи ал кылды ийне менен таптакыр сая албай койду. Ошондо Гурхан элчиге: "Сен колуңа берген бир тал кылды ийне менен сая албай койдуң, анан башка бирөө аны жебе менен кантип кыя атат эле?!" деп ачууланды. Эми Гурхан аскерин согушка даярдай баштады, анын аскеринде түрктөр (жергиликтүү кыргыз уруулары О.А.), синден (ханцзуудан) келген кыргыз уруулары (О.А.), кытайлар (кидандар) жана башкалар бар эле. Эки зор аскер Каван талаасында кезигишти. Гурхан

береги Санжардын аскерин курчап келип, Даргам деген капчыгайга тыкты. Кан суудай акты. Түрк-карлуктар (катагандар - О.А.) бул согушта эбегейсиз баатырдык көрсөттү…. Мусулмандар качууга аргасыз болду, эсепсиз адамдар кырылды, Даргем капчыгайында он миң өлүк менен жарадарлар калды. Султан Санжар катуу талкаланды…

Ислам тарыхында мынчалык ири согуш болгон эмес. Хорасанда да мынчалык көп киши өлбөгөн. Мавереннахрда кытайлар (кидань) менен динсиз түрктөрдүн (кыргыздардын - О.А.) бийлиги орноду. Гурхан 537// 20-январь -18-февраль же 1143-жылы кайтыш болду. Ал өтө сымбаттуу - сулуу, өзүн абдан жакшы алып жүргөн, кытай жибегинен башка кийим кийбеген сыпаа Адам эле… (ошондо, 66-67-б.). Кытай кара кандары (кидандар) Орто Азиядагы баардык түрктөрдүн (кара кыргыздардын) кызыкчылыгын коргогон. Ошондуктан алар хорезмдиктер менен мавереннахрлыктарды киши катары көргөн эмес. Балхаштан тартып Арал деңизине чейинки жерлердин баарын түрк бектери бийлеп турган. Ушу жылы кытай-түрктөрү менен Хорезм-шах аскери кайрадан беттешип, түрктөр жеңилген. Анын жүз жаштан ашкан аскер башчысы Тайанкух (Тайанкут Катаган - О.А.) туткун болгон, ошондо Хорезм-шах аны сыйлап Хорезмге жөнөткөн (ошондо, 74-б.). "Кара кандар (кидандар менен катагандар -О.А.) Самарканд менен Бухараны баш-аягы 200 жыл бою бийлеген" (ошондо, 52-74-б.).

О, ал доор кытай (кидандардын) кара кандарынын ташы өөдө карай кулап турган заман го! Араб халифине: "Билсең Кытаймын, билбесең Кудаймын!" деп айттырган мына ушулар эмеспи!

Көптөгөн эмгектеринин баары монгол чапкынынан кийин жаралды. Айрым авторлор Чыңгызкан жана анын тукумдарынын бийлигине өзгөчө ызаат менен карагандыктан, анын үстүнө, чоң жеңиштерге Азияда монголдор гана жетише алган деген ишенимде болгондуктан, көп учурларда тигил же бул уруунун (элдин) ийгиликтерин манжуларга телип, кээ бир кара кыргыз урууларын "монгол" урууларынан башка дегенге дейре барган. К.Ширатори менен Ж.Макварт "харахитайларды кидандардан келип чыккан эл деп айткан жери бар, бул туура эмес, тетирисинче монголдор кытайлардан (кидандардан) чыкканын биз өйдө жакта түшүндүрүп кеттик. Мында алар "Тан тарыхындагы", "Кидань үйү, Дунху Үйүнүн тармагы" деген кабарга таянгандыктары байкалат. А чындыгында, Кидан үйү, (Кытай ордосу) манжу тукумунан келип чыккан эмес, 93-жылкы чапкында манжу колуна түшүп кеткен 100000 түтүн байыркы кыргыздардан (Хундардан) келип чыккан кыргыздын кытай уруусунун жогору тамгасы бол-

гон! Алар ошо манжу тайпаларына тиешелүү эл катары туткун болуп барган башка кыргыз уруулары сыяктуу эле, байыркы кытай санжыраларына, адегенде, Сяньби эли катары түшкөн. Качан гана береги сянбилер манжулардан 147-жылы бөлүнүп чыгып, Таншихай өлкөсүнүн катарына кирип, а кийин ал ураган соң ушул сяньбилер (мурдагы туткун кыргыз уруулары) эки ири топко бөлүнгөн да, "ляодунь сяньбиси" (муюнь, сухи, дуань, мувань) жана "ляоси сяньби - си" (юйвен, кидань) атка конгон… Өз кезегинде, береги Кытай уруусу Моюттарга, андан соң Төбөйлөргө (Тоба Вэй), Улуу Түрк заманында Бурут ордосуна караган. Байтикенин (Абаоцзынын) тушунда алар Түндүк Кытайдагы императордук такты үчүн күрөшкөн да, Х кылымдын экинчи жарымында берегилер ал жерде өз бийликтерин орнотo алган! Ляо (Болот) өкмөтүнүн борбору азыркы Пекин калаасы болгон….

Кантсе да, мезгилдин өтүшү менен кытай (кидандардын) төрөлөрүнүн азыркы манжу бийлигине наразычылыгы күчөй берген. Ошентип, алар көтөрүлүш чыгарууга ыңгайлуу учурду гана күтүп калышкан. Ушу жылдарда Чыгышта Чыңгызкандын жылдызы жана баштаган. Анын кубаттуу аскери манжууларга кыйраткыч соккуларды урууга камы жетип, манжуларга кол салганда кийинки бийликке кызмат кылып келген бардык кытайлар Чыңгызканга өтүп кеткен. Биринчи болуп тигиге 1212-жылы манжунун түндүк чек арасында кызмат кылган миң башы, мурдагы Ляо дөөлөтүнүн өкүлү Елюй Люга (Тулуй Улук - О.А.) жана анын курбусу Еды (Жети - О.А.) өткөн. Ошентип, кытай (кидань) азаматтары маңкулдарга кошулуу менен мурдагы Ляо дөөлөтүн жок кылган манжулардын Цзинь бийлигинин таш талканын чыгарды!

Азыркы Ала-Тоодогу кытай уруусунун уруу санжырасына кулак кага турган болсок, булар ич ара "жогору тамга" (чоң жазуу) жана "төмөнкү тамга" (кичине жазуу) болуп экиге бөлүнөт. "Жогорку тамгага" кирген Төңтөгөрдөн он жети, Кыйрадан он бир, "Төмөнкү тамгага" кирчү Төрөдөн тогуз урук (аңыз боюнча отуз эки) тарайт. Ушу Кытай уруусу азыркы учурда аз болуп калышы - алардын көпчүлүгүнүн алиги монгол чапкынында Чыңгызкан аскерине кошулуп кеткендиги менен түшүндүрүлөт. Береги Чыңгызкандын аскерине кошулуп кеткен кидандардын калдыктары азыр башкырлардын курамында туруп жатат. Кезегинде, ошо батышка кеткен кытайлардын кидандардын "жогору тамгасынын, кыйра уругунан" чыккан азаматтар Чыңгызкан жана анын тукумдарынын атынан башкырлардын үстүнөн бийлик жүргүзгөн да, кийин ошол элде кала берген…

гон! Алар ошо манжу тайпаларына тиешелүү эл катары туткун болуп барган башка кыргыз уруулары сыяктуу эле, байыркы кытай санжыраларына, адегенде, Сяньби эли катары түшкөн. Качан гана береги сяньбилер манжулардан 147-жылы бөлүнүп чыгып, Таншихай өлкөсүнүн катарына кирип, а кийин ал ураган соң ушул сяньбилер (мурдагы туткун кыргыз уруулары) эки ири топко бөлүнгөн да, "ляодунь сяньбиси" (муюнь, сухи, дуань, мувань) жана "ляоси сяньби - си" (юйвен, кидань) атка конгон… Өз кезегинде, береги Кытай уруусу Моюттарга, андан соң Төбөйлөргө (Тоба Вэй), Улуу Түрк заманында Бурут ордосуна караган. Байтикенин (Абаоцзынын) тушунда алар Түндүк Кытайдагы императордук такты үчүн күрөшкөн да, X кылымдын экинчи жарымында берегилер ал жерде өз бийликтерин орното алган! Ляо (Болот) өкмөтүнүн борбору азыркы Пекин калаасы болгон….

Кантсе да, мезгилдин өтүшү менен кытай (кидандардын) төрөлөрүнүн азыркы манжу бийлигине наразычылыгы күчөй берген. Ошентип, алар көтөрүлүш чыгарууга ыңгайлуу учурду гана күтүп калышкан. Ушу жылдарда Чыгышта Чыңгызкандын жылдызы жана баштаган. Анын кубаттуу аскери манжууларга кыйраткыч соккуларды урууга камы жетип, манжуларга кол салганда кийинки бийликке кызмат кылып келген бардык кытайлар Чыңгызканга өтүп кеткен. Биринчи болуп тигиге 1212-жылы манжунун түндүк чек арасында кызмат кылган миң башы, мурдагы Ляо дөөлөтүнүн өкүлү Елюй Люга (Тулуй Улук - О.А.) жана анын курбусу Еды (Жети - О.А.) өткөн. Ошентип, кытай (кидань) азаматтары маңкулдарга кошулуу менен мурдагы Ляо дөөлөтүн жок кылган манжулардын Цзинь бийлигинин таш талканын чыгарды!

Азыркы Ала-Тоодогу кытай уруусунун уруу санжырасына кулак кага турган болсок, булар ич ара "жогору тамга" (чоң жазуу) жана "төмөнкү тамга" (кичине жазуу) болуп экиге бөлүнөт. "Жогорку тамгага" кирген Төңтөгөрдөн он жети, Кыйрадан он бир, "Төмөнкү тамгага" кирчү Төрөдөн тогуз урук (аңыз боюнча отуз эки) тарайт. Ушу Кытай уруусу азыркы учурда аз болуп калышы - алардын көпчүлүгүнүн алиги монгол чапкынында Чыңгызкан аскерине кошулуп кеткендиги менен түшүндүрүлөт. Береги Чыңгызкандын аскерине кошулуп кеткен кидандардын калдыктары азыр башкырлардын курамында туруп жатат. Кезегинде, ошо батышка кеткен кытайлардын кидандардын "жогору тамгасынын, кыйра уругунан" чыккан азаматтар Чыңгызкан жана анын тукумдарынын атынан башкырлардын үстүнөн бийлик жүргүзгөн да, кийин ошол элде кала берген…

Чыңгызкан тууралуу орус аскеринин капитаны, окумуштуусу И.Г. Андреев өзүнүн "Описание Средней орды киргиз-кайсаков" деген китебинин 32-бетинде минтип жазат: "В старинной татарской истории нашел я, что Чингис хан прогнан был по ненавести своих братьев Будунчара, Каин - чара и Салчута, который взяв с собою трех человек, ушел в Черную гору к казаками, (2 Казаки Черной горы сурть нынешные, дикие киргизы, которые названы у.г.действ.ст.советника Миллера "брутами" (кара кыргыз), потому что оные дикие киргизы и поднес имены сего "Брут" не оставляют) наказав своей матери, ежели будуть их искать, чтоб его там искали; по принятии же его казаками или, лучше киргизцами, сделали они его ханом". Гундардан Тунгус элдери (даурлар же кидандар), кидандардан илгерки (мурунку) монголдордун чыккандыгын өйдө жакта тарыхый маалыматтардын негизинде далилденди. Мына эми өйдөкү тарыхый маалыматтардын негизинде Чыңгызкандын кыргыздын кытай уруусунун, жогору тамгасынын, кыйра (тарыхта кыят деп берилет) ургунан экендиги далилденип жатат. Чыңгызкандын өз аты Темир (Темучин, Темирчи). Ал бүтүн кыргыздарды багындыргандан кийин, бакшынын (шамандын) айтуусунда, Көкө Теңирдин буйругу менен, сен эми "Чын кыргызга кан" болдуң деп айтканынан "Чыңгыз кан" деген атка конгон. Чыңгызкандын чоң энеси жана өзүнүн апасы кыргыздын (илгерки монголдордун) уруусу "Коңурат" болгон. Ошол убактагы кыргыздын уруулары: коңурат, кереит-кертеней, найман, татар, меркит, бурут, мүркүт, кыят-кыйра. Илгерки монголдордон чыккан кыргыздын уруулары: нойгут (оңгут), баргы, катаган, баарын. Кыргыздын кытай, кушчу, солто, казактагы дуулат уруулары теги боюнча бир ураны "Каратал". Солто деген уруунун аталышы эле, сол канатка кирерин айтып турбайбы.

Элибизде: "Чыккан жерден чыгат" - деген накыл бар. Кытайлар (кидандар) Ала-Тоодогу кара кандык бийлигинен ажыраган соң эле көмүскөдө калбады, алардын сарттардын үстүнөн бийлеп жүрүп сарттašып кеткен бир тармагы кийин айтылуу Кокон хандыгынын дөөлөтүн түздү! Биз Чыңгызкан, Жаадай, Темир дөөлөттөрүнүн тушундагы ар кандай жазмалардан "миң кытай" деген уруу атын кездештире келебиз да, Абулкайыр заманынан тартып тигинин ордуна "миң" деген гана уруу атын окуп калабыз. Демек, "кытайы" кала берип "миңи" калган! Айтканга ылайыкташып кыскарган! Бул уруунун чоо-жайын эч ким изилдебегендиктен, "миң" башкалар тарабынан жаңы уруу катары кабыл алына берген, а чындыгында ал "миң кытай" деген гана уруудан келип чыккан.

Мына окурман, кыргыз элинин кытай уруусунун таржымалы ушундай. О.Айтымбетов агабыздын жана башка тарыхый изилдөөчүлөрдүн (Абрамзон, Аристов, Андреев, Бичурин ж.б.) маалыматтарына таянуу менен бул чындыкты сиздерге, болочок муундарга жеткирүүгө аракет жасадым. Мага жакында Баткен облусунун тургундары Акматали Ормонов, Каримов Жоошбайлардын "Чапкылдык (чапкынчылардын) Маргун санжырасын 2010-ж. май айларында өткөн Найман уруусунун курултайына келген, кытай уруусунун урпактарынан алдым. Бул туугандар өздөрүн чапкылдыкбыз (чапкынчы), кытай уруусуна кандайча кошуларын жакшы билишпейт экен. Мен аларга кытай уруусунун санжырасын бергенден кийин, алар абдан ыраазычылыктарын билдиришти. Башка чапкылдык туугандарга түшүнүктүү болуш үчүн жазып кетейин: Кытай атадан эки бала 1) Байтике (Ляо императору - жогору тамга), 2) Буудай (убагында перстер, крестоностор менен согушкан - төмөн тамга). Байтикеден Төңтөгөр, Кыйра; Төңтөгөрдөн Ажы; Ажыдан Арык; Арыктан Чапкынчы - чапкылдык (төрт кара).

Кийинки кытай уруусунан чыккан чыгаан инсандарыбызды да бул жерде айтпай кетпесем болбойт го дейм, келечек үчүн керек (чапкынчылардан да чыккан инсандарды кошуп кетейин). Булар: 1710-ж. Кокон хандыгын негиздеген Шоорук кан жана анын урпактары:

1. Абдракман бий - Шоорук кандын баласы (1721-1739,
2. Абдыкерим - Шоорук кандын баласы (1739-1751),
3. Назымбек бий - Абдыкеримдин баласы (1751-1752),
4. Эрдене бий - Абдыкеримдин баласы (1752-1769),
5. Сулайман бий - Абдыкеримдин баласы (1769-1770),
6. Нарбото бий - Абдыкеримдин небереси (1770-1798),
7. Аалы Мукамбек кан - Нарбото бийдин баласы (1798-1809),
8. Сейит Мукамбет Өмүркан - Нарбото бийдин баласы (1809-1822),
9. Сейит Мукамбет Али кан - Сейит Мукамбет Өмүркандын баласы (1822-1842),
10. Сейит Мукамбет Шераали кан - Ажы бийдин баласы (1842-1845),
11. Сарымсак кан - Сейит Мукамбет Шераали кандын баласы (1845),
12. Мурат кан - Аалы Мукамбеттин баласы (1845),
13. Сейит Мукамбет Кудаяр кан - Сейит Мукамбет Шераали кандын баласы.

1908-жылкы кабарда Күркүрөө болушунда 1243-түтүн - (7137жан), Чаткал болушунда 220 түтүн, Батыш Сокулук болушунда 49 түтүн, Сарыба-

гыш болушунда 64 түтүн кытай уруусу жашаган. 1950-жылдарда Кара-Буура районунун Кайнар, Аманбаев, Кара-Сай, Көк-Сай, Маймак (Крупская атындагы) Жийде, Чимкент, Бакайыр, Буденный айылдарында.

Нарын облусунун Учкун айылында, Жалал-Абад облусунун Рахманжан, Сары-Камыш айылында. Токтогул районунун Жаңы-Жол, Терек-Суу, Кара-Суу айылдарында. Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районунда Кытай айылында, Желе-Дөбө айылында.

Түп районунда Сары-Булак (Балбай), Шаты, Сары-Тологой айылдарында. Тоң районунда Төрт-Күл айылында Кытай уруулары азыркы күнгө чейин тукумдары уланып, урпактары көбөйүп келе жатат.


Ал эми жаңы түзүлө баштаган этноско сырттан келгендердин өкүлдөрү кандашуу, союздашуу, бала багып асырап алуу, кыз алуу, кыз берүү жолу менен Кытай уруулары келип чыгат.

Биздин Кытай айылында жашаган Кытай уруусу түпкү теги Токтош атадан таралат. Токтоштон 4 уул төрөлөт: Каратай, Токо, Абышка, Жээнбек. Булардан кайра ич ара 10 ата урууга бөлүнүп кетет.


1. Кебекчи - 43 түтүн
2. Кочкорбай - 20 түтүн
3. Эшкара - 17 түтүн
4. Илип - 11 түтүн
5. Табылды - 18 түтүн
6. Жээнбек - 12 түтүн
7. Мамек - 12 түтүн
8. Жаңы Кытай - 24 түтүн
9. Каратай - 21 түтүн
10. Мамай - 7 түтүн

Каракол шаарында - 35 түтүн
Чоң Кызыл-Сууда - 5 түтүн
Бишкек шаарында - 11 түтүн
Ар кайсы айылдарда да бар.

**Теңирчиликтин белгиси**




## Кыргыздын сол канатынын кытай уруусунун санжырасы



Ыргыздын он канатындагы кана ичкиликтеги түзүмдө, очка менен белгиленген уруулар, булар Гунн (Күн) же олбосо Куу уулдун балдарына кирет. Булар солто, ерик, монолдор, суу мурун, баарын, конурат, жору, мунгуш, найман, нойгут

## Кыргыздын урук уруу структурасы



**Урматтуу Дыйканбаев Турдубек**

Сизди 2005-жылдын 4-июнундагы Бишкек шаарындагы өтө турган "Тууган кеңешке" чакырабыз.

Маараке саат 1500. Иерусалим ресторанында өтөт.

**Уюштуруу комитети.**

Күтүлбөгөн мындай чакырууга айылдан беш киши жөнөп калдык. Алар мен, Сабыров Бердиш, Шаршеев Сатинди, Ормуков Асангазы, Эстебесов Курманбек эле.

Бул курултайга республикабыздын бүт булуң-бурчунан келген Кытай уруусунун өкүлдөрү катышты.

Кытай уруусунун өкүлдөрү болуп келишкен улуу муундагы адамдардан Чыңгыз Айтматов, Насыр Давлесов, генерал-майор Акматов, Анарбек Усупбаев, Сагынбаев, полковник Чотбаев, Кайыргүл Сартбаева, Токтоналы Сейталиев, Омор Нарбеков сөз сүйлөшүп, элди ынтымактуу болууга үндөштү.

Айылдаш туугандарыбыз Сыдыкбаев Макен, Ашымалиев Үсөнгазы, Ашымалиев Асангазы, Исраилов Асанбай, Кулбараков Таалайбек да бул курултайды уюштурган адамдарга терең ыраазычылыгын билдиришти.

Мына ушул жерден "Манас Ордо" коомдук фондусунун президенти Кытай уруусунан Анарбек Усупбаевдин газетага "Ата-бабаларыбыздын рухун көтөрбөсөк, кай жагыбыз кыргыз?" - деген интервьюсу эле бизди терең ойлонууга түрткү берет. Анда мындай деп айтылат:

Мен кыргыз элиме кайрылам, өз жолубузду, өз тегибизди унутпасак.

Кыргыз экенибизди көкүрөктөн чийип таштабасак.

Биздин улуттук идеология каякта жатат? Мына бул көкүрөктө.

Бир адам бул дүйнөнүн рахатын, жашоодогу милдетин жеп-ичиштен көрөт. А бири "бир келген соң из калтырсам экен" деп умтулат.

Жакшы иштер ушул адамдардын колунан жасалат.

Кыргыз байыркы баатыр эл. Муну билген да, билбеген да бар. Биз ошол элибиздин тарыхын бурмалабай, болгонун болгондой кылып өсүп келаткан муунга үйрөтүшүбүз эп. Бала бакчадан баштап өзүбүздүн үрп-адат, санжырабызды окутушубуз зарыл. Биринчи учурдагы мамлекет милдети ушул болушу керек.

Бала төрөлгөндөн баштап "сен кыргызсың" деген мээге куюп туруу керек. Бала кыргыздын эр жүрөк баатырлары жөнүндө билсе, тарыхта-

гы улуу эл болгонубузду окуса чыныгы патриот болуп жетилет. Ушинтип гана өз рухубузду көтөрө алабыз.

Ошондой руху бийик, патриот муун ар кандай чыккынчылыкка каршы болуп, коррупцияга аралашпай, таза жүргөнгө умтулушат. Мамлекет ошондо күчтүү мамлекет болот.

Анан да бизде түндүк-түштүк түшүнүгүн саясатка айлантып алгандар бар, андай ажырым эл ичинде эзели болгон эмес. Себеби бир уруунун өкүлдөрү түндүктө да, түштүктө да бар. Биз кытай уруусунун курултайын өткөздүк, кыргыз эли дайыма ынтымакта, дайыма жүрөгү бири-бирине боорукерликте согуп турушу керек.

**Кафе "Иерусалим"**

## ТОЙДОН КИЙИНКИ ЖОЛУГУШУУ

2007-жылдын 10-ноябрында Караколдун бир жакшы кафесинде Чыңгыз Айтматовдун Ширин кызынын үйлөнүү үлпөтү болот. Мына ушул тойдон кийин Чыңгыз атабыз Кытай айылына келип, улуу муундагы ата-энелер менен кезигишип сүйлөшмөкчү болот, себеби атасы Төрөкул биздин айылдын жерин элибизге негиздеп бергенине мурдатан эле кабардар экен. Айылдыктар чоң кубаныч менен тосуп алууга Төлөн Дыйканбаевдин үйүн даярдап, тамак-аш жагын камсыз кылып күтүп жатышты. Бул үйгө Чыңгыз атабыздын уулу Аскар, жубайы, уулу Санжар, академик Оморбай Нарбеков, досу Дөөлөт, ж.б. туугандары даам ооз тийип, ыраазычылыктарын билдирип кетишти. Тилекке каршы Чыңгыз атабыз бул мейманда болбой калды, себеби Чолпон-Ата шаарындагы Аврора курортунда Франциядан келген делегация келип күтүп жатканы кабарланган эле.

Биздин айылдык туугандар Жыргалаң курортунун жанынан Чыңгыз атабыз менен маек курушуп, анын биздин айылдын аты Кытай экендигине кубанып, өз туугандарым көлдө да бар турбайбы, демек, мен 80 жылдык тоюмду ушул айылдан баштайын деген чын ниетинен чыккан оюн билдирген. Бирок, таш боор ажал 6 айдан кийин, тилегине жеткирбей алып кетип отурбайбы.

Чыңгыз атадай бир тууган боорубуз бар экендигине дайыма сыймыктанабыз.



Оморбай Нарбеков. КРнын Саламаттык сактоо министринин орун басары.

Анарбек Усупбаев сыяктуу эле Талас элинин белдүү кулуну, биздин бир боорубуз Оморбай Нарбеков агабыздын медицина тармагына сиңирген эмгегин айтпай коюуга болбойт. Улукман акеге теңдеш бул агабыз - белгилүү клиницист, элдик медицинадагы экспериментатор. КРнын илимине эмгек сиңирген ишмер. КМШ мамлекеттеринин Эл аралык фитоборборунун президенти. Анын жетекчилиги менен эл аралык коомчулук тааныган 80ге жакын жогорку эффективдүү дары-дармек түрлөрүнүн технологиясы иштелип чыгып жана табылган. Оморбай Нарбеков Апрель революциясынан кийин Убактылуу өкмөттүн тескемеси менен КР саламаттык сактоо министринин орун басары болуп бекиген. Өлкөбүздөгү саламаттык сактоо тармагындагы медициналык илимди алга жылдыруу бул кишинин колунан келерине ишеним артылды. Ал ошондой эле Эл аралык адаттык академия жана эксперименталдык медицинанын чегинде ар бир областта илимий структуралык бөлүктөрдү: Бишкек шаарында - фармакогнозия, Жалал -Абадда - биотехнология, Нарында - тоолуу медицина, Караколдо инновациялык медицина, Ошто - паразитардык оорулар, Кантта - өнөкөткө айланган ооруларды профилактикалоо, Таласта - табият сактоочу жана антропогенездик институттарды түзүү керектигин сунуштады. Кыргыздын жери, тоосу, абасы, ажайып жаратылышы эң бай дары чөптөрдүн мекени экенин баары эле биле беришпейт. Оморбай агабыз кичине кезинен эле медицина тармагына дилгирленген, себеби анын ата-энесинен баштап таеке-жээндерине чейин адамдарга шыпаалык касиеттери күчтүү инсандар болгон экен. Көп жылдык тажрыйбанын негизинде Оморбай агабыз табигый жол менен жасалган, адамдардын иммунитетин көтөрүп, ооруга туруштук бере алчу жана да клеткаларды жашартуучу эң мыкты дарыларды ойлоп тапкан. Адамдардын ден соолугу үчүн ал башкалардан айырмаланган "Тянь-Шань мүрөгү" дарысы аркылуу эң жабыр тарттыруучу оорулардан сакайтуучу дартка даба ойлоп тапкан. Азыркы учурда Оморбай агабыз Казакстан менен иштешип, көптөгөн кадимки чөптүн түрлөрүнөн жасалган түркүн дарылары өз натыйжасын берүүдө.

## Айылдын тарыхы



1. Кыргыздар - эң байыркы элдерден. Ал жөнүндө алгач б.з.ч. III кылымдын аягында тарыхый жыйнактарда айтылган.

Байыркы элдердин азыркы учурдагы Ата Мекенине чейинки басып өткөн жолу абдан узак болгон.

XV кылымдын аягы, XVI кылымдын башында гана Ала-Тоо аймагында кыргыздар басымдуулук кылышып, тегерегине жергиликтүү көчмөн урууларды бириктирип, алар менен бирге азыркы кыргыз элин түзүшкөн.

Кыргыздардын материалдык маданияты көчмөн турмуштук шарттарда өнүккөн. XX кылымдын I-чейрегинде айрыкча Совет бийлигинин орноосу менен отурукташуу кыштактардын пайда болушуна түрткү берген. Кыргыз айылдарынын жайланышында уруу-уруучулук турмуш жашоодо канга сиңип калгандыктан, жер-суу реформасынын таасиринде ар бир уруу өз-өзүнчө уруу тобу менен жер алышып жан сактоого өтө башташкан.

Жети-Өгүз районунда этнонимдик топонимдерге байланышкан элдердин, уруулардын жана уруктардын наамдары менен аталып калган айыл аттары кездешет. Аларга Саруу, Мундуз, Кытай айылдарын күбө кылсак болот.

Алгач Совет бийлиги орногондон кийин 1921-22-жылдарда жер-суу реформасы жүргүзүлүп, өз алдынча отурукташуу менен айдоо жерлерге, жайыттарга ээ боло башташкан. Кыргыз Автономиялуу областы 1924-жылы 14-октябрда түзүлүү менен (Россия Федерациясынын курамына кирген) патриархалдык - уруулук бытырандылыктан кыргыз элинин бир улуттук мамлекетке биригиши элдин территориялык, экономикалык, маданий байланышын чыңдоого ыңгайлуу шарт түзүлгөн. 1925-жылдарда болуштук башкарууда Совет бийлигинин кадыр-баркын жергиликтүү калктын арасында көтөрүүгө шарт түзүлгөн да, ВКП(б)нын Каракол парткомунун жооптуу секретары болуп иштеп турган белгилүү жазуучубуз

Чыңгыз Айтматовдун атасы Төрөкул Айтматов биздин ата-бабаларыбызга отурукташып жашоого ушул Кытай айылынын жерин негиздеп берген деген сөз азыркыга чейин айыл аксакалдарыбыздын оозунан түшпөй айтылып келатат.

Ошондон кийин Сай-Арык суусунун жээгине 20дай үй-бүлө отурукташып жайлана башташкан. Алгачкылардан болуп Кочкорбаев Дыйканбай, Телгозиев Молдожий, Абдылдакун, Мамбет, Дүйшөбек, Кененбай, Кендирбай, Жангабыл, Маша, Тыныбек, Исраил, Искак, Каратай Шопок, Абдрахмат, Кыдыр, Дүйшө, Мамбеткул, Асылбек, Асаналы, Султаналы, Курманияз, Барманбет, Абдразак, Эстебес, Керимбай, Кадыр, Калыбек, Байымбет, Иса, Текебай, Байсерке, Сыдык, Мусабай, Жансерке, Кулбарак, Шыйкымбай жана башка адамдар айылды негиздешкен.

Совет өкмөтүнүн агрардык реформасына байланыштуу айыл чарбаларын артель, колхоздоштурууну уюштурууну башташкан. Кытай айылынын эмгекчилери эң алгач Орозбеков атындагы колхозго биригүүгө өтүшкөн. 1928-жылы айыл жашоочулары алгачкы уюшулган колхоздун төрагалыгына Шыйкымбаев Садипти төрага кылып шайлап алышкан. 1930-33-жылдары колхозду Калыбеков Муканбет башкарган. 1934 -жылдары Токочев Имангазы, Чыныбеков Кененбай деген адамдар башкарып турушкан. 1939-жылдан 1954-жылга чейин үзгүлтүксүз Текебаев Сабыр башкарып келген. 1937-жылдары Орозбеков атындагы колхоз Каганович атында болуп өзгөргөн да, 1954-1957-жылдары колхоздун башкармасы болуп Абдрахматов Саякбай иштеген.

1958-жылы Кызыл-Туу колхозуна Жон-Булак, Кызыл-Дыйкан айылдары ирилештирилип Кытай колхозу болгон да, чарбанын председателдигине Кадыров Эсен шайланып, 1960-жылга чейин башкарган. 1960-1962-жылдары Кызыл-Туу колхозун Көчөрбаев Акмат, 1962-64-жылдары Чекиров Жумабек башкарган.

1964-жылы Дыйшин, Конкино айылдары бириккен да Кызыл-Туу колхозуна Дружба колхозу кошулуп кайрадан Дружба колхозу болуп түзүлүп, анда 14 улуттун өкүлдөрү ынтымактуу түрдө 1995-жылга чейин бир арыктан суу, бир талаадан дан алып эмгектенип келишкен.

Ошол мезгилдерде чарбаны Көкөжанов Хамра 1964-ж. (Ак-Суу району Челпек айылы) Конкин Николай Григорьевич (Конкин айылы) Чыңгышбаев Мукаш (Жети-Огүз айылы) Иманов Дөкөш (Ак-Дөбө айылы) Искаков Табылды ( Саруу айылы) Рыскелдиев Шарше (Ак-Суу району Пионер айылы ). Абдыкадыров Автандил 1987-1994 жж. (Ысык-Көл району) башкарып турушкан.

Ал убакта айылыбызда колхозго жан дили менен иштеп кызмат кылган адамдарыбызга токтоло кетейин. Колхозго бригадир болуп көп жылы Абдрахматов Саякбай, учётчик Кадыров Сартпай, склад башчы Ормуков Асанкан, жылкы ферма болуп Бепеева Чачыкей, Көчөрбаев Молдобай (кийинчерээк почтальон) иштеген. Чабандар: Мамбетов Муса, Шадыканов Чөдүл, Иманакунов Алымбек, Чыныбеков Кендирбай, Урманбетов Шаршалы, Мамбетов Казый, Барктабасов Дайыр. Уйчулар: Абдылдакунов Үмөт, Орузбаев Бекбосун, Текебаев Искак, Текебаев Ибраим. Жылкычылар: Асылбеков Токтосун, Иманакунов Шеримбек, Исакунов Үсөн. Саанчылар: Исакунова Ракыйма, Чолпонбаева Карабүкөн, Машаева Батый, Абдылдакунова Алтынай, Эстебесова Токтокан. Механизаторлор: Жакшылыков Темир, Байымбетов Салык, Мамбетов Мукаш, Молдожиев Султан, Искаков Касым, Исаев Асанбай. Шофёрлор: Дыйканбаев Шерип, Курманалиев Ишен, Чөдүлов Усупбек, Молдокматов Садырбай, Чолпонбаев Турсун.

Сугат тармагында: Абдраев Аскербай, Мусабаев Казак, Искаков Сапар, Урум, Молдожиев Мукаш, Байсеркеев Усупбек, Дүйшөбеков Молдокмат, Темиров Зарылык. Суу техниги болуп Баратакунов Жөкөш, Молдожиев Ишенбай. Көп жылы комплексный бригадир, сүт боюнча учётчик, зоотехник, башкарманын орун басарына чейин жетип чарбанын 12 башкармасы менен үзөңгүлөш иштеген Машаев Аскербай. Экспедитор-кассир болуп Сабыров Бердигул үзүрлүү эмгектенген. Мектептин чарбачылык иштеринде Керимбаев Кудайберген, Кулбаракова Батина, Тыныбекова Сапый, Иминжанова Бүбайша, Чөдүлова Үмүт, Мамытова Нарынкүл, Искакова Атыркүл, Байшүкүрова Рыскүл, Мамбеткулова Закен, Айбашев Талант, Мамбеткулов Уланбек, Шыйкынбаев Тойчу .

### Бүгүнкү мээнетиң - эртеңки дөөлөтүң

Азыркы эгемендүүлүк колго тийген мезгилде айылымдын эли жалпысынан мал кармап жер иштетүү менен жан сактап келишет. Малды жакшы бакканың - ырыскы тапканың дегендей, жаз келери менен элдин малын жайлоого чыгарып, күзүндө аман-эсен колдоруна кайрып берип, элдин ыраазычылыгына ээ болуп келаткан Кулбараков Камчыбек уулдары Максат, Саламат, Урмат. Кыдыров Курманбай уулу - Сталбек. Ниязов Бактияр, Тойматов Мирлан, Кыдыров Асанкул. Тракторду мыкты билген Мусабаев Жокен, Мамбеткулов Казыбай, Дүйше-

ев Өмүрбай, Исаев Токтобек. Журналист - кабарчы болуп Ашымалиев Асангазы, Искаков Жакшылык. Ветеринардык врач Шерипов Турганбек, ветеринардык фельдшер Ибраимов Кадыркулду атасак болот. Почта кызматында Эстебесов Курманбек, Жаналиева Динара. Шофёрдук кесипти Мамбетов Азатбек, Көчөрбаев Медербек, Кадыров Кубан, Шерипов Кубанычбек, Чыныбеков Зарылбек, Темиров Зарылбек. Шерипов Самыйбек. Бухгалтердик кесипте эмгектенген Дыйканбаев Токтомуш, Чыныбеков Бекташ, Бегалиева Кенже, Эрмеева Роза Беспаева Күмүш. Экономисттер: Ормуков Асангазы, Көчөрбаев Мелис, Көчөрбаева Мира, Султанова Чынара. Бухгалтер: Шерипова Роза, Темирбекова Айгүл, Айыл башчылары болуп Турдукеев Замир, Сабыров Бердиш, Чыныбеков Ниязбек, Текебаев Бейшенбай, Кулбараков Камчыбек, Искаков Иманкулдар иштешти. Токарь кесибинде Усупбеков Бектур, Жаналиев Тойчу, музыкант Текебаев Төлөнбай, композитор Султаналиев Алымкул, сүрөтчүлүк кесипте Мамбетов Таштан жана Аскар. Жыгач устачылыктын узу Урманбетов Өзгөрүш - уулу Алмаз.

Жеке ишкерлерге Мамбеткулов Асмат уулу Сейитбек, Сабыров Бердиш, Машаев Темирбек, Кадыров Акылбек, Көчөрбаев Сатарбек, Чыныбеков Ниязбек, Ормуков Эсенгелди, Керимбаев Жаныбек, Дыйканбаев Аскат, Шерипов Турганбек, Текебаев Эркинбек, Текебаев Бейшенбай, Токтомушев Маяк, Акымбеков Болот, Сыдыков Үсөнгазы, Абдылдакунов Аскар, Дүйшөбеков Алмаз, Машаев Илияз, Чыныбеков Сыртпай, Курманалиев Назарбек, Эрлан, Ниязов Кенжебай, Казиев Макай, Молдожиев Мээримбек, Үсөнов Жыргал, Мурадылов Догдурбай, Телгозиев Токтобек, Барктабасов Канат, Кыдыров Догдурбай, Кадыров Алтынбек, Мусабаев Алмаз, Исаев Алтынбек. Уйдун бадачысы: Асылбеков Садырбек, Ниязов Орозок. Ар бир адамга бөлүнгөн кереметтүү жер жыл сайын өз түшүмүнүн берекесин берип келет.

Ойлоп көрсөм жер - китеп, ырдап бүткүс дастан, чертип бүткүс күү, жеп бүткүс азык. Жерди айдап ага дан себүү, ал оюңдагыдай болуп өнүп, мол түшүмүн төгүп турса кандай рахат! Айлыбызда жер айдап эмгектенген айылдаштарым ушул жер менен жан багып, жаз- күз дебей өз тиричилик жашоолорун бакубат турмушта өткөрүп келишет. Адам менен жер дайым ажырагыс, кыйышпас. Дүйнөдө адам баарынан, аялдан, баладан, достон, туугандан ажырайт, бирок деле жерден ажырабайт, өлгөндө дагы. Себеби, бул чындык.

## Кытай айылынын мектебинин тарыхы

Азыркы Сай-Арык суусунун күн батыш жагына эл отурукташып, алгачкы кыштак негизделгенден кийин 1925-жылдын октярь айында Телгозиев Молдожийдин үйүндө алгачкы мектеп ачылып, биринчи Мамбеталиев Сейит деген мугалим билим берген, ал киши Каракол шаарынан келип балдарды окуткан. Ошол убакта 12-16 жаштагы балдар мектепке тартылып окушкан. Алар: Көчөрбаев Акмат, Изибаев Абубакир, Мамбеткулов Турдуке аталар эле.

1926-27-окуу жылында азыркы биз жашап жаткан чоң атабыз Шыйкымбаев Чолпонбайдын үйүндө окуу жүргүзүлгөн.

1927-28-окуу жылында азыркы Дыйканбаев Азамат жашаган үйдүн ордунда 3 комнаталуу жыгычтан салынган үйдө балдар билим алышкан. Ал үйдү Кочкорбаев Дыйканбай менин чоң атам салдырган экен.

Ошол жылдары билимге умтулган адамдар демилге көтөрүшүп мектеп салууга комиссия түзүшүп чоң аракеттерди жасашкан. Алар мугалим Сейит Мамбеталиев, айылдын алдыңкы адамдары Татыбеков Абдылдакун, Садабай Чыныбеков, Садип Шыйкынбаев жана башкалар эле. Бул адамдар өздөрү элдин күчү менен биргеликте кирпич куюшуп, таш ташып, жетишпеген материалдарын Каракол кантонунан жардам сурашып (алар акчалай жардам беришкен) Эркинбаев Дүйшө, Орузбаев Султаштардын кийлигишүүсү менен 1927-28-жылдары 5 бөлмөлүү мектепти бүтүрүшүп, пайдаланууга беришкен.

Мектеп бүткөндөн кийин окуучулардын жалпы саны 60-жетип,1928-29 -окуу жылында 4 жылдыкты 19 окуучу бүтүп чыгышкан. Ошол кезде жаңы уюшулган артелге кадрлар жетишсиз болгон.

1930-жылдарда партиянын жол башчылыгында комсомол уюмунун колдоосу астында мугалимдикке жана советтик партиялык кызматтарга Телгозиев Абдырай, Байсеркеев Усубалы, Мамбеткулов Турдуке, Кочорбаев Акмат ж.б иштей башташкан. Бул мектепке кошуна айылдардан Кызыл-Дыйкан, Жон-Булактан да балдар келип окуп турушкан.

1936-37-окуу жылында жети жылдык билим берүү ишке ашырылып, Жон-Булактан Асангазиев Мурадыл, Чокморов Турсун, Токтобаев Үсөкө, Тыныбеков Калый. Кызыл-Дыйкандан Мамбетов Асан, Толомушев Үсөналылар 1938-39-окуу жылында 7-классты бүтүрүп, бардыгы мугалимдик кесипти аркалашкандыгы бизге белгилүү. Мектепти уюш-

туруп чыңдоодо чыныгы элдин уулу аталган Татыбеков Абдылдакун 1934-жылдары эл душманы деген жалаа менен түрмөгө түшүп, атылып кеткен.

1939-40-окуу жылдарында Аракеев Шарше, Кулбараков Бектемир, Чолпонбаева Токтокан, Исраилова Шарипалар 7-классты бүтүрүшкөн.

Өзгөчө мектеп үчүн эмгек сиңирген мугалимдерден Баялиев Тобушту атоого болот. Булар менен Чыныбеков Быйтыман Улуу Ата Мекендик согушка кетип дайынсыз согуштан кайткан эмес.

Согуш башталар алдында 1940-1941-окуу жылында мектеп директору болуп мектептин мурунку бүтүрүүчүсү Шарше Чүлдүев иштеген.

Жогорудагы адамдарды тарбиялап, билим берген мугалимдер Чыныбеков Быйтыман, Мамбеткулов Турдуке, Баялиев Тобуш аталардын эмгеги зор.

Согуш учурунда жана эл чарбасын калыбына келтирүү мезгилинде мектепке кадрлардын жетишсиздигинен 4 жылдык гана мектеп болуп, 1966-жылга чейин окутулуп келген. Ушул мезгилдерде Иманалиев Муканбет мектеп жетекчиси болуп иштеген. Ал эми 1966-67-окуу жылында мектеп 8 жылдыкка айланып, мектеп директору болуп Иманалиев Алымсейит 1969-жылга чейин эмгектенген.

1969-70-окуу жылынан Дыйканбаев Төлөн мектеп директору болуп эмгектенүү менен азыркы мектепти 1970-71-окуу жылында салып, 1 сменде окууга мүмкүнчүлүк алган. Дыйканбаев Төлөн 1994-жылга чейин 25 жыл үзүрлүү эмгектенген. Мектеп эң керектүү техникалык, тарыхый, химия-биологиялык, гуманитардык предметтер үчүн көрсөтмө куралдар менен жабдылган.

Мектептин окуу-тарбия бөлүмүнүн башчысы болуп Жон-Булактык Арыков Кадыш агай көп жылдар бою үзүрлүү эмгектенди.

Математика сабагын Кызылжарова Батиза, Физика - пионервожатый ишин Иманбекова Манат, тарых сабагын, профорг болуп Дилдеев Аманат, орус тили, адабият сабагын Абдрахматов Касый, Кененбаев Бектемир, география, химия-биология мугалими Карасартова Укай, кыргыз тили, адабияты мугалими Калыбеков Шарше, кол эмгек мугалими Кулбараков Шамырат, башталгыч класстарда Молтоева Калымкан, Коңурбаева Гүлбүбү, Курманиязова Жибек узак жылдар бою жүздөгөн окуучуларды уядан учурушту.

Бул мектеп 1989-90-окуу жылында 9 жылдык негизги мектеп болуп түзүлгөн. 1964-жылы улуу демократ акындын 100 жылдык юбилейине карата Жети-Өгүз райондук партия комитетинин чечиминин негизинде

Токтогул Сатылгановдун наамын алган. Ал эми 2004-2005-окуу жылынан баштап Жети-Өгүз райондук эл депутаттарынын сессиясынын чечими менен орто мектепке айланып, 100дөн ашык баланы тарбиялап, жыл сайын уядан учуруп келе жатабыз.

1925-1969-жылга чейинки Кытай айылында мугалим болуп эмгектенген адамдар:

1. Көчөрбаев Акмат (Кытай)
2. Карашев Абдылда (Желе-Дөбө)
3. Моңошев Өмүрбай (Желе-Дөбө)
4. Чүлдүев Шарше (Жон-Булак)
5. Рыскулов Жакып (Жон-Булак)
6. Орунбаев Дөлөс
7. Арстакеев Абдылда (Балтабай)
8. Молдоканов Коеке (Балтабай)
9. Кайыпов Сулайман (Балтабай)
10. Ибраев Айылчы (Аң-Өстөн)
11. Ибраимов Абылкай (Кытай)
12. Анзин (Конкин)
13. Мамбеткулов Турдуке (Кытай).

**Кытай айылындагы мектепте директорлук кызматтарды аркалашкан адамдар.**

1. Мамбеталиев Сейит
2. Чыныбеков Быйтыман
3. Тобушев Баялы
4. Карашев Абдылда
5. Чүлдүев Шарше
6. Моңошев Өмүрбай
7. Рыскулов Жакып
8. Орунбаев Дөөлөс
9. Ибраев Айылчы
10. Иманалиев Муканбет
11. Иманалиев Алымсейит
12. Дыйканбаев Төлөн
13. Дыйканбаев Турдубек.

**Союздун соодагерлери**

Революцияга чейин Кыргызстандын аймагында сооданын убактылуу ярмарка жана туруктуу базар түрлөрү болгон. Ал эми 1932-жылдан советтик сооданын жаңы формасы-колхоз соодасы өрчүй баштады.

Биринчи колхоз базары 1932-жылы 5-июнда Фрунзеде ачылып, республиканын бардык аймагында жайылтыла баштады. Айыл кыштактарда керек-жарак кооперациялары ачылып, майда жана универмагдар ишке кире баштады.

1930-жылдары Кытай айылында дүкөн ачылып, өзүбүздүн чоң энебиз Байсеркеева Чүйтү 50 жыл ошол дүкөндө иштеп элдин урматына ээ болгон.

Энебиз революцияга чейин атасы Око жана энеси менен тоодо көчмөнчүлүк турмушта жүрүшкөн. Улуу үркүндө Кытайга барышып, 1918-жылы кайтып келген. Атасы кара тумоо оорусунан көз жумган, ошол эле жылы энесинен да айрылган. 1920-жылы биздин чоң ataларыбыз Усупбекке турмушка чыккан да бир балалуу болушкан. Согуш учурунда тылда эмгектенген. Тың, шайдоот, иштин майын чыгарып иштегендиги үчүн Москвага барып Калининдин колунан грамота алууга татыктуу болгон. Чүйтү чоң энебиз 1999-жылы 97 жашында каза болгон.

Анын 8 небереси, 33 чөбүрөсү, 5 кыбырасы бар.

Айылдык дүкөнгө эмгеги сиңген айылдаштарыбызды атай кетсек: Муканбетов Саткын, Бепеева Чачыкей, Балтабаев Мукаш, Мусабаева Шайкүл, Дүйшөбекова Калича, Ахметова Мария, Бакытаева Мейли, Муканбетова Айнура, Кыдырова Айжике, Алымбаева Айнакандарды айтсак болот.

"Элүү жылда эл жаңы" - дегендей айылыбыз күндөн күнгө өсүп - өнүп баратканы бизди кубантат.

Союздун убагындагы дүкөнүбүз менчиктештирилип, өзүбүздүн айылыбыздын ишкер кулуну, Афган согушунун катышуучусу Бектемиров Каныбек дүкөндү өзүнүн уулунун атында "Эрмек" дүкөнү кылып өзгөртүп, азыркы учурда талапка ылайык товарлар менен жабдып жубайы Шайкүл тынымсыз элдин муктаждыктарына жоопкерчилик менен мамиле кылып иштеп жаткан учуру. Экинчи дүкөнүбүздүн аты "Алибек". Бул дүкөндү айылыбыздын белгилүү инсаны Кадыров Асангазы атабыздын жакшы ой-тилеги менен кичүү уулунун атынан коюп иштетип жатат. Чакан, жарык, таза, мезгилге үндөш жасалгаланган дүкөн күнү кечке эшиги ачык өз кардарларына Айна энебиз сый-сыпаты менен кайрылып соодосын жүргүзүп келет.

## Китепкана

Октябрь революциясы жеңгенден кийин гана айыл-кыштактарда китепканалар ачыла баштады. Биздин айылыбызда 1971-жылы китепкана ачылган. Коңшу айылдардын китепканаларынан райондук китепкананын жолдомосу аркылуу 100 дөй китеп чогулган. Ар жылы Фрунзе шаарынан бибколлектордон китептер келип китеп фондусу көбөйө баштады.

Китепканачы болуп айылыбыздын жашоочусу Чөдүлова Батмакан 2006-жылга чейин 35-жыл үзгүлтүксүз иштеди. Пенсияга чыккандыгына байланыштуу 3,260 китеп фондусу менен Супатаева Жибеке өткөзүп берди.

Азыркы учурда китепканада 3,828 китеп фондусу сакталып айылдын эли дайыма байланышып турат.

## Саламаттыкты сактоо. ФАП

Адамдардын өмүрү үчүн күрөшүп, алардын ар биринин ден соолугу үчүн кам көргөн ак халатчан врачтарыбызга, медайымдарыбызга чоң жоопкерчилик жүктөлгөнүн баарыбыз эле билебиз. Ошол өздөрүнө жүктөлгөн жүктү майышпай, белсенип иш үстүндө элдин ден соолугун чыңдоодо эмгектенип жаткан адамдардын өзү да асыл адамдар деп айтууга кантип болбосун.1978-жылга чейин беш айылдын жашоочулары Балтабай айылына барып догдурга көрүнүп турушчу. Жаш балдарга прививка жасоо да ушул айылда жүргүзүлчү. Айылыбыздын жашоочуларынын көптөгөн талаптары боюнча 1978-жылдын сентябрь айында өзүбүздүн Кытай айылыбызда бала бакчанын бир бөлмөсүнө эмкана ачылып, элибиз сүйүнүп эле калды.

Ал жылдары бул медпунктта Деркембаева Наташа иштеди.

1981-жылдан 1988-жылга чейин Мамбетова Гузипа, 1988-жылдан 1997-жылга чейин Жумалиева Гулсия, 1997-жылдан 2000-жылга чейин Арыкбаева Замира, 2000-жылдан бери өзүбүздүн айылдын жашоочусу Осмонова Айнура эмгектенүүдө. Биздин айылда 692 түтүн эл жашайт. Алардын ичинен 5 жашка чейинки балдар - 92, окуучулар -107, кан басымы жогору болгон оорулуулар - 7, өпкө оорулуулар - 2, астма менен ооруганы - 2, майып балдар - 5, пенсионерлер - 73, ооруга байланыштуу пенсионерлер - 7.

2008-жылы "Арис" долбоорунун негизинде 97.000 сомдук кирешe менен ФАПты толук капиталдык ремонттон өткөрүштү. 46,000 сомго сухожаровый шкаф б.а. медициналык инструменттерди стерилизациялоо үчүн шкаф алынып, санитардык - тазалык боюнча дааратканa салынды. Осмонова Айнура өзүнүн сүйгөн кесибинде 10 жылдан бери эмгектенип, эл оозуна алынып, кабагы кашым дебей үзүрлүү иштеп келүүдө.

Айылыбыздан чыккан врачтарыбызды атай кетсек: Үтүров Жолдош, Урмамбетова Муңай, Сабыров Нургазы, Султанов Асанбай, Молдожиева Канымкан, Кадырова Анара, Көчөрбаева Нүргүл, Чолпонбаева Дина-

ра, Керимбаева Айнура, Керимбаева Зарема, Ашымалиев Мирлан ж.б. Айылыбызда медицина тармагында иштеген медайымдарга Көчөрбаева Токен, Ниязалиева Бурулуш, Оторбаева Гузийпа, Чүлдүева Асел, Ормукова Назира.

Айылыбыздан эң биринчилерден болуп кыздардан чет өлкөгө барып медицина тармагында билим алган кызыбыз Ормукова Гүлкайыр болгон. Ал 1959-жылы Кытай айылында туулуп Каракол шаарынын Киров мектебин бүтүргөн. 1981-жылы Белоруссиянын Витебск шаарынан медициналык институттун фармакологиялык факультетин ийгиликтүү аяктаган. Окууну бүтүп 22 жыл Караколдогу №3 аптекада заведующий болуп эмгектенген. 2003-жылы оорудан каза болгон. Гүлкайырдан 1 уул, 2 кызы калды. Энесинин асыл сапаттарын туу тутуп, балдары бактылуу болушун тилейбиз.

## Мечит

Ушул эки дүкөндүн ортосунда татынакай салынган ак мечит элди ыймандуулукка чакырат.

Элибиз эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап ата-бабаларыбыздын канына сиңип калган ислам динин колдонуп турмушка ашыра баштадык.

Мектепте да ыйман сабагы өтүлүп, окуучуларыбыз жаман жолдорго барбай, терс көрүнүштөрдөн оолак болушууда. Мына ушул мечит биздин айылга 2006-жылы Арабиядан келген бизнесмендердин каражатына салынган, элибиз ыраазы, себеби мугалимби, молдобу, максаттары бир, жаштарды ыймандуулукка үйрөтүү, көзү өткөн инсандарга таазим этип эскерип, куран окуп туруу жагы ар бир инсандын жүрөгүнүн терең жеринде ишенимдүүлүк орун алып турса жаман болбостур.

## Маалымат борбору

Биздин айылдын инфраструктурасын жогорулатууда Аралбаева Гулнара "Арис" долбоорунун негизинде микропроект жазып, 2005-жылдын январь айында 66 900 сомдук проект утушка ээ болуп, 2 компьютер, 1 принтерге жана 48070 сомдук ички жасалгасы менен чакан маалымат борбору ачылды.

2006-жылы кайрадан маалымат борборун толуктоону чечип, проектинин негизинде 54492 сомдук эки компьютердик стол, түстүү принтер,

бир цифровой фотоаппарат, бир видеокамера, эки китеп полкасы айылыбызга киреше катары кирип элибизди кубантты. Кесиби боюнча бухгалтер - менеджмент Гүлнара ишине тың , айылдын көйгөйүн чече билген, эч кимден жардамын аябаган аялзаты катары айылдаштары сыйлай билишет.



### Дыйканбаева Зейнеп

### Таза суу - өмүр булагы

Айылдын кире беришинде заңкайып кызыл труба көзгө урунат да, тегереги гүлгө оронуп, зым тор менен курчалып турган чакан объект - бул куттуу айылыбыздын өмүр булагы болгон "Кытай - Таза - Суу" объектиси.

Кыскача "Кытай - Таза-Суу" -ИСКАКБ (Ичүүчү Сууну Керектөөчүлөрдүн Айылдык Коомдук Бирикмеси ) деп аталат.

Таза суу боюнча жүргүзүлгөн майда, бирок маанилүү иштерди айылдык кеңештин депутаты Дыйканбаева Зейнеп эже өз колуна алып, 2004-жылдын 1-ноябрында Минюсттун регистрациясынан өткөрүп, "Кытай - Таза-Суу" деген күбөлүктү колго алышты.

Дүйнөлүк Банктан 2006-жылы апрель айында акча которулуп, өз айылыбыздагы элдер менен биргеликте иштер жүрө баштады.

Айылыбыздын эли август айында таза суу иче баштады. 30-октябрь 2006-жылы толук бүтүп, эксплуатацияга берилди.

Таза-Суу 2294117 сомго бааланган. 114706 сому 5% - мурда салынганы боюнча. 1950000 сом подрядчиктерге берилгени. 114706 сомду тарифтин эсебинен чогултуп, 2010-жылдын ноябрынан баштап төгүп беришибиз зарыл.

Калган каражаттарды эл өз күчтөрү менен иштеп беришкен эле.

Азыркы убакта "Таза-Сууда" төрт адам эмгектенет.

1. Дыйканбаева З. - председатель.
2. Ахметова М. - бухгалтер-кассир.
3. Мусабаев Ж. - сантехник.
4. Кадыров А. - охранник, электрик.

Тариф ар бир суу пайдалануучу адамга 20 сомдон эсептелип азыркы учурда айылыбыздын жашоочулары суудан эч кандай проблемалары жок жашап жатышат.

## 1955-1959-жылдарда Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешине депутаттар



### Көчөрбаев Акмат

1912-жылы туулган. 1927-жылы Кытай башталгыч мектебин бүтүргөн. 1931-жылы Караколдон мугалимдик 3 айлык курсту бүтүргөн, 2 жыл мектепте мугалим болуп иштеген. 1933-жылы Фрунзедеги Кыргыз обкомунун коммунисттик жогорку окуу жайынын айыл чарба бөлүмүнө окууга барат.

1935-жылы Баткен областынын Лейлек районунда Кыргыз АССРинин райондук даярдоо бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт. 1937-39-жылдары Тогуз-Торо районунун, 1939-43-жылдары Ат-Башы районунун, 1943-53-жылдары Тянь-Шань областынын ССР даярдоо министрлигинин өкүлү болуп,1953-жылы Айыл чарба жумушчу кызматкерлеринин Республикалык профсоюз комитетинин төрагасы. 1953-56-жылдары Кочкор райисполкомунун төрагасы. 1956-59-жж. Республикалык Жогорку партиялык мектептин угуучусу, 1959-62-жж. Кызыл -Туу колхозунун башкармасы, 1962-ж. Үлгү колхозунда элдик контролдоо комитетинин председатели.

1962-1965-ж. Жети-Өгүз райондук даярдоо конторасынын директору.

1965-66 -жылдары Кыргыз Совет курортунун Кой-Сары көмөкчү чарбасынын директору болуп иштеген. "Кызыл Жылдыз" ордени. Эки "Ардак Белгиси" ордени, "Эмгектеги артыкчылыгы медалы " Даярдоо Министерствосунун эки "Ардак Грамотасы", Кыргыз ССР Жогорку Советинин эки "Ардак Грамотасы" менен сыйланган. Тянь-Шань облусунун Кочкор районунан Кыргыз ССР Жогорку Кеңешине депутат. 1967-жылы каза болгон. 1уул, 1 кызы бар.



## Алымбаева Кенжебүбү

1920-жылы Балтабай айылында туулган. 1927-жылы мектепке окууга кирип, 1936-жылы жети жылдык билим алган.

Колхоздун талаачылык иштерине ата-энеси менен бирдикте ар түрдүү жумуштарына аралаша баштаган.

1936-жылы Кытайлык Курманиязга турмушка чыккан. Эки балалуу болгондон кийин күйөөсү согушка 1941-жылы кетип, согуштан курман болгон. Согуш мезгилинде, андан кийин да Кенжебүбү энебиз талаачылык, дыйканчылык жумуштарда чыйралып, жердин сырын терең түшүнүп, аялдардан түзүлгөн звенону башкарып, Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз райондук эл депутаттарынын кеңешине депутаттыкка шайланган. 1955-жылы Жети-Өгүз районунун эмгекчилери айыл чарба азык-түлүктөрүн өндүрүп сатуудагы жетишкендиктери үчүн Кыргыз ССР Жогорку Кеңешине депутат кылып шайлашкан. Пенсияга чыгып, бактылуу карылыкта 2000-жылы каза болгон. 1 уулу, 1 кызы бар. Небереси 10. Чөбүрөсү 20.

## Мекенибиздин эркиндиги үчүн!

Адамзат тарыхы өзүнүн беттерине өчпөс из калтырган нечен кыргындуу согуштарды билет. Бирок совет элинин гитлердик фашизмге каршы Улуу Ата Мекендик согушу өзгөчө орунду ээлеп турат.

Согушка жөнөгөн аталарыбыз гитлердик фашизмге каршы жан аябаган күрөштү көрсөтүштү.

"Бардыгы фронт үчүн, бардыгы жеңиш үчүн!" - деген ураан ар бир адам үчүн закон болуп калды.

Улуу Ата Мекендик согуштун майдандарында көрсөткөн эрдиктери үчүн көптөгөн аталарыбыз ордендер, медалдар менен сыйланышканын билебиз. Биз, азыркы жашап жаткан муундар Ата журттун даңктуу коргоочуларына чексиз ыраазычылыкты жана урматтообузду билдиребиз.

Биздин Кытай айылыбызда 1940-жылдары элүүдөй түтүн жашап турушкан. Согуш башталганда башка айылдын жашоочуларындай эле Мекенди коргоого 61 адам майданга аттанган. Ошондо бир үйдөн төрттөн

бир туугандар М: Дыйканбаев Усуп, Какиш, Шерип, Токтомуш; экиден бир туугандар Темиров Жакшылык, Темиров Жакей; үчтөн бир туугандар; Кетирекеев Абды, Расул, Бедел; экиден бир туугандар Искаков Үмөр, Сапар; Мамбетов Асан, Иса, Муса, Кулбараков Бексултан, Санжап, Бектемир; Калыбеков Каниет, Муканбеттер.

Булардын кээ бирлери согуштан үйүнө кайтпай калышкан.

Көпчүлүгү согуштан кайтып келип колхоздун ар кайсы тармагында эмгектенишип жашоолорун өткөрүшкөн.

Улуу Ата Мекендик согушка барып, бирок үйлөрүнө кайтпай калган аталар Алымбаев Курманияз, Баялиев Тобуш, Алсейитов Орозакун, Чыныбеков Быйтыман, Асаналиев Жумакун, Абдразаков Үсөналы, Абдылдакунов Кубат, Барманбетов Кыйсат, Дыйканбаев Усуп, Дыйканбаев Какиш, Жаркынбаев Далбай, Кулбараков Бексултан, Калыбеков Каниет, Кыдыров Касымалы, Кудакеев Калый, Мамаев Медер, Мамбетов Асан, Искаков Үмөр, Исраилов Бексырга, Исмаилов Акимкан, Татыбеков Шабы, Телгозиев Абдырай, Темиров Барктабас, Урманбетов Абдырай, Калыбеков Муканбет, Келгенбаев Султаналы, Түлөнбаев Карымшак, Тыныбеков Сыдыкбек.

Улуу Ата Мекендик согушта болуп, эли-жерине аман-эсен кайтып бир канча медаль, ордендер менен сыйланган аталарыбызга дайыма башыбызды ийип таазим кылабыз.

Указом Президиума Верховного Совета СССР награждён орденом Отечественной войны I и II степени от 11 марта 1975 года.

1. Абдрахматов Саякбай
2. Асаналиев Асанакун
3. Баратакунов Жөкөш
4. Дыйканбаев Шерип
5. Дыйканбаев Токтомуш
6. Дүйшөбеков Төлөпай
7. Искаков Сапар
8. Ибраимов Абылкай
9. Мамбетов Казый
11. Мамбеткулов Турдуке
12. Керимбаев Кудайберген
13. Куланбаев Ашымалы
14. Кулбараков Бектемир
15. Көчөрбаев Молдобай
16. Шыйкымбаев Садип
17. Темиров Жакей.

# СССР ЖОГОРКУ СОВЕТИНИН ПРЕЗИДИУМУНУН УКАЗЫ 1947-ЖЫЛ

Улуу Ата Мекендин согуш мезгилинде 1941-1945-жылдарда "Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалы менен сыйланган айылдык ата-энелер.

(Мурунку боюнча Кытай сельсовети. Каганович атындагы колхоз).

Арыкова Ракыйма, Мамбетов Казый, Мамбетова Зыйна, Моңолдоров Масылкан, Моңолдоров Абдрай, Шыйкынбаев Чолпонбай, Шыйкымбаева Данакан, Чыныбекова Кумурска, Чыныбеков Кененбай, Чыныбеков Кендирбай, Султаналиев Амантур, Сарымолдоев Мамбеткул, Көчөрбаев Маша, Кулбаракова Батма, Абдылдакунова Кишимкан, Кыдырова Адия, Кудакеев Мурадыл, Калыбеков Шарше, Кулбараков Шамырат, Көчөрбаева Салый, Кулбаракова Быяш, Тыныбекова Калиман, Телгозиев Кыдырбай, Текебаева Зуура, Текебаев Ысрайыл, Текебаев Искак, Дүйшөбаева Салыйка, Дүйшөбеков Абдракмат, Дүйшөбекова Күлүйпа, Дүйшөбекова Алмадай, Дүйшөбеков Төлөпай, Дүйшөбеков Мырзакмат, Урманбетов Шаршалы, Урманбетова Батый, Баратакунов Жөкөш.

Мамбеткулов Турдуке, Текебаев Сабыр, Дыйканбаева Мария, Исаев Асанбай, Илипов Асылбек, Молдожиев Ишенбай, Мамаев Кадыр (42 киши).

### Айылдын көчөлөрүнө ысымдары берилген инсандар

#### Жанбарак ата

Бешимбай атадан Кочкорбай. Кочкорбай ата Таш-Булак деген жерде туулган. Андан Шыйкымбай, Жанбарак, Кулбарак, Дыйканбай деген уулдары болгон. Кочкорбай ата тың чарбалуу оокаттуу жашаган. Өмүрүндө эки жолу ажыга барып, экинчи ажыдан үйүнө кайткан эмес экен. Балдары тың чыгып, өз жашоолорунда чыгымдуу, түйшүкчүл, аракетчил болуп чоңоюшкан.

Уулу Жамбарак Балтабай хандын кеңешчиси болуп, дайым аттан түшпөгөн, хандын буйругун эки кылбаган туюму күчтүү, сезимтал адам болгон дешет. Жүрөгү толо мээрим, жумуру башы толо акыл, көмөкөйү толо асыл сөздүүлүгү менен адамдарга жакшылыкты дайыма тартуулап турган. Биринчи аялынын согончогу канабагандыктан, эки балалуу жесир аялга баш кошот (Шаршен Керимбаевдин энеси Бурулкан). Ал

энебиз чолпондой болгон үч уулду төрөп, Жамбарак кубанычы койнуна батпай турган кезде үчөө тең эрте чарчап калышат.

"Кыргыз эли кылымдарды караткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан" деген сөз бекеринен айтылбайт. Себеби ушул тастыктай турган адам бул - Жамбарак ата. Ал элдин туткасы, чынчыл, айкөл, намыстуу, айтканынан кайтпаган, ар ишине так, капилеттен сөз тапкан чечен болгон.

Негизинен айылыбыздын түптөлүшүнө эң чоң кадыр сыйы өткөн адамдардын бири болгондуктан, айылыбыздын биринчи көчөсүнө Жанбарак атанын ысымы ыйгарылган. Өзү репрессиянын курмандыгынан 1933 - жылы каза болгон экен.

## Абдылдакун ата

Илип атадан Татыбек, Татыбектен Абдылдакун ата төрөлөт.

Абдылдакун ата кичинесинен эле тири карак, шамдагай, сөздү тыңшап ага баа бере билген, нурлуу адам болгон дешет. Ал киши сөздү таап сүйлөгөн, кептин жүйөөсүн түшүнүп, сөздүн кадырына жете билген адам экен. 1930-жылдардан баштап элдин малдарын ортого топтоп, айыл чарбасын коллективдештирүү башталат. Айылдагы тың чарбалуу адамдарды кулака тартып Сибирге, Уралга, Украинага айдап жиберишкен. Ал мезгилде кулактарды тап катарда жоёбуз - деген саясат жүрүп турган. Ошол мезгилдерде ар бир айылда төбөсү көрүнгөн эстүү баштуу адамдар эл алдына суурулуп чыккан.

Биздин айылда Абдылдакун, Садабайлардын айткан сөздөрү эп болуп, элди уютуп артынан ээрчитишкен. Булар акылдуу кадыр-барктуу адамдардан болушкан.

Айылдын элинин дээрлик бардыгы бул кишилердин айткан акыл - насааттарын угушуп, эмне дешсе макулдугун билдирип сыйлап турушкан. Айылдын билермандары, оң жакка баштоочулары болгондуктан бул экөөнүн таасири күчтүү болгон.

Бул эки адамды биз жөнөкөй, эли-журтуна ак кызматын кылган, ийнедей өткүр, болоттой курч, арстандай кубаттуу, Бакайдай акылман, нарктуу, ар-намыстуу эр азамат катары элестетип жүрүүбүз абзел.

Айылыбыздын түптөлүп негизделишине эмгеги сиңгендиктен Абдылдакун атанын ысымы күн батыш жактагы үчүнчү чоң көчөгө ысымы ыйгарылган.

1937-жылы репрессиянын курмандыгы болгон.

## Мамбетов Муса



1916-жылы Кытай айылында туулган. Жети бир туугандын улуусу: Муса, Иса, Казый, Мукаш, Турсун, Дүйшөкан. 14 жашынан баштап колхоздун ар кайсы жумуштарында эмгектенген. 1941-жылы Улуу Ата Мекендик согушка жөнөгөн. 1947-жылы согуштан кайтып келген. Согуштан кийин Коммунисттик партиянын катарында элүү жылдан ашык убакыт кызмат өтөгөн. Армиядан келгенден кийин өзү туулуп өскөн Кытайда талыкпай иштеп, бир топ медалдар менен сыйланган. Москва шаарына делегат болуп катышып келген.

1963-жылы айылдык кеңешке депутат болгон. 1976-жылы "Ардактуу колхозчу" катары пенсияга чыккан. Бир уул, 2 кыздын атасы. Небереси 11. Айыл жашоочулары эмгегин баалап, өзү жашаган көчөгө ысымын ыйгарышкан.



## Ардактуу мугалим Мамбеткулов Турдуке. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу

Мамбеткулов Турдуке 1912-жылы туулган. Өзүнүн эмгек жолун 1934-жылдын сентябрь айынан баштап Каганович атындагы жети жылдык мектепте мугалим болуп иштөөдөн баштаган.

1940-жылы Прежевальскидеги педагогикалык окуу жайын сырттан окуп, башталгыч мектептердин элдик мугалими адистигин алган.

1940-жылы май айында КПССтин мүчөсүнө кабыл алынган.

1942-жылдын октябрь айында Советтик Армиянын катарына чакырылып, анда 1944-жылдын октябрь айына чейин кызмат өтөгөн.

1944-жылдын октябрь, 1947-жылдын июнь айлары Жети-Өгүз районундагы мектептерде мугалим, 1947-1949-жылдары Жалал-Абад областы-

нын Токтогул районунун мектептеринде физика-математика мугалими, август 1949-1951-жылдары Ысык-Көл областынын Ново-Вознесеновка районунун мектептеринде мугалим. Август 1951-1968-жылдары Жети-Өгүз районундагы мектептеринде окуу бөлүмүнүн башчысы, мугалим болуп иштеп келген.

1953-жылы Пржевальскидеги Т.М.Дмитров атындагы мугалимдер институтунун физика-математика адистиги боюнча толук курсун сырттан окуп, орто мектептердин мугалими адистигине ээ болгон.

Бир нече жолу райондук, айылдык кеңештин депутаттыгына шайланган.

1971-1973-жылдары Пржевальскидеги турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатында магазин башчысы, 1977-1979-жылдары Жети-Өгүз ГКО "Эживпром"до ар кандай жумуштарда иштеген.

Мамбеткулов Турдуке 1934-жылдан 1979-жылга чейин 45 жыл талыкпастан эмгектенген.

1977-жылы Ысык-Көл областтык аткаруу комитетинин чечими менен көп жылдык ак ниет эмгеги үчүн "Эмгектин ветераны" медалы менен сыйланган.

Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, II даражадагы майып.

1993-жылы 6-апрелде 81 жашында каза болгон.

Көп жылдык эмгеги жана согуштагы каармандыгы үчүн бир нече орден, медалдар менен сыйланып айылдын көчөсүнө ысымы берилген.

Азыркы тапта Турдуке атанын 16 небереси, 29 чөбүрөсү бар.



## Текебаев Сабыр

Сабыр ата 1897-жылы Ырдык капчыгайынын Эки-Чат деген жайлоосунда жарык дүйнөгө келген. Колхоздоштуруу мезгилинен баштап кырманда, эгин сактоочу жайда склад башчы болуп 1932-жылга чейин иштеген. Улуу Ата Мекендик согуш учурунда бронь менен тылда калып, 1939-жылдан 1954-жылга чейин башкармалык милдетти аткарган. Жолдошу Текебаева Жумакан колхоздо парторг болуп иште-

ген. Сабыр ата 1953-1957-жылдары ферма башчы, бригадир болуу менен 1962-жылы пенсияга чыгып, андан кийин да талаа корукчусу болуп колхозго жардамын берип келген .

Жолдошу Жумакан экөө 10 баланы тарбиялап өстүрүп, баарын жогорку билимге ээ кылышты. Сабыр ата 82 жашка, Жумакан эне 97 жашка чыгып каза болушту.



**Кадыров Асангазы**

**Баалай бил көөр төгүлгөн усталарды, аларсыз тиричилик жашоо барбы?**

Айылыбызда устачылыктын сырын терең билген адамдар саналуу гана. Буларга Чоруков Барат атаны алгачкы усталардын пири деп айтсак жаңылышпайбыз.

Барат атабыз 1888-жылы туулган. Темир устачылыкты Каракол шаарынан үйрөнгөн. 1916-жылы отуздай адам Кытайга кетүүгө бел байлашып, бирок аякка өтө алышпай Жаркентте Челек ооданында калып күн өткөрүшкөн. Ошол жерде 1930-жылга чейин устачылык кылып жүрөт. Ага туугандарын сагынып Каракол шаарына келет. Шаардан Шыйкымбаев Чолпонбай аттуу досуна кезигип сүйлөшүп калышат. Досу айылыбызда усталык кылган киши жок, бизге келбейсиңби -деген сөзүнө макул болуп биздин Кытай айылына келет да устачылыгын иштей баштайт. 1960-жылдан баштап Кадыров Асангазы бул атага балкачы болуп алгачкы эмгек чыйырын баштайт. Асангазы ата Советтик Армиянын катарынан келип эле кайрадан темир устачылыгын Дружба колхозунун III бригадасында улантат.

Совет доорунда Дружба колхозунда мейли жаз, мейли кыш мезгили болсун, таң заардан кеч күүгүмгө чейин, айрыкча эгин оруп-жыюу мезгилинде сынган техникаларды өз убагында оңдоп даяр кылып койгон учурлары оозго алынарлык. Мындан тышкары айылыбыздын элдеринин да мүдөө талаптарын аткарып, дайыма жардамын берип келген. Анын ак эмгегин биз мектептин спорт аянтчасынан, мечиттин чатырын жабууда, китепкана, ФАПтын терезе торлорун жасоодон көрсөк бо-

лот.1992-жылы 50 сотых жерге чакан устакана ачып, азыр да элдин, дыйкан чарбалардын иштерин уулу Адис улантып келет.

"Таман акы, маңдай тер менен тапкан тамак таттуу болот" - деп көп айтаар эле. Төрт уул, эки кыздын 16 неберенин чоң атасы. Бир канча медалдар менен сыйланган. 2008-жылы 68 жашында айыкпаган дартка чалдыгып каза болду, бирок анын эмгекчилдигин, ак пейилдүү асыл адамдык касиетин баалап өзү жашаган көчөгө ысымы ыйгарылды.

Ата кесибин аркалаган уулу Адис да устакананын эшигин дайыма ачып, келген кардарлардын суроо-талаптарын орундатып келет.

Ата насааттары дайыма Адистин кулагында, ар бир нерсени кылдат жасап, элдин алкышына татыса да келим-кетим үзүлбөй устакана дайыма кымгуут. Таңды-кеч күжүрмөн эмгектин күүсү угулат.

Бул Асай атанын устаканасы! Айылдын балдарына чейин сыймыктанчу жай ушул.

Ушундай эле устачылыктын бир түрү бул жыгач устачылык. Албетте, бул кесиптен да биздин айыл кур кол эмес. Өмүрүнүн жалындуу кездерин жалаң жыгач устачылыкка арнаган айылда Султаналиев Амантур атабыз дайыма эсибизде.

Ал киши жаштайынан эле жыгач устачылык менен алектенип, колхоз уюшулгандан баштап сарайларды, селолук советтин конторасын, элдин үйлөрүн, чатырларын жабууда жасаган иштери кубанарлык.

Уулу Турдугул сварщик, мектептин жылытуу системасын толук сапаттуу бүтүрүп бергени окуучуларды да, ата-энелерди да ыраазылыкка бөлөгөнүн эч ким танбайт.



### Изибаев Абубакир

Изибаев Абубакир Кытай айылында туулган. Атасы Көчөрбай уулу Изибай жана энеси Масымкан эрте каза болгондуктан, Абубакирди ымыркай кезинде эле аталаш бир тууганы Жанбарак багып алат.

1934-жылы Фрунзедеги Финансы-Экономикалык техникумун аяктап, Ош областынын Лейлек районуна финансы бөлүмүнө финансы агенти болуп иштеп турат. Кийинчерээк ырга жөндөмдүүлүгү билинип,музыкалык драма театрына актерлукка чакырышат.

Көп жылы Республикалык Эл чыгармачылык үйүнүн директору, Кыргыз циркинин уюштуруучусу, цирк түзүлгөндөн баштап, 1986-жылга чейин үзгүлтүксүз директор болуп кызмат өтөгөн. Маңдайы жарык, жароокер, кичипейил назик адам эле. Абубакир атаны өз учурунда кан-жанын, энергиясын, тажрыйбасын аябай кызмат кылып, экинин бири катары узун элдин учуна , кыска элдин кыйырына аты таанылган чоң инсан катары баалашыбыз керек. Мектептин көчөсү азыркы учурда Изибаев Абубакир атанын ысымын алып келет. Бишкек шаарында уулу жана кызы, алардан тараган неберелери жашап жатышат.



## Курманиязов Ишенби

Курманиязов Ишенби 1938-жылы Кытай айылында туулган. Айылдан төрт жылдык билим алып, орто билимин Жети-Өгүз айылынан уланткан. 1957-1958-жылдары Түп районундагы Сухой Хребеттеги кесиптик окуу жайын аяктап комбайнер-механик адистигине ээ болот. Атасы Алымбаев Курманияз согушта дайынсыз жок болгонуна байланыштуу энеси Кенжебүбү менен колуна кол, бутуна бут болуп турмушка такшалып өскөн. Колхоздо көп жылы шофер болуп эмгектенген. 1958-жылы Москва шаарында №11537-аскер бөлүгүндө кызмат өтөгөн. 1963-жылдан баштап колхоздо дыйканчылык иштери менен тынбай иштеп бир топ сыйлыктардын ээси болгон. Тогузунчу беш жылдыктын, Коммунисттик эмгектин ударниги, мыкты айдоочу катары элдин алкоосундагы инсан десек жаңылышпайбыз. Жубайы Бүбүайша менен 40 жыл бирге жашап, 11 баланы тарбиялап өстүрүштү. Ажал айтып келбейт дегендей, капыстан кара сарык оорусуна кабылып 2005-жылы каза тапты. Ишенби атанын ысымын айылдын күн батыш жагындагы көчөгө ыйгарышты. Кудайга шүгүр, уул-кыздары эл жүгүн аркалаган мыкты азаматтардан болуп өсүп келе жатышат.

# КҮЖҮРМӨН ОРДЕН ЭЭЛЕРИ



### Исакунова Ракыйма

Ракыйма энебиз 1922-жылы Тоң районунун Бөкөнбаев айылында туулган. Мектептен башталгыч билимди алгандан кийин өз колхозунда эмгектенген.

20 жашында Исакунов Үсөн атага баш кошуп, Жети-Өгүз районундагы "Кагановичˮ колхозунда мал чарбачылыгында саанчы болуп эмгектенген. 1956-жылы колдо багылуучу ар бир уйдан 2353 кг-дан сүт саап алгандыгы үчүн Кыргызстан республикалык Эл чарба көргөзмөсүнө катышып "Эмгек Кызыл Туу" ордени менен сыйланган. 2 кыз, 1 уулдун энеси.

1986-жылы 64-жашында каза болгон.

### Исаев Асанбай



Исаев Асанбай 1927-жылы 23-февралда Кытай айылында туулган. 1947-жылдан баштап колхоздо тракторист болуп эмгек жолун баштаган. 1948-жылы Жакыпова Сурмаканга үйлөнүп, 5 эркек, 4 кызды тарбиялап өстүрүшкөн. Колхоздун талаачылык иштеринде, айрыкча жазгы-күзгү айдап себүү учурунда тынымсыз күн-түн дебей иштөөгө туура келген.

Колхоздун белдүү механизатору көптөгөн медалдар менен сыйланган. 1957-жылы 16-мартта СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен "Ардак Белгиси" ордени менен сыйланган. №240776.

1963-жылы 28-февралда Кыргызстан Ленинчил Коммунисттик жаштар Союзунун "Лучшему Кукурузоводу" деген төш белгиси менен сый-

ланган. №13 1975-жылы 28-ноябрда "9-беш жылдыктын ударниги" төш белгиси менен сыйланган. №24/55.

Үзүрлүү, талыкпай эмгектенип 58 жашында пенсияга чыккан. 2003-жылы 5-июнда 76 жашында каза болгон.



**Искаков Сапар**

1925-жылы Кытай айылында туулган. 1942-жылы 18 жашында согушка кеткен да, 1945-жылы жеңиш менен кайткан. Колхоздо көп жылдар бою аялы Искакова Урум менен талаа сугатчылыгында эмгектенишкен.

Эмгек ардагерлери. Сапар ата 14-февраль 1975-жылы СССР Жогорку Советинин Президиумунун указы менен "Эмгек даңкы" ордени №2807 менен сыйланган. Ал эми Урум эне 24-февраль 1980-жылы Жети-Өгүз районунун Ырдык сельсоветине депутат болуп шайланган.

**Кулбараков Бектемир**



1922-жылы Кытай айылында туулган. Жетим калып туугандарынын колунда чоңойгон. Колхоздо иштеп жүрүп, согушка кеткен да, 1946-жылы үйүнө кайткан. Колхоздун парткомунун катчысы, башкарманын төрагасы болуп иштеген.


"Улуу Ата Мекендик согуштун экинчи даражадагы", "Элдердин достугу", "Эмгек Кызыл Туу" ордендери менен сыйланган.

1995-жылы 15-июнда 73 жашында каза болгон.

# АФГАН ЖООКЕРЛЕРИ МЕНЕН СЫЙМЫКТАНАБЫЗ!

## Афган согушу

1978-жылы 27-апрелде Кабулда Элдик демократиялык партия жетектелген армиянын куралдуу революциялык көтөрүлүшү болгон. Афганистанда жарандык согуш башталып, 1979-жылы ошол учурдагы бийликтин таламын коргоого көмөк көрсөтүү максатында советтик аскерлер киргизилген. Алар 1989-жылы өлкөнүн аймагынан чыгарылган. Биздин айылдан да бир катар уулдарыбыз согуштун өтө оор мезгилине туш келишип, кандуу салгылаштарга аралашып, канын-жанын аябай күрөшүп, кудайдын буйругу менен өз мекендерине аман-эсен келишкени биз үчүн чоң сыймык.



### Кулбараков
### Каныбек Бектемирович

1959-жылы Кытай айылында туулган. Мектепти 1976-жылы Балтабай айылынан бүтүргөн. 1977-жылы Караколдогу музыкалык окуу жайына тапшырган. 1-курсту окуп бүткөндө Советтик Армиянын катарына чакырылып, Ташкент шаарында аскердик кызматын өтөгөн. 1979-1980-жылы Афганистанга интернационалдык милдетин өтөөгө жиберилет. Кабул шаарында № 3675 "Отдельный полк связи" деген полкто службасын өтөп, 1980-жылы туулуп өскөн айылына кайткан. 1983-жылы музыкалык окуу жайын ийгиликтүү аяктап, Фрунзедеги Искусство институтунун "Кларнет" классын 1988-жылы бүтүргөн. Караколдогу музыкалык окуу жайында мугалим болуп 2001-жылга чейин эмгектенген. Өкмөт тарабынан "Воин - интернационалист" деген эки медалдын ээси. Азыркы учурда жеке ишкер. 5 баланын сүйүктүү атасы.

**Абдылдакунов**
**Таалайбек Үмөтович**



Абдылдакунов Таалайбек Үмөтович 1961-жылы туулган. 1980-жылы Маяктагы №5 кесипчилик - техникалык окуу жайын бүтүргөн.

1980-жылы ноябрда Советтик армиянын катарына чакырылган.

Түркмөнстандын борбору Ашхабад шаарында сапёрдук ротада кызмат өтөгөн. 1981-жылы май айында Афганистанга интернационалдык милдет өтөөгө чакырылып, Газни шаарында № 39676-аткычтар полкунда сапёрдук ротада кызмат өтөгөн. 1982-жылы ноябрда туулган айылына кайтып келген. Сыйлыктары: "Медаль 70 лет Вооруженных Сил". "Воин-интернационалист от благодарного Афганистана" медалы менен сыйланган. 4 кыздын атасы.

2005-жылы оорудан каза болгон .

Жубайы Ашымбаева Кундуз биздин мектептен иштеп, азыркы учурда Каракол шаарындагы Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицейинде эмгектенет. Бир канча грамоталарга ээ, Билим берүүнүн отличниги, новатор - мугалим, Россиянын бир катар шаарларына семинарларга катышып, өзүнүн иш билги тажрыйбасын колдонуудa артыкчылыкка ээ болгон. "Сынчыл ойлом программасы" жана "социалдык өнөктөштүк" боюнча областтык мектептерге тренер болуп, мугалимдерге методикалык маанилүү-маңыздуу идеяларды жана концепцияларды пайдаланууга кеҳири жол ачып берген лидер мугалим деп айтсак болот. Мындан тышкары биздин мектеп иштеп чыккан долбоорлорго түз көз карашын билдирип, көп жардамын берди. Китеп фондубузга 70тен ашык илимий-методикалык адабияттарды белекке бергени мугалимдерди чоң кубанычка бөлөдү. Кундузга чыгармачылык ийгилик каалоо менен бактылуу турмушту каалайм.

## Темиров Жумабек



1962-жылы Кытай айылында туулган. Орто мектепти аяктагандан кийин Караколдогу №2 кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүрүп, ноябрь айында Советтик Армиянын катарына чакырылып, Түркмөнстандын Тяжен, Нивидак шаарында кызмат өтөп, старший сержант наамын алган. 1981-жылы май айында Афганистандын Кундуз, Пульхунбирге шаарларында № 39676 гвардиялык полкунун чалгындоо ротасында санинструктор болуп иштеп, 1982-жылы ноябрда тулуп өскөн айылына кайтып келген.

Сыйлыктары: "Медаль 70 лет Вооружённых сил", "Ветеран боевых действий", "Воин-интернационалист от благодарного Афганистана", "10 лет вывоза Советских войск из Афганистана" "Воину-интернационалисту - честь слава-отвага-медалы".

# БАРКТУУ ЭНЕЛЕР - "БААТЫР ЭНЕЛЕР"

Турмушубуздун күзгүсү, адам тукумунун улантуучусу бул - энелер. Атам замандан бери "кыздын кырк чачы улуу" деп аялга урмат көрсөтүп келишкен.

Биздин бабаларыбыз эзелтен эле "алысты жакын кылган, үзүлгөндү улаган, сынганды кураган, эркектин акылдашы-сырдашы аялдар" деп келишкен.

Жаратылыш аялдарды ушунчалык ийкемдүү, кубаттуу, таасирлүү кылып жараткан тура. Эне дайыма дүйнөнүн кол жеткис бийик мунарасында, көктөгү жылдыздар катарында турат.

Эненин мээрими, жүрөгү балага медер, кубат берген сыйкырдуу күч.

"Эне деген улуу сөз, ыйык наам, эч теңдеши жок касиет" - ошондуктан бизди жараткан энелерди сыйлай билели. Биздин айылдагы биз урматтоочу "Баатыр энелерге" дайыма ак тилегибизди билдиребиз.

**Ниязова Майрамкан**



1927-жылы туулган. 1977-жылы "Баатыр эне" орденин алган. 10 баланын энеси. Жолдошу Ниязов Иминжан колхоздо эмгектенген. Азыр 44 небереси бар.



**Иминжанова Бүбүайша**

1946-жылы туулган. 1988-жылы "Баатыр эне" орденин алган. 11 баланын энеси. Жолдошу Курманиязов Ишенби колхоздо шофер болуп эмгектенген. 23 небереси бар.

## Мукашева Роза



1939 -жылы 22-мартта туулган. 1960-жылы турмушка чыккан ."Баатыр эне" орденин 1982-жылы алган. 10 баланын энеси - 7 кыз, 3 эркек.

Жолдошу Асылбеков Токтосун менен бирге 30 жыл жылкы, кой багып колхоздун эмгек каармандары. Азыр бактылуу эне-пенсионер. 32 неберенин, 4 чөбүрөнүн чоң энеси.

## Ормукова Шарипа



1930-жылы туулган. 1948-жылы 5-январда турмушка чыккан. "Баатыр эне" орденин 1976-жылы алган. 10 баланын энеси. 7 кыз, 3 эркек. Жолдошу Ормуков Асанкан көп жылдар бою колхоздо дан азыктары боюнча склад башчысы болуп үзүрлүү эмгектенген.

26 небереси, 4 чөбүрөсү бар.




## Дүйшеева Жеңишкан

1955-жылы 6-июнда туулган.1973-жылы турмушка чыккан. "Баатыр эне" орденин 2003-жылы алган. 10 баланын энеси. 5 уул, 5 кыз. Жолдошу Дүйшеев Өмүрбай колхоздо көп жылдар бою тракторист, малчы болуп эмгектенген. 10 небереси бар.



**Абдылдаева Батипа**

1936-жылы туулган. 1950-жылы турмушка чыккан. «Баатыр эне» орденин 1973-жылы алган. 13 баланын энеси. 9 кыз, 4 эркек. Жолдошу Молдожиев Ишенбай колхоздо суу техниги болуп көп жылы эмгектенген.



**Дүйшөбекова Гүлжан**

1959-жылы 22-августта туулган. 1978-жылы 18-декабрда турмушка чыккан. "Баатыр эне" орденин 2009-жылы алган. 8 баланын энеси. 3 уул, 5 кыз.

Жолдошу Дүйшөбеков Догдурбай дыйкан чарбада эмгектенген. 6 небереси бар.

## ӨМҮР БИЗДИ ЭРТЕ ТАШТАП КЕТПЕСЕ...

Эй, тирүүлүк, тирүүлүк!
Неге кыска сенин таттуу сапарың?!
Кемитти го өлүм деген балээси,
Канчалаган кырчын жаштар катарын.

Айылда чогуу ойноп, чогуу өскөн теңтуштарым бир топ эле. Бала чак өзүнчө эле жыргал мезгил болот эмеспи. Арабыз 2-3 жашка улуу болсо деле чогуу жүрүп оюнубуз канбай, талаадан апийим отошуп, тилип, кесип, жүгөрү, кызылчага барып, жумуш менен күнүбүз алпурушуп өтчү эле.

Бош убактыбыз болсо көлгө араба же машина менен барар элек, болбосо айыл четиндеги чоң Сай-Арык деген суубузга чөмүлүп, четиндеги кумга нактанып, суу чачышып, кумдан мунараларды куруп чер жазчубуз.

Кийин 11-классты аяктап баарыбыз туш-тушка тарап, бирөөбүз окууга өтүп, бирөөсү колхоз иши менен алек болуп үй-бүлө күтүп турмуш жолубуз ар башкача жагдайга туш келип калат тура. Бирок турмушта биз ойлобогондой капилет кырсыктар, оору-сыркоо, жоготуу болорун эч кимибиз аңдап билбейт турбайбызбы. Ар бир адамдын башына келе турган тагдырдын өкүмү эртеби кечпи келе турган нерсе тура. "Ажал айтып келбейт" деген акылман сөз бар элде. Эртеби-кечпи, ар кимге өлүм парз. Аны моюнга албаган адам жок, бирок пендечилик кылып, өлбөс окшоп жүрө берет турбайбызбы.

Бирге өсүп, бирге жүргөн теңтуштарымды эстебей кое албайм, алардын элестери дайыма жүрөгүмдө, бир гана нерсеге кейийм, булар тирүү болсо, эл жүгүн аркалаган мыкты атуулдардан болуп, бала-чакасы менен дөөлөттүү карылыкты көрбөйт беле деп.



**Кененбаев Акун**

1946-жылы Кытай айылында туулган. Орто мектепти Каракол шаарындагы Т.Сатылганов атындагы мектеп-интернатынан аяктаган. Ал математика сабагын эң жакшы өздөштүргөн, бүтүрүү экзаменинде ГОРононун чечими боюнча математика сабагынан экзаменден бошотулган. Кытай айылынын алгачкыларынан болуп алыс-

кы Россиянын Санкт-Петербург шаарынан так механика Институтун ийгиликтүү аяктап инженер-механик деген кесипти алып чыккан.

Ал Караколдогу электротехникалык заводдо, ИПЭСте инженер болуп эмгектенген.

Бишкекте Чүй механикалаштырылган колоннада инженер - энергетик болуп көп жылы үзүрлүү эмгектенген. Катуу оорудан 53-жашында каза болгон.

### Өмүрлүк жолдошу Исаева Зоя



Зоя 1950-жылы Балтабай айылында туулган. Бишкектен Медициналык институтту аяктап, Караколдо, андан кийин Бишкек шаарында гинеколог-врач болуп көп жылы эмгектенген. Кабагым-кашым дебеген, жайдары, жүзүнөн жылмаюу кетпеген, жароокер, асыл инсан катары элибиздин эсинен эч убакта кетпейт.

Акун менен Зоя бир уул, 2 кыздын сүйүктүү ата-энеси эле.

1996-жылы Зоя операциядан кийин 46 жашында каза болгон.

Азыркы учурда 4 небереси бар. Кызы Чолпон энесинин жолун жолдогон врач. Уулу Тилек атасындай энергетик кесибин аркалашып, турмуштан түз жолдорун таап жашап келе жатышат.

### Мамаев Имангазы



1946-жылы 20-апрелде Кытай айылында туулган. Айылдык мектепти аяктагандан кийин Ленинград шаарынан политехникалык институттан окуп, инженер-архитектор кесибин алып чыгат да, Бишкекте шаардык архитектурада эмгектене баштайт. 1971-жылы Ысык-Көл областык архитектурада эмгектенди, 1978-жылы Бишкектеги Республикалык проект институтунда иштеп жүрдү. 1994-жылы ден

соолугуна байланыштуу инвалиддик пенсияга чыккан. Уулу Баглан да атасынын жолун жолдоп политехникалык институтту аяктап, азыркы мезгилде "Сорос Фонддо" координатор болуп эмгектенет. Азыркы учурда эки баланын атасы.



### Үсөнов Мелис

1947-жылы Кытай айылында туулган. Орто мектепти аяктагандан кийин 1966-жылы Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. Армиядан соң колхоздо механизатор болуп эмгектенген. 1970-жылдан баштап 1974-жылга чейин колхоздо мал чарбачылыгында уй ферма, жылкы ферма болуп үзүрлүү эмгектенген.Шайыр мүнөзү, адамгерчилиги менен элге белгилүү болуп сый-урматка жетишкен .

КПССтин мүчөсү.

Республикалык жаш механизаторлорунун I-слётунда Ардак Грамотага татыктуу болгон.

1971-жылы 23-апрелде СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен "За трудовую доблесть" медалы менен сыйланган. СССР Жогорку Советинин Президиумунун секретары М: Георгадзе. №93 1896

Мелис узун бойлуу, ак көңүл, эл оозуна алынган, барпалактаган асыл адам эле. 1974-жылы 27 жаш гүлгүндөй курагында оорудан каза тапты. Өмүрлүк жубайы Батмакан 2 уул, 1 кызды тарбиялап неберелеринин чоң энеси болуу менен урмат-сыйдын үстүндө.




### Мамбеткулов Толукбек Турдукеевич

Толукбек 1949-жылы 6-августта Кытай айылында туулган. Орто мектепти Балтабай айылынан окуп, 1965-жылы Бишкектеги № 5 мектеп - гимназиядан окуусун улантып колуна аттестат алган.

Бишкектеги Ленин заводунда слесарь болуп иштеген. 1969-71-жылдары Совет-

тик Армиянын катарында Владивосток шаарында кызмат өтөгөн. 1972-77-жылдары Кыргыз Улуттук университетинде тарых факультетин аяктаган. 1977-82-жылдары ЦК ДОСААФта улук инструктор болуп иштеген. 1982-1994-жылдары ДОСААФта Ысык-Көл областы боюнча председатель, 1994-2001- жылы Ысык-Көл областы боюнча нефтебазанын начальниги болуп эмгектенген. Эки уул, эки кыздын атасы. Уулу Медербек, Азамат. Кызы Жылдыз Балыкчы мэриясында социалдык бөлүмдүн башчысы. Кызы Чолпон Кыргызстан АКБ Банкында бухгалтер. Толукбек 2001-жылы оорудан каза болгон. Жубайы Нургул Балыкчы шаарында уул-кыздары жана неберелери менен жашап турушат .

**Сабыров Кубанычбек**



Кубан 1946-жылы 26-февралда Кытай айылында туулган. Алгачкы 4 жылдык билимди айылдын мектебинен окуп, 1965-жылы Каракол шаарындагы мектеп-интернаттан 8-классты бүтүргөн. Ошол эле жылы Фрунзе шаарындагы көркөм сүрөт окуу жайына тапшырып, 1969-жылы Ленинград шаарындагы Репин атындагы театралдык-көркөм сүрөт окуу жайында 2 жыл окуган. 1971-жылы Ленинграддагы Л.Мухина атындагы жогорку прикладдык көркөм-сүрөт окуу жайынын керамика бөлүмүн 1976-жылы бүтүргөн.

1977-жылы Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзуна мүчө болгон.

1978-1980-жылдары Фрунзе шаарындагы көркөм-сүрөт окуу жайында мугалим болуп иштеген.

1981-2001-жылга чейин 20 жыл Бишкек шаарындагы Опера-балет театрында сүрөтчү болуп эмгектенип келген.Ой жүгүртүүсү терең, ары маданияттуу, ары билимдүү жаштардан эле.

2001-жылы октябрь айында 55 жаш курагында катуу оорудан каза тапкан.



## Текебаев
## Турусбек Сабырович

Турусбек 1949-жылы 28-ноябрда Кытай айылында туулган. Айылдагы мектептин 4-классын бүтүрүп, 5-класстан баштап 10-класска чейин Кызыл-Дыйкан орто мектебинен билим алган. 1968-жылы Фрунзе шаарында өзгөчө конструктордук бюродо мастер-жөндөгүч болуп иштеген. 1970-жылы Фрунзедеги Политехникалык институтунун кечки бөлүмүнөн окуп, күндүзү Кыргыз ССР байланыш капиталдык-курулуш бөлүмүндө жөнөкөй мастерликтен жогорку инженерликке чейин көтөрүлгөн. 1975-жылдын 25-апрелинде жол кырсыгынан 26 жаш курагында каза болгон. Турус өтө ак көңүл, кичи пейил, досторунун арасында кадыр-барктуу, билимдүү, жайдары, сүйлөгөн сөзү орундуу, маданияттуу адам катары эсибизде калды."Адам болор кишинин - адам менен иши бар" - деп көп айтаар эле. Достор арасында анын калыстыгы, адамдык пейили жогору эле. Бирок, үйлөнүүгө да үлгүрбөй, артында туяк калбай кеткенине чоң өкүнүчтөбүз.

## Мамбеткулов Болотбек



Болот 1951-жылы 14-майда Кытай айылында туулган. Ал 1965-жылы Жети-Өгүз районундагы Алкым айылында Кызыл-Дыйкан орто мектебинин 8-классын ийгиликтүү бүтүрүп,Фрунзе шаарындагы №5-мектебинин кечки окуу бөлүмүнөн окуп, күндүзү Фрунзе атындагы машина чогултуучу заводдо иштеп орто билимге ээ болгон. 1969-жылы Кыргыз Мамлекеттик университетине кирип, 1973-жылы товароведение жана өнөр жай товарларын сатууну уюштуруудагы жогорку квалифи-

кациялуу товаровед адистигине ээ болгон. 1973-1977-жылдары Советтик Армиянын катарында кадрдык офицер болуп, Фрунзе гарнизонунда кызмат өтөгөн да, ошол эле жылы Кыргыз керек-жарак союзунда инструктор кызматында иштеп, 1978-жылы Ысык-Көл областынын керек-жарак союзунун райондор аралык базасына директордун орун басары, директору болуп иштеген. 1981-1988-жылдары Ысык-Көл областынын керек-жарак башкармасынын биринчи орун басары болуп бекитилген. Иш билгичтиги,чоң-чоң жетишкендиктерге ээ болгондугуна байланыштуу 1988-жылы Кыргыз Республикасынын керек-жарак союзунун башкармасынын 1-орун басары болуп дайындалган. 1993-жылы Кыргыз Республикасынын тышкы соода катнашы боюнча башкы директорлукка бекитилген. Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган Мамлекеттик деңгээлдеги коомдук иштерге активдүү катышкан. "Мир" телекөрсөтүүсүнүн директорлор кеңешинин төрагасы болуп иштеген. 1980-жылдан баштап КПССтин мүчөсү. 1999- жылы май айында жүрөк оорусунан каза болгон.



**Балкыбеков Өмүркан**

Өмүркан 1946-жылы 5-сентябрда Кытай айылында туулган. 1955-жылы Кытай айылынан башталгыч мектептен окуп, андан кийин Саруу айылындагы мектеп-интернаттан 1965-жылы 11-классты аяктаган. 1966-жылы армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1970-жылдан баштап Сары-Жаздагы геологиялык чалгындоо отрядында өткөөлчү болуп өмүрүнүн акырына чейин иштеген. 1991-жылы катуу оорудан каза болгон. Жубайы Калича пенсия курагында болсо да соода тармагында эмгектенип, тогуз неберенин чоң энеси катары эли менен бирге жашоолорун өткөрүүдө.

## Барманбетов Алмабек



Алмабек 1950-жылы Кытай айылында туулган. Башталгыч мектепти 4-класска чейин Кытай айылынан бүтүргөн. Балтабай айылынан 10 жылдык билимге ээ болуп, 1973-жылы Фрунзедеги политехникалык институтунун механика факультетин бүтүргөн. 1974-жылдан баштап Каракол шаарындагы жүргүнчүлөрдү ташуучу автобазада механик жана колоннанын башчысы болуп, жети жыл үзгүлтүксүз иштеген. 1981-жылы жол кырсыгынан каза болгон. Жубайы Калича кесиби - педагог. Бир уул, төрт кыздын энеси. Уулу Алтынбек Каракол шаарындагы кыргыз армиясынын чек ара бөлүгүндө офицер болуп иштейт. Алмабек өткүр, шайдоот, ишин мыкты билген, билимдүү, маданияттуу адам катары элибиздин жүрөгүндө калды.

## Искакбеков Карыбай



Карыбай 1947-жылы Кытай айылында туулган. Айылдык мектептен 7-классты аяктаган. Биздин айылдын чабандары Шаршалы, Казак абаларга жардамчы болуп Ак-Шыйрак сыртында көп жылы кой багышып эмгектенген. Кийинчерээк айылдын үй бадасын кайтарып ат үстүнөн түшкөн жок. Бадага уйларды эрте чыгарып, жакшы тоюндуруп эл алкышына ээ болуп жүрдү. Өзү ак көңүл, бажактаган, мал жагына берилип иштеген, чыдамдуу, сабырдуу, шамдагай, ала көөдөн жагы бар эле. Азыркы учурда уулу Руслан эки балалуу, ал эми кызы Света энеси Рапия менен бирге жакшы жашоолорун өткөрүшүүдө.

Демек, биз, тирүүлөр, турмуштун ар кандай оош-кыйыштарына чыдап сабыр кылуубуз керек. Турмушта нелер гана кездешпейт, кандай гана оор жоготуулар болбойт.

Эч качан кыйынчылык көпкө чейин созулуп тура бербейт ...Кыйынчылык бир белгилүү мөөнөт болот , андан кийин жеңилдик келет.

Пайгамбарыбыз: "Миңди жыккан күчтүү эмес, өзүн-өзү кармай алган күчтүү" - деген экен. Демек, бул дүйнөдөн эрте өтүп кеткен досторумдун топурагы торко, жаны жанатта болсун деп гана тилеймин.

Ал эми ушул кезге чейин жакшы саламыбыз менен, жакшы ак-тилек ой-максатыбызды чогуу чечишип, чайлашып жүргөн досторум менен сыймыктанам.

Мисалы, Төлөбек Көчөрбаев жөнөкөй шоферлук кесибинин аркасы менен өзү иштеген Каракол автобазасынан алкыштарга, шаардык кеңешке 3 жолу депутаттыкка шайланып, "Эмгек даңкы" ордени менен сыйланып, Кумтөрдүн төрүнө чейин из салып, жемиштүү иштеп азыр аяшым Атыркүл экөө чоң ата, чоң эне болуп дөөлөттүү карылыктын төрүндө .

Айылда мал кармап, жер иштетип өз турмуштарына тың жүргөн Кадыркул, Темирбек, Сатинди, Зарылык, Жеңишбек, Асангазы досторумду өзгөчө жактырам, баалайм, агарып көгөрүп, ак эмгегинен баар таап, урмат-сый көрүшүн тилейм.

Врач болуп, дарт изилдеп, дабаасын таап, күн-түн эмне экенин билбей иштеген ак халатчан Асанбай досумдун чыйрак аракетине көңүлүм көктөйт. Бар болгула досторум!

## ДЫЙКАН ЧАРБАЛАРЫН ТҮЗҮҮ

"Достук" ассоциациасынын базасында Кытай айылында дыйкан чарбаларын түзүү жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 1994-жылдык 22-февралындагы жер жана агрардык реформаларын тереңдетүү боюнча чаралар жөнүндөгү Указын Кыргыз Өкмөтүнүн 1994-жылы 25-мартындагы №148 "Жер жана агрардык реформаны тереңдетүү боюнча биринчи иреттеги милдеттер" деген токтомуна ылайык, мурунку "Достук" ассоциациясынын базасында жер үлүшү, негизги каражаттарды берүү менен дыйкан чарбалары түзүлдү.

Кыргыз Республикасынын "Дыйкан чарбасы" жөнүндөгү мыйзамына ылайык уюштурулган Кытай айылы боюнча 16 дыйкан чарбасы 450,4 га айдоо жери 49 жылга берилүү менен бекитилип, Уставы каттоодон өткөрүлдү.

"Кочкорбай" дыйкан чарбасына 35 адамга 28,0 га жер берилип, жетекчиси Дыйканбаев Турдубек бекитилди.

### Депутат ким?

Депутат - бул элдин урматтап сыйлаган уулдары жана кыздары.

Эл өзүнүн депутатына ишенет жана аларды элдин талабына камкордук кылган ак ниеттүү инсандар деп түшүнөт.

Мына ошондуктан мындай депутаттардын элдин арасында авторитети чоң болот.

Демек, депутат элдин жана мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн кызмат кылган чоң ишенимге ээ болгон жана ушул асыл милдетти ыйык туткан адам катары таанылышы да бекеринен эмес.

### Айылдык кеңештин төрагасы

Жер-жерлерде тартип жана адамдардын бейкуттугу камсыз кылынган болсо, өлкөдө да бардыгы жайында болот эмеспи. Мен да өзүмдүн педагогдук кесибиме шайкеш 1980-жылдан 1994-жылга чейин Түп районундагы Талды-Суу айылдык кеңешине депутат болуп шайланып келгем.

Ал эми 1995-жылдан бүгүнкү күнгө чейин Ырдык айылдык кеңешинин депутаты болуу менен бирге 2008-жылдын октябрынан бери Ырдык айылдык кеңешинин төрагасы болуп иштөөдөмүн.

Айылдык округдун аймагындагы элдин көйгөйлүү маселелерин чечүүдө айылдык кеңештин сессиясына коюу менен депутаттык корпустун активдүү иштешине багыт берүүдөбүз.

**1) Ырдык айылдык кеңешинин Айыл өкмөтүнүн паспорту.**



**Кулдаев Темирбек Шекенович,**
**Ырдык айыл өкмөтүнүн башчысы**

Туулган жылы - 1964
Улуту - кыргыз
Билими - жогорку-агроном.



**Дыйканбаев Турдубек Шерипович,**
**Ырдык айылдык кеңешинин төрагасы**

Туулган жылы - 1948
Улуту - кыргыз
Билими - жогорку-педагог.

**Айыл өкмөтүнүн жалпы аянты 21575 км. кв.**

| | |
|---|---|
| Жер фонду | 10630 га. |
| Жайыт жери | 6071 г. |
| Айдоо жери | 10630 га. |
| Сугат жери | 3746 га. |
| Кайрак жери | 337 га. |
| Бак | 17 га. |
| Анын ичинен: | |
| - айдоо жери | 354 |
| - кайрак жери | 46 |

*Кайра бөлүштүрүү фондусундагы бардык жер 400га.*

**Калктын социалдык катмары:**

| | |
|---|---|
| **1. Калктын саны** | 6579 |
| Анын ичинен: | |
| - аялдар | 3208 |
| - эркектер | 3450 |
| **2. Түтүндүн саны** | 1459 |
| Анын ичинен: | |
| - эмгекке жарактуулар | 3616 |
| - студенттер | 563 |
| - Билим берүү - маданият тармагында | 159 |
| - ден соолукту коргоо, соц камсыздоо тармагында | 18 |
| - соода тармагында ж.б. тармакта | |
| - жумушсуздар | |
| - Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары | 4. |
| - Улуу Ата Мекендик согуштун майыптары - | 1. |
| *- Согуштан кайтып келгендердин жесирлери -* | 14. |
| - Тылда иштегендер | 24 |
| - Афган окуясына катышкандар | 10 |
| - Чернобылда кызмат өтөгөндөр | 1 |
| - Жалгыз бой карыялар | 27 |
| - КОС и КОК | 16 |
| - көп балалуулар | 63 |

| | |
|---|---|
| - Баатыр энелер | 35 |
| - тоголок жетимдер | 10 |
| - жарты жетимдер | 60 |
| - 80 жаштан жогорку карыялар | 51 |
| - 16 жашка чейинки майып балдар | 20 |
| - 16 жаштан жогорку курактагы майыптар | 76 |
| Социалдык колдоо алгандар | 43 |
| Жалпы пенсия алгандар | 720 |
| Соц.пенсия алуучулар | 127 |
| Пособие алуучулар | 127 |
| Жалпы льготниктер | 49 |

**Мекемелердин саны:**

| | |
|---|---|
| - Орто мектеп | 4 |
| - башталгыч мектеп | 1 |
| - клуб | 5 |
| - китепкана | 5 |
| - почта | 3 |
| - АТС | 2 |
| - аптека | 1 |
| - менчик сода түйүндөрү | 22 |
| - информациялык борбор | 4 |

**Кичи ишканалардын саны:**

| | |
|---|---|
| Тегирмен | 1 |
| Май чыгаруучу цех | 1 |
| Жыгач иштетүүчү цех | 1 |
| Темир иштетүүчү цех | 4 |
| МКБ | 2 |
| Ветаптека | 1 |

**Техникалардын саны:**

| | |
|---|---|
| Жеңил автомашина | 296 |
| Жүк ташуучу автомашина | 327 |
| Мотоцикл | 21 |
| Айыл чарба техникалары | 134 |



**Ыпыев Керимбек**

**Райондук кеңештин депутаты**

Биздин Ырдык айыл округунан Жети-Өгүз райондук кеңешине депутаттыкка Балтабай айылынын кулуну Ыпыев Керимбек Үсөнович А.Арстакеев атындагы мектепте мугалим, завуч, директорлук милдеттерди аткаруу менен айылдын жана райондук кеңештердин депутаты болуп үзүрлүү эмгек өтөөдө.

Ал жаштар уюмунун кеңешчиси, насаатчысы, сергек жашоо образын калыптандыруучу активист, Кыргыз Республикасынын дене тарбия жана спорт иштеринин отличниги, Билим берүүнүн отличниги, мыкты куруучу директор жана көптөгөн медалдар менен сыйланган белгилүү инсандарыбыздын бири.



**Муканбетов Талант**

Экинчи депутатыбыз Кытай айылынын жараны Муканбетов Талант Саткынович. Бул жигитибиз да Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университетинин юриспруденция факультетин ийгиликтүү аяктоо менен көп жылдар бою районубуздун ички иштер бөлүмүндө кызмат өтөп милициянын капитаны, эл үчүн, мекен үчүн иштеген районубуздун белдүү жигиттеринен.

## Айылдык кеңештин депутаттарынын тизмеси

| № | Ф.А. | Туулган жылы | Жашаган жери | Улуту | Билими | Партияга мүчөлүгү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Джелязов Абдрахман Адылжанович | 1961 | Ырдык | дунган | орто | Партияда жок |
| 2 | Исламбакиев Ринат Убайдуллаевич | 1961 | Ырдык | дунган | орто | Партияда жок |
| 3 | Исмаев Хамид Юсупович | 1963 | Ырдык | дунган | жогорку | Партияда жок |
| 4 | Сбазиев Рахим Абдразманович | 1960 | Ырдык | дунган | орто | "Ак жол " элдик партиясынын мүчөсү |
| 5 | Келгенбаев Темирбек Асанович | 1960 | Ырдык | казак | орто | Партияда жок |
| 6 | Ошурбакиев Камильжан Нурахунович | 1969 | Ырдык | уйгур | орто | Партияда жок |
| 7 | Эсенгелдиев Жылдызбек Мааткеримович | 1964 | Конкино | кыргыз | Жогорку | Партияда жок |
| 8 | Иргебаев Анарбек Байчороевич | 1980 | Балтабай | кыргыз | Жогорку | "Ак жол " элдик партиясынын мүчөсү |
| 9 | Байдөлөтов Самарбек Асанович | 1972 | Балтабай | кыргыз | орто | Партияда жок |
| 10 | Асылбеков Чолпонбек Бейшеевич | 1971 | Жон-Булак | кыргыз | Жогорку | Партияда жок |
| 11 | Дайрабаева Сагынгүл Дүрбөлөңовна | 1960 | Жон-Булак | кыргыз | Жогорку | Партияда жок |
| 12 | Дыйканбаев Турдубек Шерипович | 1948 | Кытай | кыргыз | Жогорку | "Ак жол" элдик партиясынын мүчөсү |
| 13 | Дыйканбаева Зейнеп | 1950 | Кытай | кыргыз | Жогорку | "Ак жол " элдик партиясынын мүчөсү |
| 14 | Жакыпбеков Эркинбек Каныбекович | 1987 | Жон-Булак | кыргыз | Жогорку | Партияда жок |
| 15 | Мамбетов Болот Мусаевич | 1955 | Кытай | кыргыз | Жогорку | Партияда жок |

**Жети-Өгүз районунун Ырдык айылдык округунун башчысынын айылдык округдун социалдык экономикалык өнүгүүсүн жогорулатуу, айылдардын инфраструктурасын жакшыртуу максатында 2008-жылы жасаган иштери тууралуу маалымат**

Ырдык айылдык округу Ырдык, Конкино, Балтабай, Жон-Булак жана Кытай бардыгы беш айылдан турат. 2010-жылкы тактоодо айылдык округунун калкы 6658.

Аялдар - 3289, эркектер - 3369.

1445 түтүн бар. Айылдар боюнча айта кетсем: Ырдык айылында - 576 түтүн, Конкино айылында - 132 түтүн, Балтабай айылында - 270 түтүн, Жон-Булак айылында 327 түтүн, Кытай айылында - 140 түтүн.

Жалпы жердин аянты 10630 га.

Мунун ичинен: жайыт жер 6071 га

Жакынкы жайыт 4890 га

Ортоңку жайыт 1181 га.

Айдоо жери 4692 га

Сугат жери 4192 га

Жалпы себилген дан эгини 1735 га

Мунун ичинен күздүк буудай - 269*21 ,4 = 5757 Ц

Жаздык буудай - 894* 18,6 =16679 ц

Арпа - 525*19,0 =

Картошка -1672* 171,5 = 2

Жашылча - 134* 162 = 21708.

Көп жылдык чөп - 1009 га* 48 ,5 = 48936 ц

Кайра бөлүштүрүү фондусунун жери жалпы 331.

Мунун ичинен сугат - 285 га.

Кайрак - 46 га.

Арендага берилген жерлер - 207 га.

Бош калган жерлер - 124 га. (суу жетпеген жерлер).

Жогорудагы көрсөтүлгөн айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүп өндүрүү жана жогорку түшүм алуу же болбосо көп продукция алууга болбойт. Ошондуктан айыл чарба аянттарын агротехникалык эреже менен иштетүү керек. 2008-жылга карата индикативдик пландын аткарылышы: эт - 105%, сүт - 102%, жумуртка - 91%,жүн - 115%, эгин - 93%, картошка - 98%, жашылча өсүмдүктөрү - 109%, мөмө-жемиштер - 81% аткарылды.

Айылдык округ боюнча тракторлордун саны - 102, каз тамандуу трактор - 2, Т- 150 -2, сеялка - 8, комбайн - 7, соко - 70, оор тырмоок - 18, мала - 6.

3 - сервис, 6 айыл чарба кооперативи бар.

**Малдын өсүшү:**

Ири мүйүздүү малдын саны - 2025 тен 2176га өстү.

Кой- эчки - 7321ден - 7565ке өстү.

Жылкы - 110%.

Уй канаттуулары -109%

Ветеринардык эмдөөлөр жүргүзүлүүдө

БСРлер ремонттолду.

Дыйкандарга күйүүчү майлар таратылды.

**Айылдык округ боюнча төмөндөгү социалдык категориялар менен иш алып баруудабыз:**

1. УОВ - Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары - 5.
2. ИОВ - Улуу Ата Мекендик согуштун майыбы - 1.
3. СПВ - согушта курман болгондордун үй-бүлөсү - 1.
4. Согуштан кайтып келгендердин жесирлери -14.
5. ТТ. Тылда иштегендер - 24.
6. ДРА - Афган окуясында - 10.
7. ЧАЭС - Чернобыльда кызмат өтөгөндөр - 1.
8. ИСА - Советтик армиянын майыптары - 2.
9 . Жалгыз бой карылар - 27.
10. КОС и КОК тор -16.
11 . Көп балалуулар - 63 мунун ичинен:
12. Баатыр энелер - 35.
13. Тоголок жетимдер - 10.
14. Жарты жетимдер - 60.
15. 16 жашка чейинки майып балдар - 20.
16. 16 жаштан жогорку майыптар - 76.
17. Туберкулездор - 9.
18. Бруцеллездор - 8.
19. Сахарный диабет - 16.
20. Жалгыз бой энелер - 32.
21. Жалгыз бой аталар - 18.
22. Жери жок жумушсуз катталгандар - 17.
23. Льготниктер - 49.
24. Пособия алуучулар - 127.
25. Пенсия алуучулар - 720.

Жети жашка чейинки балдар - 971.
8-16 - жашка чейинкилер - 1427.
17-65 жашка чейинкилер - 3782.
65-80 жашка чейинкилер - 291.
80 жаштан жогоркулар - 51.
Соц.паспорт толтурулгандар - 432 үй-бүлө.
Жакырчылыктан чыккан үй-бүлө.
Жакырчылыктан чыга элек - 235.
Жакырчылар - 127 түтүн 8,8%.
Орто жакыр 108 түтүн - 74%.
Орто байлар - 91 түтүн - 6,3%.
Эң байлар 51 түтүн - 3,5%.

Жогорудагы аталган калкты социалдык жактан тейлөө, жардамга муктаждарына жардам берүү жана калктын аярлуу катмарына өзгөчө көңүл буруу максатында төмөндөгү иш-чаралар жасалды

- 9-май Жеңиш күнүнө карата мектептерде ачык тарбиялык сабактар уюштурулуп, согуштун ардагерлери менен жолугушуулар өткөрүлдү. 8-май күнү Балтабай айлындагы согушта курман болгон жоокерлерге арналган эстеликтин жанында митинг өткөрүлүп, ошол эле жерге 50 адамга сый тамак уюштурулду. 6 согуштун ардагерине 500 сомдон акчалай жана 300 сомдон калпак белекке берилди. Ошону менен бирге Чернобыль катышуучусуна - 100 сом, Афган окуясынын 10 катышуучусуна 100 сомдон акчалай сыйлыктар берилди. Бул сый тамакка тылда эмгектенгендер дагы чакырылып, сый көрсөтүлүп, райондук соц. коргоо башкармачылыгы тарабынан 350 сомдон акчалай берилди.

Бул иш-чарага айылдык округдан демөөрчүлөр дагы катышып, Телтаева Сонун 6 ардагерге 1000 сом өлчөмүндөгү азык-түлүктөрдү берди. Кытай айылынан демөөрчү Чыныбеков Ниязбек ардагерлерге 2000 сом берди. Жалпы 9-май майрамын уюштуруу үчүн айыл округунан 17500 сом акча каражаты жумшалган. Мындан тышкары сентябрь айында кайрымдуулук акциясы өткөрүлүп акцияга жалпы айылдык округдун жакшы жашаган тургундары активдүү катышты. Айылдык кеңештин 24-чакырылыштын 25-сессиясынын чечиминин негизинде акцияга айылдык округдун бюджетинен 50000 сом акча каражаты каралып, жакыр жашаган адамдарга майда мүйүздүү малдар сатылып берилди. Акцияда жалпы 124 үй-бүлөгө бардыгы 179360сомго жардам берилди. Аларды атай кетсек төмөндөгүлөр:

Эчки - 23 баш.

Кой - 4 баш.

Торпок - 4 баш.

Ун - 56 мешок.

Макорон - 17 мешок.

Буудай - 450 кг.

Окуучуларга форма, кийимдер - 25.

Акциянын жүрүшү концерттик программалардын коштоосунда, "Бай-дан - кедейге" аттуу лозунгалар жана желекчелер тагылып уюшкандык-та өткөрүлдү.Октябрда 80 жаштан жогорку карыяларга сый көрсөтүү максатында окуучулардын атайын концерттик программасынын коштоо-сунда сый тамак уюштурулду жана 54 кары адамга 200 сомдук белек-тер - бардыгы 10800 сомго тапшырылды. Декабрь айында майыптар күнүн өткөрүүгө дагы атайын иш-чара түзүлүп, айыл округунун аймагында майыптыгы мүмкүнчүлүгү чектелген 16 жашка чейинки 20 балага айыл өкмөтү тарабынан жалпы 3500 сомго, ар бир балага 175 сомдон эсепте-линген белектер берилди. Ошондой эле ата-энеси - балдары бүт үй-бүлөсү менен майып 4 үй-бүлөгө 50 кг дан ун жеткирилип берилди. Мындан тышкары айылдык округдун инфраструктурасын жакшыртуу максатында ички жана тышкы инвестициялар тартылып, проекттер ме-нен иштөө дагы унутта калган жок. Мисалга алсак: Конкино айылына стим грант менен 376,0 сомго башталып, областтык мамлекеттик ад-минстрациясынан, райондук мамлекеттик админстрациясынан жана айыл өкмөтүнүн бюджетинен акча каражаттары бөлүнүп, бардыгы 4639,0 со-мго мектеп салынууда. Кытай айылындагы "Т.Сатылганов" орто мекте-бине айылдык билим берүү долбооруна проект жазылып, жалпы - 96,3 сомго мебель жана 132,3 сомго компьютер сатылып келинди. Жон-Бу-лак айылындагы "А.Курманбеков" орто мектебине айылдык билим берүү долбооруна прект жазылып, жалпы - 194,9 сомго компьютер алынып келди. Ырдык айылындагы "Юсуф-Хазрет" орто мектебине дагы айыл-дык билим берүү долбооруна проект жазылып, жалпы - 247,8 сомго ком-пютерлер сатылып алынды. Жалпы АРИС программасы аркылуу 2450,0 миң сом инвестиция тартылып келген. Алардын ичинен: Кытай айылы-нын мектебинин ашканасына АРИС программасы аркылуу жалпы - 224,8 сомго оборудованиелер алынды. Кытай айылындагы ФАПка АРИС про-граммасынын жардамы менен жалпы - 92,8 сомго оборудованиелер алынды. Балтабай айылындагы "А.Арстакеев" орто мектебине АРИС программасы аркылуу жалпы - 407,2 сомго мебель сатылып алынды.

Ошондой эле мектептин ашканасына дагы АРИС программасы менен жалпы суммасы - 324,6 сомго оборудование алынды. Жон-Булак айылындагы "А.Курманбеков" орто мектебинин чатыры АРИС программасы проект жазуу менен 445,7 сомго алмаштырылды. Ошондой эле мектептин ашканасына дагы толугу менен 185,4 сомго оборудование алынды. Жон-Булак айылынын маданият үйүнө АРИС программасынын жардамы менен жалпы суммасы - 139,2 сомго музыкалык аппаратуралар сатылып берилди. Жон-Булак айылынын Кайырма каналы толугу менен АРИС программасына проект жазуу менен жалпы 494,5 сомго оңдолду. Ырдык айылындагы "Юсуф-Хазрет" орто мектебинин чатыры АРИС программасы менен жалпы 603,1 сомго жабылды жана аталган мектептин актовый залы 383,7 сомго жасалды Конкино айылынын башталгыч мектебинин ашканасы дагы АРИС программасынын жардамы менен 90,0 сомго оборудование алынды. Мындан тышкары 4 ФАПка "Манас таалими" проектиси аркылуу 420,0 сомго медициналык инвентарлар сатылып берилди.

**2009-жылдын 4 айында жасалган иштер тууралуу маалымат:**

- Айыл өкмөтүндө эл жана турак жай фондусун каттоо жүргүзүлүп, райондук статистика комитетине отчету берилди.

15-февралда Афган Республикасынан Советтик жоокерлердин 20 жылдыгын белгилөөгө айыл округунун Афган окуясынын катышуучуларына 5000 сом акча каражаты материалдык жардам катары берилди.

- Жон-Булак айылынын А.Курманбеков орто мектебин ремонттоо жана залын жасалгалоо үчүн 25,0 миң сом акча каражаты бөлүнүп берилди.

Конкино айылындагы мектептин курулушун аяктоого РМА тарабынан 1,5 млн сом акча каражаты бөлүнүп берилип, май айынын аягында эксплуатацияга берүү үчүн камылгалар көрүлүп жатат.

- 23-февраль Советтик аскерлердин күнү, 8-март эл аралык аялдардын майрамы, 21-мартта "Нооруз" майрамдары салтанаттуу өткөрүлдү.

- Айылдык округда көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана санитардык тазалоо боюнча эки айлык жарыяланып, бардык калктуу конуштар социалдык объектилердин тегереги тазаланып, ирээтке келтирилди. 3000 түп терек, 50 түп сосна, 50 түп кайың,100 түп роза,1800 түп мөмө- жемиш - бактары отургузулду.15 км каналдар, 32 км ички арыктар тазаланды.

- Балтабай айылындагы бала бакчанын имаратын капиталдык ремонттоо үчүн стим. гранттан 1950,0 миң сомго проект түзүлүп даярдалды.

- Ырдык айылынын мектебинин имаратын капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн 2,5 млн. сомго проектиси түзүлүп даярдалды.

- Ырдык айылына жаңы мектеп салуу үчүн 270,0 миң сомго сметасы түзүлүп, 26 млн.сомго мектеп салууга республикалык бюджетке сунуш берилди.

- Жон-Булак айылындагы дамбанын курулушуна МЧС тарабынан 2404,0 миң сом акча каражаты бөлүнүп, дамбаны куруу иштери жүрүп жатат.

**Ырдык айылдык кеңештин төрагасы Т.Дыйканбаев.**
**Ырдык айылдык округунун башчысы Т.Кулдаев.**
**Ырдык айылдык кеңешинин төрагасы Т.Дыйканбаев.**
**Жер адиси М.Асанбаев.**
**Экономист статист А.Искаков.**
**Ырдык айылынын айыл башчысы Щ.Мафкуев.**
**Конкино айылынын айыл башчысы М.Ордобаев.**
**Балтабай айылынын айыл башчысы С.Давлеткелдиев.**
**Жон-Булак айылынын айыл башчысы Б.Аракеев.**
**Кытай айылынын айыл башчысы И.Искаков.**





Иманалиев
Муканбет

Муканбетов
Саткын





Абдракматов
Саякбай

Чыныбеков
Быйтыман



Текебаева
Жумакан



Ормукова
Гүлсайра



Шыйкымбаев
Садип



Иманалиев
Алымсейит




Текебаев Уркадыр



Дыйканбаев Токтомуш




Төлөбек Көчөрбаев



Асанбаева
Гүлзат



Калыбеков
Шарше



Ырдык айылдык кеңешинин
депутаттары



Талас Манас ордо досторум



Досторубуз



Курсташым Ишенгүл Болжурова
(Мурдагы билим жана маданият министри)



Досум Кубан менен
Аайнура



Курманиязова
Жибек



Иманбекова
Манат



Султаналиева
Жыпар



Кызылжарова
Батиза



Коңурбаева
Гүлбүбү



Кененбаев
Бектемир



Кулбараков Шамырат,
Карасартова Укай

*Кыргыз Республикасынын билим жана маданият министрлиги*



# ТЕКЕБАЕВ ТУРУСБЕК АТЫНДАГЫ СЫЙЛЫК

**ЖОГОРКУ ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ДЕНГЭЭЛИ ЖАНА УЮШТУРУУЧУЛУГУ УЧУН**

*Жети Огуз районундагы Кытай айылынын Токтогул атындагы орто мектебинин 9 -классынын окуучусу*
*[illegible]* берилет

Кытай айылы
25.05.2005-ж

Сыйлык ыйгаруучу /Сабыров. Б
Мектеп директору /Дыйканбаев.Т.



*Токтогул Сатылганов атындагы орто мектебинин 2006-2007 окуу жылынын жыйынтыгы жана педагогикалык кеңештин чечими менен*

_____ *жогорку мыкты мугалими*


*Темиров Жаныбек*

*"Чыныбеков Бактыгман" атындагы Стипендия менен*

*СЫЙЛАНАТ*

Чыныбековдор

Кыргыз Республикасынын билим жана маданият министрлиги



# КЕНЕНБАЕВ АКУН АТЫНДАГЫ СЫЙЛЫК

ЖОГОРКУ ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ДЕНГЭЭЛИ ЖАНА УОШТУРУУЧУЛУГУ ҮЧҮН

*Жети-Өгүз районундагы Кытай айылынын Токтогул атындагы*
*орто мектебинин 11-классынын окуучусу*
*Чыныбеков Максат* сыйланат.

Кытай айылы
25.05.2005-ж

Сыйлык ыйгаруучу: Кененбаев Н
Мектеп директору : Дыйканбаев Т

## *Өлгөндөр даңкталбай, тирүүлөр баркталбайт*

## Асаналиев Асанакун



Жыл сайын 1-октябрь "Карыларды колдоо күнү" болуп, аларга сый-урмат тартуулап, көңүлдөрүн көтөрүп, жакшы ийги сөздөрүбүздү ыроолойбуз.

Быйылкы 2010-жылдын 1-октябры биздин айылдын эли үчүн салтанаттуу күн болуп калды. Мындай салтанатты уюштурган өзүбүздүн айылдын кулуну Ысык-Көл областынын сот департаментинин башчысы Асаналиев Жолдош Асанакуновичтин демилгеси менен өзүнүн атасы, Улуу Ата-Мекендик Согуштун катышуучусу, эмгек ардагери Асаналиев Асанакундун жаркын элесине арналган футбол боюнча 8 айылдын жаш спортсмендери областтык масштабда турнир өткөрүштү.

Асанакун атабыз көзү тирүүсүндө эле айылыбызга келип социалдык жардамга муктаж үй-бүлөлөргө кийим-кече, тамак-аш, окуучуларга окуу куралдарынан берип дайыма айылдын элин ыраазычылыкка бөлөп кетүүчү.

Спортсмендерге эң жакшы сапаттагы футбол тобун, дипломдор жана кубокту Кыргыз Республикасынын Федерация футболу боюнча Генеральный секретары Джетибаев Нуртазим Алымкулович белекке берип жибергени кубантты. Бул турнирди жылда өткөрүп туруу жагын Асанакун атанын уулу Жолдош, кыздары Жылдыз, Кундуз, күйөө баласы Ибраев Уландар белгилеп кетишти. Оюндун жүрүшүнө биринчи орунга 3 миң сом, кубок жана диплом: Экинчи орунга 2 миң сом, диплом, үчүнчү орунга 1 миң сом, диплом ыйгарылып, элдин алкышына татыктуу болуп, атадан артык уул экенине айыл эли ыраазычылык батасын беришти. Асанакун атанын азыркы убакта 8 небереси бар.

Мына ушундай турнирлер биздин айылда дайыма өтүп турат. Себеби, айылыбыздын азамат жигиттери Абдрахматов Аскар, Дыйканбаев Кубан, Муканбетов Марат, Мамбетов Таштан өздөрүнүн классташы - ырга, спортко ышкыбоз Асылбеков Адылбайдын жаркын элесине арналган футбол оюнун бир туугандары менен бирге өткөрүп жүрүшөт.

Мындан тышкары айылыбыздын маданият үйүнө Мамбетов Кылычбектин ысымы 2004-жылы ыйгарылган. Кылыч да кесиби мугалим болгондуктан көп жылы маданият үйүндө үзүрлүү эмгектенип, ыр-бийге жөндөмдүү адам эле. Бирок, шум ажал отуз төрт жашында арабыздан алып кеткени бизди өкүндүрөт. Кылычтын каза болгон күнүндө үй-бүлөсү, бир-туугандары волейбол боюнча спорттук мелдештерди өткөрүп, арбагына куран окуп турушат. Ошондуктан, өлгөндөр даңкталбай, тирүүлөр барктaлбайт деп айтышат тура. Алардын арбактары ыраазы болсун!

## Керимбаев Шаршен



Кытай айылынын эң алгачкы окумуштуу адамы, тарых илимдеринин кандидаты, профессор.

Шаршен аба 1-2 классты 8 жашында Липенка айылынан окуп, 10 жашында Ленинградда Ваганова атындагы хореографиялык окуу жайында окуп, 4 жыл Ленинградда билим алат. 15 жашы согуш мезгилине туш келип, Кеминдеги Актүз кен иштетүүчү ири ишканада иштейт. 16 жашында Кытай, Алкым, Жон-Булак, Ичке-Булуң, Кеңеш айылдарында айылдык кеңештин төрагасы болуп иштейт.

18-19 жашында Кыргыз Мамлекеттик Опера жана балет театрында балет артисти болуп, 20 жашында Ташкентке киноактерлордун мектебине кирет. 21 жашында КПнын катарына өтүп, 2 жылдык партиялык окууга өтөт. Андан "Кызыл Кыргызстан" газетасынын бөлүм башчылыгына көтөрүлөт да, маданият министрлигинде борбордук аппаратта иштейт.

Үй-бүлөлүк шартка байланыштуу Түп районундагы Сухой хребет орто мектебинде директор, андан Түп райкомунда идеология бөлүмүнүн жетекчиси болот.

32 жашында Фрунзеге сүрөтчүлөр Союзунун жооптуу катчысы болуп, 38 жашында аспирантурага өтөт.

40 жашында Жогорку жана атайын орто окуу жайлар башкармачылыгынын начальниги болуп 11 жыл эмгектенет. 51 жаштан 61 жашка чейин Мединститутта 12 жыл эмгектенет.

68 жашында 3 жыл Чүй областында Соц.фонддун кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт да, кайрадан университетке келип ишин улантат. Шаршен аба өзүнүн турмушунда 21 кызматта иштептир, кызмат адамды эмес, адам кызматтын көркүн ачат дешет эмеспи. Жеңебиз Зууракан менен 50 жылдан ашык бирге жашап, 4 кыз, 1 уулду жакшынакай тарбиялап бактылуу карылыктын даамын татып турган

убагы. Өзү айткандай турмуштун ашуусу бийик татаал жолун татыктуу басып өтүп элине, балдарына арнап "Турмуш издери" аттуу автобиографиялык чыгармасын тартуулап койду. Агабыздын толгон токой сыйлыктары бизди кубантат, анын ичинде 2007-жылы 7-октябрда К.Бакиевдин колунан "Даңк" медалын алганы айылдаштарыбызды чоң кубанычка бөлөдү. Агабыз ар-намысты өтө бийик туткан, адамгерчиликтүү, акылы тунук, өз элине колунан келген жардамын аябаган, колу ачык, жоомарт, нурлуу сөздүү адам болгонуна биз дайыма сыймыктанабыз жана сыйлайбыз.



## Илипов Карыбай

Илипов Карыбай Асылбекович 1937-жылы 1-январда Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районундагы Комсомол айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Энеси Илипова Сулайка.

1956-жылы Барскоон мектеп-интернатынан 10-классты аяктап, Пржевальскидеги айыл чарба техникумун 3 жылда бүткөн. 1959-жылы сентябрь айында Советтик Армиянын катарына чакырылып, Прикарпаттагы мотострелковый училищаны 3 жылда аяктап, лейтенант наамын алган.

1963-жылдан 1976-жылга чейин Ыраакы Чыгыш аскер округунда, Владивосток шаарларында кызмат өтөгөн.

1976-жылдан 1978-жылга чейин Ош, Рыбачье, Нарын шаарларында аскер комиссары болуп иштеген.

1984-1988-жылдары Жети-Өгүз районунда аскер комиссары болуп иштеген. 1988-жылдары ДОСААФТА, Каракол аскер комиссариатында 1998-жылга чейин иштеп, полковник наамын алууга жетишкен. 61 жашынан бери аскер пенсионери катары эс алууда. Карыбай абанын Жолдошу Илипова Шайыр 3 уулдун, 6 неберенин бактылуу чоң энеси.

Көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн Карыбай аба өкмөттүк көптөгөн сыйлыктарга татыктуу болгон. 1996-жылы "Жуков" медалын алган.

**Иманалиев Алымсейит**



Иманалиев Алымсейит 1956-1962-жылдары Кабак,1962-1965-жылдары Ичке-Булуң. 1964-жылдан баштап 1969-жылга чейин Кытай айылында сегиз жылдык мектепте директордук кызматты аркалаган. Мыкты педагог, ак жуумал, токтоо, орундуу сүйлөгөн, сулуу-сымак келген адам эле. 1966-жылы "За трудовую доблесть" медалына жана Кыргызстан мугалимдеринин II съездине делегат болуп шайланган.

Азыркы учурда 17 небереси, 10 чөбүрөсү бар. Алма бутагынан алыс түшпөйт демекчи, кызы Айнура калкты иш менен камсыз кылуу тармагында көп жылы үзүрлүү эмгектенгендиги үчүн "Кыргыз Республикасынын калкты тейлөө тармагына эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наамга 2009-жылы 29 -августта татыктуу болуп, 29-январь 2010-жылы Кыргыз Республикасынын алдында сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн пенсия алуу күбөлүгүнө ээ болуп, азыр ардактуу эс алууда.

Жолдошу Ногойбаев Кубан Селолук курулуш министрлигинде бөлүм башчы болуп эмгектенген. 2 кыздуу, беш неберелүү болушту.

Биринчи кызы Ногойбаева Гулира Бишкектеги телекомдо бөлүм башчы, экинчи кызы Ногойбаева Эльвира экономика илимдеринин кандидаты, доцент, Бишкектеги техникалык университетте окутуучу.

Алымсейит атанын экинчи кызы Иманалиева Айгүл жогорку билимдүү, Ак-Суу районундагы "Боз салкын" элдик-фольклордук ансамблине эмгеги сиңген, "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти" наамына татыктуу, азыркы учурда Чолпон-Ата шаарынын мамлекеттик резиденциясында эмгектенет.



### Татыбеков Султан

Ар бир ишке жөндөмдүү, башталгыч класстык билими менен райондук масштабга чейин совет өкмөтүнө таза кызмат өтөгөн адам. Орус, араб, латын тилдерин мыкты билген. Шалбада өткөн санжырачылардын Республикалык кароосунда лауреаттык наам алган акылдуу чечен адам болгон.

Майдалатып ширин сөздөрүн төгүп, адамдарды өзүнө тартып турар эле.

Көп жылдар бою райондук финансы бөлүмүндө финагент болуп так жана таза иштеп турган.

Айылда жана райондо абройлуу адамдардын бири эле. Аялы Бепеева Чачыкей да колхоздо көп жылы зав-ферма, парторг болуп ак кызматын көрсөткөн асылзаада аялдардын бири болгон. Бир топ грамотанын ээси, СССР Эл чарба көргөзмөсүнүн катышуучусу, "Ардак белгиси" орденинин ээси.

Жети-Өгүз районунун "Ардактуу атуулу".

### Текебаев Уркадыр



1924-жылы Кытай айылында туулган. 1939-1942-жылдары айыл чарба техникумунда окуган. 1942-1949-жылдары Советтик Армиянын катарында болуп, Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Согуш учурундагы эрдиктери үчүн 19 февраль 1996-жылы өкмөттүн "Жуков" медалы менен сыйланган. 1950-жылдары айылда веттехник болуп эмгектенген.

Ал эл үчүн кызмат кылып, жаш муундарга үлгү болуу менен районубуздун ичинде да жаштарга таалим-тарбия берүүдө өкмөтүбүздүн прези-

денти тарабынан "Ардак грамота" менен сыйланган. Атабыз согуштун ардагери, 6 уул, 2 кыздын, 16 неберенин 9 чөбүрөнүн чоң атасы.

2005-жылы Жети-Өгүз районунун "Ардактуу атуулу". 2010-жылдын 17-сентябрында 86 жаш курагында каза болду.



## Турдукеев Замирбек

Замирбек 1955-жылы Кытай айылында туулган. 1977-жылы Пржевальскидеги Мамлекеттик Педагогикалык институтту бүтүрүп, 1980-1984-жылдары Пржевальскидеги автотранспорт башкы мекемесинин комсомол уюмунун катчысы, 1984-1995-жылдары комсомолдун Ысык-Көл обкомунун жаштардын Эл аралык "Спутник" туристтик бюросунун төрагасы, 1995-1996-жылдары "Кытай өзүнчө дыйкан чарбасынын" төрагасы, 1996-2001-жылдары Жети-Өгүз районунун Ырдык Айыл өкмөтүнүн төрагасы, 2001-2005-жылдары Эл депутаттарынын Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы Аким болуп кызмат өтөдү.

2009-жылдан ушул убакка чейин Ысык-Көл областтык мамлекеттик администрация башчысы - губернатордун орун басары - аппарат жетекчисинин кызматында эмгектенүүдө.

Жети-Өгүз районунда Аким болуп турган мезгилде райондо 7 мектеп, 3 оорукананын бөлүмдөрү, райондук спорт зал, стадион, 6 айылга таза суу, суу сактагыч, бассейндерди, 4 мечит, клубдарды оңдоого, ФАП-тарды ремонттоого, мектептерге компьютерлерди берүүдө көптөгөн ийгиликтерге жетишип, районубуздун экономикасын жогорку деңгээлге көтөрүүсүнө салымы абдан чоң. Өмүрлүк жары Өмүралиева Анара көп жылдардан бери архивде эмгектенет - 2 кыз 4 небереси бар.Ишкер жетекчи, ата-журтуна, элине чын дилинен кызмат кылып жаткан ак эмгеги - үзүрлүү жана жемиштүү боло берсин демекчибиз.



### Текебаев Большевик

Бакен Сабырович 1936-жылы Кытай айылында туулган. Айылдагы башталгыч мектепте окуп, 1955-жылы Каракол шаарындагы Киров орто мектебин ийгиликтүү аяктаган. Ошол эле жылы Москвадагы радиотехникалык институтка кирип, 1960-жылы аяктаган. Дипломдуу жигит Кыргызстан Мамлекеттик Илимдер Академиясында илимий кызматкер болуп, өлкөбүзгө биринчи ЭВМ машинасын алып келген. Ал космостук кораблдеги радио байланышын берүү боюнча конструктордук бюродо бөлүм башчы болуп иштеген. 1973-жылдын август айынан өмүрүнүн аягына чейин Кыргызстандын суу-чарба Министерствосундагы илим изилдөө институтунда директор болуп иштеп турган. 1975-жылы 25-апрелде жол кырсыгынан каза болгон. Уулдары Нурбек, Айдар жеке ишкерлер. Азыркы учурда 6 небере 1 чөбүрөсү бар.



### Сыдыкбаев Асейин

Сыдыкбаев Асейин Кытай айылынын кулуну. Жазуучу, Кыргыз Совет Энциклопедиясынын экономика редакциясынын башчысы болуп иштеген. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Газета журналдарга дайыма макалалары чыгып турчу. Жашы сексенге чыкса да согуш ардагерлер коомунун ишине активдүү катышып турган. СССР Журналисттер Союзунун мүчөсү. Улуу орус акыны М.Ю.Лермонтовдун "Бородино"деген ырынын кыргызча котормосуна конкурс жарыяланып көптөгөн белгилүү кыргыз акындарынын арасынан Асейин Сыдыкбаевдин котормосу мыкты деп табылып, биринчи орунду ыйгарышкан. Асейин ата 2003-жылы 85 жашында каза болгон. Анын 75 жашында жазган "Жең ичи толо акча бар!" - деген ырына назар салсак:

*Тизгин-чылбыр кокустан,*
*Тийип калса добуштан.*
*"Токолумду" өлөйүн,*
*Тумшуктууга чокутсам.*

*Жанымды курман кыйсам да,*
*Жалын ой кошом Мыйзамга.*
*Жармачты талап-тоноодон,*
*Жүрөктү тосом тыйганга.*

*Оңолуп калган бермермин,*
*Опутун көргөм Гермендин.*
*Албаймын сокур тыйынын,*
*Аш-тойго шылтап бергендин.*

*Шайланам дегем шайланам,*
*Шагыма укук айдагам.*
*Калайык-калктын үмүтүн,*
*Канжыгама байланам.*

*Жеңемин акыл башта бар,*
*Жең ичи толо акча бар…*
*Чай бербей турган мен бекен,*
*Чачып жатса башкалар.*

*Калаадан келип калышым,*
*Кадыр - баркты салышым.*
*Алыстан тыңшап жүргөнгө,*
*Арбын чыкты "абысын".*

*Беремби куру убада,*
*Боломбу бөөдө убара?*
*Башаламан Кеңеште,*
*Баатырдык керек чууга да!*



**Сыдыкбаев Макен**

Макен Сыдыкбаев 1937-жылы Кытай айылында туулган. 1953-жылы 7-классты аяктап Фрунзедеги сүрөтчүлөр окуу жайына тапшырган. Көркөм сүрөт окуу жайынын студенти болуп, кадимки Сүймөнкул Чокморов менен бир группада окуп калат. Аны аяктап, 1961-жылы Москвадагы Суриков атындагы сүрөтчүлөр институтунун театралдык факультетин ийгиликтүү бүтүрүп, 1964-жылы эмгек жолун борборубуздагы Крупская атындагы Мамлекеттик орус драмтеатрдын сүрөтчү - коюучусу катары баштайт.

Макен Сыдыкбаев театр сүрөтчүсү гана эмес, педагог катары да мурдагы Фрунзедеги сүрөт окуу жайында эмгектенип, көптөгөн студенттерди тарбиялап чыгарды. Дээринде интеллигент, терең билимдүү эл сүрөтчүсү катары жөн-жай гана өмүр сүрбөстөн, коомдогу, өлкөбүздөгү

болуп жаткан саясий-маданий окуялар, элибиздин маданияты, деги эле жалпы маданияттын милдети, багыты жөнүндө омоктуу ойлорун кесиптештерине ортого салып турганы бүгүнкү күндүн интеллигенция-сы үчүн өрнөктүү көрүнүш. Көп жылдардан бери Бишкектеги театрда эмгектенүү менен көптөгөн декорацияларды түзгөн. Ал түзгөн "Манастын уулу Семетей" спектакли Мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон. Азыркы мезгилде ардактуу эс алууда. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер.



## Сыдыкбаев Карыбай

Сыдыкбаев Карыбай 1943-жылы 10-августа Жети-Өгүз районундагы Кытай айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган 1955-жылы айылдан 6-классты бүтүрүп, Пржевальск шаарындагы Киров атындагы орто мектептен 7-классын окуп, ошол эле шаардагы айыл чарба техникумунун зоотехник бөлүмүн бүтүрөт. 1974-жылы Бишкектеги айыл чарба институтун зоотехник адистиги боюнча сырттан окуп бүтүрүп, Мал чарба жана ветеринария илим изилдөө институтунда зоотехник (Сокулук району) Айыл чарба министрлигинде башкы зоотехник, кой чарба бөлүмүнүн жетекчиси.

1980-82-жылдары Кыргыз Республикасынын Элдик көзөмөлдөө комитетинде инспектор,1982-95-жылдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүндө, Президенттик администрациясында айыл чарба бөлүмүнүн башчысынын орун басары, башчысы,1996-1997-жылдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аппаратында кадрлар бөлүмүнүн башчысы,1997-2001-жылдары Кыргыз айыл чарба финансылык корпорациясында кеңешчи, 2001-2009-жылдары К.Р финансы министрлигине караштуу экономиканы өнүктүрүү мамлекеттик фондунда жалпы бөлүмдүн башчысы, кеңешчи-эксперт.


Айыл чарбалык, финансылык жана экономикалык иштерге сиңирген эмгектери үчүн СССРдин Эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн коло медалы, "Манас эпосуна 1000 жыл" медалы, КРнын Ардак Громатасы, Финансы министрлигинин, Айыл чарба министрлиги-

нин, Экономиканы өнүктүрүү мамлекеттик фондунун Ардак Грамоталары менен сыйланган. Жубайы Кутанова Тотулкан врач педиатр. Уулу Улан, кызы Айжан жетекчилик кызматтарда эмгектенишет.



**Сыдыкбаева Жамийла**

Жамийла Сыдыкбаева 1948-жылы Кытай айылында туулган. Ал Москвадагы Театралдык институтту ийгиликтүү аяктап Токтоболот Абдумомунов атындагы академиялык драма театрында үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти. Жамийла бир канча кыргыз кинолоруна тартылган актрисалардын бири катары элибиздин сыймыктуу кызы. Өзүнүн интервьюсунда: мени жаш, сулуу сактап турган нерсе - иш.Себеби менин жылым чычкан - стихиям - жер, үйдөн огород менен алектенем. Жер адамга күч-кубат берет дешет, өзүмдү начар сезип турганда гүлдөргө суу куюп, өзүмдү жакшы сезип калам. Үйдөгүлөрдүн айтканына каршы чыгып актриса болгонума өкүнбөйм. Кийим тигүүнү жакшы көрөм, тигүүчү-модельер болсом деп ойлоноор элем, бирок бул оюм ишке ашпай жатат дейт - сахнанын, кинонун мыкты чебери Жамийла Сыдыкбаева.



**Исраилов Асанбай**

Исраилов Асанбай 1940-жылы 15-майда Кытай айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Башталгыч мектепти Кытай айылынан окуп, 1959-жылы Пржевальск шаарындагы Киров орто мектебин бүтүргөн. 1962-жылы Фрунзедеги Автожолдор техникумуна кирип техник-курулушчу деген дипломго ээ болгон. Техникумду аяктагандан кийин Минавтошосдорго караштуу Түндүк жол - тейлөө башкар-

масында долбоорлоо бөлүмүндө инженер болуп 1968- жылга чейин иштеген. 1968-70-жылдары ДЭУ - 958де мастер, 1970-1980-жылга чейин кайрадан Түндүк жол- тейлөө башкармасында жол коопсуздугун уюштурууда начальник болуп иштеген.

1973-жылы Фрунзедеги политехникалык институтун сырттан окуп жогорку билимдүү дипломду алган. 1980-2001-жылдары ДЭУ-958де башкы инженер жана начальник болуп эмгектенген 2001-жылы пенсияга чыгып, кайрадан 2009-жылга чейин Минтранскоммуникацияга караштуу Түндүк жол - тейлөө башкармасында башкы адис кызматында иштеген. Бир уул, эки кыздын атасы. 7 неберелүү.

**Ашымалиев Асангазы**



Ашымалиев Асангазы 1940-жылы 29-августта Кытай айылында туулган. 1964-жылы Кыргыз Улуттук Университетинин филология факультетин бүтүргөн. 1964-1967-жылдары Ош областындагы Хайдаркан мектеп-интернатында мугалим, 1967-71-жылдары Жети-Өгүз районундагы "Маяк коммунизма" гезитинде бөлүм башчы. 1971-1992-жылдары Пржевальск шаарындагы областык "Ысык-Көл правдасы" гезитинде айыл чарба бөлүмүндө бөлүм башчы, 1992-94-жылдары Түп райондук "Коммунисттик эмгек" гезитинин редактору, Түп райондук кеңешинин депутаты, 1994-98-жылдары Каракол шаарындагы областык "Ысык-Көл кабарлары" гезитинде бөлүм башчы жана корреспондент. СССРдин Журналисттер Союзунун мүчөсү. Москва шаарында өткөн айыл-чарбасынын жогорку жетишкендигинин коло медалынын ээси. КРнын Ардак Грамоталары жана медалдары менен сыйланган. Азыркы учурда пенсионер. 3 уул 2 кыздын сүйүүктүү атасы.

**Ашымалиев Усөнгазы**



Ашымалиев Усөнгазы 1946-жылы 28- мартта Кытай айылында туулган. 1971-1985-жылдары Тоң районунда МАИ жетекчиси, 1985-93-жылдары Ош областык МАИ бөлүмүнүн жетекчиси, 1993-99-жылдары Балыкчы шаарындагы МАИнин каттоо-сыноо бөлүмүнүн жетекчиси болуп эмгектенген.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине сиңирген эмгеги үчүн орден, медаль жана Ардак Грамоталары менен сыйланган Ички Иштер министрлигинин отличниги. Азыркы учурда пенсияда. Төрт уул эки кыздын камкор атасы.



## Анара Керимбаева

Анара Шаршеновна 1950-жылы 22-августта Фрунзе шаарында төрөлгөн. 7 жашында №28-мектептен окуду, сегизинчи класстан баштап №61-физика-математика мектебинен билим алды. Мектепте окуп жүргөндө эле гуманитардык сабактарга аябай кызыгып, волейбол боюнча Москвага Бүткүл союздук мелдешке катышып келген.

Орто мектепти бүтөрү менен Кыргыз Мамлекеттик университетинин юридикалык факультетине тапшырып, аны ийгиликтүү аяктоо менен КПССтин да катарына өткөн.

Ошол эле жылы Москвадагы Ломоносов атындагы Мамлекеттик университетинин укук таануу адистигине аспирантурага өткөн. Аны аяктоо менен эле бирге диссертациясын жактап, юридика илимдеринин кандидаты илимий даражага ээ болгон.

Өзүнүн эмгек жолун Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Философия жана укук институтунда мамлекет жана укук бөлүмүндө кенже илимий кызматкер катары баштады.

1983-1985-жылдары Кыргызстан Компартиясынын Фрунзе шааркомунун пропаганда жана агитация бөлүмүнүн инструктору.

1985-1990 жылдары КПБКнын партиялык уюштуруу иштер бөлүмүнүн инструктору.

1990-1991-жылдары Кыргыз Республикасынын юстиция министринин биринчи орун басары.

1991-1994-жылдары Кыргыз Республикасынын башкы прокурорунун орун басары.

1994-2004- жылдары Көз Карандысыз Шериктеш Мамлекеттеринин Экономикалык сотунун судьясы, андан кийин ушул убакка чейин Минск шаарында экономикалык сотунун төрайымы болуп кызуу иштеп жаткан учуру.

Анаранын бир нече сыйлыктары бар, ошонун ичинде Республикабыздын жогорку сыйлыгы "Даңк" орденинин ээси.

Анара ишинде да, үй-бүлөсүндө да адамгерчилиги бийик, жароокер, принципиалдуу, бардык нерсеге түшүнө билген, айжаркын мүнөзү менен элдин, айылыбыздын ажарын ачкан сыймыктуу кыздарыбыздын бири.



**Керимбаев Азамат**

Азамат Шаршенович 1968-жылы 23-декабрда Фрунзе шаарында төрөлгөн сүйгүнчүктүү уул. Азамат англис тил багытындагы №13 орто мектепти "Алтын медаль" менен аяктаган да, Кыргыз мамлекеттик университетинин юридикалык факультетине тапшырды.

Университетти кызыл диплом менен бүтүрүп, дипломаттык кесипке өттү.

Ал 5 жыл Тышкы иштер министрлигинде эксперт болуп жакшы иштеп "Ардак грамота" менен сыйланды. Азамат 26 жашында Кыргыз Республикасынын Америка Кошмо Штаттарындагы Элчилигине биринчи катчы катары дипломатиялык ишке барды. Бул кызматында Азамат 3 жыл иштеп, кайра Бишкекке келди.Кыргыз Республикасынын Америка Кошмо Штаттарынын юристтеринин Ассоциациясынын төрагасы болуп эмгектенип келе жатат.



**Шерипов Нурлан Турганбекович**

Нурлан 1977-жылы 19-мартта Кытай айылында туулган. Орто мектепти Каракол шаарындагы Токтогул Сатылганов атындагы лицейден аяктап, 1992-жылы Бишкектен Улуттук университеттин юридика факультетин аяктап, азыркы учурда юридикалык илим кандидаты, доцент, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин юридикалык институтунун административдик укук жана укук

таануу кафедрасынын башчысы. Россия Федерациясынын Урал Мамлекеттик Юридикалык академиясынын аспирантурасын ийгиликтүү аяктап, ушул окуу жайда 26 жашында кандидаттык диссертациясын жактаган. 70тен ашуун илимий жана окуу-методикалык эмгектердин автору. Анын арасында 60 - ашуун илимий макалалардын, монографиянын жана Билим берүү жана илим министрлиги, тарабынан сунуш кылынган 3 окуу китебинин, 2 окуу куралынын автору. Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларды инвентаризациялоо боюнча ведомстволор аралык Комиссиянын мүчөсү. Эл агартуунун отличниги.

Үй-бүлөлүү.

2010-жылы Жаштар күнүнө карата Жаштар министрлиги Чынгыз Айтматов атындагы жаштар сыйлыгын өлкөбүздүн бир канча уул-кыздарына тартуу кылды. Ошолордун арасында Нурлан Шерипов да лауреаттык сыйлыкка (40.000 сом) татыктуу болушу бизди чоң кубанычка бөлөдү. Нурландын ийгилиги дагы да жемиштүү улана берсин демекчибиз.

**Сабыров Кайрат Бердигулович**



Кайрат 1985-жылы Кытай айылында туулган. Алгачкы билимди Кытай айылындагы Т.Сатылганов орто мектебинен окуп, 1998-жылы Каракол шаарындагы Кусейин Карасаев атындагы Кыргыз-Түрк лицейин 2003-жылы ийгиликтүү аяктаган. 2002-жылы окуучулар арасында областтык, Республикалык олимпиадаларда химия сабагы боюнча 1-орунду ээлеп, дүйнөлүк олимпиадага Нидерландия мамлекетинин Гронинген шаарына барып катышып, 5-орунга ээ болгон. 2003-жылы Туркия мамлекетинин Стамбул шаарындагы Босфор университетинин химия факультетине тапшырып, аны 2008-жылы аяктап, Америка Кошмо Штатындагы Калифорния университетинде стажировкада болуп, Миннесота университетинде докторантурадан өтүп, 2010-жылдын октябрь айынан бери "магистр" даражасына ээ болуу менен бирге ошол эле университетте окутуучу болуп эмгектенип жатат.

Элибизде жаңы илим-техниканы өздөштүргөн, жаңыча ойлой билген жаштарыбыз өсүп келе жатат. Кайрат да билим жагынан өсүп, практикалык жактан такшалып, тажырыйба топтоп, өз өлкөбүз үчүн кызмат кыла турган патриот болуп, элдин тилегин актайт деген чоң ишеничтебиз.

**Ормуков Чолпонбек**



Чолпонбек 1976- жылы Кытай айылында туулган. 1983-1991-жылдары айылдагы Т. Сатылганов атындагы орто мектебинен билим алган. 1991-1993-жылдары Каракол шаарындагы Т. Сатылганов атындагы мектеп-лицейинде жетилүү аттестатына ээ болгон. Мектепте үлгүлүү жүрүш-турушу менен отличник окуучулардын бири болуп окуган. 1992 - жылы Республикалык олимпиадада география сабагынын жеңүүчүсү болгон. 1999-жылы Кыргыз Улуттук Университетинин "География жана экология" факультетин ийгиликтүү бүтүргөн. 2000-жылдан тартып Улуттук Илимдер Академиясынын сейсмология институтунда эмгектенет. 2007-жылы "геология-минерология илимдеринин кандидаты" деген илимий даражага ээ болгон.

Учурда сейсмология илим изилдөө институтунун ага илимий кызматкери. Жубайы Айчүрөк № 26-мектепте географ мугалими болуп иштейт. Санжар, Айдар, Эмир аттуу уулдардын сүйүктүү ата-энеси.



**Абдракматов Аскар Саякбаевич**
**Улуттук коопсуздук кызматынын полковниги**




**Дыйканбаев Кубан**
**Ички иштер кызматынын полковниги**

## Республикабыздын ички иштер бөлүмдөрүндө, чек ара жана улуттук коопсуздук кызматында, Каракол шаарындагы убактылуу жаза колдонуучу № 23 мекемеде, сот органдарында, салык инспекциясында иштеп жаткан айылдаштар:

1. Илипов Карыбай - полковник
2. Ашымалиев Үсөнгазы - майор
3. Ашымалиев Тургангазы - капитан
4 Көчөрбаев Эркинбек - старшина
5 .Көчөрбаев Кадырбек - полковник
6. Кулбараков Таалайбек - полковник
7. Абдрахматов Аскар - полковник
8. Мамбетов Болот - подполковник
9. Муканбетов Марат - капитан
10. Муканбетов Талант - капитан
11. Дыйканбаев Кубан - полковник

12. Дыйканбаев Азамат - подполковник
13. Дыйканбаев Мирзат - подполковник
14. Курманалиев Нурлан - ага.лейтенант
15. Бектемиров Руслан - подполковник
16. Курманалиев Нурбек - прапорщик
17. Көчөрбаев Таалайбек - подполковник
18. Машаев Элдияр - капитан
19. Машаев Адилет - Прапорщик
20. Урманбетов Айбек - сержант
21. Шаршеев Талгат - сержант
22. Шаршеев Жоомарт - сержант
23. Шаршеев Ринат - сержант
24. Эстебесов Максат - лейтенант
25. Мусаев Эсен - сержант
26. Молдожиев Эрнист - улук.прапорщик
27. Молдожиева Гулзат - прапорщик
28. Мамбетов Кенжебек - старшина
29. Намазбеков Дастан - сержант
30. Дыйканбаев Сүйүнбек - прапорщик
31. Шерипов Улан - подполковник
32. Шамыратов Чыңгыз - лейтенант
33. Мамбетов Аман - ага лейтенант
34. Ашымалиев Талант - майор
35. Дыйканбаев Марлен - старшина
36. Ашымалиев Издебалды - лейтенант
37. Асаналиев Жолдош - подполковник
38. Барманбетов Алтынбек - капитан
39. Телгозиев Улан - кенже лейтенант
40. Чолпонбаев Улан - сержант
41. Чыныбеков Улан - кенже лейтенант
42. Текебаев Бекжан -лейтенант
43. Ашималиев Коля - майор
44. Көчөрбаева Кайриса - улук прапорщик
45. Илипов Кубан - подполковник
46. Кененбаев таалайбек - капитан



**Кочкорбаев Дыйканбай**



**Жылкыбаев Апыш**

1922-жылы Алкым айылында туулган. 1941-жылы. Пржевальскидеги педагогикалык окуу жайын бүтүргөн. Ушул эле жылы Улуу Ата-Мекендик согушка аттанып, фронттон жарадар болгон. Экинчи топтогу майып. Бир катар ордендер жана медалдар менен сыйланган. Узак жылдар бою билим берүү тармагында иштеп, жетекчилик кызматтарды аркалаган. Учурда ардактуу эс алууда. Жети-Өгүз районунун "Ардактуу атуулу". Санжырачы.

Менин атам Жылкыбай, Дыйканбай, Маралбай, Ыпы, Жолдош деген аталар илгери чогуу шернелеш достордон экен. Кытайда 2 Дыйканбай болгон экен. Биринчиси Кара Дыйканбай (Турдубектин чоң атасы) ошо кездеги кыйын бай киши болгон экен. Анын 3000 кара кою Кайыпбулактын Желекарагай деген жайлоосунда жайылып жатар эле дейт.

Дыйканбай көтөрүлүп сүйлөгөн, бетке айткан, сүрдүү, көзү да караган кишини он таптырбаган, айтканы дегени оңунан келген киши болгон экен. Ал досторуна дайыма кең пейилдүүлүгү, колу ачыктыгы менен барктуу тура. Досторуна суугуңар кармаса, май ичмеңер кармаса меникине келгиле деп турчу дейт. Теңтуштар бирин-бири катуу тамашалашып, кээде шылдыңдашып моокуму канганча күлүп алышчу экен. Жылкыбайдын Дыйкамбайга карата ырдаганы:

Ажынын уулу Дыйканбай
Айран ичип акылдайт.
Ак текече бакылдайт,
Көтөрүлүп алганда,
Көк дөбөтчө бакылдайт.

Ошентип шериненин кезеги Дыйкамбайга келип калат. Килейген кара ирикти союп, бүт бойдон казанга салып, үстүнө чыгдандан бир ириктин табактай болгон куйругун алып чыгып дагы бастырды дейт.

Канча кой сойгонумду тетиги керегедеги илинип турган кар жиликтерден санап билгиле деди дейт, - дасторкондогу каймагын жебей, жалаң кара чай ичип отуруп, эт бышканда Жылкыбай Ыпыга карап: Ыпым, Ыпым, наша жечү элең, кыйын чуркачу элең, эч нерсесин калтырба, - деди дейт.

Ошентип тамаша-чын сөздөр менен баягы казандагы чыккан эттен табакта эч нерсесин калтырбай жеп кетишкен экен да, тамашага батып күүгүмдө үйлөрүнө кайтышыптыр.

Кызыл Дыйканбай болсо ар кимдикин жеп алып, өзү эч нерсе берчү эмес экен. Аны Жылкыбай мындай деп ырдаган экен:

Аблакенин Дыйканбай
Ар кайсы топтон калбайсың.
Эки жилик эт көрсөң,
Эбин таап алдайсын
Качан сени мен көрсөм
Аялдарды жандайсың
Үйүнө түшпөйт бир киши
Капырай, өзүн кандайсын деп сындаган экен.

Куланбай тууралуу Жылкыбайдын ырдаганы:

Кулакем кары-наркы бар,
Калайыкка баркы бар.
Калыс жүргөн өзүнчө
Кадимкидей баркы бар.
Артындагы Текебай
Сакалы аппак марчадай.
Мамбеттин уулу Дүйшөбек
Адырдагы марчадай.
Нан жебес Кытай чогулуп
Алдаярдын эки уулун
Айта жүрүп чарчады ай.

Тили таттуу Төлөгөн,
Дыйканбайга таарынып,
Жанбарак кошо жөнөгөн
Жакемдин жакшы кылыгы,
Сый-сыпаттуу - сылыгы - деген экен.

1930-жылдардан баштап элдин малдарын ортого топтоп, коллективдештирүү башталып, элди кулакка тартып Сибирге, Уралга, Украинага айдап жиберишет. Ошол кезде "кулактарды тап катары жоебуз деген" чоң саясат жүрүп турган. Айылда төбөсү көрүнгөн эстүү-баштуу адамдар болгон . Кытай айылында Абдылдакун, Садабай деген адамдардын сөздөрү элге эм болуп, элди уютуп артынан ээрчитишкен акылман кадыр-барктуу адамдар болушкан.

Бардык эл ушул адамдардын сөздөрүнөн чыгышпай, көздөрүн карап, насааттарын аткарып турушкан.

Ушул эки адамдын таасири күчтүү болгондуктан, менин атам Жылкыбай түрмөгө түшүп калып, көлөкөсү тийер бекен деп кайрылгандагысы:


Аржагы Кытай тууганым
Ак жеринен кармалып,
Айламды таппай турамын
Абдылдакун, Садабай
Айылдан чагым болбосун.
Аңтарып карап сурагын,
Ашымалы чырагым.
Актоо кагаз сен берсең,
Ажыратаар убагың.
Арстандай болгон мен карып,
Алда бир кандай кубансын.

Жарыгы тийип өзүңдүн,
Тукумуң өсүп узарсын.
Карылар айткан турбайбы,
Жамандыкка жакшылык,
Жакшы адамдын белгиси.

1930-жылдарда Куланбаев Ашымалы Кытай сельсоветинин төрагасы болуп иштеп турган экен. Ал Жон-Булак, Алкым, Кытай айылын башкарып, сабаттуу активдердин бири болгон экен.

## Түпкү тегиң бил кыргыз!


2008-жылдын 8-февралында КТРден Түгөлбай Казаков "Улутман" телеберүүсүн алып барып, андагы катышкан белгилүү илимпоздорго, тарыхчылардын ар бирине; "Кыргыздын түпкү теги ким?" деген суроону берип турду. Алар өзүлөрүн пикирлерин айтып беришти. Дастан Сарыгулов гана "түпкү тегибиз адам " деп - туурасын айтып, бирок адамга чейинки ортодогу тегибизди санабады. Коюлган суроого мен дагы жооп айтууну туура таптым. Эң акыркы эле Угузхандан: Күнхан, Айхан, Жылдызхан, Көөхан, Тоохан, Деңизхандар таралат Тоохандан кыргыз. Кыргыздан Конурат. Тайчы деген эки тукум. Конураттан 14-15 кылым өткөндөн кийин гана Ак уул, Куу уул же оң-сол келет. Коңураттын түпкү теги ким? Түпкү теги кыргыз. Ал эми кыргыздын түпкү теги ким? Түпкү теги Тоохан. Тоохандын түпкү теги ким? Түпкү теги Угузхан. Угузхандын түпкү теги ким? Түпкү теги Алачахан. Алачахандын түпкү теги ким? Түпкү теги Түтөк. Түтөктүн түпкү теги ким? Түпкү теги Түрк. Түрктүн түпкү теги ким? Түпкү теги Турани. Туранинин түпкү теги ким? Түпкү теги Яфис Яфистин түпкү теги ким? Түпкү теги Нух пайгамбар. Нух пайгамбардын түпкү теги ким? Түпкү теги Малик. Маликтин түпкү теги ким? Түпкү теги ким? Түпкү теги Идирис пайгамбар. Идирис пайгамбардын түпкү теги ким? Түпкү теги Бар. Бардын түпкү теги ким? Түпкү теги Мыкайыл. Мыкайылдын түпкү теги ким? Түпкү теги Кынан. Кынандын түпкү теги ким? Түпкү теги Ануш. Ануштун түпкү теги ким? Түпкү теги Шиш. Шиштин түпкү теги ким? Түпкү теги Адам ата. Мына бүткүл жер бетиндеги баардык уруулардын, элдердин түпкү тегинин эң акыркы жеткен жери, алгачкы башчысы Адам ата. Андан ары карай суроо салуу мүмкүн эмес. Суроо берилип калса Алла-Таала (Теңирге ) барып токтолот. Адамды (Адам атаны) Алла Таала (Теңирим) өзүнүн амири менен жараткан. Аны кандай жараткандыгы тууралуу терең сырды чечмелеп билүүгө, адам баласынын акыл-ой-дарамети азырынча жетише элек. Ушул сыяктуу эле асман мейкиндигинде алоолонуп жанып турган күндүн айланасында канча бир доор, кыяматтардан бери карай тогуз планета зыпылдап айланып турат. Неге алар жешилип же винттери бошоп кетип, бири-бири менен кагылышпастан өтө тактык менен айланып турат. Себеби, аларды башкарып турган ээси бар. Ээси Алла-Таалам өзү. Бул сырдын түйүнүн чече билгенче илимдин да, адамдын да чама-чаркы жетише элек. Адам ата 960 жыл жашап, тукуму 40000 ге


Адам
Шииш
Ануш
Кынан
Мыкайыл
Бар
Идирис Ахнук
Малик
Хам
Нук
Сам
Харыя
Яфис
Тураны
Турк
Бостон
Баркан
Туток
Элчихан
Бакухан
Куйукхан
Алачахан
Татар
Монгол
Карахан
Угузхан
Кунхан
Айхан
Жылдызхан
Кокхан
Тоохан
Кыргыз
Тайчык
Конурат

## СҮЙҮКТҮҮ АТА-ЭНЕМ

### Дыйканбаев Шерип

1916-жылы Алкым конушунда 3 миң койлуу байдын үй-бүлөсүндө туулган. 5 эркек, 4 кыз бир туугандуу болгон. Шерип, Какиш, Усуп, Токтомуш, Төлөн, Батый, Рабия, Рапикан, Адия.



Кытай айылындагы башталгыч мектептен билим алган. 1937-жылы Токмоктогу шофердук 6 айлык курстан окуп келип, Каракол шаарындагы элдик театр ачылгандыгына байланыштуу көл аймагында шофер болуп эмгек жолун баштаган. 1939-жылы армияга чакырылып, Түркмөнстанда, андан Ирандын борбору Тегеранда советтик армияда шофер болуп иштеген. 1941-жылы 22-июнда согуш башталганда фронтто болгон. 1944-жылдын аягында Украинанын Львов шаарынан бутунан катуу жарадар болуп, госпиталда 6 ай дарыланып жаткан. Согуш аяктагандан кийин 1946-жылы үйүнө кайткан.

1947-жылдан 1970-жылга чейин колхоздо шофер болуп, 1990-жылдары "Дружба" колхозунда слесарь-механик болуп эмгектенген. Колхоздон "Ардактуу колхозчу" наамын алган, 6 балалуу - 5 эркек 1 кыз. Небереси 24, чөбүрөсү 23.

### Дыйканбаева Мария

Мария энем 1921-жылы Жети-Өгүз районундагы Жон-Булак айылында төрөлгөн. Жети жылдык билимди айылдын мектебинен алган. Согуш аяктаган мезгилде 1946-жылы Дыйканбаев Шерипке турмушка чыккан. Согуш бүткөндөн кийин эл чарбасын кайрадан куруу, согуштун оор кесепеттерин жоюу милдети ар бир адамдын мойнунда эле. 1946-жылдын

Шерип атадан тарагандар:

Аялы Мария (Жон-Булактык)

1. уулу Турдубек - аялы Айгүл.

Балдары Азаматтан 2 уул, 1 кыз. Мирзаттан 3 кыз. Саламаттан 1 кыз. Кыздары Салтанат, Заринат.

2. Турганбек - аялы Роза, уулу Уландан 3 кыз 2 уул. Нурландан 1 уул, кызы Нуркамалдан 1 уул.

3. Самыйбек - аялы Зайракан - уулу Марленден 1 кыз, кызы Мээримден 1уул 1 кыз. Максат. Кыздары Мунара, Рахат.

4. Кубанычбек - аялы Рапикан. Кыздары Эльнура - 1 уул, 3 кыз. Айнура 1 уул. Гульнура 3 кыз. Айдана. Элбек.

5. Кызы Анара - күйөөсү Рафаэль. 1 уул, 3 кыз.

6. Аскатбек - аялы Асел 1 уул, 1 кыз.

## Үрөндүн баркы - түшүмдө, жетекчинин баркы - ишинде

2004-2005 - окуу жылына чейин биздин мектеп негизги билим берүүчү мектеп болуп келген, ата-энелер, мугалимдердин демилгеси менен биз жогорку жактагыларга кайрылып төмөндөгүдөй жоопторду алдык:

"28" 03 2003 г. № 04-14/351

Кытай айылы Негизги мектептин эмгек жамаатына
№ Көп - 22 28.02.03).

Сиздердин райондук мамлекеттик администрациясына мектепти орто мектепке которуу жөнүндө кайрылууңуздар каралды.

Кайрылуунун жообун жеринде мектептин эмгек жамаатына түшүндүрүү райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы К.С.Орунтаевге тапшырылгандыгын билдиребиз.

Райондук мамлекеттик администрациясынын
башчысынын орун басары Н. Саадaнбеков.

**Жети-Өгүз районундагы Кытай айылынын тургундарына**

***Жети-Өгүз райондук билим берүү бөлүмүнөн***

"3" 04 2003-ж.
№ 043

**Кызыл -Суу айылы**

## БИЛДИРҮҮ

Урматтуу Кытай айылынын тургундары!

Сиздердин Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрация башчысы Э.С.Каптагаевге, райондук кеңештин төрагасы З.Т.Турдукеевге Кытай айылында орто мектеп ачуу жөнүндө жазган суроо талап катыңыздар боюнча төмөнкүлөрдү билдиребиз.

Кытай айылында толук орто мектеп ачуу үчүн:

Биринчиден Токтогул атындагы толук эмес орто мектебинде 10-11-класстар үчүн окуу китептери толугу менен жок жана райондун башка мектептеринен алууга мүмкүнчүлүк жок, анткени кийинки мезгилде ар бир мектеп, ата-энелер өзүлөрүнүн күчү менен китеп үчүн аренда акысын төлөө жолу менен китеп фондусун толуктап жатышат.

10-11-класстардын окуу китептери менен толук жабдуу үчүн 40 (кырк) миң сом өлчөмүндө акча каражаты талап кылынат, жана бул акча каражатын айыл өкмөтүнүн бюджетинен, ата-энелер жана демөөрчүлөрдүн жардамдары аркылуу уюштуруу керек.

Экинчиден химия, физика, биология, география предметтерин окутуу боюнча көрсөтмө куралдар, химиялык, физикалык приборлор, препараттар керек жана аларды алуу үчүн 45-50 миң сом акча каражаты зарыл. Үчүнчүдөн мугалимдер үчүн окуу - методикалык адабияттарды программаларды алуу үчүн 5000 сом өлчөмүндө акча каражаты керек, жогорудагы финасы маселелери айыл өкмөтү, ата-энелер жана демөөрчүлөр тарабынан чечилсе райондук мамлекеттик администрация 10-11-класс ачууга мугалимдердин эмгек акысы, мектептин статусу жөнүндө маселелерди чечүүгө жардам бере алат.

Райондук билим берүү бөлүмү кадрлар маселеси, окуу-методикалык иштерди уюштурууга толук жоопкерчиликти алат.

Сиздерге чың ден-соолук, ынтымак каалап,

Райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы К.Орунтаев.

3-апрель 2003-жылкы райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Орунтаевдин билдирүүсүн эске алуу менен биздин мектепте ага улай эле 18-апрелде ата-энелердин мугалимдер менен бирдикте өтүлгөн чогулушу күбө боло алат.

Бул чогулушта биздин мектепке айылдык жаштар демилгесинин тобунун Мерси КОнун билим берүү тармагына жазган гранттын презентациясын Мерси КОнун өкүлү Исраилова Нургул (өзүбүздүн айылыбыздын кызы) 2 компьютер жана 1 принтерди мектебибизге белек кылып тартуулады.

Ал өз сөзүндө мындай деди: Кытай айылындагы чакан мектептин шартын көрүп туруп айылдын жаштарынын демилгелүү тобунун жазган долбоорун биздин Мерси КОнун грант комитетинин чогулушунун чечими менен сиздерге тапшырып жатам. Окуучуларыбыз мезгилдин талабына үндөшүп терең бекем билим алышсын деп тилек кылам. Биз берген принтер- компьютер эң жакшы өсүштөрдү камсыз кылсын деген оюмду билдирем.

Компьютер Celeroh 950. баасы 480 $ 2 штук баардыгы 960 $.

Принтер Canon LBP 810 1 штук. 290 $. Каражатты алып келүүгө 42 $, баардыгы 1292 $ менен келди. Жалпы 60000 долларлык товар мектепке келди.

Ошентип ата-энелер, мектеп директору Дыйканбаев Турдубек Нургүл кызыбызга бекем ден-соолук, кайрымдуулук ишине зор кубанычыбызды билдирип, ишине ийгиликтерди каалап узаттык.

Мектебибиздин материалдык базасы аз да болсо кошумча каражат менен толукталганына мектеп жамааты чоң ыраазычылыкта болуушту.

27-май 2005-жылы Эл депутаттарынын райондук кеңешинин XIII сессиясында Токтогул Сатылганов атындагы негизги мектебине "орто мектеп" статусу берилди.

Ошентип, 2005-2006-окуу жылында биздин мектеп орто мектеп статусуна ээ болуп, биринчи бүтүрүүчүлөрдү уядан учуруп,15 окуучу турмуш жолуна кадам таштышты.

Ошол эле жылы "АРИС" программасы боюнча проектисин утуп кошумча 2 класс 224 000 миң сомду түздү. Окуучуларыбыз бир сменде окууга шарт түзүлдү.

Мугалимдер жамааты окуучулар менен бирдикте үркүндүн 90 жылдыгына карата Ж.Турусбековдун "Ажал ордуна"драмасын Нооруз элдик майрамында айылдаштарга коюп берип, эл ыраазычылыгына татыктуу болдук. Бул иште Асанбаева Гүлзаттын ийгилиги зор.

Башталгыч класстын мугалими Сыдыкова Рапикан окуучулардын билим сапатын жогорулатуудагы үзүрлүү эмгеги үчүн Билим берүү жана жаштар саясаты министрлигинин "Ардак грамотасына" татыктуу болду.

Предметтик сабактар боюнча тарых сабагынан райондук олимпиадада Аятбек уулу Бекзат, Кадыркул уулу Нурболот 2-орунду, адам коом сабагынан Кыдырова Гүлзада райондо 1-орунду ээлеп, областык олимпиадага катышып келди.

2007-2008-окуу жылында "Айылдык билим берүү" долбоору менен иштеп, мектептин усулканасына 2 узун стол, 20 стул, 2 компьютер, көбөйтүүчү аппарат, түстүү телевизор, методикалык адабияттар, газета-журналдар менен жабдылып, мугалимдердин чыгармачылык менен иштөөсүнө толук шарттар түзүлдү. Усулкананы жабдуу 96 миң сомду түздү.

Ал эми спорт тармагын өнүктүрүүдө мектепке спорт инвентарларын 60 миң сомго алып келип, жабдуу менен ишке ашырдык.Мектептин ашканасын толук жабдуу боюнча "АРИС" проектисинен 118 миң сомдук эмеректер менен жасалгаладык. "Айылдык билим берүү" долбоорунун алкагында мектеп жамааты аттестациядан ийгиликтүү өтүп I-II-компоненттери боюнча жеңиштерге жетишип, Дүйнөлүк банктан 2000 $ эсебинде сыйлык грантка татыктуу болдук.

"Орус тили - достуктун жана тынчтыктын тили" - деген фестиваль биздин райондо жыл сайын өтүлүп турат. Аны районубуздун кадрлар бөлүмүнүн башчысы Касымалиева Алмагүл эжекебиз тейлейт. Биздин мектеп төрт жылдан бери биринчиликти колдон чыгарбай келет.

Чыңгыз Айтматовдун 80-жылдыгына арналган фестивалда "Гран - ПРИни" утуп алып мектебибизди зор кубанычка бөлөп келди.

Орус тили адабияты мугалими тажрыйбалуу, көп жылдык стажысы бар, окуучулардын сүйүктүү эжейи Садырова Айгүлгө ишинин үзүрүн көрүп, бактылуу жашоону каалап кетмекчибиз.

Дагы бир ийгилигибиз Асанбаева Гүлзаттын областа өткөрүлгөн "Жыл мугалими - 2008" конкурсуна катышып байгелүү 1-орунду ээлегендиги болду.

Баалоо аттестациянын жыйынтыгында жылдык циклды аяктап, 8 мугалимибиз аттестациялоодон ийгиликтүү өтүп, акчалай сыйлыктарга ээ болушту. Алар: Дыйканбаев Т., Асанбаева Г., Дүйшөбекова Б., Садырова А., Сыдыкова Р., Сулайманова Ж., Карасартова Г., Саткынбаева Г.

Тышкы баалоо боюнча адистер Шакен Калиева менен Ахмеджанова Раянын көрсөтмөлөрү биз үчүн баа жеткис.

"Нооруз - 2009-жыл" майрамына мугалимдердин окуучулардын аракети менен Курманжан Датка энебиздин 200 жылдыгына арнап, "Алай ханышасы" аттуу драманы Ысык-Көл областынын 70 жылдыгына арнап өзүбүздүн айылыбыздын жашоочуларына коюп бердик.

Бул драманы коюуда мектептин тажрыйбалуу мугалими Садырова Айгүлдүн эмгеги зор.

Мектептеги мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана чыгармачылык менен иштөөсүнө шарттар түзүлүп, усулдук кабинет талапка ылайык түзүлгөндүктөн бардык мугалимдер билим сапатын жогорулатуунун үстүндө иштөө милдети турат.

Мектепте жогорку категориядагы мугалимдердин саны - 7,
Экинчи категориядагылар -6, категориясыз мугалимдер -9.

1. Дыйканбаев Турдубек - жогорку категория
2. Курманалиев Максат - 2 - категория 10 - разряд
3. Сулайманова Жыпаркүл - жогорку категория
4. Курманова Жаңыл - 2 - категория 1- разряд
5. Садырова Айгүл - жогорку категория
6. Сыдыкова Рапикан - жогорку категория
7. Асанбаева Гүлзат - жогорку категория
8. Раматова Гүлнур - жогорку категория
9. Карасартова Гүлмира - жогорку категория
10. Шаршеева Төлөнбүбү - категориясыз 8 - разряд
11. Султанова Мираим - 2 - категория 1 - разряд
12. Иманкулова Айнура - 2 - категория
13. Саткынбаева Гүлзана - 2 - категория
14. Бейшембиева Айнура - категориясыз 9 - разряд
15. Жанузакова Наргиза - 2 - категория
16. Койлубаева Элиза - категориясыз 8 - разряд
17. Текебаева Кымбат - категориясыз 8 - разряд
18. Турбаева Наргиза - категориясыз 9 - разряд
19. Темиров Жаныбек - категориясыз 7 - разряд
20. Мурадылова Элмира - категориясыз 6 - разряд
21. Турусбекова Асел - категориясыз 7 - разряд
22. Жайлообаева Алтынай - категориясыз 6 - разряд

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ "АЙЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ" "БИЛИМ БЕРҮҮ - ЖАЛПЫГА ДОЛБООРЛОРУ"

Жыйынтыктар жана жетишкендиктер

Бишкек 2009-жылы чыккан китепте мындай деп жазылат:

### Ийгиликтин тарыхы

Ысык-көл облусунун мектептеринин биргелешкен иш-чарасы натыйжалуу ишмердүүлүгүн жакшыртуунун жаңы системасы боюнча мугалимдерди материалдык жактан сыйлоо кызыктуу жана натыйжалуу болду.

Жети-Өгүз районунун Кытай айылындагы Т.Сатылганов атындагы орто мектептин мугалимдери бул жаңыдан киргизилген ыкманы чоң кызыкчылык менен кабыл алышты.

Директор Дыйканбаев Турдубек өз өрнөгү менен мугалимдерге үлгү боло алды. Бул мектепке келген сайын, биз, аны кесиптештери менен декларация толтуруп, группанын жетекчиси катары ачык сабактарга кирип, жаңыча баалоонун процедурасынын чегинде өзү өткөрүп жүргөнүнө күбө болдук.

Директордун ишине анын орун басары Асанбаева Гүлзат жардам берди.

"Акыл - бул табияттын чырагы, ал биздин жолду жарык кылышы керек, ал эми анын аброю - бул адам ойлоп тапкан актануу, кыйынчылык келген убакта жардамга келе турган нерсе" - деп жазган белгилүү ойчул Д.Дидро. "Ошондуктан мен да четте туруп гана кеңеш бергим келген жок, башка мугалимдердей эле, үч ачык сабак өткөрдүм, аны группалардын лидерлери баалашты" - деп Т. Дыйканбаев айтып берди.

Жыйынтыгында, педагогикалык жамаат сыйлоого татыктуу болду.

Менимче, бул директордун мыкты жагы-ал өзүнүн ынтызарлыгы менен мугалимдердин чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн ачууга түрткү берди. Ушул сыяктуу иштер гана башкаларга үлгү боло алат. Ш.А.Калеева, тышкы баалоо боюнча адиси.

# КАМКОР АДАМДАР

1991-жылдын 31-августунда Кыргыз Республикасы өзүн көз каранды эмес эгемендүү мамлекет деп жарыялады.

Эгемендүү Кыргызстанда азыркы мезгилде окуучуларга жеткиликтүү билим берүүдө мектеп негизги ролду ойнойт. Мектептердин дээрлик бардыгы азыркы талапка жооп бергидей компьютерлер менен жабдылган. Биздин айылда да көп жылдардан бери жылдын аягы 25-май акыркы коңгуроо майрамында айыл өкмөтү, ишкерлер, демөөрчүлөр, колунда бар жеке адамдар, айыл башчылары, акимдер, депутаттар окуучуларга мактоо баракчалары менен бирге стипендия берүүнү жакшы жолго коюп алышкан.

Мисалга алсак: Жети-Өгүз районунун мурдагы акими Турдукеев Замир жыл сайын бүтүрүүчү класстын эң мыкты окуучусуна, өзүнүн атасы, эмгек ардагери, көп жылдан бери мугалимдик кесипти аркалаган "Мамбеткулов Турдуке" атындагы 1000 сом өлчөмүндөгү стипендияны берип турат.

Айылыбыздын чыныгы патриот уулу Чыныбеков Ниязбек өзүнүн агасы "Кененбаев Акун" жана согуш учурунда мугалим болуп фронттон кайтпай калган атасы "Чыныбеков Быйтыман" атындагы стипендияны, айылыбыздын кадыр-барктуу кулуну Сабыров Бердиш өзүнүн бир тууган агасы "Текебаев Турусбек" атындагы стипендияны, айылдык кеңешке депутат Дыйканбаева Зейнеп өзүнүн өкүл кызы, көп жылдар бою акушер - гинеколог болуп иштеп жүргөн "Жылкычиева Зоя" атындагы стипендияны, айылдын бараандуу жигити, улууларды урматтап, кичүүлөрдү ызаттай билген, бийик адамгерчиликтүү Ашымалиев Тургангазы мектеп директоруна өз чөнтөгүнөн стипендия ыйгарганы, айыл өкмөтүндө көп жылдардан бери экономист - финансист болуп иштеген Темирбекова Айгүл мугалимдерге акчалай сыйлык берип келген. Ошондой эле К.Р.Жогорку Кеңешинин депутаты Молдоташев Ишенбай 28/XII - 2001 жылы өз атынан отличник 3 окуучу: Көчөрбаев Айбекке, Мамбетова Берметке, Көчөрбаева Айжамалга акчалай сыйлык бергенин билебиз.

Өзүбүздүн мектепти эң жакшы баалар менен аяктап, азыр КМУУнун студенти болуп окуп жаткан Текебаев Эржан 1-11-класстардын он башыларына (акимдерине) 150 сом стипендия берип, ата-энелердин ыраазычылыгын алганы бизди кубандырбай койбойт...

Орто мектепти аяктаганына аз гана убакыт болсо да өзүбүздүн мектептин бүтүрүүчүлөрү, ушул мезгилде студент болуп Бишкекте окуп жатышса да, уядан учкан мектебине көмөк көрсөтүп демөөрчүлүк иши менен элдин, мугалимдердин ыраазычылыгына арзыган уулдарыбыз Дуйшеев Адисбек жана Чыныбеков Максатты кошсок болот.

1994-1995-окуу жылдарынан бери мектептин "мыкты окуучусу" атын жана жогорудагы стипендияларды алып жүрүшкөн окуучуларды атай кетели:

1. Темиров Жаныбек
2. Сабыров Кайрат
3. Сартбаева Нуржан
4. Телгозиева Чолпон
5. Көчөрбаева Айжамал
6. Ашымалиев Улукбек
7. Мамбетова Бермет
8. Акынбекова Айнура
9. Көчөрбаев Айбек
10. Талантбек кызы Мээрим
11. Сабырова Айнура
12. Эстебесова Нүргүл
13. Каныбек кызы Айдай
14. Кылычева Кундуз
15. Телгозиева Жылдыз
16. Кулбараков Жоомарт
17. Текебаев Эржан
18. Аскарбек уулу Жеңиш
19. Искакова Наргиза
20. Дыйканбаева Заринат
21. Асанканов Баястан
22. Максат уулу Сыймык
23. Болот кызы Айжан
24. Айтбек уулу Атай

Ар бир жылы "жылдын мыкты мугалими" тандалат. Бул мугалимдерге да "Ардак грамота" менен бирдикте акчалай сыйлыктар ыйгарылат. Аларга көңүл бөлсөк:

1. Коңурбаева Гүлбүбү
2. Асанбаева Гүлзат
3. Раматова Гүлнур
4. Садырова Айгүл
5. Карасартова Гүлмира
6. Шаршеев Сатинди
7. Иманова Салима
8. Дүйшөбекова Бейшекан
9. Сыдыкова Рапикан
10. Сулайманова Жыпар
11. Темиров Жаныбектерди атасак болот.

1994-жылдары мектептен иштеп кеткен мугалимдердин көпчүлүгү ардактуу эс алууга, кээ бирлери турмуш-шартына байланыштуу башка жактарда иштеп жатышат. Алардын катарына Коңурбаева Гүлбүбү, Кызылжарова Батиза, Иманбекова Манат, Кененбаев Бектемир, Султаналиева Жыпар, Жээнбаева Гүлбара, Мустапаева Чолпон, Кадыралиева

Шарипа, Ашымбаева Кундуз, Султаналиев Алымкул, Карасартова Укай, Дүйшөбекова Бейшекан, Мусабаев Мүсүрбай, Мурадылов Кайрат, Макеева Айгүл, Ибраимова Гүлмира, Алиева Бүбүсара, Чыныбекова Гүлбарчын, Дөлөсбек кызы Гүлназ, Дыйканбаев Саламат, Жаныбеков Кенеш, Искаков Иманкул, Өскөлөңөв Жумабек, Өскөнбаев Арстан, Муканбетов Өмүралы, Темиров Жаныбек, Кулбараков Камчыбек, Кененбаева Мунара, Мамбетова Рыскүл, Маданбекова Эркингүл, Койгелдиева Сокен.

### Эң мыкты мугалим деп биз кимди айта алабыз?

Албетте, натыйжалуу окутуунун аркасы менен класстагы бардык окуучуларды текши, жакшы өздөштүрүүгө жеткире алган мугалимди.

Билим берүү - ийне менен кудук казгандай - чындыгында эле, ийне менен кудук казуу - жадабаган мээнетке, түйшүккө жана азаптанууга алып келери бышык Турдубек берген тарых, адам коом, экономика сабактарын да окуучулар жакшы өздөштүүрүгө жетишишип, бүтүрүүчүлөрдүн көпчүлүгү ЖОЖдордун СЭД же тарых факультеттерине көбүрөөк тапшырышчу.


Мектепте, райондо, областта өтүлүүчү олимпиадаларга да окуучуларды дайыма катыштырууга, аларга убактысын көбүрөөк бөлүп, өзгөчө шарт түзүү менен үзгүлтүксүз даярдап жүрөр эле.

Ошол окуучулардын ичинен Талант кызы Элзат 2009 жылы өтүлгөн областык олимпиадада Адам коом сабагынан III орунга ээ болгонун айта кетсек болот.

# МЕКТЕПТЕГИ "ЭЛ АГАРТУУНУН" ОТЛИЧНИКТЕРИ



**Султаналиев Алымкул -**
стажысы 41 жыл.
1992-жылы алган.
Музыкант-композитор.



**Дыйканбаев Турдубек -**
стажысы 37 жыл.
1994 жылы алган.



**Садырова Айгүл -**
стажысы
37 жыл. 1994-жылы алган.



**Дыйканбаев Төлөн -**
стажысы
30 жыл. 1996-жылы алган.



**Дүйшөбекова Бейшекан -**
стажысы 30 жыл.
2006-жылы алган.



**Иманова Салима -**
стажысы
36 жыл. 2008-жылы алган.



**Шаршеев Сатинди -**
стажысы
31 жыл. 2009-жылы алган.



**Сыдыкова Рапикан -**
стажысы 30 жыл.
2010-жылы алган.

# 2009-2010 ОКУУ ЖЫЛЫ ТАРЫХ САБАГЫ БОЮНЧА ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТТЫК ОЛИМПИАДАНЫН ЖЕҢҮҮЧҮСҮ ТАЛАНТ КЫЗЫ ЭЛЗАТТЫН БҮТҮРҮҮ ЭКЗАМЕНИНДЕГИ ЖАЗГАН СОЧИНЕНИЕСИ

## "АНЫН АТЫ АЛТЫН ТАМГАЛАР МЕНЕН ТАРЫХТА ЖАЗЫЛАТ"

### Дыйканбаев Турдубек агайыма арнайм

Дыйканбаев Турдубек Шерипович 1948-жылы 12-майда Жети-Өгүз районуна караштуу Кытай айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1959-жылы Кытай айылындагы төрт жылдык мектепти аяктаган. 1966-жылы Кызыл-Дыйкан орто мектебин ийгиликтүү аяктап, Фрунзе шаарындагы профтех окуу жайында окуган.

1973-жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин тарых факультетин ийгиликтүү бүтүргөн.

1973-жылдын август айынан баштап Түп районундагы Шаты айылындагы орто мектебинде тарых мугалими болуп алгач эмгек жолун баштаган.

1976-жылы мектепте тарбия завучу, андан соң көп өтпөй окуу завучу болуп иштеген.

1978-жылдан 1983-жылга чейин ушул эле райондо Корумду орто мектебинде директор болуп иштеген. 1986-жылдан тарта Көөчү орто мектебинде директорлук кесипти аркалап, Кыргыз Республикасынын билим министрлиги тарабынан "Эл агартуунун отличниги" жана Ысык-Көл обком партиясынын "Ардак грамотасын" алган.

1980-жылдан 1994-жылга чейин үзгүлтүксүз Талды-Суу айылдык кеңешине депутат болуп шайланып келген.

1996-жылдан бери Ырдык айылдык кеңешине депутат, Жети-Өгүз районундагы Кытай айылындагы Токтогул Сатылганов атындагы орто мектебинде директор болуп эмгектенген.

2004-жылдан тарта Жети-Өгүз райондук кеңешинин депутаттыгына шайланып, элдин мектептин көйгөйлүү маселелерин чечүүгө катышып келген.

Жубайы Садырова Айгүл экөө үч уул, эки кыздын, жети неберенин сүйүктүү ата-энеси.

Кыргызстандын төрт бурчунан тааныш, теңтуш күтүп, өтө адамгерчиликтүү, кара кылды как жарган калыс, элпек, шайыр жүргөн адам эле. Элим, жерим, айылым десе ичкен ашын таштай жүгүрүп, айылыбыздын

патриот уулу, мугалимдердин тажрыйбалуу насаатчысы, кесиптеши, окуучулардын татыктуу агайы эле. Агайдын билимдүүлүгү, калыстыгы, анын аткарган иштеринен, натыйжалуу кадамдарынан кашкая көрүнүп турат.Окуучулар үчүн болгон билимин аябай, жаман жакшы көрүнүп, аш-тойдон калып, оору-сыркоо, чарчоо, үй-бүлө дегенди унутуп, баш оту менен киришип сабак өтөр эле.

Жалгыз гана мектепти ойлобостон, ар бир жарандын таламын талашып, коомдук иштерде да активдүү эле.

Мектепти түптөп, кошумча эки класcты салып, уядан канчалаган окуучуларды учуруп, канчалаган адамдар менен тил табышып, бизге да экинчи атабыз болуп калган эле.

Агайдын жаркын элеси, жасаган иштери, мага айткан сөздөрү ар дайым мен үчүн стимул.

Баштадың эмгек чыйырын
Билимге үндөп уул-кызың
Бата алып барган жериңден
Балбылдап жанды жылдызың.
Аттиң ай, арман дүнүйө
Айла жок ажал күчүнө
Акылман асыл агайдан
Айрылып калдык бир күндө.
Кыргызда кимдер билбеген
Кызматташ болгон сиз менен .
Кыйкырып келди "боорум"деп
Көөчүлөр дагы биз менен.
Бакытка элди үндөгөн
Барган жерин гүлдөткөн
Тарбия алып өзүңдөн
Топ жаштар сизден бүрдөгөн.
Куда-сөөк, уул-кыздары сыйлаарында
Көзү өттү 62 курагында
Кор кылбай балдарын да, мектепти да,
Кам көрүп агай жүрчү кашыбызда.

"Оку" - деп бизди урушуп калчу элең
"Жүргүн" - деп жаныңа ээрчитип алчу элең.
Агайым элесиңди унутпаймын
Түбөлүк дайым калат мени менен.

"Окуучум" - деп тааныштырып баары менен,
Ийгиликке кубанып жүрөр элең.
Өз баландай тарбиялап алып жүрдүң,
Көтөрүп өз мойнуңа бардык жүгүн.

Бат-бат басып, сабакка ар дайым шашып,
Жүрчү элең баары менен амандашып .
Жолуң жолдоп, эл-журтума эмгек кылып,
Жүрсөм дейм бир өзүңдү кумир кылып.

Жүрчү элем актасам деп эмгегиңди,
Кыялданып "он жылдыкка" келгенимди.
Эми кантип билдиремин ыраазычылык,
Кубантып бир өзүңдү ыраазы кылып.

Буюрса окуу жайга өтүп калсам,
Актаармын мага деген ишеничиң.
Агайым жаткан жериң жайлуу болуп,
Кудайым орун берсин бир бейиштен.

Агай! Биз сиз менен сыймыктанабыз!

**Жаштык өмүрдүн көркү, жашоонун шаңы**

Турдубек 19 жашында Бишкекте окуп жүргөндө белинен операция болуп 9 ай гипсте жатып калат. Ошондо жазган күндөлүгү азыркы убакка чейин сакталып келди. Ал күндөрүн өзү "жаштыктын тозоктуу тогуз айы" деп баштаптыр. Анда жазылганы боюнча армандуу - азаптуу күндөрүн , гипсте козголбой, баса албай жатканын, ушул оорудан сакайып үй-бүлө күтүп, эл катарына кошулуп кетемби деген жүрөгүндөгү күйүттүү сөздөрдү окуган киши жашыбай койбойт. Операциядан бир жылдан кийин Улуттук университеттин тарых факультетине өтүп, окууга болгон жөндөмдүүлүгүн көрсөтөт. Бир комнатада Жерге-Талдык группалашы Аскар Рабиев менен 5 жыл бирге окуп, бир туугандай болуп калышат. Ал досунун айтуусу боюнча: белине корсет тагынып алып сабака келчү эле, ооруп жүрүп да сабактан бир да жолу калбай сессия учурунда бардык экзамендерин "5"ке тапшырчу эле, анын ордунда башка бала болсо, окууну таштап баса бермек эле деп эскерет. Ден соолугу-

нун начардыгына карабай университетти ийгиликтүү аяктап, Түп районундагы Шаты орто мектебинде педагогдук ишин баштаган. Мен да Караколдогу педагогикалык институттун орус тили адабияты факультетин бүтүп, чогуу иштей баштадык. Шатыда 5 жыл, Корумду орто мектебинде директор болуп 5 жыл, Түп райондук партиялык комитетинин үгүтнасаат бөлүмүндө инструктор болуп 8 ай, Талды-Суу совхозунун партиялык уюмунун секретары болуп 3 жыл, Көөчү орто мектебинде директор болуп 8 жыл үзүрлүү эмгектенген. Жалпылап айтканда Түп районунда 21 жыл эмгектенди.

Ошол жылдардагы чогуу иштеген адамдардын Турдубекке берген пикирлерин ортого салсак.

В.Я. Зайнулин, Талды-Суу совхозунун директору

12.09.1983 г.

## Отзыв

На Дыйканбаева Турдубек 1948 года рождения, национальность киргиз, образование высшее.

Знаю тов. Дыйканбаева Турдубека с сентября месяца 1979 года, работавшего директором средней школы села Корумду.

За время работы тов. Дыйканбаев.Т проделал определенную работу в школе . Совместно с партийной организацией и администрацией совхоза сельским советом проводил родительские собрания по улучшению учебно-воспитательной работы в семье и школе.

Активировал работу преподовательского состава. Держал тесную связь с совхозным производством. В период уборки картофеля средняя школа села Корумды в соревновании среди школ в 1980-81-82 годах постоянно занимала первое место. Среди животноводов тов. Дыйканбаев Т. постоянно проводил агитационную работу. По характеру беспокойный, активный, добросовестный. Умеет работать с людьми.

Директор совхоза *В. Я.Зайнулин*

**Көөчү орто мектебинин мугалими**
**Абыкеев Эгенберди**

## Пикир

Дыйканбаев Турдубек 1986-жылдан бери Көөчү орто мектебинде директор болуп иштеп келе жатат. Жетекчилик ишин талапка жооп бергидей изденүү, чыгармачылык менен алып барат. Коллективде, ата-энелер арасында эң жогорку авторитетке ээ. Мугалимдердин жетишпеген жактарын бетке айтып, иш алып баруусуна жардам берет. Өтө демилгелүү жетекчи. 1989-90-окуу жылында беш бөлмөлүү "ашар" жолу менен мектеп салынып бүтүп, орто мектеп ачылды. Мындан аркы ишине ийгилик каалайм.

**Көөчү орто мектебинин кесиптик уюмунун**
**төрагасы Бектемиров.**
**К. Усулдук бирикменин жетекчиси Рысдөлөтов С.**

## Пикир

Т.Дыйканбаев бул мектепти жетектөө менен бирге тарых, экономика, адам коом сабактарын берет. Турдубектин уюштуруучулук жөндөмү абдан өнүккөн. Мектептин көптөгөн иштерин алдыга жылдырды. Мугалимдердин өздүк билимдерин көтөрүүсүнө, окуучулардын билимин жогорку деңгээлге жеткирүүсүнө, өзүн-өзү башкарууга багыт берди. Жеке мугалимдер менен иш алып барууда өзүнүн болгон күчүн көпчүлүккө жумшаганга аракеттенет.

Мүнөзү кыймыл-аракеттүү, ишти акырына чейин чыгарууга бат чечим кабыл алып, аны убагында бүтүрүүгө шашат. Коомчулукта коллектив арасында бардыгы сыйлып-кадырлашат.

"Эл агартуунун отличниги" төш белгиси менен сыйланды. Жаш тарыхчылардын насаатчысы. Райондо тарых боюнча усулдук секциянын жетекчиси. Окутуунун жана тарбиялоонун формаларын усулдарын өркүндөтүү боюнча өзүнүн иш билгич, уюштургуч жетекчи экендигин көрсөтө алды. Турдубекке ден соолук, мындан ары талыбай иштей беришин каалайбыз.

**Турдубек жазган күндөлүк. (1967-ж.)**

Ушул күндөлүктү бир максат менен жаздым.

Табышмак. Бир күнү вулкандай атырылып чыгар.

**Жаштыктын тозоктуу тогуз айы**

Балалыктын ойноок кезинде чөптүн үстүнө уктап калып андан катуу тоголонуп жерге кулаган элем. Ошол боюнча эч нерсе сезбей жүргөн элем. Бирок 19 жашымда белим ооруп догдурга жатып калдым. Врачтар бел омуртканын учу ийилип кеткен деп операция жасашты. Гипсте 9 ай эч кыймылсыз жаттым. Ошол тозоктуу 9 ай ичинде күндөлүк жазып өзүмдү алаксытууну чечтим.

Операция ийгиликтүү өттү дешти врачтар, бирок күндө перевязка жасаганда жаным көзүмө көрүнөт. Айла жок, чыдаш керек.

Бүгүн "Абайды" бүтүрдүм. Тарыхый романды ушунчалык тез бүттүм. Жөнөкөй, бал тил менен тамшангандай жазылган. Рахмат улуу казак элинин атактуу жазуучу акыны Мухтар Ауэзовго.

8.04.

Бүгүн уйкусурап ойгонгум келбегенсип турдум. Күн чайыттай ачык тийип тургансыйт. Себеби кроватта кыймылсыз жаткан мага ошондой сезилет. Температура болуп, чыдатпай ыйлап жаттым. Үйдөгүлөрдү сагындым.

9.04.

Дагы перевязка жасады, шишип кетиптир. Деги кудайга эмнемен жаздым экен. Аркама горчичник койду.

10.04.

Бүгүн чарчап турдум. Уктай албай ар кайсы түштөрдү көрүп. 151 күн чогуу жаткан байкени бүгүн чыгарышты. Үйүр алып калыпмын, ыйлап жибердим.

12.04.

Бүгүн менин жатканыма 5 ай болду. Тышты көрдүм: бак дарак, чөптөр көгөрүп калыптыр. Муунум калчылдап, каңырыгым түтөдү.

Эх жаштык кездер!

13.04.

Адамдык сапат баарында болгон кезде өркүндөөр элек дүркүрөп.

Бул палатада ар түрдүү мүнөздөгү адамдар жатышат. Курбу кыздарым келишти. Кол булгашты коштошуп. Түгөнгүс ойдун кучагына берилип кеттим.

14.04.

Ата-энем, бөбөктөрүмдү сагындым. Айылды көз алдыма келтирип санаалап кеттим.

15.04.

Палатабыз Дружба палатасы. Кыргыз, орус, украинец, корей, немец улутундагылар жатышат. Оюма ар кайсылар түшөт. Эмнегедир уктай албайм.

16.04.

Бүгүн уйкум келип араң турдум, тынчсызданам. "Эмгек сыры" деген китепти окууга кириштим. Муса Жангазиевдин Төлөгөн деген бөлүмү кызыктуу экен. Ар кайсылар оюма түшүп ыйладым.

Радиодон Жети-Өгүз району малды төлдөтүүдөн 100 нөн 117 ден алып жатат деген кабарды угуп кубандым.

17.04.

Эмнегедир эле чабалактап уктай албайм. Жүрөгүм алып учат. Эч ким келбейт. Мейличи, тилегим ийгиликтүү өтүп, ушунчалык ойлогондорум акталып кетсе болду. Чыдаш керек.

18.04.

Ачуу - душман, акыл дос, өзүңдү ар дайым токтоо кармай билишиң керек. Туурабы замандаштар? Кыйналдым. "Ботогөз", "Караганды", "Ак жер, көк асманды" окудум.

19.04.

Мага 15-декабрдан бери перевязка жасаганы жасаган. Аябай оорутуп шишимик тартып жанды кыйнайт.

Өзүм ар кайсыга чыңалып көрбөсөм, жадырап жайнап ойноп-күлүп келатсам, ушундай ахвалга туш келсем, кантип ыйлабай, кантип кейибей коем, туугандар. Бирок үмүт алдыда.

20.04.

Бүгүн тынч турдум. Күн ачык, көп өтпөй кара булут каптап, күн жаай баштады. Радиодон концерт угуп кечке жаттым.

21.04.

Бүгүн кар жаады, теребел аппак. Эмнегедир жүрөгүм өйүйт, бир кемчил бардай.

Тез- тез алактап эшикти карайм, ошентип түн да кирет.

Бирөө кыйналса - бирөө оюңду канагаттандырса кандай бакытка чулганасың. Жараткан кудай, кечир күнөөлөрүм болсо.

22.04.

Көңүлдүү эле сезгидеймин, бирок арман жык толот ичиме. Жигиттик мүнөз барбы? Энекем эле күйүп бышат кайгыма.

Эх! Ким мага түшүнөт.
Ой - санаанын кучагындамын.

23.04.

Көңүлүм айнып, кускум келип, башым айланат, алым жоктой сезем. Ал жайымды сурап курбулар келишти. Рахмат.

24.04.

Бүгүн күн бүркөк.
Жаан себелеп турат. Шарше агай келди. Рахмат! Энекем үйгө кетти 5 күн жүрүп.

25.04

Күндөгүдөй түштөрдүн кучагынан баш ооруп турдум. Ой - санаага чөмүлүп жалдырап жалгыз жатам.

26.04.

Дагы эле чубалжыган ойлор, үмүттөр, тилектер, кубанычтар!

27.04.

Аз да болсо кыйналып жатканыңда оозуңа бир тамчы суу тамызып койсо мына ушул адам өмүрүңдүн акырына чейин жүрөгүңдүн түбүндө болот турбайбы ,чындык.

27.04.

Бүгүн Темирбектин туулган күнү. Куттуктайм.

2.05.

Майдын салкын жели менен ойгондум. Саат 10 до сборный СССР - Венгрия Будапешитте футбол болот.

4.05.

Бүгүн К.Маркстын 150 жылдыгы, печать күнү белгиленди. Курбулар келишти, көңүлдүү отурдук.
Гүл жерди көркүнө чыгарыш үчүн, жылдыз асманды көркүнө чыгарыш үчүн, адамды адам көркүнө чыгарыш үчүн жаралган. Туура!

30.05.

Бакыт ыйлабаган көздү сүйөт. Көзүнө жаш алып караган адам өзүнүн бактысын тумандык арасынан көрбөй калышы мүмкүн. Жүрөгүңдөгү кайгы - капаңды айтчы мага - балким мен сага жардамдашармын деп кайрылууга болот.

31.05.

Балдарды коргоо күнү . Жайдын алгачкы күнүнүн башталышы.

1.06.

Ырматылык Закир таякем менен Акен таякемди жакшы көрөр элем. Акен таякемди кайгыга салып койдум окшойт, ыйлап.

Сөз - адамдын жүрөгүнүн жанынын күүсү эмеспи. Сөзү жылуу адам кайгы капага ортоктошо түшөт.

2.06.

"Тегеран" деген китепти бүттүм. Обход болду. Рана жакшы заживать этип атат деди. Сүйүндүм. "Друзья", "Шоңурдун жоруктарын" окудум. Корсетке заказ бердик, заводго барып.

4.06.

К. Симоновдун "Өмүр жана өлүм" деген китебин окудум. Айылдагыларды эстедим, курбу-досторду.

5.06.

Башы тоголоктун баары эле адам боло бербейт. Сөз маанисин билбеген жолу туюк аскадай. Китеп окуу менен алекмин.

11.06.

Эмгек чыйралтат, женилдетет. Айыгаар оорунун дарысы өзү табылат дешет, бул да чындык окшойт.

12.06.

Эмнегедир романтикалуу мүнөздүүлөргө кызыгам.

Адамдар таза сезимдүү, таза жүрөктүү болушса ээ.

15.06.

Бүгүн медицина күнү. Асыл курбуларымды, ата-энемди, бөбөктөрүмдү сагындым. Мен бактылуумун.

16.06.

Түтүн, чаңдын арасынан күн араң көрүнөт.

"Солдат элек" деген китепти окудум. (Балка).

Кечинде ары-бери басып келип жаттым.

17.06.

Бүгүн палаталаш эжем кетем деп словарын эстеликке берди. Макен абам кечинде келип акыл-насааттарын айтты.

Абдан жакшы киши.

18.06.

Бүгүн В.Сахаровдун "Маутхаузендин тозогунда" деген китепти баштадым. Төлөбектен кат алдым. Турус, Темиш кыркында экен.

19.06.

Тынчсызданып турдум. Ушул догдурдан атамдын фронтовик досу менен кездештим. Атама сын берет; токтоо киши болчу деп. Ал Моңолдоров Сатыгул деген киши экен Кемин району. Алмалуу айылынан. Баласы мединститутта окуйт экен.

20.06.

Жай турдум. Рентгендин снимкасын көрүштү врачтар. Үйгө жиберүү жөнүндө сүйлөштүк.

21.06.

1941-жылы ушул күнү эртең мененки саат 4тө тарыхта кандай күн болуп калды. Энем келди. Мелис, Асанбай болуп тамашалашып отурдук.

22.06.

Көпкө чейин уктай албай жаттым, көптөгөн нерселер ойго түшөт. Айылды эстейм.

23.06.

Энем шым - костюм алып келди. Жүрөгүм элеп - желеп болот. Өзүмчө эле чуркагым келет.

24.06.

Бүгүн заводго барып корсетти алдык белиме. Сүрөткө түштүк больницадагылар болуп.

25.06.

Бүгүн кубанычтамын. Себеби мени үйгө чыгарышты..

26.06.

Асманда бир да булут жок. Темирбек, Төлөбек, Турус, Ишен кирпич куюшту го.

Өзүмдү эмнегедир кемтик сезем. Оор күндөрдү башыман өткөрдүм. Ал эми үйдө көңүлдүү.

6.07.

Эр жигиттин башына нелер келип, нелер кетпейт.

Эмнегедир тынчсызданам. Башым айланат, көңүл чөгөт, мас кишидей темтеңдеп калам.

7.07.

"Кирешелүү үй" деген түрк жазуучусу Сабанахи Алинин китебин окудум. Укмуштуудай трагедиялуу экен. Эмгек адамды көгөртүп өстүрөт эмеспи. Эмгектенүү гана керек. "Бали - бали кыздарай" - деген оюн болду Кызыл-Дыйканда. Акен, Сапарбекке кезиктим.

8.07.

Үйдөгүлөр апийимде. Атам отпуска алыптыр, үйдө.

Бош убактыларында Темирбек, Төлөбектер келип көңүлүмдү ачып алаксытышат.

9.07.

В.Яндын "Чынгыз хан" тарыхый романын окууга кириштим. Абдан кызыгарлык кыскача берилген экен. Кыргыз элинин макалы кошо кирип-

тир. "Кучтуумун дебе - өзүңөн да күчтүүгө жолугасың", дешет. Кечинде балдар менен топ ойнодук. Асанбай, Акун, Токен болуп.

10.07.

Талыкпаган чыдамдуу адам башталган иштин убайын көрөт. Ооба! Канчалык көп китеп окусам сергип калам.

Айнура бүгүн Москвага жол тартат, узатып жатышса керек. Окуу гана керек.

11.07.

Китептерге көз жүгүртөм. Карапайым колхозчу Жамийла менен Данияр Ауэзовдун сөзү боюнча жүрөгү кеңири, ички дүйнөсү бай адамдар. Алар адамгерчиликтүү, сезим жагынан жоомарт. Аларга эргүү да жат эмес. Алар обон менен ырдабастан жүрөгү менен ырдай билишкен адамдар. Данияр адамды да, турмушту да ушунчалык суктана сүйө билген, анын ар бир кымбат, асыл жактарын көрө билген адам. Көптөн бери жүрөгүн өйүп алоолонткон махабат сезимин турмушта да ушунчалык терең сүйүү сезими менен айкалыштырып жан эргиткен обонго салат. Айрыкча жаш муундарды адамдык наамды ызаттай билүүгө, туруктуулукка чакырып турат.

Негизги маңызы ушунда.

12.07.

Бүгүн кечирээк турган экенмин. Төлөбек Темирбектер келишти. Кечинде телевизор көрүп, кечке уктай албай көп ойлорго чөмүлдүм.

13.07.

Күн бүркөк, бирок үп болуп турат. Темирбек Турсун абамдар болуп топ ойнодук. Темирбек жакында кеткени жатат. Түштөн кийин күн ачылды.

14.07.

Запомните слова о подвиге : "Когда человек любит подвиги, он всегда умеет их сделать и найдет, где это можно. В жизни всегда есть место подвигам. И те, которые не находят их для себя, те просто лентяи или трусы, или не понимают жизни". М.Горький. "Старуха Изергиль".

Кечинде көчөдө Асангазы, Төкө, Сакен, Ишен, Апан болуп көпкө сүйлөшүп отурдук. Эл апийимге барып кеч келип жүрүшөт.

15.07.

Кайгы-капа, азаптануу, боорукердик, санаа тартам. Аскатка суук тийген көрүнөт. Көпкө уктай албай муундарым калчылдайт.

16.07.

Самыйбек Аскат менен догдурга жатып калыптыр. Каргаша болуп суук тийип калган тура. Жаман капамын.

17.07.

Күн чайыттай ачык. Батыштан салкын жел бетти аймалайт. Айылда кызуу кыймыл. Анча-мынча ойнодук. Кечинде Айша эжем, жезде, жеңе, Алыкуш абалар келишти.

18.07.

Аба ысык, үп болуп турат. "Улуу орус саякатчылары" деген китепти окудум да андан укмуштай каармандыкты байкадым, адамды сыйлоо, баалоону, өстүрүүлөрдү байкайсың.

19.07.

Эрте турдум. Радиодон жакшы ыр-күүлөрдү уктум.

Крачиновдун "По индии" деген китебин окуй баштадым. Эмнегедир көңүлсүзмүн, башым каңгырайт.

20.07.

Бүгүн кеч турдум. Суу жектеп таза абага чыктым. Түштө апийимге барып бир аз тилиштим.

21.07.

Эрте туруп эле кайра төшөкө куладым. Аскат жакшы болуп калыптыр.

Турганбек барып келди. Эмнегедир талыкшып эле уйкунун кучагында болом. Эмне экенин билбейм, ичим эле ооруйт эзгенсип.

22.07.

Үйдөгүлөрдүн көңүлдөрү жай, себеби иштери жакшы болуп планы аткарылып жатат. Кечинде Үмөт жезденикине атам экөөбүз бардык.

23.07.

Күн ачык. Айтыш менен сүйлөшүп отурдум. Аскат жакшы болуп догдурдан чыгып келди. Кечке жанынан чыккан жокмун.

24.07.

Бүгүн шаарга барып өзүмө шым-костюм алдым.

25.07.

Бүгүн догдурдан чыкканыма туура 1 ай болду. Суунун шаарында көпкө отурдум. Жылдыздын өчүп, күйгөнүн биринчи жолу байкадым.

26.07.

Мына таң атты. Өмүрдүн тынчтыктын таңы! Таңдын артынан сапарга бирге аттангансып күмүш нурун төгүп күн да чыга келди. Көптөн күткөн жоопту да алдым. Менин эрким начар экенин билдим. Турмуш сабактарына такшалуу керек. Үйдөгүлөр бака-шака түшүп шерине беришти.

27.07.

София асманы -

Достошсун доор жаштары! Бүгүн Болгарияда Бүткүл дүйнөлүк жаштардын жана студенттердин IX фестивалы ачылды. Китеп окуу менен гана алекмин.

28.07.

Жыргалдуу куту себилген,
Жылдызга бою керилген.
Желп этсе желге бутагы,
Жемиши жерге төгүлгөн.
Балбылдап жаштык биздеги,
Бактылуу күнгө чөмүлгөн.

Алымканга кезигип көпкө сүйлөшүп отурдук.

Эс алуум өтө тез өтүп жатат.

29.07.

Бир маал суу жээктеп суунун шарпылдаган агымына, желп эткен жагымдуу таза абасынан кере-кере дем алып көкүрөк черин жазам. Кечке Аскат менен алекмин.

Кечкурун ааламга көмкөрүлүп жаткан асмандын себеттери, сансыз жылдыздар бара-бара агыш тартып, анан билинбей тамчылардай тээ түпкүрдө калышат. Бир далайга асманды карап скамейкада отурам.

30.07.

Бүгүн Төлөбек келип ойготту. "Кыргыздардын тарыхы" деген китепти окудум. Кечинде кызыктуу кабарларды газетадан окудум. Уйку келбейт.

31.07.

Абдан суук болуп турат. Жүгөрү менен картошканы үшүк алып кетиптир.

Төлөн абамкына барып ар кайсы суроолорду беришип көпкө кепилештик. Бир аз шампанский ичип койдук.

1.08.

Күндүз ысык, түнкүсүн суук. Уйдө элемин. "Степан Разинди" окуй баштадым. Кыскасы кызыктар көп.

2.08.

Бул - азыркы адамдар куулукка, жеп жуткучтукка, арамдыкка малынган паразитизмге чырмалгандарга бүт коом толуп кеткенсийт, кандай кылганда коом оң жолго түшөт. Эх! Адамдар айбандар!

3.08.

Бүгүн темир жолчулар күнү. Күнгөй Ала-Тоо үрүл-бүрүл бажыраят, тескей кулачын керет. "Аспиранттын аялы" деген театр микрофонун уктум. Учу-кыйры жок, учкул кыялдар ойго келет.

4.08.

Китеп окуюн деп турсам балдар топ ойноп жатыптыр. Акун экөөбүз шахмат ойнодук. Аскатты көтөрүп суу жээктеп басып келдим. Кечинде Токтомуш абамкы чакырды.

5.08.

Кийинки убакта күндөр өтпөй жай жылгансыйт. Токен, Өмүркан, Мелис, Төкө, Алмабек болуп топ ойнодук. Ар кайсыга алаксыган болом.

6.08.

Мелис менен көчөгө чыктым. Эртең кечинде Алымкан Фрунзеге жол тартат экен. Балдарга салам айттырдым.

7.08.

"Жашыл нур" Соболевдики. Решетниковдун таржымакалы абдан кеңири талданып берилиптир. Кыскасы ушул. Бүгүн да топ ойноо менен чектелдим.

8.08.

Адам өзүнө ишенгенде ойлонуп баш катырбастан, түз эле аракет кыла башташы керек деп ойлойм.

9.08.

Бүгүн бүткүл союздук физкультурниктердин күнү!

Кечинде өз ара беттешүү болду, тим эле ызы-чуу. Ичим ооруду, кыйналдым

10.08.

Бүгүн курулуш күнү!

Бектемир абам машина жалдаган экен - көлгө бардык. Көл абдан жылуу, жагымдуу. Асанбай, Токен болуп топ ойнодук. Эх! Бардык курбу-курдаштарың болуп көңүл ачсаң кандай сонун ырахат! Сүрөттөрдү көрүп көп өкүнүчтөргө туш болдум.

11.08.

Асманды ала булут каптап турат. Чаң уюлгуп көтөрүлөт. "Биринчи мугалим" жөнүндө кыргыз адабияттан үзүндү окудум. Эх! китеп, китеп.

12.08.

Адам бир нерсе жөнүндө эртели кеч ойлоп, аябай кыйналып, кандай чечерди билбей эки ойлуу болуп жүрөт. Бир убакта ал маселе дароо

ачыла калат. Көрсө бардыгы жөнөкөй эле тура. Барыдан мурда ачык-айкын, ушунчалык жөнөкөй кубанычтар да болот тура.

13.08.

Окуу - бул адамдын турмуш жолунун эң белгилүү даражадагы жашоо жолунун фундаменти эмеспи. Ооба! Бул күндөлүк жолдош курбуларга мүнөздөмө берүү үчүн жазылбаш керек да.

14.08.

Эки айдан бери жаан жаабай бүгүн жаады. Мелис менен көчөгө чыгып ары-бери басымыш болдум.

15.08.

Бүгүн араң турдум. Төлөн абамкынан китеп карап келдим. Эң күчтүү шамал жүрүп жатат.

16.08.

Бактын арасына бардык Темирбек экөөбүз. Сугарбагандыктан чөптөрү күйүп, бак-дарактар кыйылып жапайычылык чек болуп калганбы? Аары чакканга уктай албай койдум, жакпайт көрүнөт.

17.08

Шамал. Ушул күч кандай гана сырларды, кубанычтарды, муңдарды өз кучагына сиңирип шуулдайт. Кечке топ ойнодук. Токен да кетиптир. Асангазы да окууга өткөн көрүнөт.

18.08.

Окуу жылынын башталышына да саналуу күндөр калды. Күн ачык. Акун, Асанбай, Апан, Казыбай, Мелис, Темиш болуп көпкө туруп калдык - суук ичиркентип жибергендиктен шашылып үйгө кеттик.

19.08.

"Обон" деген китепти окуй баштадым , абдан кызыктуу, көркөмдүү жазылган экен.

20.08.

Асангазыга барып көпкө сүйлөшүп отурдум. Алымканга кезигип кайра тарттым. Кечкисин дайыма катуу шамал жүрүп калды. Кечинде кино көрдүм.

21.08.

Чыңгыздын "Ак жаанын" окудум. Кадыркул службадан отпуск алыптыр, учураштык. Көчөгө чыксам Бектур агай жүрүптүр топ ойноп. Күн жаады эле, чилче тарадык.

22.08.

Чолпонбай чоң атамдыкында ыр-күү угуп отурдук. Иса аба, Алыкуш агайлар болуп кечке жуук топ ойнодук. Муса абамдыкында Мелис, Темиш болуп көпкө чейин эрмектешип сүйлөшүп отурдук.

23.08.

Энем, Аскат болуп таякелерге барып конок болдук. Бүкөш эжем ысык - суукка чыдап, Аскар, Турдугүл, Турдукандарды тарбиялап атканын көпкө ойлодум. Акен таякемдикине кирип учураштым. Үйгө келсем балдар: Темирбек, Бектур, Акун, Карыбай, Керимжан болуп кичине ичип койдук. Бөтөлкөнү Төлөн абам алып берди. Кечинде Керимжан чакырды эле бара алган жокмун.

24.08.

Бүгүн шахтерлор күнү. Алымканга кезигип от жагып ойнодук. Топ ойногон болдум. Алдыда сонун ой -максаттар бар.

25.08.

Акун, Асанбай, Мелис болуп Фрунзеге келип общитке ордер алдым.

26.08.

Бүгүн 54 - комнатага жатаканага жайгаштым, постель алдым.

30.08.

Турус экөөбүз Ботанический садга бардык.

1.09.

Түнкүсүн Айнура, Уулкан, Гүлай, Турусбек болуп Манас кинотеатрына барып "Ты моя жизнь" деген индийский кинону көрдүк.

Университетте укмуш, бүт тааныбаган балдар, кыздар.

2.09.

Комнатада Тажикстандан Нурмухаммед, Аскар, Баткенден Азизбай, Бекташ болуп жатабыз.

3.09.

Мелис Асанбай болуп көчөгө чыктык. Айнур менен Гүлайга кезигип жеткизип койдум. Кандай сонун ай батып баратат.

4.09.

Күн суук боло баштады. Кураторубуз Өмүркулов деген киши экен.

5.09.

Көчөдөн Асангазыга кезиктим. Токен, Болот, Асанбайларга рыноктон кезиктим.

8.09.

Сабактар эмнегедир кызыксыз өтүп жатат. Филармонияга Т.Үметалиевдин 60 жылдыгына бардык.

9.09.

Лекциялар өз ыгы менен өтүп жатат. Касымалы Жантөшев каза болуптур. Кандай өкүнүчтүү. Кыргыздын улуу жазуучусу эле да.

12.09.

Дары ичип кечке жаттым. Суук тийген көрүнөт. Кыйналып сабактан да кетип калган элем.

13.09.

Бүгүнкү күн мен үчүн өмүрүмдөгү эң татаал, оор, өкүнүчтүү күн болуп калды. Ушул убакка чейинкиси.

18.10.

Кабагы түндө жабык, күндүзү ачык,
Адамзат кутула албайт сенден качып.
Алыстан илеби менен тартып алып,
Жакындасаң жалмайт экен оозун ачып.

Мына ушул бир куплет саптар менен Туке ушул күндөлүгүн аяктаптыр. Туке!

Бул саптарды эмне үчүн жазганыңды билбейм. Балким жаның кыйналып жатканда жаздың бекен?

Ким билет? Армандуу саптар. Же өз тагдырың ушундай аянычтуу бүтөрүнө көзүң жетип жаздыңбы!

Балким өзүң айткандай сен 62 ге чыкканда бизден бөлүнүп вулкандай атырылып ушул күндөлүгүң күбө болор дедиңби?

**Туулган күн толгон жаз айы,**
**Жан дүйнөмдү жабыркаткан май айы**

Мен эмес, биздин үй-бүлөнүн баары тең май айын жакшы көрүшө турган. Себеби май айында Турдубек, Азамат, Мирзат, Салтанат, Назира, Наргизанын туулган күндөрү эле.

Турмуштун татаал сыноолорун татсам да, кудай мага оң караган эмес экен. Атамдын, бир тууган агамдын, инимдин бул турмуштан мезгилсиз эрте кеткендерине ичим ачышып, төркүндөрүмдүн жоктугуна ыйлап жүрсөм, бул сапар Тукемден биротоло ажыраганыма, шорумдун калыңдыгына ыза болдум.

Кудайдан балдар кыздарымдын тилегин тилеп, алардын амандыгын, жакшы жашоолорун суранып жатчу элем, бирок Тукемдин тилегин суранган эмес экенмин.

Ал менин мандайымда түбөлүк жүрчүдөй сезипмин, себеби атам деле, энем деле бактылуу карылыктын даамын татып, балдарына ырыскы-

лаш болушпады беле. Көрсө ажал байкатпай, эч нерсени сездирбей, шарт колуңан жулуп кете берет тура.

Эх! Арман ай!

Кайрат кылайын, балдарымдын аман-эсендигин тилейин, бирок канча чымыркансам да жүрөк чыдабайт экен, баскан-турганыңды, кылган иштериңди, сүйлөгөн сөздөрүңдү эстеп жаш чайыйм.

Аттиң, дүйнө!

Ушундай ахвалды мойнума салып мени сынап жатасыңбы?

Мен каниет кылам, тобо кылам!

Тукенин өзү кетсе да артында "жакшы адам" эле деген сөз калды, эл баалады, эл кадырлап, сыйлап акыркы жайына узатышты.

Балким элдин тилеги, батасы тийип мектебиң сенин атыңа коюлуп калса - тирүүңдө жетпеген оюңа - тиги дүйнөдө жетип, арбагың ыраазы болор.

Ошентип келбес жайда жатканыңда б.а. 23 күн өткөндөн кийин "кайгынын" кубанычына күбө болдук. Биздин кайрылуубузга "министр кол коюптур" деген жакшы сөздү уктук. Баарыбыз сүйүндүк, жүрөгүм жылыды, бирок анын артында өкүнүчтүн, кайгы-муңдун тузу жанымды жеп жатты.

Туке! Көзүң барда деле канчалаган жакшы каалоо-тилектерге ээ болдуң эле - көрсө, бардык нерседен асыл табылгыс нерсе - бул тирүүлүк экен.

Адамдын баркын анын көзү өткөндө гана билет окшобойбузбу!

Акыркы коңгуроонун үнүн укпай калдың акыркы коңгуроо - азаптуу акыркы сапарга узатуу митингиси менен аяктады.

Сага келген миңдеген адамдардын жүрөгүн сыздаттың, а үй-бүлөңчү?

Жоготуу - бул жарым өмүрүңдүн бүрүн күбүп салгандай эле оор нерсе экен.

Туке! Күндөн күнгө алыстап баратасың - ооба! Тынч уктачы, элге жактың - эми жерге жак. Кудайым бейиштен орун берсин. Артың майлуу - сүттүү болуп, арбагың ыраазы болсун.

*Сенин асыл адамың. 17.06.10. саат 20.30.*

## КАЙГЫ БАСКАН ТУУЛГАН КҮНҮМ

11.06.10. саат 19-19.45.

**Туке!**

Кагылайын өмүр шеригим!

Каргаша кайдан чыга калды, жакшы ой-тилек менен жыргап баратып жыласыбыз чыкты го!

Оо, кудай, кандай калыссызсың, таш боор ажал жолдо күтүп тургамын сезсек кана!

Ушундай күнгө туш кылган тагдырымдын тайкылыгына ичим чок болуп күйүп бышам. Кандай айла кылайын? Эч бир ылаажы жок.

Туке, бирге өмүрдүн таңын тозуп, кечин узатканыбызга быйыл 38 жыл толуптур.

Аттиң ай, дагы 10 жыл берип койсоң эмне? Элге сиңген эмгегиңдин үзүрүн көрүп, байоо бала кыялыңдын жаркын элестери дагы да элдин эсинде калбайт беле, аны тагдыр бизге ыраа көргөн эмес экен.

Сага деген асыл ойлорумдун тизмеги учу-кыйры жок санааларга улана берет. Сенин адамгерчилигиң, ичиңде кириң жок ак көңүлдүгүң, элге кылган жакшылыгың, берешендигиң ар бир сени билген адамдардын эсинде дайыма жүрөрүнө ишенем. Сен үй-бүлөңө эле эмес, канчалаган адамдардын жүрөгүндө "жакшы адам" катары калганың бизди сыймыктантат, бизди курчутат, бизге дем берет.

Көрсө сен элиң үчүн туулуп - элди алган, ишиң үчүн туулуп - эмгегиң менен көпчүлүккө таанылган Кытайдын өлбөс-өчпөс кулуну турбайсыңбы!

"Өмүр бизден өтүп кетсе-эл эмгектен эскерсин"-дегендей сенин турмушка кадам шилтеген изиңден өмүрүңүн акырына чейинки мезгилиң, тынбай эмгектенген жылдарың жаркырап эл алдына чыга келбедиби.

Аны сенин жакшы сапаттарың айгинелеп койду- буга калың журт, түмөнү түрүлүп келген эл күбө.

Чарчадым, эс алайын, ордумду өткөрүп берейин деген сөздөрүңдү мен жеңил-желпи кабыл алыпмын, себеби сен чарчаганды билбеген шайдоот мүнөзүң менен дагы эле тың, дагы эле элпек, дагы эле өжөр экениңди мен баамдабай калган турбайымбы.

Эх, турмуш, жашоо, чиеленген өмүрлөр!

Көрсө турмуштун агымы бизди өз билгениндей ары-бери калчап, өз тилегине жете берет тура!

Сен ар дайым баарыбыздын жүрөгүбүздө күзгүдөй жарык нур болуп жанып турасың. Сен өчпөйсүң, сен дайым биз мененсиң, сенден тараган үч  уулуң, эки кызың, неберелериң сенин каның менен таралган бүчүрлөр. Тукумуңдун чыйыры уланып дагы Турдубектин урпактары учук улай көбөйө беришсин.

Туке! Сен бүтпөй калган иштериңди кудайым буюрса мен улайм, мен бүтүрөм.

Тынч укта, бейиштин гүл багында шашпай чын дүйнөнүн жыргалын көр, жаның жанатта болсун!

Сени менен ачуу-таттуу турмуштун тизгинин бирге кармашкан өмүрлүк жарың Айгүл.

## Жубайы Садырова Айгүл

Мен Турдубекке жээн болуп кетем. Себеби менин таенем Кытайдын кызы, Шыйкымбаев Чолпонбай аттуу адамдын бир туугаң карындашы Гүлайдын кызы Мариянын кызымын.Атам Садыров Казак -педагог. 56 жашында каза болгон.

Төркүнүм Дархан - тойчу уруусунанмын.

Бизди илгерки салт боюнча "сөөк жаныртaлы" деп тааныштырышкан.

Турдубек 4-курста окуп жүргөндө бир жолу көрүшүп тааныштык да, ал Бишкекке кеткенден кийин кат аркылуу байланышып турдук.

Ошол 1-жолу көрүшкөндө эле жылдызыбыз туура жанып калды көрүнөт. 4-курсту бүткөндө үйлөндүк, экөөбүз эки жакта окуп бүттүк. Мен Каракoлдогу  пединституттун орус тили адабияты факультетин, Турдубек Бишкектеги Улуттук университетинин тарых факультетин аяктады.

Экөөбүз чогуу иштеп жаштыгыбыздын жалындуу мезгилин Түп районунда өткөрдүк. Ал жактан 3 уул, 2 кыздын ата-энеси болуп, кийин өзүбүздүн туулуп өскөн айылыбыз Кытайга көчүп келдик.

Кудайга шүгүр, балдарды үйлөнтүп, 1 кызды күйөөгө узатып, куда - сөөк күтүп, 7 небереге чоң ата, чоң эне болдук.

Кудалары Турдубектин мүнөзүнө суктанышчу да сыймыктанышчу, себеби анын ичинде кири жок, бала кыялданган, эч нерсени жашырбаган өзгөчө бир касиети бар эле. Болгонун болгондой, көргөнүн көргөндөй эле ачык айтып салчу. Аны бардыгы сыйлашар эле.

Улуу кудабыз Кереге-Таштык Уркасымдыкында кыз төркүлөтүп Жолголот айылынан мурунку областтык экс-губернатор Эмилбек Анапияевдин туугандары менен чогуу конок болуп калдык.

Ы кесе сунулуп Турдубекке келип калды. Ал ырдаарда мени карап Айгү байбиче, кайсыны ырдайын деп эле кайра-кайра мага кайрыла берчү адаты бар эле.

Мен андай убакта дайыма тигини ырда, муну ырда деп өзү билген ырларды айта берчүмүн. Кандай кызып калса да какчу эмесмин.

Ошондо Анапияевдин энеси бизди көрүп, абдан жакшы үй-бүлө экен- сине силерден кыз алчу кишилер турбайсынарбы деп кайра-кайра ай- тып, бизге ыраазычылыгын билдирген эле.

Кызыл-Суу айылында экинчи кудабыз жашайт.

Алар да куда чакырып, Ак-Теректик бизден көп жаш кичүү кудалары менен чогуу отуруп калдык. Алар кыз берген жак болуп калышты.

Турдубек төрдөгү ордунан туруп, тиги өзүнөн кичүү кудаларга төрдөгү ордун берип өзү элдин аягына отуруп алса болобу.

Жаш кудалар улуу кишиден өйдө отура албай бушайман болушса да болбойт, силер биринчи эшик-төрдү көрүп атасыңар, силердин жол - бул жолу деп такыр көнбөй койбоспу. Мына, улук болсоң кичик бол дегендей, сыйдын да сыйы бар-демекчи, андайга эч убакта намыстанчу эмес.

Чоочун адамдарды да мурун көрүп жүргөндөй эле бат өзүнө тартып алчу. Достору менен отурганда дайыма тамашалап күлдүрүп турчу. Андай жерде бала кыялын карматып абдан чечилип кетээр эле.

Бир жолу конокто отурсак досторконго ананастардан коюп коюптур. Конокторго - ой мобу кактустардан жебейсинерби, жегиле деп ар бирине кесип берип күлдүргөнү эсимде.

Турдубек экөөбүз 38 жыл бирге түтүн булатып, чогуу иштеп, турмуш- тун бир топ белестерин ашып, балдардын баарын жогорку билимдүү кылып тарбияладык.

Улуу уулубуз Азамат педагогдук жана юрист кесибин аяктап, азыр Жети-Өгүз ПОМунда иштеп жатат. Жубайы Нурила педагог, 2 уул, бир кыздын сүйүктүү ата-энеси болушту.

Экинчи уулубуз Мирзат, кесиби юрист, Ош шаарындагы Ички Иштер Министрлигинде баңги заттарга каршы күрөшүү башкы башкармалыгы- нын тергөө бөлүмүнүн ага тергөөчүсү болуп иштеп жатат. Жубайы Назира педагог, 3 кыздын ата-энеси болушту.

Үчүнчү уулубуз Саламат да жогорку билимдүү, бирок кичүү балабыз болгондуктан жер иштетип үй-бүлөнүн түйшүгүндө.

Жубайы Наргиза педагог, бир кыздын ата-энеси болушту.

Улуу кызыбыз Салтанат да Тыныстанов университетинин химия- биология факультетин аяктап, университеттин химия кафедрасында

иштеп жатат. Күйөө балабыз Айбек Каракол шаарында ички иштер жагында.

Кичүү кызыбыз Заринат Каракол шаарынын ЮниКредит Банкында экономист. Кудаларыбыз да ар кайсы райондо турушат. Кереге-Таш, Кызыл-Суу, Сельхозтехникум, Жылуу-Булак айылдарында. Алар менен ынтымактуу, күйүмдүү, катыштуу, ачуу-таттууну чогуу бөлүшүп, бири-бирибизге жөлөк-таяк болуп жашап келатабыз. "Кудалар -миң жылдык"-дегендей, аларга бейпил өмүрдү, бак-таалайды, үй-бүлөлүк кутту каалап кетмекчимин.

**Мурас казынасы.**
**Керемет сөздөрдүн дүйнөсү**

Менин идеалым- билим менен адилеттүү, акылман, элдин камын көрүп, анын мүдөөсү үчүн күрөшкөн адам катары калгым келет.

Окуучуларды тарбиялоонун татаал маселелерин элдик акылман көз караштардан, акыл- насааттардан алсак болот, себеби нечен замандан бери келе жаткан ой уюткулары, накыл кептер бүгүнкү урпактарыбызга аба менен суудай зарыл, ошондуктан, балдарыбыздын жанына азык, каруусуна кубат болсун

1. Асыл нарктар адам болууга үндөйт.

2. Карынын сөзү - акылдын көзү.

3. Ата-бабадан калган асыл сапаттарды көздүн карегиндей сактап, тарыхта калган унутулгус улуу мурасты окуучуларга жеткирүү - алардын аң-сезимдерин калыптандырууда чечүүчү ролду ойноорун мугалимдер жогорку жоопкерчилик менен сезүүлөрү тийиш.

4. Тынымсыз түйшүк, ак дилден эл жүгүн аркалоо-кадырман адамдардын өтөгөн кызматынын бөксөрбөс, соолбос дарыясы.

5. Башка адамдар үчүн иштөө бактысынан адам түз жүрүп отуруп эл үчүн, коом үчүн, Ата журт үчүн - деген түшүнүктөрдү жүрөгү менен туюу бийиктигине көтөрүлүп чыгат.

6. Чыгып келаткан, батып бараткан ар бир күндүн баасын-баркын билип жашаганга не жетсин!

7. Маңдай териң менен табылбаган оокаттын түбү жакшылыкка алып келбейт. Ар бир күндүн ырыскысын өз мээнетибиз менен тапсак, балдарыбыз, окуучуларыбыз, сапаттуу билим аларына ишенем.

8. Жаш кезден, жаш мугалимдер кесипти аркалагандан кийин өжөрлүк, кайраттулук, эрктүүлүк ар бир күндөгү иште күч-кубат берип турарына ишенгиле.

9. Ар бир күнкү педагогикалык ишибизде, окуучуларга болгон кайдыгерлик (билим тарбия берүүдө) жүрөккө ийне менен сайгандай таасир калтырат, ал эми адилетсиздик болуп жатса, ар бирибиз күнөөнү башкалардан издебей, өзүбүздөн издеп, кудай алдында тазаланышыбыз керек.

10. Ар бир адам туруктуу бактылуулуктун негизин түзгөн билимге умтулсун!

11. Өмүр-адамга жараткан тарабынан өз мүмкүнчүлүгүн ачып, ким экендигин далилдөө үчүн берилген кымбат "белек", максаттуу пайдаланбасаң - маңызы болбойт.

12. Иши Теңирдики, аны алуу - акыл-эс менен эмгекке жараша болот.

13. Катардагы мугалим айтып берет.
Жакшы мугалим түшүндүрөт.
Алдыңкы мугалим көрсөтүп да берет.
Улуу мугалим -шыктандырат.

14. Мугалим менен окуучулардын ортосундагы байланыш күн сайын бекемделип барат, эгер мугалим ар күнү жаңы маалыматтар менен куралдана алган болсо кана.

15. Адамдык мамилелер баарынан мурда эмгекте - бирөө башка үчүн бир нерсе жаратып жаткан кезде айкын ачылат.

16. Эмгек -бул түгөнгүс түшүнүк, анткени ал адамдарга таандык.

17. Билим алсаң урмат сый алып келет,
Билим сага акыл-ой, кубат берет.
Билимсиз жүрөк-тилдин пайдасы жок,
Билим-өмүр, адамга суудай керек.

19.Билим-жашоодогу инсандын негизги куралы.

20. Каада-салт, нарк-нуска, адеп-турмуштан жаралыптыр.

21. Достук-эки адамдын дүйнө тааным жакындыгынан улам пайда болгон мамиленин белгиси.

22. Дилди тазартуу үчүн - ойду оңдоо керек.

23. Дил аркылуу дээр - сезим калыптанып, өзөк өсөт.

24. Көкүрөк сезим - дээр, сезимден чыккан үн.

25. Аруулукка умтулсаң-дилди тазарт.

26. Ниет-пейилдин тазарышы-бардык жакшылыктын башталышы.

27. Улуулуктун туу чокусу-сөзү менен эмес, өзүнүн жүрүш-турушу менен үлгү көрсөтүү.

30. Билимиңе карап-бийлигиң артат,
Бийлигиңе карап-сыймыгың артат.

31. Бирдин жамандыгын - миңдин жакшылыгы жабат.

32. Демилгесиз адам - камылгасыз кара өгүздөй.

33. Жабышып жата берсең
Кабышып ката бересиң.

34. Бүткүл элдин жыргалчылыгы - балдарды туура тарбиялоого байланыштуу.

35. Киши аркылуу көтөрүлгөнчө
Ишиң аркылуу көтөрүл.

36. Ашыкпаган киши ишти таза бүтүрөт.

37. Жакшылыкка умтулган адам - жакшылыкка жолугат.

38. Тер төккөн теминип жолугат.

39. Чегинип иштебей, чечинип иште,
Бекинип иштебей, берилип иште.

40. Эс-акыл эмгектин энеси,
Кесип - кенен жашоо кемеси.

41. Илим - өнөрсүз болбойт.
Куш канатсыз болбойт.

42. Адам окуу менен озот,
Өнөр менен өсөт.

43. Өнөр - агып жаткан булак.
Билим күйүп турган чырак.

44. Кесип-кең ааламдан кымбат.

45 Эмгек - теңдеши жок үчүн,
Жакшы сөз - эртеңкиң үчүн
Жаман айтсам - бүгүнкүң үчүн.

46. Окуган - жарыкка жетет,
Окубаган чарыкка жетпейт.

47. Баары билгенди кары билет.

48. Бул жашоо-бир үшкүрүм иш экен.

49. Эл чиновниктерге кызмат кылбай,
Жетекчилер элге кызмат кылышы керек.

50. Өз элинин тегин билбегенди - тексиз, кебин билбегенди кепсиз деп аташат.

51. Аалам жарыгы - күндөн,
Адам жарыгы -билимден.

53. Адабият - турмушту чагылдырган күзгү.

54. Эне тили - эл жараткан адабият
Эне тили - эң негизги маданият.

55. Мектеп адамды тарбиялайт.

56. Жамандын сыйын кадырлап,
Жакшынын кадырын сындырба.
57. Ар кандай биримсиздик
Билимсиздиктен келип чыгат.
58. Арканда эл турса - алдыңда сел токтойт.
59. Багытыңа көмөктөш адам,
Бактыңа тилектеш адам.
60. Байкамчыл адам - билгич,
Баамчыл адам - көрөгөч.
61. Бакыт-коркпогонго колдоочу иш,
Издегенге жолдоочу иш.
62. Бакыт туткасы - эмгек,
Эмгек туткасы - өзүң.
63. Мекендин мээрин билбеген,
Өзүнүн дээрин билбейт.
64. Адамдын жүзү - ак эмгек
65. Адамды эстүү кылган да эмгек,
Эттүү кылган да эмгек.
66. Эмгегиң өнүмдүү болсо,
Жашооң көңүлдүү болот.
67. Эмгекчилдин аты-элде калат.
68. Эс алууну эмгектен тап, колдон келген иш болсо бекер жатпагын.
69. Бүткүл өмүрүн элге арнаган,
Бүткүл ой-санаасы жаштарга бурулган берметтей тунук адам - мугалим.
70. Баланы сүйө билүүнү баары эле билет. Бирок аларды тарбиялай билүү - бул мамлекеттик улуу иш.

***60 жашка толгондугуна арналган каалоо, тилектер***
***Досуң Айтбосун сага арнайт.***

**Турдубек!**

Сен менин турмушумда сейрек, балким эч качан кайталанбаган адамсың. Тагдыр буйруп биздин өмүр жолубуз байланышып калганына мен чексиз ыраазымын жана сыймыктанам. Эртеңки күнү күтүүсүз окуялар ортого бөгөт болсо дагы, жашоомдун акыркы демиме чейин сага болгон достук сезимимди сактап калам деген ниетим бекем.

Сенин жарык дүйнөгө келгениңе 60 жыл болгонуна карата ушул ыйык "Курани Каримди" тартуулайм.

Анын ыйык сөздөрү ыйман күчүңдү алоолонтуп, ички дүйнөңө соолбос кубат берип, өзүңүн сырдуу маңызы - рухуңа булак болуп жашооңду бакытка бөлөсүн.

Менин турмушумда эң кымбат эки нерсе: бири Ыйык Куран, экинчиси достугум - экөөнү тең сага тартуулайм.

*Айтын Тиленбаев.*
*2008 жыл, 12-май.*

**Куттуктоолор**

*ДОСУМ ТУРДУБЕКТИН ТУУЛГАН КҮНҮНӨ:*

*Кездешүүгө мени менен*
*Түбөлүктөн сүзүп келдиң*
*Кайталангыс көз ирмем сен*
*Көксөп күткөн кездешүүнү*
*Өткөздүм мен.*

*Баары эсимде :..*
*Экөөбүздүн достугубуз*
*Бир келээр да*
*Бир кетээр.*

* * *

*Люблю тебя жизнь*
*Не женской лаской*
*А твёрдостью мужчин.*

*Люблю тебя жизнь*
*Не смирением, а творением своим,*
*Не слабостью бессильной,*
*А борьбой непримиримым.*

*Люблю тебя жизнь*
*Презирая смерть*
*Пусть будет тебе награда*
*Радость моих побед.*

*Достоинства и мужчина едино*
*Без достоинства он убого*
*Люблю тебя жизнь…*

12-май 2003ж.
Досуң Айтбосун.

*Теперь я никогда не пробегу*
*Босиком по просёлочной дороге*
*Среди своих детских друзей.*

*Всё давно распалось*
*Молодость, детство, дружба*
*Кто ушел в вечный покой*
*Другому уже чуждо радость.*

*Такова жизнь и судьба*
*Что имеет начало, имеет конец*
*Остаётся память и тоска.*

г.Бишкек. Нац.госпиталь
палата №8
26.04.2010 г.
Тиленбаев Айтбосун.

## 8- класстын окуучулары

Кымбаттуу Турдубек агай!

Талыкпай эмгек кылып мектеп үчүн,
Тарбия - билим берип айыл үчүн.
Сыймыктанып сиз менен,
Таазим кылып биз турабыз.

Агай! Өмүрүңүз узун болуп, дагы көптөгөн окуучуларга билим берип, жубайыңыз, балдарыңыз менен бактылуу турмуш сүргүлө.

## 11-класстын окуучулары

Турдубек агай!

Сизге чың ден соолук, узун өмүр, Ысык-Көлдөй тунуктукту,
Теңир тоодой бийиктикти, жана да балдарыңыздын урмат-сыйын көрүңүз.

Куттуу болсун сиздин туулган күнүңүз,
Мындан ары дагы өмүр сүрүңүз.
Күлүп жайнап күлкү кетпей жүзүңүз,
Эжей менен бактылуу өмүр сүрүңүз.

Кеткен өмүр келбейт кайра кайрылып,
Кеч ойлонуп калбаңыз сиз кайгырып.
Андан көрө неберени жетелеп,
Бетинен өөп, жүзүнөн сүй албырып.

Куттуу болсун 60 жаш курагыңыз,
60 тын дагы бирин жашаңыз.
Төрдө отуруп бактылуу ата болуп,
Балдарга тийсин сиздин батаңыз.

**9-класстын окуучусу Касым кызы Бермет**

Теңир тоодой бийиксиз сиз агайым,
Ысык-Көлдөй тунуксуз сиз агайым.
Келечекте мен чоңоюп жетилсем,
Төшүңүзгө алтын орден тагамын.

Куттуктайбыз чын жүрөктөн биз,
бүгүн 60 ка эмес, 100 гө чейин жашаңыз.
Бактылуу карылардан болуп,
Айгүл эжей экөөңөр.
Жетелегениңер болсун,
Бактылуу бөбөктөр.

Ак аргымак минип сиз,
Алтымышка чыктыңыз.
Эч талыкпай мектепте,
Иштей бериңиз дагы эле.

**Көөчү айылындагы Кайдиев**
**көчөсүндөгү ата-энелердин атынан 1988-ж.**

Элибиздин ынтымагын жетектеп,
8 жылдык 10 жылдыкка айлансын деп.
Түн уйкусу - күн тынымы кетип,
Дыйканбаев жумшады зор эмгек.

Борборго жетпей катыбыз,
Депутаттарга өтпөй датыбыз.
Утуру кийинки планга калып,
Аткарылбай келген эле талабыбыз.
Аны кимибиз танабыз?

Жогор жактан буйрук келет деп,
Фонду бөлүп берет деп.
Мурункудай жүрө берсек магдырап,
Ушул 10 жылдык мектеп.
Ачылат беле ким билет?

Үзөңгүбүз болсо дагы 10 кабат,
Үйүбүзгө толсо дагы салтанат.
Дыйканбаевдин аракети болбогондо,
Балдарыбыз баткак кечип,
Жүрбөйт беле коңшу айылга самсаалап.

Дыйканбаев иштеген жерин гүлдөтөт,
Бүтпөгөн ишти бүтүрөт.
Ата-энелердин атынан,
Айтабыз "алкыш" миң ирет!!!

**Турдубекке арнайм.**

Капырай Турдубектин жүргөнү шамалдай,
Автобустар калат ага караандабай.
Кайра куруу доорунда жашап,
Башталган ишти бүтүрүүгө шашат.

Эс алууну ойлобогон,
Иш дегенде ичкен ашын жерге койгон.
Эмгеги менен элге жаккан,
Ак ниет, чынчыл, мээнеткеч адам.

Эмгектен таап береке,
"Эстүү бала жарайт керекке".
Деген макал элде бар,
Эмгегиңди кудай жана эл баалар.

"Мээнетиң катуу болсо -
Татканың таттуу болот"-
Деген сөз бар элде,
Ишинин ийгилигин көрсүн -
Эс алууга чыккан кезде.

Агарып көгөргөн Айгүлү жана балдары менен узакка өмүр сүрсүн, ушул ырды Турсун эжем арнады эле деп, өмүр бою эсине сактап жүрсүн.

*23-апрель 1994ж. Турсун эжең.*
*Көөчү айылы. Түп району.*

## Кыйышпаган улуу достук

Акылдын кандай чырагы өчүп калды!
Кандай жүрөк сокпостон токтоп калды!

Мына ушул орустун улуу акыны Н.А.Некрасовдун сөзүн эпиграф катары тарыхта калган эки инсанга багыштадым.

Дос! Бул үч тамгадан турган асыл сөз кимге да болсо ыйык сезилет. Адам туулуп эс тарткандан баштап жанына жакын адамдар аралаша баштайт, теңтуш, курдаш-сырдаш дегендей. Алардан бара-бара иргелип отуруп эң күйүмдүүсү доско айланат. Чыныгы достор өмүр өткүчө кылдай нерсени да жашырбаган таламдаш, тагдырлаш, сапарлаш жан аябас адамдар болуп өтүшөт. Мына ошондой чыныгы кыйышпаган достор- Айтбосун менен Турдубек.

Балалык кез бактылуу кез, студенттик кез сонун кез демекчи, Айтын менен Турдубек университеттин биринчи курсунан эле таанышып, ынтымактуу болуп кетишти. Чогуу окуп, сабака бирге даярданышып, сүйлөшсө сөздөрү, тамашалашса тамашасы шай келишип дайыма бирге жүрүштү.

Бирге окуган курсташтардан Тажикстандан келген Рабиев Аскар, Таластан келген Саскулов Кыялбек, Баткенден келген Иса Жалилов, Жалал-Абаддан келген Азизбай Мурасатов, Нарындан келген Шамбеттер менен бир комнатада жатышып, студенттик күндөрдүн таттуусун да, ачуусун да бирге татышып окуусун аякташты.

Университетти бүткөндөн кийин ар кимдин жолу ар башкача бөлүнүп, турмуш чыйырына жол салышты.

Айтын досу Түп районунун Кең-Суу айылына, Турдубек да Түп районунун Шаты айылына бөлүнүшүп, педагогдук алгачкы эмгек жолун башташты.

Мына ошол убактан бери тура 42 жыл достугу үзүлбөй, бири-бири менен тез-тез катышып, сыйлашып, акыры экөө тең (ортосу 50күндө) түбөлүк чын дүйнөгө сапар тартышты.

Курсташ достор бири-биринен жашырган сырлары жок, көздөгөн максаттарына тилектеш болуп, жакшы сөздөрү менен камкор мамиледе болушуп, бири-бирин туура түшүнүшкөнү - чыныгы достуктун ишенимдүү белгиси болуп азыр да жанып турат, себеби Турумкан (Айтындын жубайы) экөөбүздүн кайгыбызды тең бөлүшүп, жардамдарын берип, моралдык колдоо көрсөткөндөрүнө өмүр бою ыраазыбыз.

Бул турмуш жолунда бир пикирлеш жолдоштор менен жолугушуу, алар менен тыгыз байланышуу сөзсүз болот. Ошондой байланыштын бири болуп Айтын өзү жактырган досун Турдубекке тааныштырды.

Ал Касым Тыныстанов атындагы университетте көп жылдар бою тил-адабият факультетинде декан болуп иштеп турган эң мыкты филолог, илимдин кандидаты, доцент, өзүнүн билимдүүлүгү менен артыкчылыкка ээ болгон жана Караколдогу Юридикалык Академияда иштеген Абакиров Курманбек эле. Бул жигит сулуу, интеллигент, эң мыкты филолог. Уч уулуна, бир кызына татыктуу тарбия берип өстүрүп, азыр балдары мамлекеттик кызматтарда эмгектенип жаткан учуру.

Жубайы Тома да педагог, достуктун тамырынын бекемдигин үзбөй дагы да биз менен тыгыз байланышып турганы жүрөгүбүздү жылытат.

Ал эми Кыялбек Саскулов Таластын Көк-Кашат айылынын кулуну, Атай Огомбаев атындагы мектепте, Талас Мамлекеттик Университетинде үзүрлүү эмгектенди. Атай Огомбаевдин музейин түзүүдө областтык сынакта 1-орунга татыктуу болгон, "Кут билим" газетасынын штаттан тышкаркы кабарчысы, Эл Агартуунун отличниги, эмгек ардагери. 2008-жылы август айында эки үйүбүз (Айтын менен Турдубектин) Таласка барып Манас атанын күмбөзүнө куран окуп, бул досубуздун сыйын көрүп кайткан элек.

Бул достордун мүнөздөрү ар башка болсо да, достуктун күчү жагынан бири-бирине шайкеш адамдар эле.

Достордун тынч бейпил жашашы, аларды кубанычтары кимди кубандырбайт?

Ал эми достордун арылгыс кайгыдан тунарган көздөрү кимдерди кайгыга батырбайт?

Турдубектин капыстан каза болгонун уккан Айтын өзүн таштап жиберген экен. Анткени оорусу өтүшүп кетип оңоло албай жаткан убакта Тукенин күтүүсүз өлүмү аны алсыратып койгон тура. Айтындын алсыз жүрөгү досунун кайтыш болгонун көтөрө алган жок. Акыры өлүм жеңди. Кыйышпаган эки дос биринин артынан бири кетип, эки жубай сыздап отуруп калдык.

Айтын көп ойлонуп, аз сүйлөгөн, аз сүйлөсө да саз сүйлөгөн, чыныгы философтун каны жүрөгүндө уюган адам эле.

Айтын 2010-жылдын июнь айында Ысык-Көл мамлекеттик университетинин "Ардактуу доценти" деген наамга татыктуу болуп, студенттерге арналган "Дин илиминин негиздери" деген китеби жарыкка чыккан.

Бул эмгекте өзүнүн жубайы Турумкандын да салымы бар.Турумкан жөнөкөй эле өмүрлүк жар эмес, сүйгөн күйөөсүнүн ишине, кыялдарына кошо аралашкан адам жана да эр жүрөк курдаш. Ошон үчүн "азап адамды чыңалтат, а сүйүү ага жардамдашат" - деп айткым келет. Айтын менен Турдубектин өмүрлөрү да, достугу да чогуу кетти.

Айтын досу жолдошчулукту абдан баалачу. Жигитчилик, ынтымак, өз-ара мамилени ак сактайлы, бизден кийин достук каадабыз балдарга жуксун дечү. Өзү догдурга жатканда кызы Нурпери менен Заринаттын колун кармаштырып Турдубек экөөбүздөй "чыныгы дос" болгула деп айтканы кандай чоң мааниде экенин сезип турабыз. Жолдоштук-кызматка, наамга, абалга карабайт, анын асылдыгы, күчү мына ушунда экен.

Экөөнүн бирге баскан жерлери, үйдөгү полкаларда тизилген китептери, тааныш кишилери менен жолугушуу жүрөктү сыздатпай коё албайт экен.

Адамдын жүрөгү да, акылы да ишенбей, ал турмак дүйнөдөн кайтты деген сөзгө көнгүсү да келбейт экен.

Бекеринен аял-үйдүн куту, эркек-үйдүн берекеси деп айтылбаса керек. Айтын менен Турдубек жок-үйүбүздүн берекеси кетти, ордулары бош калды, бул орду толгус жоготуу өмүр өткүчө эстен кеткис жүрөктөгү так бойдон кала берет окшобойбу.

Бала чагынан ушул кезге чейин кол үзүшпөй, сагынышып, кезиккенде жүрөгү сүйүнүп, берерге эч нерсесин таппай жаркылдап тосчу достору Айнура менен Кубан, Садыр менен Гүлиза, Сатинди менен Каныш эле.

Тирүүчүлүктө ар нерсенин өз убагында болгону жакшы экен. Эгер кубаныч өз убагында болбосо -аны баалай албайт экенбиз. Ал эми өлүм өз убагында болбосо жан-дүйнөң тынчыбай, эстеген сайын буулугуп, азаптуу тагдырыңа нааразы боло берет экенсиң.

## Эскерели асыл-нарктуу атабызды

Атабыздын адамгерчилиги, өзгөчө иштемчилдиги, жөндөмдүүлүгү, боорукерлиги, чындыкты бетке айткан калыстыгы, адамдарга колунан келген жардамын эч убакта аябастыгы, колу ачык жоомарттыгы, достукту бекем тутканы, үй-бүлөдө тартипти катуу сактап, тууганчылыкта күйүмдүү, өз пайдасынан калк пайдасын көздөгөн, билимдүүлүктү туу туткан адам катары тарыхта калды.

## КЫЗДАРЫ, БАЛДАРЫНЫН ЭСКЕРҮҮЛӨРҮ.

## ТУРДУБЕКТИН УУЛДАРЫ:



### Азамат Дыйканбаев

Балдардын улуусу болгондуктан мен 10-классты бүткүчө атамдар менен чогуу Түп районундагы Корумду айылында чоңоюп өстүм.

Атам өз ишине ушунчалык жан-дили менен берилип иштеген адам эле, себеби таңкы саат 6да Корумдудагы үйдөн чыгып Көөчү айылына жөө барып иштечү. Мугалимдер мектепке келе электе ал кабинетинде эчак отуруп иштеп жаткан учуру болчу.

Кыштын кыраан чилдесинде да бул шартынан жазбай дайым өз убагында ишинде болор эле.

Кээде өзү айтып калчу: орто жолдо карышкыр, түлкүлөрдүн издерин көрүп калчумун деп, себеби эки айылдын ортосу бир жарым - эки км. эле. Үйдө камкор ата, ишинде мыкты жетекчи эле. Анткен менен балдарын да катуу тартипте өстүрдү. Бизге дайыма өз ишиңерди сүйгүлө, эмгек гана адамдын баркын чыгарат деп көп айтчу. Кырсык каш-кабактын ортосунда дегендей, атабыздын биздин сыйыбызды көрөрдө, дагы канчалаган акыл насааттарын угарда тез кетип калганы өкүндүрөт. Айла жок экен, мен атам менен сыймыктанам, себеби анын артында атын алган мектеби, жазылган эмгеги, тиккен бактары, ишин уланткан урпактары, жакшы адам катары өзү эл ичинде жашап калды.

Атамдын арбагы ыраазы болсун!



## Экинчи уулу Мирзат Дыйканбаев

Мен бир жашыман баштап чоң энем менен чоң атамдын тарбиясында өстүм. Мектепти да жакшы окуп бүтүрүп, Бишкектеги БВШ га тапшырып окудум. Атам бул кесипти тандоомо жакшы ой-пикирин билдирип туура багыт берди. Атам элдик киши экен, ойлоп көрсөм өмүрүнүн жарымын жалаң жооптуу кызматтарга арнаптыр, кандай гана тынымсыз жылдар. Бизге өз милдетиңерди ак ниеттүүлүк менен аткаргыла, ак жүрсөңөр жакшылык өзү эле келет дечү. Атам жөнөкөй, таза, ак ниет асыл адам эле, тынымсыз түйшүк менен эл жүгүн аркалады. Эми ошол эмгегинин үзүрүн көрүп, балпайып ак Бакайдай төрдүн көркү болордо көзү өтүп кеткенин ойлоп капа болом. Ата! Сиз элдин жүрөгүнөн түнөк таптыңыз. Сиздин өмүрүңүз, баскан жолуңуз түбөлүктүү! Сиз дайым биз менensиз!

Заматта алдырып биз арабыздан,
Айрылдык арка-жөлөк атабыздан.
Канчалык кайрат кылып кармансак да,
Чубулжуп көздүн жашы акканы-аккан.

Элге билим берүү тармак жагынан,
Далайларды кулач артка калтырган.
Ак эмгеги эл тараптан бааланып,
Мектеп калды «Турдубек» деп атынан.

Бул да болсо ата сенин сыймыгың,
Даңкың менен кубаттанат уул-кызың.
Жашап турсаң болот эле нечен жыл,
Өмүрүңө түбү жетти кырсыктын.

Ат коюуда аземинде мектептин,
Бул ааламда эмгегиңиз бааланды.
Молдо, имамдар колдо кармап теспесин,
Оо, дүйнөдө жаннат болсун жеткениң.

**Саламат Дыйканбаев**

Мен уулдардын кичүүсүмүн. Атамдын жумушта да, үйдө дагы эмгектенгени, иштин майын чыгара жасаганы дайым эсимде. Үйдөгү жумуштан мектептин ишин биринчи орунга койчу. Энем үйдөгү жумушту айтса аны өзүңөр жасап алгыла, иштерим көп деп мектепке кетип калчу да, түнкү саат 10го чейин кабинетинен чыкпай иштеп отурар эле. Кээде энем экөөбүз барып ээрчитип келчүбүз, себеби энем сарсанаа болчу. Үйгө келгенде энем: "мээң деле чарчады го, кечке сабак берсең, дагы да түнгө чейин жазып отурасың - өлсөң мектепке коёбуз го сени " деп калчу. Кудай оозуна сала бергенсип аты мектепке ыйгарылып калганын кара! Күнү-түнү мектеп деп жүрүп өмүрү мектеп менен байланышып калды. Жакшы атка конуу - өмүрдөн кымбат, жаман атка конуу - өлүмдөн жаман дешет экен. Атам жакшы атка конуп билими, эмгеги менен өчпөс из калтырды. Ал өз күчү, өз жөндөмү менен ийгиликтерге жетти. Атам үйүбүздүн чынары эле - чынарыбыз кулап, көкүрөгүбүз эңшерилип калды!

Кызың **Салтанат**



Эне үй-бүлөнүн очогу болсо, ата-ошол эне кармап турган очоктун карманаары, таянаар тоосу, тиреги экендиги белгилүү. "Эненин сөзү бок, атанын сөзү ок" - өтүмдүү да, жугумдуу да, сиңимдүү да болот. Мен ушуну менен эмнени айтмакчымын: биздин атабыз да, бизден көбүнчө окууну талап кылчу, башка жумуш кылбасаңар да окугула дечү, атабыздын туура жолунда баарыбыз жогорку билимдин ээси болдук. Эми атабыз биздин чайыбызды ичип отурчу маалында арабыздан эрте кетип калганына ичим күйүп, тагдырыма таарынам.

Жараткандан суранаарым: атабыз көрбөй кеткен балдарынын жакшылыгын энебиз көрсүн деп тилеймин. Дайыма экөө чогуу жүрүшсө эле өмүрүнүн аягына чейин ушундай болот ко деп ойлопмун. Бирок биз ойлогондой болбойт тура. Ата, мен сизди жок дей албайм, себеби, балдарыңдын бактысы - куту сенсиң. Сен түбөлүк биз мененсиң атаке! Биз сенин уюткулуу журтуңдан өнүп чыккан чынарыңбыз.

**Сизге арнайм атаке!**

Ажалдан алып калууга,
Жеткен жок күчү эч кимдин.
Шум өлүмгө туш болуп,
Шейит кеттиң атаке!

Эч кимге жамандык кылбадың,
Эч кимге арамдык кылбадың.
Жүрөгүң дилиң таза эле,
Пейилиң элге кең эле.

Жаркылдап гана жүрчү элең,
Тамаша сүйлөп күлчү элең.
Батаңды берип тойлордо,
Экөөң чогуу жүрчү элең.

Кечээ эле сен бар элең,
А бүгүн жоксуң арабызда.
Балдарың менен кош айтышпай,
Керээз сөзүң айтылбай
Күн баткансып батып кеттиң.
Бул жашоодон шашып кеттиң.

Гезит, китеп отурчу окуп тигилип,
Билимдүүлүк касиети билинип.
Көз айнекчен, кагаз калем колунда.
Мейли убакыт өтө берсин уланып,
Мыйзам ченем болот экен бир анык,
Мезгилинде арзып турчу иш кылган,
Атабызды эскеребиз кубанып.

Биле жүрсөк чыккан күндүн батаарын
Болжол жетсе алып калбайт атагың!
Бала үчүн мойнундагы парз экен,
Баркын билиш убагында атанын.

Сыймык мага эмгектериң атаке,
Учурунда элге жетти атагың.
Калыс, таза, ак ниеттүү иштериң,
Унутулбайт таазим кылам ар дайым!

## Ата биз сиз менен сыймыктанабыз!



**Кызы Заринат** (экономист)

Атам көп окуп, көп изденчү эле. Мына ушул сапаты мага жакчу. Иш учурунда ал отурчу бөлмөгө кирип калсам да дайыма жазып, же бир нерсеге үңүлүп окуп отурганын көрөр элем. Мугалимдин-мугалими китеп.

Биздин үйдө төрт шкафта тең атам менен энемдин китептери жык толгон. Атам өзүнүн сабагына башка адабияттардан кошуп, керектүү китептерди дайыма колдончу. Атабыз өз кесибин сүйүүчү, аны кастарлачу, анын ысыгына күйүп, суугуна тоңуп 37 жыл тынбастан мектеп менен аралашып келди. Тарых сабагына класстагы окуучулар бардыгы даяр отурушчу, атам кандай суроо берсе ага такалбай жооп берүүгө аракет кылышчу. Сабагын дайыма карта менен өтчү, картаны баарыбыз жакшы билчүбүз. Дегеле себепсиз сабагын калтырчу эмес кээде эжейлер жок болуп калса ордуна өзү тарых сабагын өтүп чарчаганын да билгизчү эмес. Бизди да китепти көп окугула деп айтчу кайда барса да китеп сатып келип бизге көрсөтчү, жаңы китеп чыкса энеме да сага керектүү экен деп берчү. Китеп сатып алгандан тажачу эмес. Ойлоп көрсөм чын эле китеп - биздин байлыгыбыз экен. Атамдын китептерин көрүп, кайра-кайра карап барактаганда суктанам, ыраазы болом. Китеп атадан балага калаар эстелик - тумар тура! Атам балдарды окутуп тарбиялоодо табигый шыгы жана жөндөмдүүлүгү бар адам экенине сыймыктанам.

## АТАКЕ СИЗГЕ АРНАЙМ !

Балдарымдын кичүүсү деп,
Эркелетип "Жукунум" деп.
Келеримде акча камдап,
Күтчү элең бүгүн келет деп.

Кандай күнгө туш болдуң,
Айланайын атакем.
Менин неге тоюмду,
Берип коюп кетпедиң.
Турмушума узатпай,
Көз жаздымда калтырып,
Унутуп кетчү сен белең.

Иш менен кетип бир жакка,
Кайра эле тез келчүдөй.
Жадырап күлүп бетимен,
Сагынып мени өпчүдөй.
Күтө берем атаке!

### Кайненеси Мария



Менин башыман да көп кыйынчылык өттү эле. Жаманчылыкты аманчылык жеңет дегендей, кыздарымдын, күйөө балдарымдын эсендигин тилеп, кудайга тобо кылып келаттым эле. Турдубекти өз баламдай көрчү элем, себеби ал жаратылышынан эле кишиге боорукер, кайрымдуу, жоомарт, берешен, күйүмдүү балам эле. Ордуна мен кетсем эмне - "энекелеп" - көөмп койбойт беле - кудайдын көзү түз болсо. Эми балдарынын келиндеринин куда-сөөгүнүн, неберелеринин сыйын көрөрдө "жок" болуп калганына күйөм. Тагдырдын жазмышынан чыга албайт турбайбызбы, жакшылыкта шаттыгын, жамандыкта азасын бөлүшүп отурам. Турдубек Айгүлгө аттай арка, тоодой тирек эле, үйүнүн түндүк ээси эле. Турмуш деңиз. Өлбөгөн адам ал деңизден суу ичет, кайрат кылып, бел байлап, Турдубек бүтпөй кеткен иштерин бүтүр - деп чыйралткан болом. Кантейин, - өлүм ошентип өксүтүп коёт тура. Турдубектен калган бала-чакасы, неберелери аман болушсун.

**Султанов Асанбай. Досу.**
***(врач-невропотолог)***



Китепти даярдап, аны окурмандарга тартуу кылуу абдан жоопкерчиликтүү, көп эмгекти талап кыла турган иш. Кыскача айтканда ар кимдин эле колунан келе бербейт. Айгүл аяшымдын Турдубектин жазып жүргөн китебин аягына чыгарып бүтүрөйүн деген ак тилегине мен чоӊ ыраазычылыгымды билдирем. Мен да Турдубек досум менен теӊ-курбалдаш айылда бирге чоӊойуп өстүк. Биздин убакта ак сакалын жайкалтып, дайыма төрдүн көркүн чыгарып, улуу-кичүү дебей ызааттап сыйлап, саламыбызды жазбай, астынан кыя өтпөй турган Байымбет, Жангабыл, Байсерке, Молдожий, Дыйканбай, Орузбай, Жамаке, Мамбеткул, Урмамбет Асылбек, Абдрахмат, Сыдык аталар кирер эле. Булар бир үйгө келишип атактуу кишилер жөнүндө, санжыра, муундан-муунга айтылып келаткан окуялар жөнүндө кеп салышып чер жазышаар эле. Ал эми 1950-60-жылдары айылга электр жарыгы күйүп, радиолор орнотулуп, элдер жыргап калышкан эле. Булардан кийинки муундар: Кененбай, Кендирбай, Кыдырбай, Усупбек, Сабыр, Султан, Кадыр, Ашымалы, Кожомиса, Муса, Барат Султан жана да Молдобай, Шерип аталар кышында согумун союп, шерине жешип өтө ынтымакта жүрүшчү. Аталардын жолун улап, азыркы муундар да сыйлашып "Кытай отуруш" деп дасторконго биригип жүрүшөт. Бала кезибиз жакшы өттү десем жаӊылбайм, себеби айылга артисттер концерт коюп келишсе, же клубга кино келсе биз үчүн майрам болоор эле. Үчүнчү муундагы Мырзакмат, Молдокмат, Төлөпай, Үтүр, Турдуке, Дүйшө, Иминжан, андан кийинкилери Шарше, Асан, Темир, Ишембай, Уркадыр, Сартпай, Асанкан, Шаршалы, Асанбай, Саякбай, Үмөт, Токтосун, Кудайберген, Токтомуш, Шамырат, Сапар, Бектемир, Алымбек, Жөкөш аталар кененчиликте, барчылыкта ыйман-ызааттыгын сактап өтүштү. 1965-70-жылдарда биздин айылдын көптөгөн жаштары жогорку билим алууга жетишишти. Биринчиден, жаштардын билим алууга умтулуусу, экинчиден урматтуу агабыз Керимбаев Шаршенин айкөлдүк жардамынын аркасында.

Досум Турдубектин табиятынан эле жайдары мүнөзү өзгөрүлгөн жок, уюштуруучулук жөндөмү артык эле. Совет доорунда кадр маселеси

кылдат чечилчү. Көп сыноодон, талдоодон, иргөөдөн кийин гана жооптуу кызматтарга чектелчү, айрыкча партиялык кызматтарга. Тукем да өмүрүнүн бүт бөлүгүн жооптуу кызматтарда өткөрдү, себеби анда кош көңүлдүүлүк, кайдыгерлик деген нерсе жок эле. Айрыкча жардамга муктаж үй-бүлөлөргө, ооруп калгандарга, окуу жайга өтө албай калган балдарга, жада калса өз айылынан институтта окуп жаткан студенттерге да кайрылып - окуусун сурап тийиштүү жерлерге чуркап эч бир жардамын аячу эмес. Тукемдин кеменгерлиги мына ушунда. Иш десе иште, шаан-шөкөт тойлордо да ырдап-бийлеп элдин көзүндө, элдин сөзүндө эле.

Аттиң, арман, дегендей, өмүрү кыскараак экен, бүт айыл сыйлап урматтаган адамыбыз түбөлүккө эстен кетпей алтын тамгалар менен өзү иштеген мектепте аты сакталып калды. Тукемдин жаркын элеси дайым эсибизде , "Сен" - биздин жүрөгүбүздөсүң!

**Асек Казиев**

**Дыйканбаев Турдубек агайга**

Таруудай да кир жок эле дилинде,
Талыкпастан үндөп окуу билимге.
Тааныштырып ата баба тарыхын,
Тарбиялап ата журтту сүйүүгө.

Агай деген асыл наамды ардактай,
Адам деген улуу жолдон адашпай.
Өстүрдүңүз канчалаган уул кызды,
Тамыр жайып бай мөмөлүү дарактай.

Эмгек менен агарып да көгөрүп,
Элибизди урмат сыйга бөлөнүп.
Улуу муундун урпагына калтырган,
Улуулукту уул кыздарга өткөрүп.

Бул жашоодон кимдер жашап өтпөгөн,
Бирөө жашайт аралашып көп менен.
Ишиңизден ийгиликтер жаралып,
Из калтырып жашадыңыз өчпөгөн.

**Чырак айылы, Жети-Өгүз району.**
**1-сентябрь, 2010-жыл.**

## Асек Урманбетов

Ата Мекендик согуштун 2-топтогу майыбы. Акын, жазуучулар союзунун мүчөсү. 89 курактагы 38 небере - чөбөрөнүн чоң атасы. 19.12.2010-жыл.

Өңдөн кетип, нурлуу жүзүң албырып,
Калыпсың "сен" кырсыкка чоң кабылып.
Укпаптырмын өткөнүңдү дүйнөдөн,
Кеттиң неге тирүүлүктөн адашып.

Оңой-олтоң ойлоп ойго баталбай,
Кетип тынчым, уктап тынып жата албай.
Миң толгонуп сага арнап Турдубек,
Айгүлүңө жаздым дастан каталбай.

Көктөн күлө жылдыз нуру шыгырап,
Түн жамынып түндөн бир үн шыбырап.
Дастаныңа Турдубекти батырып,
Жалкоо тартпай жазгын дешти тыңыраак.

Кудам элең, иним элең кеп билген,
Куйма кулак элең го сен сөз илген.
Ишиң менен эл ичинде баркталып,
Бата алып жүрчү элең го элиңден.

Шаша чуркап ашып адыр белесин,
Бүтүрсөм деп дагы далай иштерин.
Маңдайымда нурлуу жүзүң жылмайып,
Кетпей жандан турду жаркын элесиң.

Оттой жанып курчтук кезиң ашынып,
Алдыдагы тоскоолдорду багынтып.
Мезгилинде билим бердиң балдарга,
Кызыл жагоо беш жылдызды тагынтып.

Кызыгышып тарыхыңа балдарың,
Районго мактaлды уул-кыздарың.
Күнү-түнү жанды сабап иш менен,
Тыным албай жүгүрүп сен жүрчү элең.

Желдей желген ой кулугун чубалтып,
Чынчыл элең чубап чынды узатып.
Ар бир сөздүн уюткусун изденип,
Жүрдүң эле күч билимин улантып.

Оюң сенин соснага бурулуп,
Мектебиңе ак дилиңен суурулуп.
Кубат-күчүң жыйнап туруп акыры,
Калды эле эки класс курулуп.

Өтүп эчен ашуу белден бөктөрүп,
Проект жазып татаал ишти бүткөрүп.
Зор күч менен талбай кылган эмгектен,
Мебель менен мектеп калды көрктөнүп.

Санаа басып уйку качып таң атып,
Катар-катар долбоорлор жазылып.
Мектебиңе эмеректер келгенде,
Мугалимдер калышты эле кубанып.

Ойго чумуп түнкү түштөн сүйлөнүп,
Алымсынып жатып албай түйшөлүп.
Аккан тердин бирин дагы кеп кылбай,
Чаалыкпадың өтсө дагы жыл өтүп.

Кээ бир түнү санааркатпай затыңды,
Өөдөсүнүп өргө чаппай атыңды.
Жогор жактан ар бир ишиң макталып,
Көтөрмөлөп айтышты эле баркыңды.

Жер которуп өтөдүң эмгек эл үчүн,
Бардык жерге жумшадың сен зор күчүң.
Шаты дагы, Көөчү дагы, Корумду,
Таазим этип ийилишет сен үчүн.

Көздөп көптү такыр иштен тынбаган,
Өнөрүң күч эле го сен кылбаган.
Бүтөөр иштин учу-кыйрын түгөлдөп,
Артык элең айтканыңдан жылбаган.

Жазаарыңда айыл тарых иргелип,
Түнү кэзде кирпик какпай изденип.
Сурамалап билген кары-жашынан,
Бүткөн көбү сени менен бир келип.

Таңдан туруп таңкы желди сыдырып,
Санап үйдү жүргөнүңдү кыдырып.
Ал ишиңдин мурас калаар баянын,
Жазды Айгүлүң китебиңе ыр кылып.

Ата тектин улап учун айылдан,
Тактап атын элден дагы тарыхтан.
Жаңы баштап из кубалап жатканда,
Кеттиң Туке сапар тартып алыстап.

Толук болуп бүткөнүңдө баяның,
Раазылык айтып сага айылың.
Кубанышып турбайт беле эл-журтуң,
Эл - арадан неге кеттиң адашып.

Жакшы сөздүн учуна учук улатып,
Байкап артын айтчу элең узантып.
Шум ажалга анын баарын алдатып,
Неге кеттиң үй-бүлөңдү кууратып.

Жакшы көрүп жарыгы жок салкынды,
Бул дүйнөдөн сыздырып сен атыңды.
Арманыңды көр ичинен черттирип,
Жаттың бекен өйдө кылбай башыңды.

Эрте жазда аппак жоолук салынып,
Күн-ай жылып өтсө жашоо агылып.
Эске түшүп жыйырма төртү май айдын,
Жүрөөр сени ал Айгүлүң сагынып.

Ыйбаа кылып жоолук кара салынып,
Байлап белди тагдырына таарынып.
Далай ирээт көздөн жашын агызып,
Жүрөөр жарың Айгүл сени сагынып.

Уул-кызың ирегеде топтошуп,
Уйгө кирип төрдөн сени жоктошуп.
Эстегенде бири-бирин карашып,
Бөлүнө албай, эчен ыйлаар боздошуп.

Санай берип өткөн сайын жылдарын,
Санааркатып айта албай сырларын.
Небереңби, чөбөрөңбү, же бири,
Эчен ирээт жазар арнап ырларын.

Атасынын өлгөнүн көп биле албай,
Небереси сурай берет түтө албай.
Эстегенде топурагын жаланып,
Баарын жесем атакем,
Келеби дейт муңканып.

Эстеттирип сени ойго кабылтып,
Айтса эчендер Тукениңди сагынтып.
Башты ийип андайларга жалтанбай,
Жүргүн Айгүл бекем болуп багынтып.

Көчө бойлоп токтой калып имерип,
Чалып сүйлөп турса кыңыр жиберип.
Азап тагын актыгыңдан жеңерсиң,
Кырчын талдай тура алсаң тирелип.

Асылдыгын байкап өзүң билалбай,
Жүрдүң бекен кээсин угуп тилалбай.
Окунсөң да, күйүксөң да Айгүлүм,
Калдың эми Турдубектен гүл албай.

Ичи тарлар чыга калып кокустан,
Алса кармап олоң-чачың жоолуктан.
Эгер жыйнап сабыр топтоп туралсаң,
Болот жеңиш дайым сага болушкан.

Бүтпөс ишти бүтүрүп сен ашыгып,
Аяп жанды жаталбадың жашынып.

Китебиңди эл-журтуңа арнасаң,
Калат ишиң бал-майына малынып.

Куйут-кучтун сырын ачык айталбай,
Сен чечинип кенен төшөк жаталбай.
Сени эзген ой-санааңдын калганын,
Чыңап чынды жаздым ичке каталбай.

Кудай колдоп кырсык мындай болбошун,
Буйруп эми бердирсин ал олжосун.
Эмгегиңдин үзүр-майын бердирип,
Тукениңдин арбагы сени колдосун.

Көкүрөгү ыйга-зарга капталып,
Кайгы-муңдун азабына датганып.
Сенден калган тарых учун улайм деп,
Ой кучактап Айгүл чыкты атганып.

Кээде ыйлап жашы көздөн кылгырып,
Толуктайм деп кайра айыл кыдырып.
Жылкыбаев Апыш ата билет деп,
Тыным албай жүрдү барак жыйдырып.

Турдубектин элеси түштөн кетпеди,
Көз алдында анын сулуу келбети.
Билдиң бекен кыйналганын Айгүлдүн,
Китеп жазыш кандай тозок экенин.

Жыл сайын гүлбак тигип жерине,
Из калтырып бүтүн кыргыз элине.
Күнү-түнү жүгүрүп сен тыпылдап,
Түбөлүккө из калтырдың элиңе.

Тирүүлүктө амандашып кездешип,
Сыйлуу чайдын эченинен беттешип.
Толо куюп стакандын түрлөрүн,
Иччү элек аны Туке, кел дешип.

Канча ичип отурсаң да кебелбей,
Сырың катпай, ачык сүйлөп кенебей.
Ырларыңды алдын ала даярдап,
Индияча ырдачу элең белендей.

Сен кейибес кенен элең кең элең,
Үй-бүлөңө тоодон бийик бел элең.
Таамай сүйлөп ар бир сөзүң ок болуп,
Кары-жаштын кеп учуна тең элең.

Көйрөңдөнүп, кесирленип жүрбөгөн,
Жаркын элең күлүп-жайнап сүйлөгөн.
Балдарыңдын келечегин көп ойлоп,
Ата элең тагдырын бекем түптөгөн.

Бейиштин төрүнөн болуп татканың,
Жайлуу болуп, торко болсун жатканың.
Өмүр тилеп, таалай тилеп бүлөңдү,
Арбагыңдан жүрсүн колдоп айтканың!

**Айгүл кызым, ак батамды кабыл ал!**

Оо кудурет касиетиңден кагылайын Теңир !

Ушул кызыма ишиңе албан ийгилик жаратып, ойдогу ой-максатына жеткирип, кесир-зыяны тиер ишинен алыс кылып, арам ойлуу бөөдө кырсыгынан сактап, өзүңдүн ченемсиз мээримиңден берилген кут-ооматын үй-бүлөсүнө буюруп, күндүн пири - күн - айдын нурунан, дөөлөт - ыйыгынан кут түшүрүп, чарчап-чаалыкпасын, кубаттуу күчүнө күч дем бердирип, түндүгүнөн түтүн булаттырып, очогунан от тутандырып, ордосун толтуртуп, жашоо өмүрүнө бир кылым бердирип, ден-соолугун болоттон бекем кылып, эл-журту менен бирге жашоосун буюруп, 2011-жаңы жыл биримдик менен адилеттиктин жакшылыгынан ак нан, ак май, ууз каймагын дасторконуна толо толтуруп, кут-ырыскынын кешигинен кемитпей беришиңди өзүңдүн касиетиңден тилеп, ак дилим менен берген ак батамды кабыл алышыңды суранам!

Эрк-кайратыңдан жазбай, бар бол Айгүл кызым!

## Алды кызык, арты кейиш дүнүйө?

Турмушта ар кимибиз ар башкача жашоо тиричилик өткөрөбүз. Биздин маңдайыбызга жазылган жашоо-турмуш ар түрдүү, эч убакта бир кылка, бир өңчөй болбойт тура.

Адамдын жашоосунда бардыгы боло турчу нерсе: туулуу, өлүү, күлкү, мүшкүл, айрылуу, көрүшүү, узатуу, уруш, талаш, ажырашуу, жарашуу, жоктоо, ыйлоо, эңсөө, күтүү, кайгыруу жана башка ички туюмдарга ээ бербеген ой-чабыттар бардыгы бар.

Айылыбыздын учкай тарыхы, андагы жашап өткөн жана жашап жаткан каармандарыбыз жөнүндө азыноолак баяндоом окуган адамдарыма руханий азык берсин, жашооңуздарга ак тилек каалайм!

Кетти Туке келбес жакка кайрылып,
Айгүлүң калды түгөйүнөн айрылып.
Кетти Тукем, кетти бизден бөлүнүп,
Калың элиң аза күттү кайгырып.

Албетте, өлүм кайгысы баарынан оор. Туке эми жарык дүйнөгө кайрылып келбейт. Ал кеткенде жарык дүйнөм тарып, жүрөгүм сыздап, кан жутуп, кайгыдан баш көтөрө албай муңдуу түндөрдү, азаптуу күндөрдү өткөрдүм.

Көзүм өткүчө анын элеси дайым көз алдымда, жүрөгүмдүн тереңинде.

Өмүр деген өмүр: өтөт да, кетет.

Турмуш деген турмуш: ал да кала берет.

Аны биздин урпактар улап кетет.

Ошентип, эч ойдо жок жерден, алеки саатта күнүмдүк турмуштун изи менен конокко баратып Туке дүйнөдөн өттү. Мындай болорун ким ойлоптур?

Бул орду толгус жоготуу баарыбыз үчүн ыйлуу да, чуулуу да, азалуу да болду.

Тагдыр деген катаал болот тура, табийгат мыйзамы өкүмдүгүн көрсөттү.

Эч жамандык капарда жок, аны атасындай узак өмүр сүрөт, небере-чөбүрөлөрүнүн тоюна күбө болот деп жүрбөйбүзбү. Ушул жаркыраган көркөм дүйнөдөн эртерээк көз жумганына өкүнөм, дагы өкүнөм!

Кайриет, артында учун улай турган бала-чакасы калды, айтып жүрөргө эли-журту калды. Арты кайырдуу болсун. Кош Туке!

Жаткан жериң жанатта болсун. Сенин жаркын элесиң дайыма жүрөгүбүздө жашайт!

Бизге берилген бир байлык бар. Ал өмүр экен. Алтын баштын амандыгы, чың ден соолук, үй-бүлөлүк бакыт, кымындай болсо да эмгегиң элиң үчүн, элдин ынтымагы үчүн жумшалса - ошол бакыт тура!

Бул дүйнөдө эмне өлбөйт? Жакшынын аты, сөзү өлбөйт да, жазылган кат өлбөйт дешет. Өмүр өтөт атак- даңк өлбөйт. Ошон үчүн ал кымбат турат өмүрдөн.

Кээде туруп мындай ойго келемин,
Алат тура кудай таала керегин.
Элесиңди эстей берем ар мүнөт,
Турат Туке сен жасаган иштериң,
Ойдо жокто неге кеттиң бат эле,
Аркасынан атаң менен энеңин.

Чоң күйүттү салдың Туке элиңе,
Кара жоолук чүмкөттүрдүң теңиңе.
Алтымыштан араң эле ашканда,
Оо, шум ажал алат деген эмине.

Бассам-турсам элесиңе күйөмүн,
Арбагыңа куран окуп жүрөмүн.
Сыздасам да сен эми келбейсиң,
Жайлуу болсун жаткан сенин түнөгүң.

Китебиңди бүтүрөм деп отурам,
Көөдөнүмдү кайгы-муңга толтурам.
Дагы деле өлгөнүңө ишенбей,
Каным кайнап жүрөгүмдү оорутам.

Ойлошот эл көзү өттү көкчөнүн,
Ээн калды сенин жатчу түнөгүң.
Тобо кылам "туяк" калды артыңда,
Алар барда унутулбайт элесиң.

Эч бир үйдө ый менен чуу чыкпасын,
Эч бир үйдү кырсык дагы баспасын.
Бир заматта алган жарын какшатып
Бул жашоодо убайымга салбасын.

**Таластык досуң Кыялбек арнайт**

2.07.10.

Ар бир ишти жан дилинен жасаган,
Жакшы адамдар кыска өмүр жашаган.
Турдубектин орду толгус ооматын,
Кантип эми бир барака жаза алам.
Майданында агартуунун -
Очпөс изин калтырды,
Тирүү кезде билген жокпуз баркыңды.
Эми минтип издеп таппай келебиз,
Сен сыяктуу бир жаралчу алтынды.
Өмүр сенден өтүп кетсе -
Эл эмгектен эскерсин.
Убагында элиң үчүн эмгектенип кеткенсиң.
Турдубектин арбагы ыраазы болсун,
Артында Айгүл, балдары бар
Өчүрбөй баскан изин, ысымын алган -
Өзү иштеген "Мектеби" бар!

**Акматалиев Жыргалбек,**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун филология,**
**педагогика жана журналистика факультетинин улук окутуучусу**

## ТУРДУБЕК АГАЙГА АРНАЙМ

Элим деп согуп жүрөгүң,
Эркиңче канат күүлөдүң.
Эрктүү далай жаштарды,
Эрикпей алга сүрөдүң.
Кары-жаш дебей сыйлачу,
Кастарлап асыл мүнөзүң.

Калкыңдын сыйлап карысын,
Чогулттуң элдин тарыхын.
Проект жазып күнү-түн,

Коргойм деп журттун намысын.
Кудайым берсе узун жаш,
Арбыбайт беле арышың.

Мектепке барып таң заарда,
Берчү элең билим балдарга.
Капыстан учкан куш болуп,
Кайрылбай кеттиң арманда.
Жасаган жакшы иштериң,
Жалпы элиң эстейт аркаңда.

Тагдырга айла жок экен,
Талпынып учтуң жалгандан.
Жалпыбыз качпайт экенбиз,
Жараткан башка салгандан.
Тукенин "уул- кызы" дедирип,
Балдарың өссүн аркаңдан.

Өкүнүч менен китебиң,
Өмүрлүк жарың улантты.
Жазгандарың чогултуп,
Жалпы журтун кубантты.
Белин бууп эжейим,
Балдардан көрсүн жыргалды.

**Кенжебек кызы Мадина**
**7-класстын окуучусу.**

Көп жылы бизди окутту агайым,
Ачылса экен сиздин жолдон таалайым.
Мектептеги ак ниет адал эмгегиң,
Кылымдарга ардактalсын ылайым.

Жүрөгүмдүн тереңинде элесиң,
Талыкпастан бизге берген билимиң.
Агай тирүү жашайт ар бир жүрөктө,
Унутулбайт, эстен чыкпайт мүнөткө.

Агайымдын ысымын
Ишинен көптөр билишти.
Дагы узак жашоого
Кудайым өмүр бербеди.
Бирок "атыңыз" агай сезимде
Түбөлүк жашайт биз менен!

**Абдыжапар Эгембердиев,**
**К.Рнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, белгилүү акын.**

## ТУРДУБЕККЕ

Адам элең пейил жайың кеңири,
Токтоо, сыпаа, күлүп-жайнап сүйлөгөн.
Бир жылт этип, артыңа изиң калтырып.
Караан үзүп, кете бердиң дүйнөдөн.

Көп иштедиң Түп жеринде, айылда,
Билим берип, тарбиялап балдарды.
Тагдыр түшүп сага ыйгарган жол ушул,
Өкүнүчпү, өксөөбү же арманбы?!

Партияда, чарбада да такшалган.
Жетекчи элең ишти билген, курч элең.
Качан көрсөм: "Аялдай тур азыраак"
Чуркатайын дүкөнгө" - деп турчу элең.

Кайда шаштың, жетер жериң барчылып,
Ашпы-тойбу, жолугуубу элиңе?
Кечиксең да - сен кечигип өлүмдөн,
Дагы бир аз жашай түшсөң эмине.

Толкун бүтүп, эртели-кеч түрүлгөн,
Токтотсоң да жашоо, өмүр кемесин.
Жарың, бүлөң, алыс-жакын эскерип
Дайым турар сенин жаркын элесиң.

**Жетимишбаев Мурат Каленович**

Мен Жети-Өгүз райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп турганда Турдубек Дыйканбаев өзүнүн айылына директор болуп келди. Абанын Түп районунда бир топ жыл үзүрлүү эмгек өтөгөнүн, элдин сый-урматына татыганын, анын ар кимге адамгерчиликтүү жатык мамилесин, ишти уюштура билген жөндөмдүүлүгүн, калк арасында зор кадыр баркка жетишип элдин алкоосунда жүргөнүн көп жолу уккан элем. Мына ушундай иштемчилдигинин натыйжасында өз айылынын мектебине да көптөгөн ийгиликтерди жаратты. Коллективин бир нукка салып, директор менен мугалимдердин ортосундагы оптималдуу өз ара байланышты чыңап, алардын көз караштарынан түзүлө калган ситуацияларды өз ара туура түшүнүүлөрү менен бирдиктүү иш-аракеттердин натыйжасында мектеп алдыңкы мектептердин катарында келди. Директор катары бардык ишке даяр туруусу, өз ишин мыкты билүүсү, педагогикалык чеберчиликтин ыкмаларына ээ болуу оптимизми, уюштуруучулугу, жеке үлгүсү, ата-энелер, коомчулук менен ишкердүү эмоционалдуу байланыш түзө билүүсү анын аброюн көтөрүп келди.

Табигаттын таш боор мыйзамы ишке ашып биздин арабыздан келбес сапарга эч бир ойдо жок жерден узап кеткени кимди да болсо кайгыртпай койгон жок. Сиз кандай адам элеңиз?

Бул суроого кичине баладан чоңуна чейин "эң жакшы адам эле" - деп жооп берери бышык. Себеби биз сиздин адамдарга жасаган жакшылыгыңызды, наристе баладай таза кыялыңызды,эч тартынбай көпчүлүккө индияча ырдап бергениңизди, шашмалыгыңызды, мээрманчылыгыңызды, иш десе ишке тойбой күнү-түнү чуркап жүргөнүңүздү көрүп, аттиң ай, деп боорубуз түтө албай кабыргабыз кайышып турду. Акыркы сапарга узатууда миңдеген эл сизди сыйлап келишти, ошолордун ар биреөнүн жүрөгүнөн түнөк таап жашап калдыңыз. Комиссия келгенде сиздин мектепке алып келчү элем, кабинетиңизде столдо чачылган барактар иретсиз жатса да, мектебиңиз дайыма таза, залда дорожка салынып өзгөчө көзгө сүйкүм көрүнчү эле.

Турдубек аба ыйманы ысык, башкаларга ойлогону жакшылык, чындыкты жактаган, оюндагысын тартынбай түз айткан, эмгекчилдиги, элжуртуна ак ниет, ак эмгеги менен элдин эсинде сакталып калды. Аба элге жакты эле, эми жерге жаксын! Арты кайырлуу болсун!

**Сабырбек Бейшенбиев.**
**Жазуучу. Кыргыз жазуучулар союзунун мүчөсү.**

Дыйканбаев Турдубекти мен Кытай айылындагы орто мектептин директору болуп иштегенден бери билемин. Турдубек менен көп учурда райондук, облосттык чогулуштарда бирге катышып жүрдүк. Ошондо да ар жерден тааныштары кезигип бура бастырбай ызаат кылып сыйлап турушчу эле. Өзү да шар жүргөн жакшы жигит эле. Бирок ушунча көп адамдар менен алака түзгөнүн көрүп таң калчумун. Кайда болсо да таза так иштеп, эл сыйына ээ болуш оңой иш эмес да. Турдубек кайда болсо да, кандай ишти баштаса да эл аны колдоп турар эле. Анткени анын элдик ишти баштаган ишинде, ой-максатында иш-аракети дал келип карап турган элди жайдары жылмаюсу менен жайкап жиберчү. Ошондуктан анын сөзү өтүмдүү болчу. Мындай талант ар кимде эле боло бербейт. Улууларга өз сыйы менен элпек мамилеси жагаар эле. Жакшы элдик иштер мына ушундай өзгөчө таланты бар адамдардын колунан келет эмеспи. Сүйлөсө да шар сүйлөп, абдан чечкиндүү эле. Анын эмгегин эли туура баалап, өзү иштеген мектепке аты берилип, аты сакталып калды. Тукемдин жаркын элеси, тамаша сөздөрү дайым эсибизде, эч унутулбайт.

**Досун, Асанбай**

## ТУРДУБЕКТИ ЭСКЕРҮҮ

Элесиң калып өзүң жок,
Тагдырдын буйрук жолу ушул.
Аттиң ай дейбиз кайгырып,
Ата журт, айылың бүтүн.

Жакшынын жышаан кылганы,
Сакталат тура түбөлүк.
Ар кимдин калды оюнда,
Тирүүңдө түз жүргөнүң,
Улуу кичүү баарына,
Жайдары жакшы мүнөзүң.

Колуңдан келчү жакшылык,
Оюңда дайым турчу эле.
Айттырып жаса дедирбей,
Шымаланып жүгүрүп,
Ар ишке дайым курч элең.

Оңдошуп сырдап бүтүргөн,
Мектебиң турат жаркырап.
Ичинде окуу куралы,
Компьютер классы
Көргөндүн көөнүн кандырат.

Ак эмгек кылган иштериң,
Музейге бүгүн айланды.
Өчпөс болуп өз атың,
Мектепте бийик бааланды.

Окуучу мектеп балдарга,
Келечек муун жаштарга.
Үлгү болуп турасың,
Ар дайым үзүрлүү жолуң баштаарга.

Мансап күтүп чалкалап,
Бийикке барган эмессиң.
Байлык күтүп манчыркап,
Бай да болгон эмессиң.

Туке жакшы адам деген улуу ат,
Калайык журтуң ардактап.
Дат баспаган алтындай
Жүрөктө дайым сакталат!

**Ак-Суу району Маман айылы.**
**Окуучусу Жаныгүл Мамакеева.**

## ТҮБӨЛҮКТҮҮ САКТАЛАТ ЭЛ ЭСИНДЕ!

*(Дыйканбаев Турдубек агайдын жаркын элесине)*

Эстеймин, мен ал кезде өспүрүммүн,
"Билим ал" деп агай көп күч үрөгөнүн.
Окуучунун баарысына көңүл бөлүп,
Далалаты - билгизүү эле билбегенин.

Толуктады китептерин, эмерегин,
"Орто мектеп" кылуу болуп эңсегени.
Районго барган сайын куру кол келбей,
Эске түшөт китеп ала келгендиги.

Мектеп жүгүн артынып, алга сүрөп,
Жабдуу, окутуу, кеңейтүү - бүт үлгүрөт.
Тарбиясы катуу болуп, тартиби да,
Башкалардан турчу эле өзгөчөлөп…

Ар бир айга жети жашың туш келет деп,
Курагыңды мезгилдерге салыштырат.
Анда демек, агай чыккан 60 жаш -
Берекелүү сентябрга тушташ келет.

Агайым сентябрдын күнү окшоп,
Жаңыдан үзүр көрөөр кези келген,
Тыным албай кызматын элге жумшап.
Эс алууга "эми мына, чыгам" деген.

Жеткирбей жүрөк ага, сокпой калды,
Ишке ашпай канча максат токтоп калды,
Кырсык басып, арман менен аркасында,
Өмүрлөшү, уул-кызы жоктоп калды.

Өмүрдүн бутагына күз келтирип,
Шум ажал тирүүлүккө сугун артат.
Тыйылбай көзүнөн жаш сызылтышып,
Аркасында канча жандар калды какшап…

Жашоодо ар бир саатын өлчөп-бычып,
Тирүүлүк бул жалганда кыска неге.
Адамды жараткан соң "жашагын" деп,
Аллахым узак өмүр бербейт беле.

"Жакшы", "жаман" жаш-карыны карап билбей.
Баарын ажал алат беле бүт иргебей
Арадан бөлүп алып, кетет неге
Жакшыны "дагы жашап турсун" дебей,

Жасаган мыкты иштери элге сиңе,
Өзүнөн калган өңдүү эстеликке.
Айылы эмес, күйгөндүгү кыргыз үчүн,
Түбөлүктүү сакталат эл эсинде!

Билимдүү болушсун деп урпактарды,
Бүт өмүрүн окутууга арнап салды.
А бирок, өткөн менен агай бүгүн,
Артында өчпөс болуп аты калды.



**Иниси Турганбек**

Мен үй-бүлөдө экинчи уулмун. Турдубек абамдын айткандарын биз, бир тугандары дайыма аткарчубуз, себеби ал калыс сүйлөп, баарыбызды ынтымакка үндөп турчу. Оорунун азабын көп тартты, көп кыйналды, бирок баарын жеңип өзүнүн өмүрүн, күч-аракетин, билимин эли-журтуна арнап, иштеген ишине жандили менен берилип жемиштүү эмгек

өтөдү. Адам жаратылышынан таза көңүлү менен туулса, ал кийин айкөл адам катары калыптанат тура. Ошондой тазалык абамдын бешенесине жазылган экен. Ошондуктан турмушта айкөл адамдар аз болсо керек. Абамдын асылдыгын аны тааныгандардын баары билет. "Жашоо - талаадан басып өтүп кетүү эмес" - дегендей, абам элине да, үй-бүлөсүнө да, балдарына да, бир туугандарына да өтө кайрымдуу, боорукер, камкор адам катары элдин эсинде калды. Менин оюмча адам эмгек менен гана көрүнөт, башка көрүнө турган жол бул жашоодо жок . Абамдын китеп жазсам деп жүргөн оюн уккан элем, бирок ал тилегине жетпей жеңем бүтүрүп жатканы бул чоң сыймык, эстелик, кичинекей тарых, кийинки урпактарга тарбия-таалим болуп кала берет, себеби китепти таштан жасалган эстелик да алмаштыра албайт, эстелик куласа да китеп - эстелик эч урабай тура берет. Абам көп адамдарга жакшылык кылды, элдин алдыңкы катарында кара кылды как жарган калыс, адилет, эл-журтуна кам көргөн, жүзү жарык, алдыга койгон максатынан тайбаган улуу инсан катары ар бир аны билген адамдардын жүрөгүндө өчпөс болуп жашап калды. Тирүүлүктүн ыйык парзы абамды унутпай эскерип жүрөлү.

Илимге салган изиниз калды,
Эл ичинде апакай сезим калды,
Унутулбас ишиңиз калды.
Эскеребиз ар дайым "сизди"
Эстегендей күтүп атаар таңды.



**Иниси Кубанычбек**

Үйдун тун уулу Турдубек абам болгондуктан бардык түйшүк абама жүктөлчү. Себеби энебиз айылдардан сары май чогултуп үйгө кечинде келээр эле. Абам үйлөрдү жыйнап, короо-жайларды таза кармап, бөбөктөрүнө тамак берип аябай кам көрчү. Абамдын бирөөлөр менен урушуп-тилдешкенин көргөн жокмун. Университеттин биринчи курсунан окуп жатканда белинен операция болуп үч жолу наркоз алды. Энем бат-бат Фрунзеге каттап,

санаага батып убайым тартты. Бирок аман-эсен айыгып, эл катарына кошулуп кеткени ата-энемдин бактысы эле. Биз, балдары, ата-энебиздин эмгегине ыраазыбыз, себеби баарыбызды окутуп-тарбиялап өз жолдорубузга салып коюшту. Абамдын боорукерлиги, кичи пейилдүүлүгү, ички дүйнөсүнүн тазалыгы, эмгекчилдиги эстен кетпейт. Дайыма эл үчүн чуркап жүрчү. Көпчүлүк чогулган жерлерде: балдарды үйлөнткүлө, балалуу болушсун, мектепте окуучулар аз - көбөйөлү деп айтаар эле. Тойлордо көңүлдүү отуруп, ырдап-бийлеп элдин сүймөнчүлүгүнө татыр эле. Абам эл ичинде өлбөс-өчпөс адам катары жакшы жактары менен эсте калды.



**Карындашы Анара**

Мен беш уулдун ортосундагы жалгыз эрке кыз болуп чоңойдум. Атам дайыма сары кызыма сөз тийгизбегиле деп турчу эле. Айылдан сегизинчи классты бүтөрүм менен Турдубек абамдын колунан орто билимге ээ болдум. Эмгек чыйырын Шаты орто мектебинен баштап бат эле тарбия, окуу завучу болуп иштеп калды. Сабакты да берилип өтүп, окуучуларга талапты катуу коюп, тартипти чыңдады. Турдубек абамдын менде эмгеги көп, ал ата ордуна ата болуп, баардык бир туугандарына жан-дили менен күйүмдүү эле. Буюрса бир туугандарым ынтымактуу, ошонусуна таазим кылып келем. Бирок ажал эки агамды жол кырсыгынан алып кетти, тагдырга баш ийбеске айла жок тура. Кантейин, эстеген сайын жүрөк сыздайт. "Кымбат адамды эстеп, көздөн жаш чыгып ыйлаш - бул таттуу сый" дешет экен орустар. Мен агамды эстеген сайын көзүмө жаш келет. Питерде жашап үй-бүлөм менен агаларыма нан жасап, куран окуткандан башка эч нерсе колуман келе турган эмес. Агамдын аты жакшылык менен уланып мектеби алдыңкы катарда дайыма жаркырап көрүнүп турсун демекчимин.



## Иниси Аскат

Бул дүйнөдө атына заты шайкеш келген адамдар сейрек учурайт. Абам бизге ата ордуна ата болуп, дайыма өз оюн түз, таамай айтып, тууганчылык маселе болгондо да чечкиндүүлүгүн көрсөтчү. Эмне иш болсо да сөзүнө бек турчу, ал мектептеги ишин өтө жогору коюп, бизге да балдарыңарды жакшы окуткула, сабактарына жардам бергиле, окуусуна шарт түзүп бергиле деп көп айтчу эле. Негизи эле билимдүү болбосо балдарыңар кийин өзүн да бага албай калат дечү. Мен орто мектепти бүтөрүм менен Караколдогу désinституттун физика - математика факультетине тапшырдым. Ал убакта "центральный ВУЗ" - деп башка шаарларга студенттерди окууга алып кетүүчү. Мен да абамдын жардамы менен Ферганадагы политехникалык институттун механика факультетине окууга жиберилип калдым. Мен үчүнчү курста экенимде абам Ферганага барып, мага жолугуп, студенттердин жатаканасын, жашоо шарттарын көрүп аябай кубанды. "Окуп эле отурчу жер турбайбы, карачы кандай жакшы шарттар түзүлгөн, эми сен да жакшы оку" - деп кайра-кайра айтып, менин демиме дем кошуп, чыйралтып койгону эсимде. Абамдын жүргөн турганы шайдоот, бат-бат басып, шашып жүрөөр эле, көз айнегин көзүнөн түшүрбөгөн, терең ойлуу, жеңил басыктуу, жыйнактуу, эрки бек, өтө билимдүү адам эле. Бир жакшы касиети, өзгөбү, жатпы, эч нерсесин аячу эмес, ак дилинен жардам берүүгө даяр турчу. Эгерде келечегинен үмүттөндүргөн балдарга көзү түшүп калса анын ата-энесине барып сүйлөшүп, кайсы окууга өтөөрүнө чейин сураштырып, өзү жүгүрүп окууга өткөзчү. Мен муну Шатыда, Корумдуда иштеп жүргөнүндө жана да биздин айылыбыздын балдарын да көп жолу окууга өткөрүп жүргөнүн эл даана билишет. Абамдын кадыры өзү барда эле эл ичинде айтылып жүрчү. Бул турмушта жарыкчылыктын күнү узагыраак болгонуна не жетсин. Түбөлүк уйкунун бу пендеге кечирээк келгени оң эле, бирок абамдын кырсыкка кабылып, тез арада кол үзүп калганыбызга ичим күйөт. Дагы көптөгөн үмүт-тилеги, ой-максаты аткарылбай калганы өкүндүрөт. Бул жашоодо абамдын экинчи жашоосу башталды, себеби анын аты түбөлүк эл сөзүндө, кийинки муундардын эстеринде уланып жашай

берет. Аты дайыма өзүндөй таза, тунук сөздөр менен ширелип, окуучулары адептүү, ыймандуу, дилгир, зирек эмгекчил, түз жүрүшүп, ак сүйлөшүп мектептин атын жакшы жагынан чыгарып жүрүүлөрүнө ак дилимден тилектештигимди билдирем.

**Эл сөзү:**

- Турдубектин кайтыш болгону абдан эле аянычтуу болду. Анын меймаңга баратып эс албай калганы да, эртеси өзүнүн мектеп аземинде директорлук ордун өткөрүп берүүсүнө да катышпай калганы өтө өкүнүчтүү.
- Турдубекке эл гана эмес, чөптөр да ыйлады го.
- Агай ушунчалык кадыр-барктуу адам экен, акыркы сапарга узатууда бир жарым миңдей киши эл менен кошо аза күтүштү.
- Агай дүнүйө - мүлк жыйнабаптыр, ал авторитет жыйнап, элдин алкышына, сыйына татыган жогорку деңгээлдеги айкөл адам экен.
- Абам үйдөн чыгарда таптаза кийинип, чачын тегиздетип жолго чыккан экен, - аны периштелер өздөрү таптаза бойдон бейиш төрүнө жетелеп кетишти.
- Мен таэне - таятама да ушунчалык күйүп ыйлаган эмес элем, агайыма жүрөгүм күйүп, жаным өрттөнүп турдум, себеби агай чыныгы асыл адам эле.
- Агай 63 жаш пайгамбар жашын жашады. Бул жашты ислам динindeгилер урматтап, ызааттап, адамдын жакшы курагы деп айтышат экен. Агайдын билимдүүлүгү, адилеттүүлүгү, ишине тактыгы акыл-эстүүлүгү дайым жүрөгүбүздө.
- Агайды узатуу митингиси болуп жаткан мезгилде боз үйдүн жанындагы дарактан безеленип сайрап жаткан чымчыктын үнү тынбай сайрап турду. Агайдын жаны чымчыкка айланып, эли-журту менен коштошуп жатты бекен?
- Турдубек досумдун "жылт" деп заматта өчүп калганы - мени түбү жок ой-санаага салчу болду.
- Мектебим деп күнү-түнү тыным албай проект жазып, түйшүк тартып жүргөнүн кантип унутабыз.
- Тукем бул мектепте аз иштесе да саз иштеди, элинин эсинде түбөлүккө калды.
- Жакшы адамга тигил дүйнө да "муктаж" - деген чындык го. Капыстан кеткени жүлүндү сыздатат.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын милдетин аткаруучу Р.Элебесовго**

Сиздин 2010-жылдын
09.06. катка жооп:

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Сиздин кайрылууңузду карап чыгып билдирет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2008-жылдын 18-апрелиндеги №137 Жарлыгы менен бекитилген - "Кыргызстандын көрүнүктүү ишмерлеринин ысымын түбөлүккө калтыруу боюнча комиссия жөнүндөгү" Жобонун жана Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамынын 13-беренесине ылайык жана 2010-жылдын 04.06. Ырдык айылдык Кеңешинин кезексиз 25-сессиясынын токтомунун, Кытай айыл тургундарынын жалпы жыйналышынын, Т.Сатылганов атындагы орто мектебинин мугалимдер коллективинин жалпы чогулушунун протоколдорунун негиздеринде жана ошондой эле Дыйканбаев Турдубектин Ырдык айыл округунун элине сиңирген эмгегин эске алып, анын ысымын Т.Сатылганов орто мектебинин аталышын өзгөртүп, "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин отличниги төш белгисинин" ээси Дыйканбаев Турдубектин ысымын мектепке берүүгө Министрлик макулдугун берет.


**Министр К.Садыков**

# КОШТОШУУ ЗЫЯРАТЫ

Ажал айтып келбейт дегендей, бир заматта айылыбыздын эли асыл адамынан айрылып калды. Коштошуу зыяраты 26-май 2010-жылы саат 11 - Турдубек Дыйканбаевдин үйүнүн алдында бир жарым миңдей кишинин узатуусунда ишке ашты. Митингде Турдубектин өмүр баянын мектептин окуу-тарбия боюнча директордун орун басары Курманалиев Максат кеңири тааныштырды. Кийинки сөздөрдү атасынын иниси Дыйканбаев Төлөн, райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы Жунушев Бектур, Түп районундагы Шаты орто мектебинин директору болуп Турдубекти өстүргөн Дөпү Молдогазиев, Ырдык айыл округунун башчысы Кулдаев Темирбек, жандай көргөн досу Абакиров Курманбек, көп жылдар бою заврайоно болуп эмгектенген Жетимишбаев Мурат Каленовичтер сүйлөшүп , Турдубектин адамдык жогорку сапаттарына токтолуу менен өзү иштеген мектепке ысымын калтыруу жагын көпчүлүккө билдирип кетишти.

Мына ушундан көп өтпөй эле айылдын бардык жашоочулары, мугалимдер жамааты, райондук элге билим берүү бөлүмү, Ырдык айылдык кеңешинин депутаттарынын 25 -чакырылышынын 6- сессиясынын токтому жана райондук кеңештин 13 -сессиясынын токтомунун негизинде Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы Руслан Элебесовдун Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри Садыков Канат Жалиловичке кайрылуусу жөнөтүлгөн. Кайрылууга министр 2010-жылдын 16-июнунда жооп берди.

**Кошкула достор!**



**Дыйканбаев**
**Турдубек Шерипович**

2010-жылдын 24-майында Жети-Өгүз районундагы Т.Сатылганов атындагы орто мектебинин директору Дыйканбаев Турдубек Шерипович автокырсыкка кабылып, дүйнөдөн мезгилсиз кайтты.

Т.Ш.Дыйканбаев 1948-жылы Жети-Өгүз районундагы Кытай айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

1966-жылы Кызыл-Дыйкан орто мектебин, 1967-жылы Фрунзе шаарын дагы профтех окуу жайын, 1973-жылы Кыргыз Улуттук университетинин тарых факультетин ийгиликтүү аяктаган.

1973-жылы Түп районундагы Шаты айылындагы орто мектепте тарых мугалими болуп эмгек жолун баштаган. 1976-жылдан тарта мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, ушул эле райондогу Корумду орто мектебинин директору, партиянын Түп райкомунда инструктор, райондогу "Талды-Суу" совхозунун парткомунун катчысы болуп иштеген.

1986-жылдан тарта Түп районундагы Көөчү орто мектебинде директор, 1994-жылдан тарта өмүрүнүн акырына чейин Жети-Өгүз районунун Кытай айылындагы Т.Сатылганов атындагы орто мектебинде директор болуп иштеп келген. Өз милдеттерине жогорку жоопкерчиликте мамиле кылып, кесиптештеринин, ага-туугандарынын, жалпы эле өзүн таанып билгендердин арасында чоң урмат сыйга ээ болгон.

Эл алдында сиңирген эмгеги татыктуу бааланып, Кыргызстан мугалимдеринин V съездине делегат болуп, бир нече жолу айылдык жана райондук Кеңештеринин депутаттыгына шайланган. Ага "Эл агартуу отличниги" төш белгиси, партиянын Ысык-Көл обкомунун Ардак грамотасы ыйгарылган.

Жөнөкөй адам, кайрымдуу жолдош, таалимдүү жетекчи, уул-кыздарын, неберелерин татыктуу тарбиялаган мээрман ата катары анын жаркын элеси биздин жүрөгүбүздө түбөлүккө сакталат.

**ОИУУ кызматкерлери. Ага туугандары.**



**Тиленбаев Айтбосун**

2010-жылдын 14-июлунда узакка созулган катуу оорудан кийин К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин "Ардактуу доценти" Тиленбаев Айтбосун Муканбаевич жарык дүйнө менен кош айтышты.

А.Тиленбаев 1948-жылы Түп районунун Күрмөнтү айылында туулган. Орто мектепти аяктагандан кийин Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетинин коомдук илимдердин окутуучусу адистигин бүтүргөн.

А.Тиленбаев 1973-1975-жылдары Советтик армиянын катарында лейтенант наамында кызмат өтөгөн. Эмгек жолун 1975-жылы Түп районундагы Кең-Суу айылында сегиз жылдык мектепте тарых мугалими болуп иштөөдөн баштаган. 1978-жылы Пржевальск пединститутуна азыркы К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин философия кафедрасына окутуучулук кызматка которулган. Марксизм-ленинизм кабинетинин лектору катары Ысык-Көл областынын коомчулугуна көптөгөн лекцияларды окуп келген.

Өмүрүнүн акырына чейин аталган кафедрада "Дин таануу", "Философия", "Социология" ж.б.лекциялык курстарды окуп, студенттерге терең билим жана татыктуу тарбия берүүдө талыкпай эмгек өтөгөн. Республикабыздын булуң- бурчтарында эмгектенип жатышкан көптөгөн тарых жана коомдук илимдер боюнча кадрларды окутуп, тарбиялоого зор салымын кошкон. Университетке сиңирген эмгеги бааланып, жетекчилик тарабынан көптөгөн алкыштар жарыяланып, Ардак грамоталар жана баалуу сыйлыктар менен сыйланган. Үстүбүздөгү жылы К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин "Ардактуу доценти" наамы ыйгарылган. 5 баланын 7 неберенин ардактуу атасы болгон.

Жөнөкөй адам, таалимдүү тарбиячы, университеттин эмгек жамаатынын жана студенттеринин урмат -сыйына арзыган кадырман адам катары Айтбосун Муканбаевич Тиленбаевдин жаркын элеси биздин жүрөгүбүздө дайым сакталат.

**К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин ректораты, профсоюз комитети жана жалпы жамааты.**

**Кыргыз Республикасы Ысык-Көл областы**
**XXV шайланган Жети-Өгүз райондук**
**кеңештин XIII сессиясы**

"20" август, 2010-ж.
№ 90

## ТОКТОМ

Кытай айылдык Т.Сатылганов атындагы орто мектебинин атын өзгөртүү жөнүндө Ырдык айылдык кеңешинин XXV чакырылыштагы VI сессиясынын чечимин талкуулап, райондук кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын чечиминин негизинде райондук кеңештин XIII сессиясы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 25-сентябрындагы № 67 "Кыргыз Республикасынын географиялык аталыштар жөнүндөгү" Мыйзамынын 7-беренесине ылайык Ырдык айылдык кеңешинин 2010-жылдын 4-июнундагы VI сессиясынын №42 токтомунун негизинде жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин 2010-жылдын 16-июнундагы №0-8/3073 катына, райондук кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын чечимине ылайык Кытай айылындыгы Т.Сатылганов атындагы орто мектебинин аталышы өзгөртүлүп, аталган мектепте көп жыл директор болуп, үзүрлүү иштеген Дыйканбаев Турдубектин ысымы берилсин.

2. Кытай айылындагы Т.Сатылганов атындагы орто мектебинин аталышы өзгөртүлүп, аталган мектеп Дыйканбаев Турдубек атындагы орто мектеби деп аталсын.

3. Мектептин аталышын өзөртүүгө байланыштуу Кыргыз Республикасынын нормативдик актыларында көрсөтүлгөн чыгымдарды каржылоо Ырдык айылдык округуна жана мектеп администрациясына милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу райондук кеңештин жооптуу катчысы З.Курбановага, райондук кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына, райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Б.Жунушовго тапшырылсын.

**Райондук кеңештин төрагасы Ж.Кыдыев.**

- Адамдар эки гана түргө бөлүнөт: тирүү жүрүп өлгөндөргө жана өлгөндөн кийин жашагандарга. Агай бул саптын экинчисине кирет. Анын адамдык сапаты жеке турмушунан да, элге кылган кызматынан да билинип турат.

- Абам дайыма жолдогу таштарды, спорт аянтындагы айнектерди тазалап жүрөр эле. Балдардын бутуна кирбесин деп. Шариятта жол тазалаган адам бейишке чыгат дешет - демек, - абам - бейиште.

- Туке эл-журтуна ак ниет, ак эмгек кылды. Артында жакшы изи калды. Демек, досум ыймандуу таза адам экени мени кубантат.

- Агай жаштайынан эле турмуштун оор сыноолорун өз жүрөгү менен көтөрүп, такшалып, өзүнүн эркин абдан калыптандырып чыңаган тура. Муну айтып жаткан себебим, мектепте иштеген жылдары аш-той болуп калганда эч убакта сабагын калтырган жан эмес. Же мурунку күнү же кийинки күнү бүт сабагын өтүп туруп гана санаасы тынчу. Мугалимдерди да ушуга көндүргөн, ишке жоопкерчилик менен карагыла деп дайыма айтып, ар бирибизден талап кылчу. Эрктүү адам экендиги талашсыз!

- Агай ата-энелерге кайрылганда: мал-жаныңарды кандай дарылап карайсыңар, а балдарыңарды эмне үчүн жакшы билим алуусуна шарт түзүп бербейсинер деп айтчу эле.

- Психологдор адамдарды мүнөзүнө жараша 4 топко бөлүшөт: флегматик, холерик, сангвиник, меланхолик.

Туке холерик эле. Алар кандай адамдар?

- Жашоо турмушу жалындай. Девизи: менден да сага көбүрөөк, кек сактабаган, уюштургуч, адамдарга жакшылык кылгысы келген, ар дайым жандуу, күжүрмөн, ишке кызыгып берилген, эмгекке жөндөмдүү, максатка умтулган, көтөрүмдүү адам эле.

- Эрди-аял бир эгиз деп коюшат экен бул тирүүчүлүктө. Туке экөөбүздүн эки дүйнөбүз бир тагдырга айланып, эки жүрөгүбүз бир дене болуп тукумубуз уланып, мына эми дөөлөттүү карылыктын алгачкы тепкичтерине бут койгондо күлүстөн өмүрү күйүткө батып жок болду. Миң күнкү дүйнө жарыгын бир күнкү караңгылык жок кылды, тагдыр иши таалайымды ташка жанчып кетти.

## Мектепке аты ыйгарылды

Жети-Өгүз райондук Кеңешинин токтому менен райондун Кытай айылындагы Т.Сатылганов атындагы орто мектебинин аталышы өзгөртүлүп, ага мектепте көп жыл директор болуп иштеген Дыйканбаев Турдубектин ысымы берилди.

Т.Дыйканбаев ушул айылда туулуп өскөн. Жогорку билимге ээ болгондон кийин бир катар жылдар мектепте мугалим, директор, партиянын Түп райкомунун инструктору, Түп районундагы "Талды-Суу "совхозунун парткомунун катчысы болуп үзүрлүү эмгектенген. Акыркы жылдары өз айылындагы Т.Сатылганов атындагы орто мектебин жетектеп, балдарга терең билим, татыктуу тарбия берүүгө, райондун билим берүү тармагын өнүктүрүүгө салмактуу салым кошкон. Жакында эле жол кырсыгына кабылып, дүйнөдөн мезгилсиз кайтты.

Анын сиңирген эмгеги, максаттуу иш-аракети өз учурунда татыктуу бааланып, ага областтык билим берүү башкармасынын, республиканын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамоталары, "Эл агартуу отличниги" төш белгиси ыйгарылган. Жөнөкөй жүрүм-туруму, ага-туугандарына, тели-теңтуштарына ачык-айрым, кайрымдуу мамилеси, жетекчи катары артыкча сапаттары аркылуу кесиптештеринин, айылдаштарынын, жалпы эле өзүн таанып-билгендердин терең урматтоосуна ээ болгон.

1-сентябрда жаңы окуу жылынын башталышына аралаш, аталган мектепке Дыйканбаев Турдубек Шериповичтин атын берүү салтанаты болуп, анда чыгып сүйлөгөндөр дүйнөдөн эрте өткөн педагогдун жогоруда белгиленген мыкты сапаттары тууралуу ой-пикирлерин айтышты.

Мектепке анын жаңы аталышы жазылган тактача илинип, атайын бир бөлмөгө Т.Дыйканбаевдин музейин уюштурууга чечим кылынды.



**Курманалиев Максат,**
**Жети-Өгүз районундагы Дыйканбаев Турдубек Шерипович атындагы орто мектебинин директору.**

Учурда Билим берүү жана илим министрлигинин агартуу тармагын көтөрүү боюнча жүргүзүлүп жаткан иш-чаралары биздин педагогикалык жамаатты жана жетекчибиз Дыйканбаев Турдубек Шерипович агайыбызды кайдыгер калтырбастан ийгиликтүү иштер аткарылды .

Мектептеги иш-аракеттер жаңыча формада иштелип, пландоонун натыйжалуулугу жана сапаты жогорулады. Мугалимдер өз алдыларына так максаттарды, маселелерди коюшуп, биргелешип иштөөгө көндүм алышты .

"Айылдык билим берүү" долбоорунун 1-компоненти мугалимдердин ишмердүүлүгүн баалоодо 8 мугалимибиз аттестациялоодон ийгиликтүү өтүшүп, акчалай сыйлыктарга ээ болушту.

Ал эми 2008-2009-окуу жылында бул долбоордун 2-компоненти мектептин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун баалоодо 2000 доллар өлчөмүндө сыйлык гранттка ээ болдук. Ушундай жакшы жыйынтыктарга жетишүүбүзгө Турдубек агайыбыздын эң мыкты сапаты - мугалимдердин чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн арттыруусуна көмөктөш болгондугунда.

Кытай айылынын мектеби 2010-2011-окуу жылында жаңы ысымга ээ болду. Педагогдук кесипте 38 жыл талбай кызмат өтөгөн кайратман, эмгекчил, иштерман, мээнеткеч асыл адамыбыз Дыйканбаев Турдубек Шериповичтин наамы берилгени баарыбызды кубантты.

Жаңы ысымдагы билим берүү мекемесинде бардыгы 18 мугалим эмгектенет. Быйылкы 2010-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасы менен башталгыч класстын мугалими Карасартова Гүльмира сыйланды. Ал эми Сыдыкова Рапикан эжейибиз Эл Агартуунун отличниги төш белгисине татыктуу болду. Мектептин намысын коргоо менен ысымдын сыймыгын туу кылып алдыга карай багыт алуудабыз.

## ЭПИЛОГ ОРДУНА

Айылыбыздан беш жүз метрдей алыстыкта бак-дарактар арасында өзгөчө бөлүнгөн жерде бейит бар. Сай-Арыктан өтөөрүң менен бул жер көзгө даана урунат. Жаз көктөмү келгенде бактар бүрдөп, жашылга чулганып, бейиттер да тирденгенсип аякта жашыруун турмуш өкүм сүргөнсүйт.

Кечке карап турам, жакында эле ошол жактын келбес коногу болуп кеткен адамымды көрүнөөр бекен деп кыялымда күтөм …Балким кол булгап, балким биз жакты карап тургандыр дейм. Жок! Бейпил тынчтык өкүм сүрүп ар түрдүү белгилер көзгө тартылат. Ал эми күзүндө болсо жапжашыл бак-дарак сары-кызыл түскө боёлуп көз жоосун алат. Мында да туңгуюктун өз турмушу өтүп жатабы деп коём.

Ооба! Бул менин жеке кыялым, жүрөгүмдү тынчытпаган ой-санаалар. Көрсө өмүр менен өлүм арасы бир көз ирмем тура. Гүлгө оронгон бейитиңе барып көпкө отурам, астында асыл адамым тынч уйкуда, үйүлгөн топурак мага ыйык сезилет, себеби сен ошол жерге таандык зат болуп кубулуп кетпедиңби! Экөөбүздүн ыйык арзуубуз күчсүз тура! Жер алдында кимдер гана жатпасын, сүрөттөгү баарынын күнөөсүз көздөрү бизди жалдырап карап турат, ал эми жаратылыштын улуу тынчтыгы бүт бейитти өзүнүн кучагына камтып түнөрөт.

Тагдыр деген эмне экенин алдын ала эч ким биле албайт, тагдыр сыры ар бир мүнөттө да табышмак бойдон калып келери бышык.

Жарынан ажыраган адам карып,
Ааламы алакандай калат тарып.
Башынан кечиргендер билээр муну,
Ар өмүр теңи менен болот жарык.

Адамдар келет кетет кезектешип,
Азбы- көппү тирүүсүндө иш иштешип.
Эске алып тирүүлөрү өлгөндөрүн,
Жакшы го тургандары кээде эстешип.

Дыйканбаев Турдубек
Айгүл Садырова

**Айылым деп соккон жүрөктөр**

Редактору
Тех.редактору *В.Крутякова*
Корректору *Д.Эстебесова*
Компьютердик калыпка салышкандар:
*Ч.Сатибекова, Г.А.Мураталиева*

Басууга 03.05.11. кол коюлду.
Форматы 60x84 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 13,25 физ.басма табак.
Нускасы _____. Заказы № _____.

---

«Гүлчынар» ЖЧК.
Бишкек ш., ______________көчөсү, _____.